**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**СОЦИАЛДЫК, ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

**ФИЛОСОФИЯ, МАДАНИЯТТЫН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ТАРЫХЫ КАФЕДРАСЫ**

**С.С. ГАПАРОВ**

# МАДАНИЯТ ТААНУУ

**(студенттер үчүн лекциялык курстун кыскача материалы)**

**ОКУУ КУРАЛЫ**

**Бишкек 2019**

**УДК 008**

**ББК**

**Рецензенттер:**

Артыкбаев М.Т. философия жана саясат таануу илимдеринин доктору, Улуттук илимдер академиясынын корр. мүчөсү. Эмгек сиңирген ишмер.

Жумагулов М.Ж. философия илиминин доктору.

Корректор: Сүйүнбаева К.С.

Бул окуу куралында – маданият жөнүндөгү билимдин, маалыматтардын системасы каралган. Мында маданият теориялык, методологиялык жана тарыхый өнүттө берилип, алгачкы коомдон тартып азыркы мезгилге чейин маданияттын генезиси жана эволюциясы тарыхый-цивилизациялык контекстте көрсөтүлгөн.

Окуу куралы маданият таануу сабагы боюнча түзүлгөн жаңы жогорку окуу жайларынын программаларынын талаптарына жооп бергидей кылып аткарылды.

Окуу куралы Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык, гуманитардык илимдер факультетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасында даярдалды жана басмага сунуш кылынды.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Социалдык, гуманитардык илимдер факультетинин Окумуштуулар кеңешинде жактырылды жана басмага сунуш кылынды.

Ж.Баласагын атындагы окуу- методикалык кеңешинин жыйынынын 28.12.2018-ж., №3 протоколунун чечими боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун социалдык гуманитардык илимдер факультетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын ага окутуучусу Гапаров Сүйүнбайдын “Маданият таануу” аттуу окуу куралы (студенттер үчүн лекциялардын кыскача курсу) басып чыгарууга сунушталды.

## Мазмуну

**КИРИШҮҮ**.......................................................................................4

**1-БӨЛҮМ. Маданияттын теориясы**
1.1. Азыркы коомдогу маданий проблемалардын актуалдуулугу..5-11
1.2. Маданият түшүнүгү. Маданият көп тармактуу система.........11-14
1.3. Маданият таануу боюнча изилдөө предметин ажыратуу спецификасы. Маданият таануу жана башка гуманитардык илимдер...........................................................14-15
1.4. Маданият система катары. Материалдык жана рухий маданият. Адам маданияттын өнүгүүсүндөгү система түзүүчү фактор...........................................................15-19
1.5. Маданият баалуулук жана таанып билүүчүлүк ишмердик катары.......................................................................19-21
1.6. Материалдык жана руханий маданият......................................22-30
1.7. Маданияттын функциялары жана асылдыктары......................30-31

**2-БӨЛҮМ. Дүйнөлүк цивилизациянын тарыхы**
2.1. Байыркы цивилизациялардын өзгөчөлүктөрү..........................32-39
2.2. Антикалык цивилизация жана маданият. Байыркы грек-рим цивилизациясынын гүлдөп өнүгүшү.........39-48
2.3. Байыркы Чыгыш маданияты......................................................49-61
2.4. Шумер цивилизациясы...............................................................62-64
2.5. Европанын байыркы цивилизациялары.....................................64-67
2.6. Орто кылым доорундагы цивилизация......................................67-74
2.7. Индустриялык цивилизацияга өтүүдөгү цивилизация.............74-76
2.8. Кайра жаралуу доорундагы цивилизация..................................76-82

**3-БӨЛҮМ. Ата-Мекен маданиятынын тарыхы**
3.1. Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы жана ата-салты........83-89
3.2. Кыргызстан дүйнөлүк цивилизациянын очогу катары...........89-104
3.3. Кыргызстандын орто кылымдагы маданияты.......................104-118
3.4. XI-XV кылымдардагы Кыргызстандын маданияты.............118-133
3.5. XIX-XX кылымдагы Кыргызстандын маданияты................133-233
3.6. XX кылымдагы негизги маданият таануу (культурологиялык) мектептер..............................................233-239
3.7. Акындар поэзиясындагы этнопедагогика жана маданият Педагогикалык ойлор...........................................................238-245
3.8. Элдик искусство....................................................................245-269

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**....................................270-273

## КИРИШ СӨЗ

Окурмандарга сунуш кылынып жаткан “Маданият таануу” деп аталган эмгек автордун студенттик аудиторияга тартуулаган аракетинин жупуну натыйжасы.

Маданият деген түшүнүк өтө кеңири жана ал узак мезгилде калыптанган, ошондой эле көп тармакты кучагына камтыйт. Мына ошондуктан аны ошол кубулжума түрүндө кабыл алып, дүйнөлүк алкак менен айкалыштыра кароо зарыл.

Маданият- педагогика менен, элдик чыгармачылык менен ар дайым эриш-аркактуу жана универсалдуу мүнөзүнөн, маңызынан, маанилүүлүгүнөн кабар берет.

Бул эмгектин алдына койгон аракеттери – маданияттын жаралышы, адамдардын аң-сезиминен орун алып, салтка айланып, улам кийинки муунга өтүп турушу тууралуу айтып берүү, аңгеме-дүкөн куруу.

Биздин бул эмгектин максаты цивилизациялардан азыркы доорго чейинки адамзаттын басып өткөн жолуна кыскача көз жүгүртүү болуп саналат. Биздин бул аракет канчалык ишке ашкандыгына окурман өзү баа берер.

Кыргызстанда маданият таануу окуу адабияттар жокко эсе. XXI кылым ааламдашуу мезгилинде, маданият таануу боюнча өзүбүздүн окуу куралдарыбызды айрыкча кыргыз тилинде чыгарууга мажбурбуз.

Биздин максат башка өлкөлөрдүн музейлериндеги Кыргызстанга тиешелүү архиологиялык табылгаларды, кыргыздын этнографиялык буюм-тайымдарын жана фольклору менен адабиятына, маданиятына тиешелүү архив документтерин жана башка тарыхый булактарын мекенибизге кайтаруу же жок дегенде көчүрмөлөрүн жасатуу колго алынса, тарыхыбызды дагы терең үйрөнгөнгө, маданият таанууга зор салым кошулмакчы.

Эгемендүү Кыргызстандын маданияты жана анын өнүгүү диалектикасы. Азыркы этаптагы рухий маданияттын абалы жана проблемалары. Коомдун рухий турмушундагы маданияттын ролун түшүнүү менен анын гуманисттик миссиясын да белгилеп койгон оң. Ал социалдык прогресстин деңгээлин мүнөздөө менен адамзаттык баалуулуктарды жана салттарды муундан муунга берүүнүн каражаты, элдердин ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү алмаштыргыс формасы катары чыгып, адамдарга гуманизимдин, рухийликтин жана чыгармачылыктын үлгүлөрүн алып келет. Демек маданиятты процесс катары кароо абзел.

# 1-БӨЛҮМ.

# МАДАНИЯТТЫН ТЕОРИЯСЫ

## 1.1. Азыркы коомдогу маданий проблемалардын актуалдуулугу

Маданият таануу илими 19-кылымдын 2-жарымында Европада пайда болгон, анын негиздөөчүсү болуп америкалык окумуштуу Лесли Альвин Уайт эсептелет. Бул тарыхый мезгилге чейин Европада жашаган адамдар өзүлөрүнүн жашоо мейкининде гана маданият бар деп эсептешкен. Маданият таануу илиминин пайда болушу бирден бир “европоцентризм” деген түшүнүктөн баш тартуу катары каралган. Европоцентризм илимдин, өнөрдүн, философиянын, адабияттын ж.б. нукура баалуу нарктарынын өсүп өркүндөшү Европада гана болгон деген концепция. Европоцентризмдин булактары грек- рим маданиятын “варварларга” карама-каршы коюудан башталат. Орто кылымдарда европоцентризм католицизмдин идеологиясына таандык болгон; католицизм болсо жердин руханий борбору болуп, Рим жана папалык эсептелет деп караган. Алгачкы буржуазиялык европоцентризм да диний мааниге ээ болуп, көп учурда Европа өлкөлөрүнүн колониячыл умтулууларын чүмбөттөп келген. Европоцентризмдин идеялары Пруссия империясын эркиндиктин жана нукура маданияттын мекени деп эсептеген Гегелдин философиясына, европалык эмес маданиятты теңсинбеген француз тарыхчысы Ж.Мишленин көз караштарына мүнөздүү болгон. Бул концепцияга чыгыш таануучулардын (востокоцентризм) көз карашы каршы туруп, алар Европа маданиятын белимчи, туурамчы, чыгармачыл мүнөзгө ээ эмес маданият катары мүнөздөшкөн. Азыркы мезгилде дүйнөдөгү ар түркүн чөлкөмдөр экономикалык жактан ыкчап өнүгүп, ар түрдүү маданий жана диний салттардын жакындашуу процессинде европоцентризмдин глобалдуу проблемаларынын маанилүүлүгүн концепция катары сезүү өзүнүн кескин чектерин жоготту, “алынып ташталды”.

Маданият - көп варианттуу, социалдык көрүнүш. Ар бир элдин өзүнүн жекече ага таандык маданияты бар. Маданият таануу илими дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүндө мурас улантуучулукка таянат. Мурас улантуучулук – атадан –балага, муундан- муунга, бир элден- экинчи элге, чыгыштан- батышка өтүп туруучу руханий процесс. Ар бир маданияттын генетикалык коду бар, ал тарыхый –цивилизациялык өнүгүүдөгү байыртан өзөк алган архетип болуп саналат.

Маданият таануу жөнүндө негизги түшүнүк- бул сакралдуулукту (ыйык, жашыруун сыр). Ошону менен бирге маңызына сиңирип турат. Маданият таануу өзүнө үч аспекти камтыйт: 1.философиялык; 2.теориялык; 3.тарыхый аспект.

Философиялык аспектиден алганда- маданият таануучулук ой-жүгүртүү эч кандай идеологияга баш ийбейт. Маданияттын субъектиси, объектиси жана көрсөткүчү болуп – адам өзү эсептелет. Адамдар өзүлөрүнүн маданиятынын өзгөчүлүгүн билүү менен бирге башка элдердин маданияты менен тыгыз байланышта экендигин унутпоого тийиш. Демек, баарыбыз маданий коммуникациянын закондоруна баш ийебиз. Маданияттын эки түрү бар: традициялык жана маданияттын жаңы тиби.

Биздин элибиз традициялык маданиятты өздөштүрөт. Бүгүнкү күндүн маданияты бул көптөгөн маданиятты билдирет деген гана түшүнүктү бербестен- ал бирдиктүү бүткүл дүйнөнүн маданияты б.а. бул бирдиктүү маданий агым шумерлерден бүгүнкү күнгө чейин, чыгыштан- батышка же тескеринче батыштан- чыгышка берилип турат. Адамзаттын маданиятынын өнүгүшүндө эки карама- каршы маанайда түшүү байкалат: 1. Оптимисттик; 2.Пессимистик.

Оптимистер дүйнөлүк маданият азыркы мезгилге жараша туура өнүгүп жатат дешкен. Эмнеге дегенде маданият бир жерде токтоп турбайт, ал сөзсүз өнүгүшү керек (илим, билимдин, техниканын өнүгүшүү, материалдык байлык). Оптимисттик пикирди өнүктүргөндөр: Ростоу, Белла, Толстой, Достоевский жана техника илимдеринин өкүлдөрү болуп саналышат. Ушул өңүттөй техниканын кризистен чыгышынын эки жолу бар: 1) Илимдин жана технологиянын өнүгүшүнө карата аң- сезимдүү мамиле кылуу. 2) диний маданият аркылуу. Бүгүнкү күндө маданияттын дагы бир өзгөчүлүгү традициялык маданияттын, адамдын жаңы тиби калыптанышы керек. Эгерде традициялык маданиятка бир гана элге таандык болгон үрп-адат, салт-санаа киргизилсе, жаңы маданият экологиялык, космостук идеяларга таянып адамдын бирдиктүүлүгү жана анын тагдыры менен байланыштырат. Муну менен бирге маданияттын да, адамдын да жаңы образы жаралат[1].

Азыр элдердин маданиятын өнүктүрүү үчүн чоң мейкиндик пайда болду. Акыркы жылдарда маданият тармагында жетишкен позитивдүү көрүнүштөр буга мисал. Маданий процесстерге эркиндик

[1] М.Ж. Жумагулов, Г.Э. Садыкова “Маданият таануу”. Бишкек-2017. 5-6 б.

берүү жана аларды демократташтыруу, көптөгөн тыюу салууларды жана чектөөлөрдү алып таштоо коомдук аң-сезим жана маданият чөйрөсүн өнүктүрүүдөгү зор жылыш экенин турмуш тастыктоодо. Мына ушунун баары коомдун рухий турмушунун азыркы абалын терең жана ар тараптан анализге алуунун зарылдыгына шарт түзөт. Ал эми рухий маданияттын калыптануу процессин анализге алуу ага тарыхый мамиле жасоодон тышкары болбой тургандыгы табигый көрүнүш.

Рухий маданияттын уникалдуулугу барыдан мурда элдин тарыхы менен шарттала тургандыгы шексиз. Натыйжада маданият предметин тарыхый жактан кароо маданияттын тарыхый өнүгүшүүнүн белгилүү этабында анан бөтөнчө жана спецификалык мазмунун ачууга, ошондой эле маданияттан адамзат тарыхынын бүткүл аралыгында анын өнүгүшүн мүнөздөгөн жалпылыкты көрүүгө мүмкүндүк берет.

Бул мыйзам ченем өтө маанилүү экендигин белгилөө зарыл. СССР кулап, Кыргызстан өз алдынчалыкка ээ болгондон соң өнүгүүнүн кандай жолун тандап алуу керек деген суроо коомчулуктун алдында курч тургандыгы жалпыбызга белгилүү. Кыргызстандын президент башында турган акыл- эстүү, күчтүү жаңы эле пайда болгон эгемендүү мамлекетибиздин өнүгүү багытын тактоо убаракерчилигин тарткандыгы, дагы эле болсо бул проблема күн тартибинен толук алына электиги объективдүү чындык.

Адамзат коому белгилүү мыйзам ченемдердин негизинде өнүгөөрү талашсыз. Ар кандай эле коомдук өнүгүү абалынын деңгээли анын өткөн күнүнө, маданиятына жараша болору анык. Кыргыздар өз алдынчалыкка жеткен күндөн баштап келечегин аныктоо үчүн өткөндөгү тарыхын, маданиятын үйрөнүүгө мажбур боло баштады. Анткени маданиятта тарыхтын жандуу, карама-каршы мааниси жана эң негизгиси тенденциялары чагылат. Маданияттын тарыхыйлыгы анын ар түрдүү компоненттердин кандайдыр бир жөнөкөй топтомунан тургандыгынан байкалбайт. Ал көз караштардын, идеялардын түшүнүктөрдүн, адамдардын жаратылышка, бири- бирине жасаган мамилелеринин жыйындысын түшүндүрөт. Маданият проблемасына мындай маселе жасоо спецификалык жагдайларда рухий маданиятты калыптандыруунун тарыхы өтө узак процесстин натыйжасы болуп саналгандыгы менен шартталат.

Кыргыздардын өткөндүгү маданиятын үйрөнүү зарылчылыгын эгемендүүлүк менен гана түшүндүрүү, албетте, бир жактуулукту күбөлөшү сөзсүз. Чындыгында кыргыз маданияты тарыхта башынан

аягына чейин текши чагылган эмес. Анын тарыхы, биринчиден, ар кайсы илимий булактарда чачылып жатса, экинчиден, алар чогултулуп, логикалык иреттүүлүккө салына элек. Илимий эмгектерде кыргыз маданиятынын абалы XVIII кылымдын аягынан XX кылымдын 80-90- жылдарына чейинкилери аз да болсо изилденсе, андан мурункулары ала- була, көп жери бүдөмүк. Аларды изилдеп тактоо келечектин иши.

Кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү процессин изилдөөгө арналган эмгектерди үч топко бөлсө болот.1. 1917-жылга чейинки мезгилде жазылган эмгектер: 2. Кеңеш доору учурунда (1917-1990-ж.ж.) чыккан эмгектер: 3. Кыргызстандын эгемендүүлүккө жеткен күндөн бери (1991-2018-ж.ж.) жарык көргөн чыгармалар. Кыргыз маданияты жөнүндө жазылган бул эмгектер өздөрүнүн мазмуну, көлөмү жана көздөгөн максаттары боюнча бири-биринен кескин айырмаланып турганын белгилөө зарыл.

Биринчи топтогу эмгектер жана алардын авторлору (мисалы И.Бичурин, Д.Мессершмидт, М.Ядренцев, Н.Хлудов, Ч.Валиханов ж.б.) негизинен, чет өлкөлүктөр болгон да, алар кыргыз маданиятын өз мүмкүнчүлүктөрүнүн жана байкоолорунун негизинде чагылдырышкан. Алардын эмгектери азыр биз үчүн өтө кызык жана тарыхый булак катары өтө баалуу.

Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасына арналган эмгектердин экинчи тобуна СССР доорунда (1917-1990-ж.ж.) жарык көргөн чыгармалар кирет. Алардын катарына философтордон М. Жумагулов, А.Алтымышбаев, Б.Аманалиев, А.Салиев, А.Нарынбаев, А.Какеев, А.Карыпкулов, А.Исмаилов, М.Артыкбаев, Р.Ачылова, Т.Аттокуров, Ж.Жаныбеков, Ш.Базарбаев, Т.Аскаров, Ш.Акмолдоева, Ч.Өмүралиев, А.Байбосуновдорду, Т.Бакаева (Султаналиева), Ч. Нүсүпов, тарыхчылардан: Д.Айтмамбетов, С.Токтогонов, С.Данияров, К.Үсенбаев, Т.Кененсариев, Ү.Чотоновдорду, педагогдордон: А.Измайлов, М.Балтабаев, И.Бекбоев, Б.Апышев, Д.Бабаевдерди, тилчилерден: Ш. Жапаров, ж.б. кошсо болот.

Аталган эмгектерде кыргыз маданиятынын (1991-2018-ж.ж.) көп кырдуу көрүнүштөрү ар кандай аспектте илимий изилдөөгө алынганын белгилөө керек. Бул чыгармада кыргыз элинин жаңы тарыхый шарттары коомдук, экономикалык жана саясий түзүлүшү. Кеңеш бийлиги мезгилинде жетишилген ийгиликтер, региондогу окуу системасынын коюлушу, адабият жана искусствонун өнүгүшү,

маданияттын жаңы компоненттеринин пайда болушун д.у.с. маселелер абдан терең жана ар тараптуу изилдөөлөргө алынгандыгында шек жок. Чынында эле Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстанда жүргүзүлгөн маданий төңкөрүштүн тарыхый мааниси, андан кийинки мезгилдерде адамдардын коомдук аң-сезиминде, жеке психологиясында болуп өткөн сапаттуу өзгөрүүлөр, кыргыз элинин улуттук жалпылыкка өсүп чыгуу диалектикасы илимий теориялык деңгээлде далилдүү жазылганын айтып коюу парз.

Ошону менен бирге аталган эмгектерге жалпы мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү атап койгон жөндүү. Авторлор тарабынан кыргыз маданиятынын соңку мезгилиндеги өнүгүшүнө айрыкча көңүл бөлүнүп, ал эми анын байыркы жана орто кылымдардагы абалын иликтөө көз жадымда калтырылганы байкалат. Айрым гана эмгектерде анын тигил же бул компонентинин өткөндөгү абалы жөнүндө үстүртөн сөз жүрбөсө, бүтүндөй маданияттын пайда болу жана өнүгүү процесси боюнча жалпыланган фундаменталдуу эмгек азырынча жазыла элек.

Кеңеш доорунда кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы толук изилденбей калышынын объективдүү себептерин түшүнсө болот. Жогоруда аталган эмгектер СССР мезгилде жазылганын эске алуу абзел. Тоталитардык режим учурунда ар кандай тыюу салуулар, коммунисттик идеологиянын үстөмдүгү маданий процесстин маңызын толук ачууга мүмкүнчүлүк бербегени өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Себеби коомдук турмуштун жагдайы, анын ичинде илим деле саясатташтырылып, айрыкча маданият өзгөчө көзөмөл алдында болгондугу жашыруун эмес.

Ар кандай тыюу салууларга карабастан кыргыздардын коомдук-тарыхый, маданий өнүгүшүн изилдешкен окумуштуулар анын бир катар өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүшкөн. Бул өзгөчөлүктөр негизинен, чөлкөмдүн социалдык-экономий жана саясий турмушундагы терең тамырлап кеткен феодалдык-патриархалдык мамилелердин болгондугунан, айыл чарба азыктарын кайра иштетүүгө багытталган кол өнөрчүлүк өнөр жайды бир түрдүү өнүктүрүүдөн, начар өнүккөн формада пайда болгон буржуазиялык өндүрүштүк мамилелер менен бирге экономикадагы патриархалдык-феодалдык негиздердин болгондугунан, жерди пайдалануу формаларынын орто кылымдарга таандык мүнөзүнөн, эзүүчү төбөлдөрдүн күчтүү таасиринен, жумушчу табынын улуттук кадрлардын жоктугунан, маданий жактан өнүгүүсү белгилүү ченемде артта калгандыгынан улам тыянакталган.

Көптөгөн окумуштуулар биздин чөлкөмдүн элдеринин маданиятын калыптандыруунун спецификалык өзгөчөлүктөрүн санап чыгуу менен гана чектелишкендигин, атап айтканда, кыргыз элинин маданиятына тийиштүү өзгөчөлүктөрүн анализдөөгө алардын жай алышпагандыгын белгилеп кетүү керек. Бирок ошол мезгилдерде чыккан эмгектерге жалпы бир кемчилик таандык экендигин айтуу зарыл. Жарык көргөн эмгектерде жана корголгон диссертациялык жумуштарда маданияттын тигил же бул компоненти жалпы бүтүндүктөн ажыратылып, өзүнчө бир кубулуш катары каралганына күбөбүз. Маданиятка карай мындай мамиле анын өнүгүү мыйзамында дал келбеси түшүнүктүү.

Ушуга байланыштуу дагы бир мыйзам ченемди эске салган жөндүү. Маданияттын кайсы гана компоненти каралбасын ал жанында турган башка компоненттер менен тыгыз байланышта изилдениши абзел. Андай болбогон күндө ал жөнүндө тыянактар бир жактуу болуп, кубулуш жөнүндөгү чындык толук чагылбай калышы атүгүл бурмаланган тыянактар чыгып калышы ыктымал.

Маданияттын, айрыкча рухий маданияттын калыптануу жана өнүгүү процессин дагы бир мыйзам ченем жетекчиликке алынбай жаткандыгын айтып койгон оң. Ар кандай маданияттын негизинде материалдык өндүрүш жатышы белгилүү. Ал рухий да, материалдык да маданияттардын өнүгүү деңгээлин аныктайт. Коомдун, конкреттүү тигил же бул маданиятты изилдөөдө сөзсүз ошол коомдун материалдык өндүрүшү жана өндүрүш жолу да кошо изилдениши абзел. Көпчүлүк эмгектерде маданияттын өнүгүшүнүн бул мыйзам ченеми этибарга алынбай жатканы өкүнүчтүү.

Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасына жана тарыхына арналган адабияттардын үчүнчү тобуна, жогоруда айтылгандай, Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткен мезгилден бери чыккан адабияттар, басма сөз бетинде жарыяланган макалалар кирет. Бул жерде албетте республикабыздын өз алдынчалыгы, ошого байланыштуу басма сөз эркиндигинин берилиши, ой жүгүртүүнүн эркиндикке чыгышы, өткөндүн мурастарын үйрөнүүдөгү тыюу салуулардын алынып ташталышы, ой-пикирдин плюрализм ж.б. чоң роль ойногонун баса белгилөө керек. Көпчүлүк окумуштуулар жана маданий ишмерлер Кеңеш мезгилиндеги чыгармаларында ачык айта жана жаза албаган ойлорун эми толуктап, аларды кайрадан чыгарышып жаткандыгы факт. Азыр тарыхчылар кыргыз тарыхынын бурмаланган жерлерин объективдүү изилдеп, актай жерлерин толуктоо

аракетинде болсо, философтор кыргыз маданиятын, анын болгон компоненттерин терең изилдөөгө бел байлашууда.

Кыскасы, кыргыз элинин маданиятынын калыптануу керек жана өнүгүү процессин иликтөөдө жана аны белгилүү системага салуу маселесинде азыр көйгөй арбын. Кыргыздар кайсы гана доордо жана аймакта жашабасын өз маданиятын өнүктүрүп, дүйнөлүк цивилизациядан четте калбаганы тарыхта белгилүү. Анын унутта калган изин табуу жана жалпыланган эмгекти иштеп чыгуу күн тартибинде турган орчундуу маселе. Ошол себептен сунушталып жаткан эмгекте кыргыздардын байыркы доордон ушул күнгө чейинки маданиятынын жалпылаган фундаменталдуу чыгармалардын пайда болушуна жасалган алгачкы аракет деп эсептесе да болот[2].

## 1.2. Маданият түшүнүгү. Маданият көп тармактуу система

Маданият түшүнүгү адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси, ал аркылуу адам дүйнөнү жана өзүн жаратат. Ар бир маданият - бул адамдын дүйнөгө жана өзүнө болгон мамиледен жаралган кайталангыс дүйнө. Башкача айтканда бир түрдүү маданияттарды изилдөөдө биз жөн гана китептерди, соборлорду же археологиялык табылгаларды изилдебестен биз бизге караганда башкача дүйнөдө, башкача сезим, туюм менен жашаган адамдардын дүйнөсүн ачабыз.

Ар бир маданият бул адамдын чыгармачылык жактан калыптануу ыкмасы. Ошондуктан башка маданияттарды таанып билүү бизди жаңы билимдерге жана жаңы чыгармачылык тажрыйбаларга байытат. Мүмкүн бул маданиятты туура түшүнүүгө болгон биринчи гана кадамдыр.

Адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси кантип ишке ашат? Ал адамдын тажрыйбасына кантип бекемделип, жана муундан муунга өтүп турат? Бул суроолорго жооп берүүнүн өзү маданиятты, маданият таануунун предмети катары мүнөздөө болуп эсептелет. Адамдын дүйнөгө болгон мамилеси маани маңыз менен такталат. Эгер кандайдыр бир нерсе, зат, маани маңызынан айрылган болсо, ал адам үчүн мааниси кетип жашабай калат. Биз дүйнөдө эмнелерди ачып, жана эмнени издеп жүргөнүбүздү дал ушул маани маңыз аныктайт.

[2] Шамши Базарбаев “Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы”. Ош-2001. 3 б.

Эгерде бул маани, маңыз болбосо адам түнкү асманды карамак эмес, ал эми илимпоздор болсо жаратылышты изилдөөгө бүтүндөй күчүн арнап, улуу ачылыштарды жасамак эмес.

Аң-сезимде «маданият» искусствону, динди, илимди жана башканы бириктирип, турган образдардын топтому сыңары болот. Маданият таануу болсо маданиятты адам болмушунун маңызын чыгармачылык менен эркиндикти ишке ашыруучу катары ачып берген түшүнүк иретинде пайдаланат. Арийне, мында эркиндикти, биринчиден, адамдын ажырагыс рухий дарамети катары, экинчиден, эркиндикти түшүнүү жана түшүнүлгөн социалдык ишке ашыруу катары айырмалай билүү керек. Биринчисиз, маданият дегеле пайда боло албайт, ал эми экинчиси анын өнүгүшүнүн салыштырмалуу кийинчерээктеги стадиясында пайда болот. Биз маданият жөнүндө айтканыбызда адамдын кандайдыр бир өзүнчө бөлөк чыгармачылык актысын, айтканыбыз жок, мында биз чыгармачылыкты адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси катары карап жатабыз.

Маданият түшүнүгү деген адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси, ошол аркылуу адам дүйнөнү жана өзүн-өзү жаратат. Ар бир маданият-бул адамдын дүйнөгө жана өзүнүн өзүнө болгон белгилүү бир мамилесинен жаралган кайталангыс Аалам. Башкача айтканда, ар түрдүү маданиятты окуп үйрөнүп жатканда биз жөн эле китептерди, археологиялык табылгаларды окуп үйрөнбөй, биз өзүбүз үчүн башка бир адамдардын дүйнөсүн ачабыз, алар бизге караганда башкача жашаган, башкача сезип-туюшкан. Ар бир маданият адамдын өзүн-өзү жасап чыгуучу чыгармачылык ыкмасы. Ошондон улам башка маданияттарды түшүнүп билүү бизди жалаң эле жаңы билим менен байытпастан, ошондой эле жаңы чыгармачылык тажрыйба менен да байытат.

Бирок биз маданиятты туура түшүнүү жана аныктоо багытында алгачкы гана кадамдарды жасадык. Адамдын дүйнөгө болгон универсалдуу мамилеси кантип ишке ашат? ал адам тажрыйбасында кантип бекемделет жана кантип муундан муунга өтөт. Ушул суроолордун жообу маданиятты маданият таануунун предмети катары мүнөздөө дегенди билдирет. Адамдын дүйнөгө болгон мамилеси маданият менен аныкталат. Маани маңыз адамды каалаган кубулуш, каалаган предмет менен катыштыра алат: эгерде бир нерсенин мааниси болбосо ал адам үчүн эсепте жок. Маданият таануу үчүн маани эмне? Маани маңыз бул адам болмушунун өзгөчө ролдо кабылданган мазмуну: адамдын дүйнөгө жана өзүнүн өзүнө болгон мамилелерине

ортомчу болуу. Так мына ушул маани- маңыз биздин эмне издегенибизди, дүйнөдөн жана өзүбүздөн өзүбүз эмне ачарыбызды аныктайт.

Маани- маңызды (смысл) мааниден (значение), мындайча айтканда, предметтүү туюндурулган образдан же түшүнүктөн ажырата билишибиз керек. Кокус эгер маани образда же түшүнүктө туюндурулса, ал сөзсүз эле өзүнөн өзү предметтүү болуп калды дегенге жатпайт. Маселен, өтө керектүү маанилердин бири – сүйүүнү эңсөө- дегеле кандайдыр бир адамдын (антпесе ар бирибиз кимди сүйөрүбүздү мурда эле билип алмакпыз) предметтүү образын талап кылбайт. Мында накта маани жалаң эле акылга эмес, ошондой эле текшерүүгө мүмкүн болбогон тээ жандын тереңине багытталган жана ал түздөн -түз (биздин түшүнүгүбүздөн тышкары) биздин сезимдерибизди жана эркибизди чырпып өтөт. Маанини адам дайыма эле түшүнө бербейт, маанинин көбү адам жанынын аңдап сезилбеген тереңинде катылуу. Бирок тиги башка маанилер да адамдардын көбүн бириктирген, алардын ойлорунун жана сезимдеринин негизи катары көрүнгөн жалпы мааниге ээ болуп калышы мүмкүн. Так ушундай маанилер маданиятты жаратат.

Адам бүт дүйнөгө ушул маанилерди берет, анан ошол дүйнө ал үчүн өзүнүн универсалдуу, адамдык маанисинде болот. Башка дүйнөнүн адамга дегеле кереги жок жана кызыксыз. Н.А. Мещерякова баалуулук мамилелеринин эки баштапкы (базистик) тибин туура бөлүп көрсөтөт, дүйнө- адам үчүн «өзүнүкү» катары жана «башка» катары болушу мүмкүн. Маданият деген универсалдуу ыкма, ошону менен адам дүйнөнү «өзүнүкү» кылып, аны адам (маанилик) болмушунун үйүнө айландырат. Ошентип, бүт дүйнө адамдык маанини алып жүрүүчү дүйнөгө, маданият дүйнөсүнө айлантат. Ал түгүл жылдыздуу асман да, океандын тереңдиги да маданиятка тиешелүү, аларга адам жанынын бөлүкчөсү берилген, анткени алар адамдык маани алып жүрүшөт. Эгерде ушул маани болбосо, анда адам түнкү асманды көз кумарын кандыра карамак эмес, акындар ыр жазмак эмес, ал эми окумуштуулар өз жанынын күчүнүн баарын табиятты изилдегенге бермек эмес, демек, улуу ачылыштарды ачмак эмес. Теориялык ой тапатандан жаралбайт, андай ой пайда болуу үчүн адам табышмактуу дүйнөгө кызыгыш керек, болмуштун сырларына таң калышы (таанып билүү таң калуудан башталат деп Платон бекер айтпаса керек) зарыл. Бирок сандаган адамдардын акылы менен сезимин дүйнөнү жана өз

жанын өздөштүрүүгө багыттаган маданий маанилер жок жерде таң калуу да, кызыгуу да жок.

Мына ушул жерден маданиятка мындай аныктама берсе болот. Маданият – бул маани-маңызды божомолдоо аркылуу адамдын өзүн-өзү чыгармачылык менен салыштырууга мүмкүн болгон адам өмүрүнүн маанисин ачууга жана бекемдөөгө умтулуусу. Маданият адамдын бет алдында маанилик дүйнө катары турат, ал элди шыктандырат жана аларды кайсы бир топко бекемдейт (улутка, динге же профсоюздук ж.б. топко) ушул маанилик дүйнө муундан муунга өтүп, болмуштун ыкмасын жана элдердин дүйнө туюмун аныктайт.

Ушундай маанилик дүйнөнүн ар биринин негизинде үстөмдүк кылган маани, маданияттын негизги белгиси жатат. Маданияттын маанилик негизги белгиси – бул адамдын дүйнөгө болгон ошол жалпы мамилеси, так ошол башкы маани. Ал калган бардык маанилердин жана мамилелердин мүнөзүн аныктайт. Мында маданият жана анын маанилик негизги белгиси ар башкача ишке ашышы мүмкүн, бирок маанилик биримдиктин болушу элдин эмне кылып, эмнеге кыжалат болуп жатканын баарысына бүтүндүк берип турат. Элди бириктирүү, шыктандыруу менен бирге маданият аларга жалаң эле дүйнө тааныта турган жалпы ыкма бербей, ошондой эле өз ара түшүнүшүнө кайгырыша турган ыкманы жана жан дүйнөнү туюндура турган тилди берет. Маданияттын маанилик негизги белгисинин бар экенин маданият таануунун илим катары мүмкүнчүлүгүн жаратат: маданияттын бардык аспекттерин турган жерден камтуу мүмкүн эмес, бирок бөлүп көрсөтсө, түшүнсө, үстөмдүк кылган маанини анализдесе болот. Андан ары ошону ишке ашыра турган ар кандай ыкмаларды окуп үйрөнүп, аны так өзүндөй жандыра турган деталдарга жана конкреттүү формаларга кайрылуу керек.

### 1.3. Маданият таануу боюнча изилдөө предметин ажыратуу спецификасы. Маданият таануу жана башка гуманитардык илимдер

Маданият таануу жалаң эле бүтүндөй маданиятты эмес, ошондой эле антропология, этнография, психиатрия, психология, социология, экономикалык, лингвистикалык теория ж.д.у.с. менен өз ара аракеттенген (бири-бирине өткөнгө чейин), ошол эле мезгилде өз жүзүн сактап, өзүнүн менчик изилдөө маселелерин чечкен ар кандай, көпчүлүк учурда өтө эле спецификалуу, маданий турмуштун чөйрөсүн

окуп үйрөнөт. Башкача айтканда маданият таануу комплекстүү гуманитардык илим болуп эсептелет. Мында өзүнүн жалаң теориялык бөлүмү, сыпаттама (эмпиралык) изилдөөлөрү баа, ошондой эле баяндоо мүнөзү жана образдарынын ашкере ачыктыгы боюнча көркөм чыгарманын деңгээлине жакындаган эмгектери да жок эмес. Жалпылап айтканда маданият таануу каалаган предмет, каалаган кубулушту (ал түгүл табыгый кубулушту да) изилдеп үйрөнө алат, эгерде андан ал маанилик мазмунду, чыгармачыл адам рухун таба алса. Азыркы маданият таануунун проблемалары эң оболу өз болмушунун драмасын жана трагедиясын анын рухий чексиздигин жана эң жогорку маанисин маданият аркылуу ачкан (ошондой эле башка маданияттар аркылуу да) адамдын мүмкүнчүлүгү жана эртеңки келечеги менен байланышат.

## 1.4. Маданият система катары.

### Материалдык жана рухий маданият. Адам маданияттын өнүгүүсүндөгү система түзүүчү фактор

Маданиятка, эгерде аны кеңири планда карасак, адам өзү жараткан жашоо-тиричиликтин материалдык да, рухий да каражаттары кирет. Адамдын чыгармачылык эмгегинен жаралган материалдык жана рухий реалдуулук артефакттар бар деп мындайча айтканда жасалма түрдө жаратылгандар деп аталат. Ошентип, артефакттар материалдык же рухий баалуулук болуп эсептелгендиктен алар жаратылыштан, табияттан эмес жаратман катары кабыл алынган адам тарабынан ойлонулуп жаратылган. Арийне, ал баштапкы материал катары табигый объекттерди энергияны же сырьену пайдаланат жана табият мыйзамдарына ылайык аркет кылат.

Кылдатыраак карап көрсөң адамдын өзү да артефакт классына тиешелүү экенин байкайсың. Бир жагынан карасан ал табигый эволюциянын натыйжасында пайда болгон жаратылыштын туундусу, материалдык жандуу организм катары жашайт жана аракет кылат, экинчи жагынан карасаң, ал рухий, социалдык жаныбар, жаратман катары жашайт жана аракет кылат, табият “өз колу менен өзү” жарата албаган рухий баалуулуктарды алып жүрөт жана керектейт.

Ошентип, адам жалаң жаратылыш эмес, ошондой эле маданияттын да чүрпөсү, жалаң эле биологиялык эмес, ошондой эле социалдык жаны бар организм, ал эми анын табияты жалаң эле материалдык эмес, рухий негизден да турат. Адам маңызына жартылыштын өзүндөй, материалдык, эң оболу биологиялык-

физиологиялык сапаттар жана касиеттер гана эмес, ошондой эле көркөм, илимий же техникалык чыгармачылык менен интеллектуалдык эмгек жана маданият аркылуу продукцияланган материалдык эмес рухий жана касиеттер да кирет.

Адам өз жаратылышы боюнча рухий-материалдык жаны бар организм болгондуктан ал материалдык дагы, рухий дагы артефакттарды керектейт. Өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн ал тамак, кийим, үй жасайт жана керектейт, техника жана материалдарды жаратат, имараттарды, курулуштарды, жолдорду ж.б. курат. Ал эми рухий керектөөлөрүн канааттандырыш үчүн ал көркөм баалуулуктарды, нравалык жана эстетикалык идеалдарды, саясий идеологиялык жана диний идеалдарды, илим менен искусствону жаратат. Ошондуктан адам ишмердиги материалдык дагы, рухий дагы маданияттын бардык каналдары боюнча таралат. Мына ошондуктан адамдын маданияттын өнүгүшүндөгү баштапкы система түзүүчү фактор катары кароо керек. Адам өз тегерегиндеги айлаган буюм-тайымдар дүйнөсүн жана идеялар дүйнөсүн жаратат жана пайдаланат; анын ролу – бул жаратуучунун ролу, ал эми анын маданияттагы орду – бул артефакттардын аалам борборундагы, башкача айтканда маданият борборундагы орду. Адам маданиятты жаратат, аны өзүнө өнүктүрө турган каражат катары калыбына келтирет жана пайдаланат. Ал ошол адамзаттын “жасалма жол менен жасалган” турак үйү, “экинчи жаратылышы”, дүйнө маданияты деп аталган жаратылыш дүйнөсүнүн архитектору, куруучусу жана жашоочусу. Бул адамга чейин Жер планетасында болбогон ошол реалдуулуктар дүйнөсү, адам менен бирге пайда болуп жашаган жана өнүккөн реалдуулук. Адамзаттын жашоосу түгөнбөсө, ал да түгөнбөйт.

Адам чыгармачыл, жаратман жана активдүү аракет кылган тирүү жан катары тынбай тиричилик кылып турганда маданият баалуулуктардын жандуу системасы катары, жандуу организми катары жашоосун токтотпойт. Адам баалуулуктар агымын маданият каналдары боюнча багытка салат, адам аларды алмаштырат жана бөлүштүрөт, ал маданияттын материалдык да, рухий да продукталарын керектейт, продукташтырат жана сактайт. Ушул жумуштарды ишке ашыруу менен ал өзүн да маданият субъектиси катары, социалдык жандуу организм катары жаратат. Образдуураак кылып айтсак, адам-маданий өнүгүштүн башталмасы жана натыйжасы, анын иштешинин максаты жана каражаты, анын идеасы жана ишке ашырылышы.

Адамдын объективдүү бүтүндүгү анын ишмердигин бүтүндүгүн көздөйт. Кийин ал маданияттын бүтүндүгүн жана системдүүлүгүн үч негизги багытта типтештирет: генезисине, структурасына жана аткарган кызматына карай.

Маданияттын генезиси жана өнүгүшү өткөндүн баалуулуктарын өздөштүргөн жана сактаган, аларды бүгүнкү күндө трансформацияланган жана байыткан, анан аларды келечектеги маданият үчүн баштапкы материал катары бере турган бүтүндөй бир процесс катары жүрөт.

Структуралык бүтүндүк маданий баалуулуктардын иерархиялык катышынан, алардын бири борбордук фундаменталдык орунду, экинчилери – экинчи даражадагы, туунду сымал орунду ээлейт, айрымдары жалпы жана тоталдык мааниге ээ, дагы бирөөлөрү локалдык же конкреттүү орунда турат.

Маданияттын бүтүндүгү эң оболу табияттын бүтүндүгүнө пайдубал катары таянарын өзгөчө белгилеп кетүү керек.

Табяттын бүтүндүгүнө адамзаттын Жер планетасында өмүр сүрүүсүнүн объективдүү жана табигый шарттарынын системасы катары оболу биосферасынын бүтүндүгү кирет, ал климаттык жана географиялык шарттардын бүтүндүгүнө таянат, алар болсо геологиялык өбөлгөлөргө негизделет. Эгерде анализди ушинтип уланта берсек, ал жүрүп отуруп планетардык жана тээ космикалык бүтүндүккө алып келет.

Бирок адамдын өзү күн сайын күндөлүк турмушунда көрүп-билип жүргөн маданияттын бүтүндүгү- бул адам өмүрүнүн материалдык жана рухий бүтүндүгү, ал өз өмүрүндөгү күн сайын пайдаланып урунган ошол материалдык жана рухий каражаттардын баарысынын бүтүндүгү, мындайча айтканда бүл материалдык жана рухий маданияттын бүтүндүгү болуп эсептелинет.

Материалдык маданият тикеден-тике жана түздөн түз адам жашоо үчүн материалдык каражаттарды, материалдык продуктуларды, материалдык предметтерди жаратуу маалында баштапкы материал же сырьё катары пайдаланган энергия менен маалыматтардын, ошол ар түрдүү формадагы нерселердин, жаратылыш объектилеринин сапаты жана касиети менен шартталат. Материалдык маданиятка типтери жана формалары боюнча ар түрдүү артефакттар кирет. Ошол жартылыш объектиси жана анын материалы трансформациялануунун

натыйжасында буга, мындайча айтканда предметке айланат, адамдын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында анын “homo sapiens” катары керектөөсүн тагыраак же толугураак канааттандырган ошол предметтин касиеттери жана мүнөздөмөлөрү келиштирилип, продукцияланат, демек ал, маданий максатка арналып, цивилдүү ролго ээ болот. Материалдык маданият, сөздүн башка маанисинде айтсак,- бул адамдын буюмга айланган “мени”; бул буюм формасына чөгөрүлүп берилген адамдын руху; бул буюм аркылуу берилген адамдын жаңы, адамзаттын материалдаштырылган, предметтештирилген духу.

Материалдык маданитяка эң оболу ар түрдүү материалдык өндүрүш каражаттары кирет. Бул – органикалык же органикалык эмес заттардан түрган энергетикалык жана сырьёлук ресурстар, материалдык өндүрүш технологияларынын геологиялык, гидрологиялык же атмосфералык түзүүчүлөрү. Бул-жөнөкөй курал формасынан тартып, татаал машиналык комплекске чейинки эмгек куралдары. Бул ар түрдүү керектөө каражаттары жана материалдык өндүрүш продуктулары. Бул адамдын материалдык, предметтик, практикалык ишмердигинин ар кандай түрлөрү. Бул адамдын алмаштыруу тармагындагы материалдык-предметтик мамилелери, мындайча айтканда өндүрүштүк мамилелери. Анткен менен адамзаттын материалдык маданияты иштеп жаткан материалдык өндүрүшкө караганда алда канча кеңири экенин белгилеп кетүү керек. Буга материалдык баалуулуктардын баардык түрү кирет: архитектуралык баалуулуктар, имараттар, курулуштар, транспорт жана коммуникация каражатары, парктар жан жабдуусу бар ландшафтар.

Мындан тышкары матариалдык маданият материалдык баалуулуктардын, эстеликтердин, археологиялык объектилердин, жабдуусу бар табигый эстеликтерди ж.б. өзүнө сактайт. Демек, маданияттын материалдык баалуулуктарынын көлөмү материалдык өндүрүштүн көлөмүнөн кеңири, ошондон улам жалпы материалдык маданият менен материалдык өндүрүштүн ортосунда теңдештик жок. Мындан тышкары материалдык өндүрүштү өз алдынча маданият таануунун терминдеринде мүнөздөсө болот, башкача айтканда материалдык өндүрүштүн маданияты жөнүндө, анын өркүндөтүүчү даражасы жөнүндө, рационалдуулугу жана цивилдүүлүгү жөнүндө, аны ишке ашырган ошол формалардын жана ыктардын экологиялуулугу, эстетикалуулугу жөнүндө, ошондо курулган

бөлүштүрүү мамилелеринин нравалуулугу жана акыйкаттуулугу жөнүндө айтуу жолу аркылуу өндүрүш технологияларынын маданияты жөнүндө, башкаруу маданияты жана аны уюштуруу жөнүндө, эмгек шарттарынын маданияты жөнүндө, алмаштыруу жана бөлүштүрүү сыяктуулар жөнүндө ушундай мааниде гана айтышат.

Демек, маданият таануу мамилеси жагынан алып караганда материалдык өндүрүш эң оболу гуманитардык же гуманисттик өркүндөө көз карашында изилденет, ошондой эле мезгилде материалдык өндүрүш экономикалык көз караш катары, мындайча айтканда анын эффективдүүлүгү, ПАКтын (КПД) чоңдугу, өздүк наркы, кирешелүүлүгү ж.б. технократтык көз караштан изилденет.

Маданият таанууда материалдык маданият жалпысынан, материалдык өндүрүш өзгөчө адамдын аң сезимдүү тирүү жан катары маңызын, анын чыгармачылык потенциалы, өзүндөгү “менди” өстүрүү үчүн, жашоо тиричилигин өркүндөтүү үчүн өзү жараткан каражаттар жана шарттар чегиндеги көз караш менен маданияттын субъектиси катары адамдын жөндөмдүүлүгүн ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн өстүрүү жана кеңейтүү көз карашы менен бааланат.Ушул мааниден алганда материалдык маданияттын эволюциясынын ар кайсы этаптарында да ошондой эле материалдык өндүрүштүн конкреттүү-тарыхый- коомдук ыкмаларында да дүйнөнү жана өзүнүн керт башын жакшыртууга умтулган адамдын ойлорун жана чыгармачылык идеяларын ишке ашыруу үчүн өркүндөө деңгээли боюнча ар кандай каражаттар жана ар кандай шарттар түзүлөрү түшүнүктүү.

Материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөр менен адамдын кайра өзгөртүп түзүүчү ойлорунун ортосунда дайыма эле гармониялуу мамиле болбой турганы тарыхтан белгилүү, бирок ошого объективдүү мүмкүнчүлүк түзүлсө, анда маданият оптималдуу жана ар тарабы топ келген формада өнүгөт. Эгерде гармония жок болсо – маданият туруктуу болбой, ар тарабы төп келишпей же интерциялуулуктун жана консервативдүүлүктүн, же куру кыялдуулуктун жана революциячылдыктын азабын тартат.

## 1.5. Маданият баалуулук жана таанып билүүчүлүк ишмердик катары

Ошентип, адамдын рухий өнүгүүсүнүн мүмкүнчүлүктөрү материалдык-техникалык өнүгүү менен чырмалышканы, же тескеринче, материалдык өндүрүштүн өркүндөө деңгээли коомдун рухий потенциялынын мүмкүнчүлүктөрүнө көз каранды экени айдан

ачык көрүнүп турат. Рухий маданиятка, бир жагынан рухий ишмердиктин өзү кирет. Рухий маданияттын артефакттары ар кандай формада болот. Бул каада- салттар, нормалар жана конкреттүү-тарыхый социалдык шартта калыптанган адамдын жүрүм-турум үлгүлөрү. Бул ошондой эле нравалык, эстетикалык, диний жана саясий идеалар менен баалуулуктар, ар кандай идеялар менен илимий негиздеги билимдер. Жыйынтыктап айтканда бул демейки эле интеллектуалдык, рухий ишмердиктин продуктусу. Алар материалдык өндүрүш продукциялары сыяктуу эле адамдын жашоо тиричилиги катары, анын белгилүү бир керектөөсүн канааттандыруу үчүн пайдаланылат.

Каада-салт адамзаттын рухий тарыхындагы эң байыркы кубулуштардын бири. Этнографиялык изилдөөлөргө караганда каада-салттар архаикалык коомдордо, негизинен жогорку туруктуулук жана инертүүлүк менен мүнөздөлгөн тиричилик чөйрөсүндө жүрүм-турумдун негизги жөнгө салуучусу катары басымдуулук кылат экен. Өтө эле динамикалуу өтө эле жаңычыл социалдык структураларда алар анчалык милдеттендиргендей ролдо болбойт, бирок өнүккөн маданияттын баарында кошо жүргөнү жүргөн.

Каада-салттар – бул жүрүм-турумдун көндүм, анчалык аңдап түшүнүлө бербеген бүтүн бир үлгүсү. Каада-салтка ырым-жырым же ритуалдык иш аракет аркылуу колдоого алынган жана практикаланган салттар кирет, аларга сөзсүз түрдө адеп-ахлактык жөнгө салуучу нерселер кошулат. Тарыхый жактан каада-салттар тигил же бул социалдык чөйрөдө ийине жеткире иштелип, көбүрөөк практикаланат, такталат, тастыкталат, мындайча айтканда алар жүрүм-турумдун социалдык-стандартташтырылган үлгүсү катары коомдук эс тутумда бекемделет жана эмгектеги, тиричиликтеги, пикир алуушудагы, тарбиядагы ж.д.у.с. жүрүм-турумдун формасы катары муундан-муунга өтөт. Үлгүнүн башка түрлөрүндөй эле каада-салттар дагы белгилүү бир аракеттерди жасаганга жол берет, андй кезде ал аткаруу алгортминин ролун аткарат. Ушуну менен бирге ал тыюучулук ролду аткарышы мүмкүн, андай кезде ал адамдын белгилүү бир аркетине тоскоолдук кыла турган алгоритмдин кызматын аткарат.

Адамдын коомдогу, коллективдеги же социалдык топтогу өмүрү макулдашылган аракеттерди жана жөнгө салынган мамилелерди талап кылат. Каада-салттар маанилүү жүрүм-турумдү нормага салуучу механизм катары элдердин кызматташуусун камсыз кылат. Муундан-муунга өтүү менен ал жүрүм-турумдун ички мотивдери менен

тамырлап өсөт, аны дайыма сактоо зарылдыгын жаратат, бул болсо мамилелердин туруктуу болушуна алып келет, натыйжасына көз жеткендей кызматташтыкты камсыз кылат, ал болсо өз ара түшүнүшүүгө негиз болот.

Рухий маданиятта каада-салттан алынган, өз алдынча колдонууга ээ болгон же адамдын адистештирилген жүрүм-туруму үчүн атайын иштелип чыккан нормалары иштеши мүмкүн. Бул экономикалык же саясий техникалык же технологиялык, адеп-ахлактык же укуктук ж.б. нормалар. Мындай нормалар ритуалдык же ырым-жырымдык мүнөздө болушу мүмкүн, бирок алар белгилүү бир негизде санкцияланат жана тыюу салган же уруксат берген каада-салт катары аракетте болот.

Көздөн далда жабык маданияттарда каада-салт менен нормалар регламентке баш ийет жана алар кыңк этпестен аткарылат. Ачык маданияттарда норма менен каада-салттардын плюрализми болот, ал сыйлоо жана кенен кароо атмосферасын жаратат. Мындай шарт адамдан тандоону жана жүрүм-турумдун тандап алынган мотивине чыгармачылык мамилени талап кылат. Ушунун баары инсандын рухий жактан байышына, адам турмушундагы социалдык комфорттулуктун өсүшүнө көмөк көрсөтөт.

Ал эми рухий маданияттын бир топ жогорку деңгээлинде жөнгө салуучу нерсе катары баалуулуктун мааниси басымдуулук кылат. Бул рухий маданияттын бир топ татаал, өнүккөн продуктусу. Баалуулук норма менен каада-салттын жалаң аткарган кызматынын синтези аркылуу калыптанбайт, ага ошондой кыргызчылык жана керектөөчүлүк, милдет жана идеал, ниет жана мотивация кирет. Баалуулук жүрүм-турумдун бир топ татаал регулятиви катары тандоону билдирет, чечимдердин полярдуу болушуна жол берет. Бул баалуулуктун амбиваленттүү жана эки ача табияты жөнүндө кабар берет. Бир эле баалуулуктун маанисин эске алуу менен окуяны жокко чыгарса же кабыл алса, аны оң же терс, интерпретацияласа жана баалаcа болот. Ар кандай кырдаалда тандоо жүргүзүү үчүн басымдуулук кылган негиз катары баалуулуктун ар кандай түзүүчүлөрү чыгышы мүмкүн. Маселен, патриотизм сыяктуу баалуулукту интерпретациялаганда биринчи орунга бир туруп милдет чыгышы мүмкүн, бир туруп идеал чыгышы мүмкүн, бир туруп керектөө ж.б.у.с. чыгышы мүмкүн[3].

[3] Бекбоев И.Б.”Маданият таануу” Бишкек-2007.18 б.

## 1.6. Маданият структурасы

Маданиятты биз экиге бөлөбүз: материалдык жана руханий маданият. Материалдык маданият, бүтүндөй материалдык ишмердүүлүктү, анын жыйынтыктарын камтыйт, (эмгек буюмдары, турак жай, кийим, буюмдар, транспорт каражаттары, жана байланыш каражаттары) жана башкалар. Руханий маданият адамдын ички дүйнөсүнөн, акыл эс сезиминен жаралган чыгармаларды камтыйт. (философия, илим билим, искусство, адабият, миф, этика, дин). Маданият адамдардын предметтик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын эле кантыбастан (машина, техникалык курулуштар, таанып билүүнүн жыйынтыктары, искусство чыгармалары укук жана моралдын нормалары жана башкалар) адамдардын жөндөмдүүлүктөрүн да камтыйт. Маданият, адам өзү жараткан материалдык да, руханий да жашоо каражаттарын камтыйт. Адамдын чыгармачыл эмгегинен жаралган материалдык да, руханий да жаралмалар артефакт деп аталат.

Адам жаратылышынан руханий материалдык зат болгондуктан, ал материалдык да руханий дагы артефакт талап кылат. Өзүнүн материалдык талабын канааттандырыш үчүн адам техниканы, материалды, курулуштарды, кийимдерди, турак жайларды, жолдорду ж.б. жаратат. Ал эми рухий талабын канааттардырыш үчүн адам, көркөм баалуулуктарды нравалык жана эстетикалык идеаларды, политикалык идеаларды илим жана искусствону жаратат.

Мына ошондуктан маданияттын өнүгүшүндө адамды система куруучу фактор катары караса болот.

Адам буюмдар дүйнөсүн жана идеялар дүйнөсүн жаратып аны пайдаланат. Маданиятты адам жаратып, аны өзүн өзү өнүктүрүү каражаты катары пайдаланат. Адам маданият дүйнөсүндө куруучу, архитектор жана ошол жаратылыш дүйнөсүндө жашоочу боло алат. Бул дүйнө Жер шарында адамга чейин жашабаган жана ал дүйнө адам менен кошо пайда болуп, адам менен кошо өнүгүп өрчүйт жана бул дүйнө адам менен кошо жашай берет.

## 1.6. Материалдык жана руханий маданият

Материалдык маданиятты башка мааниде карасак бул адамдын духу буюм формасын алган, бул материалдаштырылган, буюмаштырылган адамдын духу. Материалдык маданиятка биринчиден материалдык өндүрүштөр: жөнөкөй эмгек куралынан баштап татаал машиналык комплекстер. Бул адамдын практикалык ишмердүүлүгүндөгү түрдүү материалдык предметтер. Бирок материалдык маданият, дайым материалдык өндүрүштөн кең экендигин айтып коюу керек. Буга материалдык баалуулуктардын бардык түрү кирет. Алар архитектуралык баалуулуктар, здания жана курулуштар, транспорт жана коммуникация каражаттары парктар жана башкалар кирет. Мындан башка материалдык маданият өткөн замандын материалдык баалуулуктарын сактап жатат. Эстеликтер, археологиялык объекттер жана башка. Мындан биз материалдык өндүрүштөн, материладык баалуулуктар кең, терең экендигин көрө алабыз.

Материалдык маданият жалпысынан адамдын мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү жана аларды ишке ашыруу маанисине бааланат.

Бул мааниде карасак материалдык маданияттын эволюциясынын түрдүү этаптарында адамдын чыгармачылык идеяларын, өзүн жана өз дүйнөсүн жакшыртууга болгон умтулуусунда түрдүү шарттар түзүлүп келген.

### Руханий маданият

Адам өзүнүн чыгармачылык башатын ар түрдүү ишке ашырат, жана анын чыгармачылык маданияттын түрдүү формаларын жаратып, жана аны пайдалануу аркылуу ишке ашат.

Руханий маданиятка адамдын аң сезиминен ички дүйнөсүнөн жаралган чыгармалар кирет, башкача айтканда адамдын ички дүйнөсүнөн аң сезиминен жаралган руханий баалуулуктар. Маданияттын өнүгүүсү салыштырмалуу өз алдынча баалуулуктар системасынын жаралышы менен коштолот.

### Рухий маданият өзгөчө бир коомдук кубулуш катары

Рухий маданият көп кырдуу жана өтө татаал коомдук кубулуш. Анын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Биринчиден, коомдун рухий маданияты конкреттүү тарыхый мүнөзгө ээ. Ал коомдогу экономикалык жактан үстөмдүк абалдагы социалдык топтун кызыкчылыгына кызмат кылат.

Экинчиден, ар кандай эле коомдун рухий маданияты бир нече компоненттерден турат. Алардын негизгилеринин катарына философияны, динди, укукту, адабият жана искусствону атаса болот. Рухий маданияттын аталган компоненттери белгилүү мыйзам ченемдердин чегинде кыймыл аракетте болушат. Алар конкреттүү материалдык негизде пайда болушуп, аны менен болгон байланышын үзбөйт. Бирок рухий маданияттын компоненттери өздөрүнүн негизи болгон материалдык өндүрүш менен ар кандай деңгээлде байланышат: бирөөсү түз, экинчилери кыйыр болсо, үчүнчүлөрү өзүнүн негизине түз чыга албаса да, башка компоненттер аркылуу байланышка чыгат. Демек, компоненттердин бардыгы ар кандай жолдор менен өздөрүнүн материалдык негизи менен тыгыз байланышта болушат.

Рухий маданияттын компоненттери өздөрү да өз ара тыгыз диалектикалык байланышта болушуп, алардын өнүгүү деңгээли материалдык өндүрүшкө жараша болот. Ар бир компонент өз алдынчалыкка ээ болгону менен, алардын эркиндиги белгилүү чекке чейин экендиги сөзсүз. Кыскасы, ал өзүнүн негизинен алыска кете албайт.

Демек, компоненттерди маданияттын жана рухий баалуулуктардын жалпы тутумунан ажыратып кароого жарабайт. Маданияттын ар түрдүү компоненттерин өнүктүрүү менен коомду экономикалык өнүктүрүүнүн ортосунда да татаал диалектикалык биримдик жашайт.

Рухий маданияттын компоненттери өз ара тыгыз байланышта болуу менен, өздөрү өсүп чыккан материалдык негизге кызмат өтөй тургандыгын баса айтуу керек. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ар бир компонент өзүнүн негизи менен кандай гана баскычта байланышта болбосун, алар материалдык өндүрүштүн өнүгүүсүнө ар кандай деңгээлде таасир этишет. Материалдык өндүрүштү таптаза башка сфера деп эсептөө менен анын тагдырына кайдыгер мамиле жасоо маданияттын өнүгүү теориясынан кабары жок экендигин айгинелейт. Мыйзам боюнча материалдык өндүрүштүн өнүгүү деңгээли канчалык жогору болсо, рухий маданияттын өнүгүшү да ошого жараша болот. Демек, анын компоненттери да мыкты өнүккөн абалда болушу сөзсүз. Маданияттын бардык компоненттери өндүрүштүн жакшы жолго коюлушуна, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку болушуна салым кошууга жооптуу гана эмес, алар ага милдеттүү. Анткени маданият компоненттери ошол өндүрүштүн нактай продуктасы болуп эсептелет.

Куру сөз болбос үчүн айрым фактыларга кайрылсак. Рухий маданияттын негизги компоненттеринин бири укук экендиги талашсыз. Коомдук турмушта болобу, өндүрүштө же үй-бүлөлүк мамиледе болобу, бардык жерде тартип керек, закон иштеши зарыл. Ансыз көздөгөн максатка жетүү мүмкүн эмес. Коомдук турмушту, үй-бүлөлүк мамилени, өндүрүштүн татаал процессии жөнгө салган, албетте, закон. Ал коомдогу бардык мамилелерди, тартиптүүлүктү жөнгө салуучу күч. Эгерде мыйзам жакшы иштесе, коомдук турмуштун бардык жагдайларында өнүгүүнүн стабилдүүлүгү сакталат. Бул – аксиома.

Бирок, иштин баары ошол мыкты делген мыйзамдардын жакшы иштебей жаткандыгында экендигин белгилөө зарыл. Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевдын указдары, Жогорку Кеңеш кабыл алып жаткан закондор, ошолордүн негизинде түзүлгөн нормативдик актылар практикага ашырылса, биздеги көптөгөн экономикалык жана социалдык проблемалар чечилип калышы мүмкүн эле. Демек, укук рухий маданияттын негизги компоненти катары коом, жалпы эл тарабынан колдоого алынышы абзел. Мыйзамды сыйлоо жана жетекчиликке алуу ар бир адамдын ыйык милдети болушу керек. Андай болбосо кыйынчылыктан чыгып кетүү кыйын.

Ушул эле позицияда маданияттын калган компоненттери жөнүндө сөз кылса болот. Мисалы, дин деле материалдык өндүрүшкө оң таасирин тийгизген компоненттерден экендиги талашсыз. Динге чыныгы ишенген адам ыймандуу келет. Ал кудай алдында таза болушу үчүн уурулукка барбайт, бирөөнүн акысын жебей, өндүрүштө чын дили менен иштөөгө аракет жасайт. Аталган компонентке биздин коом азыр өтө муктаж болуп жаткандыгында сөз жок. Анткени коомдогу бүгүнкү тартип бузуулар, баңгичилик, – аракечтик жана ыймансыздык ар бир аң-сезимдүү инсанды ойлонтпой койбойт.

Бир сөз менен айтканда рухий маданияттын бардык компоненттери өзүнүн негизи болгон материалдык өндүрүшкө ар кандай деңгээлде кызмат кылуусу керек. Аларды коомдун материалдык жана рухий баалуулуктарынын жалпы тутумунан ажыратып кароого жарабайт. Маданияттын ар түрдүү компоненттерин өнүктүрүү менен коомду экономий өнүктүрүүнүн ортосунда да татаал диалектикалык биримдик жашайт.

Белгилүү теоретик Ф. Энгельс экономикалык негизи бар рухий маданияттын ар түрдүү формаларынын өз ара аракеттенүү маселелери

боюнча идеалисттик көз караштарга каршы чыгуу менен төмөнкүчө жазган: «Саясий, укуктук, философиялык, диний, адабий, көркөм, дагы ушул сыяктуу өнүгүү экономикалык өнүгүүгө негизделген. Бирок, алардын баары бири-бирине да жана экономий базиске да таасир тийгизет. Ал жандуу деп аталганы менен иш такыр башкада турат, а калган бардыгы – жигерсиз гана натыйжа. Жок, мында иш, албетте, дайыма өзүнө жол салуучу экономий зарылдыктын негизиндеги өз ара аракеттенүүдө жатат.

Ушуга ылайык маданиятты коомдун рухий турмушунун көрүнүштөрү менен гана чектөөгө болбойт. Аны көбүнчө материалдык каражаттары жана азыктары аныктайт, а коомдук-инсанияттык тиричилик аракетин уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн башка жактарынан болуучу тутумдаштырылган принцип чыгат.

Маданияттын дагы бир өзгөчөлүгү жөнүндө сөз кылуу парз. Адам маданияттын башкы жетишкендиги болуп саналат. Ал маданиятта өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, билгичтигин, чыгармачылык күчтөрүн ишке ашыруу менен андан керектүү материалды өндүрөт, а бул ага өзүнүн керт башын андан ары өркүндөтүү жана өнүктүрүү үчүн кызмат кылат. «Кайра өндүрүүнүн актысынын өзүндө, – деп жазган К.Маркс, – объективдүү шарттар гана өзгөрбөстөн... өндүрүүчүлөр өзүнө жаңы сапаттарды иштеп чыгуу, өндүрүштүн аркасында өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзгөртүү, жаңы күчтөрдү жана жаңы түшүнүктөрдү, байланышуунун жаңы ыкмаларын, жаңы керектөөлөрдү жана жаңы тилди түзүү менен өздөрү да өзгөрүшөт. Адамдын ишкердигинин дал ушул жыйынтыгы «Маданият» деген түшүнүктүн заттык-практикалык мазмуну болуп эсептелет. Ушул көз караштан өзүн-өзү кайра өндүрүшү катары аныктоого болор эле, а бул анын материалдык жана рухий ишкердигинин айкын формаларында жүзөөгө ашырылат.

Демек, маданиятты адамдын ишмердүүлүгүнөн, түзүүчүлүгүнөн жана чыгармачылыгынан ажыратып кароого болбойт. Адам маданият менен ар түрдүү жолдор аркылуу байланышкан. Ал аны түзүүчү жана маданияттын субъектиси гана болбостон, анын негизги жыйынтыгы да болуп эсептелет. Маданиятка өзүнүн жөндөмүн, билимин жана чыгармачыл күчтөрүн сиңирүү менен, ал андан өзүн инсан катары өркүндөтүүчү жана өнүктүрүүчү зарыл материалдарды табат. Адамдын өндүрүштүк ишмердүүлүгүн, айталы, өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн эмгек куралдарын жана башка баалуулуктарды жасоочу, анын ой-жүгүртүүсүнөн жана эркинен

сырткары болушу мүмкүн эмес. Адегенде адам бардык нерсени башында бышырат.

Адамдын рухий ишмердүүлүгүнүн жыйындысы (коомдук идеялар, көз караштар, теориялар, адептүүлүк нормалары, көркөм образдар ж.б.) буюмдарга, техникалык куралдарга, искусство чыгармаларына сиңип, белгилүү материалдык-буюмдук формага айланат (китеп, көркөм сүрөт, кинофильм, макет, чертеж ж.б.). Бул жөнүндө К.Маркс мындай дейт: «Жаратылыш машинаны да, локомотивди да, темир жолдорду да, электрдик телеграфты да курбайт. Мунун баары адамдын эмгегинин продуктасы. Мунун баары – билимдин буюмга айланган күчү».

Эмгектин эки сферасында тең адамдын ишмердүүлүгү конкреттүү предметте материалдаштырылат да, ага анын күчү жана жөндөмү сиңирилет. Эмгек процессинде материалдуулук жана рухийлик бекем биримдикте чыккандыктан аларды карама-каршы коюу таптаза мүмкүн эмес. Себеби адам жаратылыштагы предметтерди өзүнүн керектөөсүнө ылайыкташтырып, продукта жасайт. Бул операцияда күч эмгеги менен акыл эмгеги бири биринен ажыратууга болбой турган тыгыз байланышта болот. Ар кандай эле эмгек адамдын колдун, тилдин жана мээнин биргелешкен ишмердүүлүгүн талап кылат. Эмне үчүн кол башсыз, ал эми баш колсуз иштей албайт? Себеби ар кандай эле буюм баштын жана колдун биргелешкен иш аракетинен пайда болот. Мисалга скульптордун эмгегин келтирели. Ал граниттен адамдын статуясын чегип жатат дейли. Скульптордун эмгеги токардык станокто иштеп жаткан жумушчунун эмгегинен жеңил эместиги белгилүү. Ушундай эле абал илимпоздун, жазуучунун, акындын жана акыл эмгегинин башка өкүлдөрүнө мүнөздүү.

Материалдык жана рухий маданияттардын эки жагынын биримдиги, алардын өз ара байланышы айрыкча архитектуралык эстеликтерде ачык экендигин белгилөө керек. Алар бир жагынан материалдык маданиятка кирсе, экинчи жактан рухий маданиятка да таандык. Ошондуктан архитектуралык эстеликтер адамдарга эстетикалык таасир берүү боюнча эбегейсиз жөндөмгө ээ.

Жыйынтыктап айтканда, ар кандай эле коомдук кубулуш рухий жана күч эмгектеринин жыйындысы. Ошол себептен аларды маданияттын кайсы түрүнө таандык экендигин аныктоо оңой эмес. Ошондой болсо да тигил же бул кубулуш маданияттын кайсы түрүнө таандык экендигин тактоонун жолдору бар. Алардын ичинен

төмөндөгү факторго көңүл бурган оң. Маданият адамдардын кайсы керектөөсүн көбүрөөк жана түздөн-түз каанаттандырып жатат: материалдыктыбы же рухийликтиби, маселе ушуга жараша чечилиши жөндүү.

Рухий маданияттын спецификалык өзгөчөлүгүн да белгилөө зарыл. Ал коомдун материалдык өндүрүшүнүн шартына көз каранды болгону менен белгилүү деңгээлде өз алдынчалыкка ээ. Коомдун өндүрүш жолу алмашса эле рухий маданият автоматтык түрдө өзгөрүп кетпейт. Анын өз алдынчалыгы бир топ мезгилге чейин сакталууга жөндөмдүү. Ошол себептен коом өткөөл мезгилге муктаж экендигин баса белгилөө керек.

Материалдык жана рухий маданияттардын сиецификалык функциялары да, багыттары да ар түрдүү. Эгер биринчиси коомдун материалдык баалуулуктарын түзүүгө, алардын материалдык техникалык базасын, технологиясын өнүктүрүүгө кызмат кылса, экинчиси түздөн-түз адамдын рухий дүйнөсүн байытууга, анын кругозорун кеңейтүүгө, чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн арттырууга багытталган.

Рухий маданияттын биримдиги жана ар түрдүүлүгү жөнүндө да айтуу парз. Бардык эле рухий маданияттар белгилүү материалдык өндүрүштүн негизинде өсүп чыгып, коомго кызмат өтөйт. Бул анын өнүгүү мыйзам ченеми. Бирок, алардын маңызы бир экендигине карабай көрүнүштөрү ар түрдүү экендиктерин баса белгилөө зарыл. Бардык эле коомдордо рухий маданият адамдардын керектөөсүн канааттандырып келген. Алардын керектөөсү негизинен бирдей. Классиктердин айтымында алардын эң негизгилери тамак-аш, кийим кечек жана турак-жайлар ж.б.

Аталган негизги керектөөлөр адамдардын жашаган региондоруна, географиялык жаратылыш шарттарына жараша канааттандырылып келген. Жогоруда айтылгандай, адамдардын рухий керектөөлөрүнүн маңызынын бирдейлигине жана окшоштуктарына карабай, анын практикалык иш жүзүнө ашышы, башкача айтканда, канааттандыруу жолу ар кыл болгон. Мисалга адамдын эң негизги керектөөсү тамактанууну алса болот. Бул процессте башкы маселе адамдын тамак ичүүгө болгон керектөөсүн канааттандыруу. Бирок, практика көрсөткөндөй, керектөөнүн канаатандырылышы ар бир элде ар башка. Мисалы, азиялыктар үчүн жерге отуруп, досторкон үстүндө тамактануу ыңгайлуу болсо, европалыктар столдо отурушуп, тамак-аш

ичишет. Эки жерде тең тамактануунун маңызы жана максаты бир болгону менен анын канааттандырылыш формасы ар түрдүү.

Ушундай эле көрүнүштү адамдардын кийген кийимдеринен, жашаган үйлөрүнөн, ал гана турсун каада-салттарынан, жүрүш-турушунан жана жашоо өрнөгүнөн байкаса болот. Демек, рухий маданияттын көрүнүшүнүн ар түрдүүлүгүн адамдардын керектөөлөрү менен анын канааттандырылышынын ортосундагы ажырым менен түшүндүрүүгө да болот.

Рухий маданияттын коомдогу ролу өзгөчө экендигин белгилөө парз. Коомдун экономикалык турмушунун начарлашы жана ыймансыздыктын күч алышы, тартип бузуулардын маданият менен түздөн-түз байланышы бар экендигинде талаш жок. Маданият менен ыймандуулук бирин-бири толуктаган түшүнүктөр. Бизде сабаттуулар көп болгону менен маданияттуу адамдар аз болуп жаткандыгын айтуу керек. Ошондуктан адамдардын маданияттуулугун көтөрүү бүгүнкү күндүн курч маселеси.

Маданияттуулук адамдын социалдык жүрүш-турушунун, нравалык жана эстетикалык жетилүүсүнүн комплекстүү мүнөздөмөсү. Ага мүнөздүү сапаттар: рухий абийирдүүлүк, эмгекчилдик, жөнөкөйлүк, тазалык, актык, жоопкерчилик сезими, сыпайылык, башкалар үчүн жанын аябоочулук, мүнөздүн туруктуулугу, жеке керт башка тиешелүү өзгөчөлүктөр.

Демек, адис ээсине тиешелүү билимдерди өздөштүргөн жана адамзат иштеп чыккан баалуулуктарды өзүнө сиңирген адамды маданиятуу деп атаса болот. Маданияттуулуктун мүнөздүү белгилери бар. Алардын катарына төмөндөгүлөрдү атаса болот:

1.Кругозордун бийиктиги жана кеңдиги;

2.Инсанияттык баалуулуктарды, коомдогу социалдык нормаларды өздөштүрүүсү жана аларды жетекчиликке алуусу;

3.Анын коллективдеги жана коомдогу социалдык активдүүлүгү, ар кандай маселелер боюнча оз оюн айта билүүсү;

4.Ар кандай ситуациядан чыгып кетүү жөндөмдүүлүгү;

5.Адамдын адамгерчилиги, кичи пейилдүүлүгү, боорукерлиги ж.б.

Маданияттуулуктун аталган белгилерине жаштарды тарбиялоо – жалпы милдет. Адамдагы жогоруда аталган оң сапаттар өзүнөн-өзү калыптанбай тургандыгы айдан ачык.

Жогорку окуу жайларында мыкты адис ээсин даярдоо менен аларды адистик маданиятка да үйрөтүү маанилүү маселе. Ал үчүн студенттерге сапаттуу билим берүү менен гана чектелбестен, алардын ишенимин, кызыкчылыгын, ишмердүүлүктүн формаларын, жүрүш-турушун, жөндөмүн жана социалдык сезимин туура калыптоого чоң көңүл бөлүү абзел.

### 1.7. Маданияттын функциялары жана асылдыктары

Функция деп гуманитардык илимде милдетти, кызматты, кандайдыр- бир көрүнүштүн социалдык системасындагы ролду айтса болот. Маданияттын функциялары көп түрдүү жана адамдын дүйнөсүндөгү байлыкты көрсөтөт.

Маданияттын 6 функциясы бар:

1. Адамды инсан катары калыптоо функциясы (адам баласы инсан болуп төрөлбөйт, ал биологиялык организм катары тил, баалуулук, нормалар, билим, социалдык сапаттарды, жөндөмдөрдү өздөштүргөндөн кийин гана инсан боло алат);

2. Таанып-билүү функциясы (маданиятты өздөштүрүү аркылуу жарандар дүйнөнүн баалуулуктарын өздөштүрүшөт);

3. Информативдик функция. Информация вертикалдуу жана горизонталдуу берилет, вертикалдуу – атадан-балага, муундан-муунга, горизонталдуу – чыгыштан-батышка, бир элден экинчи элге маалымат алмашуу түрүндө көрүнөт;

4. Коммуникативдик функция (коммуникация – бул катташуу, байланышуу. 2 түрү бар: кыйыр жана түз).

5. Регулятивдик же нормативдик функция (маданияттагы нарк-насилдерди өздөшүрүү, нормалардын, эрежелердин калыптанышына алып келет. Социумда тең салмактуулукту жана тартипти колдойт).

6. Баа берүү функциясы (маданият адамдарды айлана- чөйрөдөгү нерселерге баа берүү, асылдыгын сезүүгө тарбиялайт).



Негизинен ар кандай маданий кубулуштарда функциялардын биримдиги байкалып турат. Чыныгы жашоодо баары өз ара бири- бири менен байланышта болуп жана “таза” түрүндө байкалбайт.

Ар бир маданият белгилүү бир баалуулуктардын системасында негизделет. Алар адамдын багытын, коомдун максаттарын жана идеалдарын, жашоо образын, жашоо-тиричилик маңызын аныктайт, адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салат. Баалуулуктун объективдүү касиети предметтерде жана кубулуштарда жок эмес. Баалуулуктун дүйнөсү жогору жана көп түрдүү. Көп нерсе тарбия, маданият, адам жашаган доор менен аныкталат.

Маданият коом жана тарых менен тыгыз байланышта өнүгөт да төмөндөгүдөй асылдыктарга бөлүнөт: илимий; (научный) националдык (улуттук); эстетикалык; адеп-ахлактык (нравственная); жалпылык (всеобщая); индивидуалдык, жекечелик[4].

[4] М.Ж. Жумагулов, Г.Э. Садыкова “Маданият таануу” Бишкек-2017. 20 б.

# 2-БӨЛҮМ.

## Дүйнөлүк цивилизациянын тарыхы.

### 2.1. Байыркы цивилизациялардын өзгөчөлүктөрү

Байыркы цивилизациялар өз ара окшош болбосо да, таптарга жана мамлекетке чейинки, шаарга жана граждандыкка чейинки, жазуу пайда болгонго чейинки коомдун, ошондой эле маданияттын цивилизациясы болуп эсептелбесе да, алар кандайдыр бир биримдик ички динамикалык абалды көрсөтөт. Дал мына ошондуктан байыркы маданияттын башаты кийинки маданият жана цивилизация үчүн өзгөчө көңүл арзыйт.

Доорлор адамдар сыяктуу эле кайталангыс болот. Ар бир доордун өзүнчө мүнөздөө өзүнө гана таандык белгилери болот. Байыркы цивилизациялардын убакыт жана мейкиндик боюнча бизден өтө алыс калгандагы аларда бир доорлордо жашаган адамдардын кебетесин көз алдыга так келтирүүгө, алардын рухий турмушунда жана күндөлүк иштеринде турмушун шарттарын анык көз алдыга келтирүүгө мүмкүндүк бербейт. Ошондой болсо да байыркы дүйнөнү түшүнүү менен бирге өзүбүздү жакшы билүү үчүн байыркы дүйнөгө көз жиберүүгө аракет кылабыз. Байыркы дүйнө өзүнүн табышмактуулугу менен бизди кызыктырып өзүнө тартып турат.

**Цивилизация жана маданият.** «Маданият» деген түшүнүк «цивилизация» түшүнүгү сыяктуу эле көп маанилүү болот («маданият» түшүнүгүнүн жүзгө жакын мааниси бар). Жалпы мааниде алганда чындыкты кайра түзүүгө, адамдык мүмкүндүктөрдү менен жөндөмдүүлүктөрүн аныктоого жана өнүктүрүүгө багытталган адамдын чыгармачылык ишмердиги маданият катарында түшүндүрүлөт. Материалдык маданият (техника, материалдык байлыктар) жана рухий маданият (илим, искусство, философия, морал ж.у.с.) деп бөлүп кабыл алынган.

Цивилизация менен маданияттын байланышы алда качан эле байкалган. Бирөөлөр бул байланышка ар түрдүү баа беришет. Көптөгөн изилдөөчүлөр маданияттын өнүгүшүнүн цивилизациянын өнүгүшү деп эсептешет. Эл Агартуу доорунда пайда болгон, анда Вольтер,Тюрго маданиятты биринчи кезекте акыл эстин өнүгүшү катарында карашкан. Бул учурда улуттун же өлкөнүн «маданияттуулугу», «цивилизациядагы» алгачкы элдердин «жапайлыгына» каршы коюлган.

Ошону менен бирге XIX кылымда маданият менен цивилизация түшүнүктөрүн чукул ажыратуучу көз караштар да пайда болгон. Мисалы, немец философу О. Шпенглер (1880-1936-жылдар) сегиз түрдүү маданиятты аныктаган. Алардын ар бири турмушта бир катар стадиялардан өтүп, жок болуу шартында цивилизацияга айланат деп эсептеген. Маданияттын цивилизацияга өткөндө чыгармачылык бааланат.

Байыркы цивилизациялардын дүйнөсү. Байыркы тарых курсунда бир катар цивилизациялар силердин көз алдыңардан өттү: «Нилдин тартуулары» Байыркы Египеттин цивилизациясы: Месопотамия дүйнөдөгү эң байыркы цивилизациялардын бири; табышмактуу Кытай байыркы замандарда эле акылмандардын өлкөсү деп аталган Байыркы Индиянын цивилизациясы; Байыркы Грек цивилизациясы, анын жетишкендиктери европалык маданияттын негизине коюлган;

Эллинизмдин цивилизациясы, анда Батыш менен Чыгыш кездешет да, андан маданияттын эң жогорку көрүнүштөрү пайда болот: баалуу сапаттардын өзгөчө системасы болгон Байыркы Рим.

Биздин өлкөнүн тарыхына байланыштуу силер башка цивилизациялар менен тааныштынар. Бул Орто Азиянын цивилизациясы, мында грек- македониялык доордо да өзүнүн бир түрдүү маданияты сакталып калган; Кавказ боюнун өзүнчө цивилизациясы, мында маданий салттардын турмуштук күчү анын өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон. Скифтердин цивилизациясы өзгөчө орунду ээлеген, алардын өзүнүн жазуусу болбогондуктан, алар жөнүндөгү маалыматтар маданий башка булактардан жана археологиялык табылгалардан бизге келип жетти.

Байыркы цивилизациялардын дүйнөсүндө Африканын жана Түштүк Аравиянын бизге азыраак белгилүү болгон цивилизациялары да бар, алардын салттары көп кылымдар бою сакталып, Египетке таасир көрсөткөн; Байыркы Ирандын цивилизациясы; Байыркы Афганистандын цивилизациясы; Кичи Азиянын цивилизациясы, ал маданий жетишкендиктерди өткөрүү үчүн табигый көпүрөө болуп эсептелген; Түштүк Чыгыш Азиянын байыркы цивилизациялары, бул кайталангыс маданияттын региону болуп окумуштуулар тарабынан кечирээк ачылган, ошондуктан азыраак изилденген; Байыркы япондук цивилизация, ал өзүнүн сырдуулугу менен азыркы күндө да таң калтырып, өзүнүн маданий байлыктары убакыт боюнча да жетиштүү мүмкүндүктөргө ээ боло тургандыгын далилдеп жатат; жаңы дүйнөнүн

цивилизациясы, мында адамзаттын өнүгүшүнүн бардык стадиялары дээрлик көрсөтүлгөн.

Албетте байыркы цивилизациялардын дүйнөсүн кыскача очеркте толук баяндоо мүмкүн эмес. Биздин милдетибиз байыркы цивилизациялардан азыркы доорго чейин адамзаттын басып өткөн жолуна көз жиберүү болот.

Цивилизацияга чейинки мезгилди изилдөөлөр жаңы маалыматтар менен байытылган азыркы учурда бул аныктоодон баш тартууга туура келди.

Ошондой болсо да социалдык таптык мамилелердин, шаарлардын, жазуунун келип чыгышы жана өнүгүшү тарыхый мезгилди ага чейин болуп көрбөгөндөй мазмунга толтурду. Албетте, байыркы цивилизация алгачкы коомдон көп нерселерди сактап калды. Мисалы жаратылыштан көз карандуулукту, ой жүгүртүүнүн жомоктук формаларын, сөздү, жаратылыш кубулуштарына негизделген сыйынууларды жана жоролголорду сактап калды. Байыркы элдердин диний ишенимдерине жыл мезгилдеринин алмашылышы жаратылыштын жок болушу жана кайра жаралышы чагылдырылган. Ошондой болсо да, алгачкы коомдон байыркы цивилизацияларга өткөн кезде коомдун жаратылыш менен өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзү маанилүү өзгөрө баштайт. Бул өзгөрүштөр жаратылышты таанып билүүгө, коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жаратылыш байлыктарын толугураак пайдаланууга, умтулууга, чарбанын өндүргүч тибине өтүүгө байланышкан.

Адамдар али да болсо жаратылышка көп көз каранды болушкан, өзгөчө табигый кырсыктардын суу каптоолордун, жер титирөөлөрдүн вулкандардын атылып чыгууларынын ж.у.с. убагында көз карандылык көбөйгөн. Ошондой болсо да металлдарды колдонуу, билимди топтоо жана аны жазуунун жардамы менен кийинкилерге өткөрүп берүү бул көз карандуулуктун формаларын өзгөрткөн. Байыркы Египетти же Эки дарыя аралыгын ирригациясыз, Байыркы Грецияны деңизде сүзүүсүз жана деңиз соодасыз көз алдыга келтирүүгө кыйын булар алгачкы коомдон байыркы цивилизацияларга өтүүнүн башкы шарттары жана адамдын өндүрүштүк ишинин башталышы болгон. Коомдун өнүгүшүндөгү бул өткөөл «агрардык революция» деп аталып калган. Байыркы доордун бүткүл мезгилинде адам өзүн өзү менен тыгыз байланышта болгон жаратыштын бир бөлүгү катарында эсептеп

келген. Бул шарттарда адам көп учурларда жаратуучу жана түзүүчү катарында болгон.

Байыркы коомдон цивилизацияга өтүү коомдогу адамдардын өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзүнүн өзгөрүшүнө, калктын жана экономикалык иштердин шаарларга топтолушуна, мамлекеттик түзүлүшүнө, ишмердиктин жаңы түрлөрүнүн, өзгөчө башкаруу жана окутуу чөйрөсүндө жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна, кабарларды берүү мүнөзүнүн жана мамлекттик түзүлүшүнө, кабарларды берүү мүнөзүнүн жана ыкмаларынын өзгөрүшүнө байланыштуу болгон. Болуп жаткан окуялардын жана процесстердин маанисин болуп көрсөтө алган эмес. Жалпыланган көз караштардын ордуна үйрөнүлгөн адаттар үстөмдүк кылган, ал эми турмуш акырындык менен өтүп өзгөрүштөр сейрек болгон муундан-муунга өткөндө турмуштун түрү анчалык өзгөргөн эмес.

Ишмердиктин жаңы түрлөрүнүн пайда болушу сезимдин жаңы тибинин өнүгүшүн маалыматтарды берүүнүн жаңы каналдарынын пайда болушуна көмөк көрсөттү. Адамдан үлгүлөрдү жөнөкөй эле кайталоо эмес өз аракеттерин жана абалын анализдөө талап кылынды. Адегенде бул байыркы коомдун бир бөлүгүнө гана таандык болгон. Баарынан мурда, чиновниктер жана окумуштуу-катчылар ушундай ой жүгүртүүлөрдү жүргүзүшкөн. Татаал падышалык же храм чарбасын башкарган ири курулуш жумуштарын, келечекти алдын ала айтууга аракет кылган, пайдалуу маалыматтарды топтогон жазуу системасын өркүндөткөн жана келечектеги окумуштууларды даярдоо ишин жүргүзгөн адамдар үлгүлөр жана көнүмүш адаттар боюнча кайталап иштей алышкан эмес. Жаңы билимдер, иштин жаңы ыкмалары талап кылынган.

Жазуунун пайда болушу маалыматтарды сактоонун жана берүүнүн жаңы мүмкүндүктөрүн пайда кылган. Биздин күндөргө чейин сакталып калган байыркы жазма эстеликтер байыркы цивилизациялардын дүйнөсүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы байыркы цивилизациялардын бири Мессопотамия чопо табличкалардагы көп сандаган байыркы жазууларды окуунун натыйжасында жетиштүү түрдө жакшы изилденди. Мындай табличканы белгилүү өлчөмдө Байыркы Эки дарыя аралыгынын символу катарында эсептөөгө болот. Мында байыркы доордо пайда болгон жазуу бүткүл Жакынкы Чыгышта эл аралык катташуунун куралы болгон. Сакталып калган жазуулардын ичинде жоролголук жазуулар «илимий» жана адабий тексттер (белгилердин, медициналык

рецептердин, астрологиялык алдын ала айтуулардын жыйнактары, шумер-аккад сөздүктөрү) кезигет, булар көчүрүп жазылып, башка байыркы тилдерге которулган.

Табылган табличкалардын ичинде адамзатка белгилүү болгон байыркы укук актылары да бар Хаммурапи падышанын закондору жана Урунимгиндин (биздин заманга чейинки 2318-2312-жылдар) байыркы закондору, ал «Күчтүүлөр жесирлер менен жетимдерди капа кылбасын!» деген ураанды жарыялаган.

Чоподогу вавилондук «кол жазмаларын» математикалык трактаттар жана астрономиялык жыйнактар көрсөтүлгөн. Вавилондук илимдин бергендеринин көпчүлүгүн биз азыр да пайдаланып жатабыз, мисалы, алтымыштык эсептөөлөр – тегеректи 360 градуска, саатты 60 мүнөткө бөлүү ж.у.с.

Эки дарыя аралыгынын байыркы жазуусу кызыктуу адабий маалыматтарды да бизге жеткирди. Мисалы, Гильгамеш жөнүндөгү эпосто адамдын жашоосунун мааниси, өлбөстүктө издөө жөнүндөгү «түбөлүк маселелердин» бири айтылат. Эки дарыя аралыгынын байыркы адабиятында адамдын дүйнөнү көз алдыга келтирүүсү коңшу элдердин адабиятына, Библияга, ал аркылуу Европанын жана Американын адабиятына бир кыйла таасир көрсөттү.

«Кадимкиден келип чыккан укмуштуулук» Байыркы цивилизациялардын жетишкендиктери түшүнүктүү болуп көрүнсө да, ушул жетишкендиктери туура түшүнүү көйгөйүү азыркы кездеги илимдин бир кыйла татаал проблемаларынын бири болуп калып жатат. Байыркы дүйнөнүн көп нерселери табышмактуу жана түшүнүксүз бойдон калууда. Байыркынын жөнөкөйлүгү элестүү гана көрүнүш болуп өткөн замандарды терең изилдөөдө алынган жоопторго караганда суроолор көбүрөөк болуп жатат.

Байыркы заман жөнүндө эске түшүргөндө биз көбүнчө Байыркы Грецияга кайрылабыз. Анын турмушунун көп тараптары бизге белгилүү. Атактуу Саламин салгылашуусунун ким билбейт, Фемистоклдун ысымы кимге белгисиз? Ушул окуялар жөнүндө эске түшүрүү менен бирге так ошол Саламин салгылашуусунун алдында Фемистокл персиддердин атактуу үч уланын кудайларга курмандыкка чалуу жөнүндөгү буйрук бергендигин тууралуу биз ойлонбойбуз. Бул эч кимге укмуштуудай болуп көрүнгөн эмес, курмандыкка чалуу идеясы боюнча малды курмандык кылган сыяктуу эле адамга да курмандык статусу берилген. Малдын курмандыгы жөнүндө айтканда

байыркы храмдар, алардын ичинде эң кооз Парфенон храмы да курмандыктардын убагында коомдук кушканаларга окшогону жөнүндө да ойлонбойбуз. Ушунчалык кандын жана күйүк эттин жытына биз кантип чыдайт элек? Ал эми бул болсо байыркы касиеттүү жайлардын турмушу болгон.

Ал эми кулчулук психологиясы кандай болгон? Андан биздин көз караштарыбыз боюнча алганда укмуштуу кубулуштар келип чыккан Демократиялык Афиндин жакшы мезгилдеринде күнөөлүү катарында эмес, күбө катарында эсептелген кулду милдеттүү түрдө кыйноо менен суракка алышкан. Бул фактынын өзү эмес, ошол кездеги доордун эң эле алдыңкы жана эркин деп эсептелген мамлекетиндеги коомдун ушул фактыга карата мамилеси кызыктуу болуп жатат. Ал эми тарыхта мындан да каардуу окуялар белгилүү.

Байыркы цивилизацияларда толук укугу болбогон адамдарды жек көрүшкөн. Эки жүздүүлүк же ушактоо менен эмес, чын пейилдүүлүк жана токтоолук менен жек көрүшкөн. Ошону менен бирге байыркы цивилизациялардын шарттарында бүткүл адамзаттын биримдигинин жана адамды нравалык өркүндөтүүнүн анын тандоо мүмкүндүгүнүн жана жоопкерчилигинин принциптери пайда болгон. Бул принциптер дүйнөлүк диндердин пайда болушу жана өнүгүшү менен бирге бекемделген, бул диндер тубаса таандуулук боюнча эмес, белгилүү диндин сезимдүү тандап алгандарды өз тарабына тартуу максатын көздөшкөн.

Андан ары так ошол дүйнөлүк диндер цивилизациялык интерграциянын факторлорунун бири катарында роль ойногон.

Нравалуулук, уруулук ыйык салттардан ажыратылганга чейин, ал эми жекече моралдык сезим уруу коллективинин коомдук пикирине теңештирилген шарттарда ой жүгүртүүнүн жана турмуштун түрүн өз алдынча тандап алууга мүмкүн болгон эмес. Уруу салттарын ойлонбой эле колдоо адатынын бузулушу ар бир адамдын өз турмуштук позициясын өз алдынча тандап алуу проблемасын маанилүү проблемага айландырды.

Байыркы цивилизациялардын мезгилинде жаңы идеянын бийлигине жол ачылган, ал идея боюнча адамдардын жүрүш- турушу жаңыча түзүлүп ал көнүмүш адаттарга эмес чындыкка баш ийдирилген. Мына ушул себептүү өз идеялары үчүн күрөшкөндөрдүн өмүр баянында укмуштуу көрүнүштөр көп болгон. Мисалы: философ Диоген карапанын ичине кирип отуруп алган, ал эми улуу акылман

Сократ соттун өкүмү боюнча уу ичкен бирок өзү чындык деп эсептеген ойдон баш тарткан эмес.

Байыркы цивилизациялардын шарттарында зордук менен коркутууларга карабастан чындыктан тайбастык аны издөө жана таратуу, чындыктан өзүнүн тайбастыгын оор кырдаалдарда азап-тозокторго дуушар болуу менен, же өлүм менен ырастоого даяр туруу идеялары пайда болгон. Мисалы: грек философу Зенон Элейск тиран Неархтын катышуусу алдында болгон суракта өзүнүн тилин тиштеп узуп алып, душманынын бетине түкүрүп жибергени айтылып жүрөт.

Байыркы цивилизациялардын дүйнөсүндөгү көптөгөн кубулуштар ошол мезгилди түшүнүү жагынан кыйынчылыктарды туудурат. Байыркы жазуулардан көптөгөн жоболорду жана чындыкты түшүнүү үчүн кошумча күч- аракеттер талап кылынат, тарых менен байланыштырылганда гана анык болот, бирок буга карабастан байыркынын табышмактары азыркыны жакшы түшүнүүгө жардам берет.

Байыркы элдер дайым байланышта болгондугун алар өз ара таасир этишкендигин азыркы илимдин маалыматтары көрсөтүп жатат, географиялык алыстыгына карабастан, Жакынкы Чыгыштын, Орто Азиянын жана Индиянын байыркы байланыштары болгон; Мессопотамиялык цивилизациянын таасири Аравияга чейин жеткен. Гректер менен Римдиктер Индияга чейин барышкан, кээде Кытайга да барышкан Иранда жана Египетте индиялык соода колониялары болгон. Ушул байланыштардын болгондугу жалаң гана археологиялык маалыматтар менен эмес ошондой эле египеттиктердин («Ра» экспедициясы») жана Эки дарыя аралыгындагы адамдардын («Тигрис» экспедициясы) байыркы кемелеринин көчүрмөлөрүндө Тур Хейердалдын жүргүзгөн экспедицияларынын натыйжалары менен да ырасталды.

Александр Македонскийдин жүрүштөрү зор державанын түзүлүшү, Батыш менен Чыгыштын байланышын тереңдештирүүнүн өтө маанилүү этаптары болгон. Бул державаларда ар түрдүү маданияттарды айкалыштырган өзүнчө бир түрдүү маданият түзүлгөн.

Байыркы көчмөн элдер байыркы цивилизациялардын түзүлүшүнө өз салымдарын киргизишкен. Алар ченемсиз талааларды, дыйканчылыкка жараксыз чөлдөрдү өздөштүрүшкөн. Дыйкандар менен көчмөндөр өз ара байланышсыз, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын продуктуларын өз ар алмашуусуз жашай алышкан эмес.

Мына ошентип, рынок мамилелери-эмгектин бөлүнүшүнө негизделген иштин продуктуларын алмашуу түзүлгөн.

Байыркы цивилизациялардын фундаменти маданиятты өнүккөн элдердин өкүлдөрү тарабынан гана түзүлбөстөн, ошондой эле согуштардын жана зордуктардын натыйжасында өз жерлеринен ажыратылып таш чегүү жумуштарында, устаканаларда, кул ээлеринин талааларында иштөөгө аргасыз болгон көп сандаган эмгекчилдер тарабынан да түзүлгөн. Байыркы замандагы көптөгөн көрүнүктүү маданият ишмерлери кул болушкан. Мисалы, тамсилчи Эзоп фригиялык кул болгон, анын чыгармалары Грециядагы кеңири белгилүү болуу менен М.Лютерддин, Ж.Лафонтендин , Г.Лессингдин , И.А.Крыловдун чыгармачылыгына таасир көрсөткөн. Теренций римдик кул болгон, ал европалык драманы негиздөөчүлөрдүн бири катарында эсептелет. Мындай адамдардын катарын уланта берүү мүмкүн.

Байыркы цивилизациялар өчкөн дүйнө эмес, анын жарыгы али да болсо бизге келип жатат. Анын жетишкендиктери –азыркы маданияттын бир бөлүгү болот. Байыркыдан мурас болуп калган адабияттын жана искусствонун эң сонун чыгармалары менен ыракаттануу үчүн гана биз байыркы цивилизациянын жетишкендиктерине кайрылбайбыз. Өткөн замандын сабактары азыркы учурдагы жакшы максаттарга элдердин өз ара түшүнүктөрүн, өз ара урматтоосуна жана байыркы цивилизациялардын жалпы байлыгынын мурасчылары катарында эсептөөгө кызмат кылууга тийиш.

## 2.2. Антикалык цивилизация жана маданият.

### Байыркы грек-рим цивилизациясынын гүлдөп өнүгүшү

Байыркы грек маданиятынын жетишкендиктерин алардын эр жүрөк иштери катары даңазалашкан. Мисалы «Промотей», ал баатырларды алар кең пейил, жоомарт ж.б. жакшы сапаттагы адамдар катары көрсөтүшкөн. Байыркы кытайлар, индиялыктар, египеттиктер сыяктуу эле Грецияда каардуу кырсыктар, кургакчылык, жугуштуу оорулар жөнүндө мифтерде сакталып калган. Грецияда б.з.ч. VII кылымда акындар, сүрөтчүлөр болгон. Эфестик Эванордун уулу Паррасий эң көрүнүктүү сүрөтчүлөрдүн бири катары эсептелген.

Гесоид– грек акыны «Эмгектенүү жана күндөр» жана «Кудайлардын келип чыгышы» деген поэмалары менен атагы чыккан. Дыйкандардын оор эмгеги жөнүндө баяндайт.

Сократ– грек ойчулу, философу жалган илимди ашкерелеген. Грек цивилизациясына салымын кошкон. Ак сөөк жаштардын кадырлоосуна ээ болгон. Б.з. 399-ж. демократиялык тартипти жактырбагандыгы, афина динин топтогондугу үчүн өлүм жазасына тартылган.

Байыркы гректердин философу маданиятты мифологиялык жол менен «Түшүнүүнүн, коомдук өнүгүүнүн тартипке келтирүү пайда болтуру, кудайдын гана колунан келет» деген. Бул көз караш туура эмес болгон. Демокрид мындай деген «Маданиятты адам баласы, өзү жаратат ал өзүнүн талабына ылайык жаралышты туурап маданиятты түзөт. Демокриттин бул көз карашы байыркы гректердин, Европанын маданиятына чоң салым кошкон. Руханий баалуулугун алып келет. Биринчи жолу адамдын граждандуулукту акыл эстүүлүктү жогору коет. Грек цивилизациясынын гүлдөшү полистик граждандык общинага туура келген.

Полис граждандык община катарында болуу анда общиналык мүнөздөгү белгилер уруулук, үй-бүлөлүк, территориялык ж.у.с. белгилерден общинаны айырмалоочу өзүнчө бир белгилер менен айкалыштырылган. Ал менчиктин байыркы формасына негизделген. Менчик бир эле учурда мамлекеттик жана жеке менчик болуп эсептелген. Граждандык общинанын толук укуктуу мүчөсү болгон адам гана негизги өндүрүш каражатынын ээси болуп эсептелген. Граждандык общинанын толук укуктуу мүчөсү болгон адам гана негизги өндүрүш каражатынын (жердин) ээси болуп эсептелген. Граждандардын коллективи гана жерге карата жогорку укукка ээ болгон (ээ болуу, пайдалануу жана башкаруу укугу). Жерге карата менчик укугунун жана граждандык укуктардын өз ара байланышы жана өз ара байланышы жана өз ара шартталышы бардык граждандардын идеал боюнча тең укуктуу болушуна алып келген.

Полистерде башкаруунун түрдүү органдары болгон, көптөгөн полистерде элдин чогулушу жогорку орган болуп эсептелип ага баардык маанилүү маселелерди биротоло чечүү укугу берилген.

Саясий жана аскердик уюмдардын дал келиши полистин дагы бир өзгөчөлүгү болгон. Менчик ээси болгон адам ошол эле учурда

полистин кол тийбестигин, ал аркылуу өз менчигинин кол тийбестигин камсыз кылуучу жоокер болуп да эсептелген.

Полистин экономикасы дыйканчылыкта мал чарбасына жүзүмчүлүккө жана багбанчылыкка негизделген. Өзүн-өзү камсыз кылуу идеясы полистин чарбасынын негизги принциби болгон.Тышкы факторлорго көз каранды болбогон жашоо каражаттары эркиндиктин экономикалык негизи катарында каралган. Артык баш продуктулар рынок аркылуу алмашылып сатылган.

Мына ошентип, полис өзүнчө бир кубулуш катарында болуп, анда экономикалык, аскердик, саясий функциялар айкалышкан.

Полистин негизги принциптерине ылайык баалуу сапаттардын полистик системасы иштелип чыккан: полистин жогорку жыргалчылык экендигин, адамдын андан тышкары жашай албай тургандыгы айрым адамдын ийгиликтери полистин ийгиликтерине байланыштуу экендиги жөнүндөгү бекем ишенимдер иштелип чыккан. Ишмердиктин бардык башка түрлөрүнө караганда дыйканчылыктын артыкчылыгын белгилөө (Спартадан башкаларда) пайдага карата умтуулууну айыптоо полистин экономикалык негизин жана турмушунун калган баардык шарттарын өзгөрүүсүз сактоого умтулуу, салттарды биринчи катарга коюу полистин баалуу сапаттары болуп эсептелинген.

Ушул эле мезгилде классикалык типтеги кулчулук жыйылтыла баштаган. Мисалы: Афинада кулдун менчигинде өндүрүш каражаттары болгон эмес, ал өзү да кожоюна таандык болгон «сүйлөөчү курал» болуп эсептелген. Кул ээлөөчүнүн кулга болгон менчик укугу эч нерсе менен чектелген эмес. Кулдардын балдары да кул болуп эсептелген. Грециядагы кулдар ал жерде туулушкан эмес. Аларды аскердик жүрүштөрдүн убагында жана деңизде каракчылык кылуу убагында зордук менен алып келишкен. Алып келингенден кийин «жандуу буюм» катарында сатылган.

Элладанын жаратылыш шарттарынын өзгөчөлүктөрүнө жана анын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн өзүнчө бир түрдүүлүгүнө жараша түзүлгөн полис. Алдынкы Чыгыш байыркы цивилизацияларынын дүйнөсүндө практикалык жактан белгисиз болгон, андагы коомду уюштуруунун формаларынан чукул айырмаланган. Полис эллинизмдин жана Римдин цивилизацияларында таасир көрсөткөн.

Байыркы Римдин философу Цицерон мындай деген: «Маданиятты пайда кылыш үчүн талаадагы жерди кандай семиртип иштетип чыксак адамдын ички дүйнөсүн, адамдын акыл-эсин, душасын иштетип чыгышыбыз керек. Адам баласы маданияттын үлгүсү болуп кызмат кылыш керек. Ошон үчүн Рим империясын гүлдөтүү керек. Маданиятты өнүктүрүү үчүн патриализим колдонушубуз керек» деген ойлорду айткан.

Аристотель дагы өзүнүн ой пикирин айткан: «Адам баласы кул болуп да, аристократ болуп да туулат». Аристотель маданиятты тил жаратат деген идеяны айткан.

Маданияттын пайда болушу жөнүндө Римдин, Грециянын философтору өз ой-пикирлерин айткан. Орто кылымдагы маданият диндик көз карашта чиркөөнүн закондоруна баш ийип калган. Орто кылымдын мезгилинде маданият эң негизги бөлүктөрү кудайдын гана идеясына баш ийген эстеликтер, адабият Библиянын гана сюжетин жараткан. Ошондуктан «Таштагы Библия» д.а. поэзия, храмдар, музыка диндик мүнөздөө болгон.

Адам баласынын үй бүлөөсү да динге баш ийген. Орто кылымдын християнин идеологиясынын оюу боюнча эң күчтүү Кудай деген адамдар келип чыгышын да кудай менен байланыштырган. Пикир айтуусунун философу Агустина Женным 354-430-жылдын арасында жашаган. Диндик көз караштагы орто кылымдын ойчулу. Адам баласынын өмүрү баалуулугу да кудай деген. Антиматериалдык идеяны пропагандалаган. Бул идея материалдар менен четке кагылган.

Тарыхый процессте байыркы Рим цивилизациясынын ордун аныктоо жагынан окумуштуулардын ичинде биримдик жок. Алардын кээ бирлери Рим цивилизация катарында өз алдынча мааниге ээ болгон эмес, байыркы замандын кризиске учуроо мезгилин көрсөткөн деп эсептешет. Ал эми кээ бирлери болсо Рим-өзгөчө цивилизация болуп, римдик граждандык общинада түзүлгөн баалуу белгилердин системасына негизделген деп эсептейт.

Бул баалуу белгилер кандай? Адамзаттын өткөн жолун түшүнүү үчүн алардын кандай мааниси бар? Мындай баалуу белгилердин системасы патриотизм тарабынан, ошондой эле Рим калкынын өзгөчө кудай сүймөнчүлүгү жана жеңиштердеги анын тагдыры жөнүндөгү көз караштар тарабынан аныкталган. Рим – эң жогорку байлык, ал эми граждандын парзы – жан аябастан бардык күчү менен Римге кызмат кылуу болот деп эсептелген.

Ушул баалуу сапаттарга ылайык келүү үчүн адам эрдикке, туруктуулукка, ак ниеттүүлүккө, ишенимге, кадыр-баркка, турмуштагы адептүүлүккө, согушта катуу тартипке, ал эми тынчтык мезгилинде законго жана ата-бабалардын салттарына моюн сунуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга тийиш болгон.

Байыркы заманда Римде кулчулуктун бир кыйла күчтүү өнүгүшү кул менен эркин адамдын ортосунда карама-каршылыктардын пайда болушуна алып келген. Эркин адам кул сыяктуу калп айтууну, кошомат кылууну өзү үчүн уят иш катарында эсептеген. Грециядан айырмаланып, мында кулдар жалаң гана кол өнөрчүлүктө иштебестен, пъесаларды ойлоп чыгарышкан, скульптор жана сүрөтчү болушкан. Римдиктердин өзгөчө белгилүү тектеги Римдиктердин иши катарында саясат, согуш укуктарды иштеп чыгуу эсептелген.

Маданияттын элементтеринин ичинен укуктук жана чечендикти бөлүп көрсөтүү керек.

Римдик укук бир нече кылымдар бою түзүлгөн. Анда мүлктүк жана башка чарбалык мамилелерди жөнгө салуучу жана менчик укугуна байланышкан укук нормаларынын системасы иштелип чыккан, келишимдик милдеттемелерди жана жоопкерчиликти камсыз кылуу эрежелери, мүлктү мурастоонун өркүндөтүлгөн нормалары белгиленген. Римдик юристтер укукту айрым адамдарга тиешелүү укукка жана мамлекетке тиешелүү укукка болгон. Императордук айткандары баардык граждандар үчүн закон болуп эсептелет деген доктрина Римде пайда болгон. Имрератордук доордо императордун закон чыгаруу ишмердиги чоң мааниге ээ болуп, алар эрдиктерди, декреттерди, рескриптерди, мандаттарды чыгарышкан, булар жалпысынан «Конституция» деп аталган.

Байыркы цивилизацияларда чечендик өнөрү саясий турмуштун өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз байланыштуу өнүккөн. Чечендик өнөрүнө ээ болуу коомдо кадыр-баркын көтөрүүнүн жана саясий жактан ийгиликке жетишүүнүн эң маанилүү жана ишкердүү ыкмасы болгон. Римдик чечендердин эң көрүнүктүүсү Цицерон болгон (б.з. чейинки 106-43-ж.), анын 50дон ашуун толук сакталган сөздөрү, ошондой эле риторика теориясы боюнча чыгармалары биздин күндөргө чейин келип жетти. Цицерон өзүнүн чыгармаларында ар тараптан билимдүү философ–чечендин жана мамлекеттик ишмердин идеалын көрсөткөн. Цицерондун пикири боюнча ар бир ишке анын милдеттери ылайык

келет, ал милдеттерди аткаруу бүткүл өмүрдүн нравалык мааниси болот.

Римдик баалуу сапаттар ушул цивилизациянын тарыхында өзгөрүп турган. Римдин жашоосунун акырында ал дуушар болгон кризис баалуу сапаттардын системасына да таасир көрсөткөн, анын калкы мурда сыймыктанып келген принциптерден римдик коом улам алыстай баштаган. Римдин калкынын составы да өзгөргөн: алардын ичинде «варварлар» көбөйгөн. Коррупция, кыянаттык, саясий чыр-чатактар, пайда табууга катуу умтулуу, каардуу граждандык согуштар, үй-бүлөөлүк байланыштарга негизделген мансапкорлук, зомбулук жана эки жүздүүлүк варвардык уруулардын кысымы менен кулоо алдында Римде ушундай кырдаал орун алган. Ошондой болсо да, римдиктер жаштарды тарбиялоону зарыл деп эсептеген баалуу сапаттардын мааниси төмөндөбөйт.

Байыркы цивилизациялар жана азыркы заманга чейинки жолдо алардын мааниси жөнүндө сөздү аяктоо менен, «Өзүңдүн туулушуна чейинки болгондорду билбегендик – дайым бала бойдон калуу дегендик» деген Цицерондун сөздөрүн эске түшүрүү ылайыктуу.

«Варварлар» деген сөз адегенде гректерде пайда болуп, андан кийин Римдиктерге өткөн. Бул сөз гректерден, римдиктерден башка калган бардык экинчи сорттогу адамдарды түшүндүргөн. Индустарды жана кытайларды кошкондо (алардын цивилизациясы гректердикинен мурдараак болгон) ошол кездеги адамзаттын бир кыйла бөлүгү, экинчи сортко киргизген.

Азыркы учурдагы тарыхчы үчүн «варварлар» деген сөз башка мааниде болот. Ал үчүн варварлар – таптар жана мамлекет пайда болгонго чейин Греция жана Рим доорунда жашаган элдерди түшүндүрөт. Рим империясынын тагдырында чечкиндүү роль ойноп, анын калдыктарында орто кылымдык Европанын цивилизациясын курган элдерге гана токтолобуз. Булар- баарыдан мурда германдар, ошондой кельттер жана славяндар болгон. Кельттер Европада б.э. чейинки 11 миң жылдыкта жашаган. Германдар жана славяндар андан кийинчерээк келишкен. Варвардардын кандай болгондугун тереңирээк карап көрөлү.

Жаңы замандын башталышында жогоруда айтылгын уруулук толук отурукташкан, турмуш өткөрүшкөн. Римдиктер чыгыштагы көчмөн уруулардан аларды чукул айырмлашкан, анткени германдар, кельттер жана славяндар дыйканчылыкта иштешкен, үйлөрдү

курушкан, жөө жүрүп согушкан. Байыркы Европанын территориясын каптаган токойлор көчмөн мал чарбасын жүргүзүүгө мүмкүндүк берген эмес. Токойлор варварлардын турмушунда зор мааниге ээ болгон. Ага эки түрдүү мамиле жасалган. Бир жагынан токой азык-түлүктүн булагы болгон, экинчи жактан айдоо жерлерин алуу үчүн токой дарактары көп кыйылган. Варварлардын турмушу токойсуз өткөн эмес. Чытырман токойлор душмандан жашырынууга мүмкүндүк берген, ошону менен бирге германдарда «жапайы мергенчилик» деген, славяндарда токойдогу жин-шайтандар жөнүндө коркунучтуу жомокторду да туудурган. Ошондой болсо да, варварлардын турмушу токойсуз өткөн эмес. Алардын коомундагы жер коллективдүү уруулук менчикте болгон. Урууга кирген ар бир чоң үй-бүлөнүн өзүнүн жери болуп, ал сатууга же сатып алууга мүмкүн болгон эмес. Андан бир кыйла кийинки мезгилдеги дыйканга салыштырганда варвардын жерге карата мамилеси башкача болгон. Варвар үчүн жер айдалуучу, себилүүчү, андан кийин түшүм жыйналуучу орун гана болбостон, ал баарыдан мурда «уруунун жаны» болуп эсептелген. Жерге ээлик кылуу – буга чейин мында жашап, дүйнөдөн кайткан ата-бабалардын бардык муундарынын колдоосун камсыз кылат деп ойлошкон. «Жер энеге» сыйынышып, курмандык чалышкан, түрдүү ырым-жырымдарды жасашкан. Уруунун ушул байлыгынын бузулбастыгын көрсөтүү менен байыркы англиялык поэмалардын биринин автору «Дос үчүн бардык нерселерден кечүүгө болот, «жалгыз» гана жер бөлүнбөс жана аскер бирдиктүү» деген.

Жалпы айтканда, Юлий Цезарь айткандай (б.з. чейинки 1 кылым), варварлар «жерди иштетүүгө анчалык көңүл бурган эмес». Дагы бир Римдик жазуучу Корнелий Тацит турак жайлар, үй чарбасы, жер айдоо жөнүндө кам көрүүнү германдар аялдарга, карыяларга жана алсыз адамдарга тапшыра тургандыгын айткан. Алар «Жердин түшүмдүүлүгүн эмгек менен жогорулатууга күч аракеттерди жумшабайт» деген.

«Алардын жакшы көргөн байлыгы – мал болгон» (Тацит), мал сүт, эт гана бербестен, ошондой эле акчанын ордуна төлөө каражаты да болуп эсептелген. Байыркы германдардын бир эле сөзү «мал», «мүлк», «акча» деген маанилерди түшүндүргөн (өз учурунда римдиктерде да ушундай болгон).

Варварлардын жайгашкан жерлери, эреже катары, хутор тибинде болуп, бири-биринен бир кыйла алыс жайгашкан, жакын жашоого көнүп калган римдиктер буга таң калышкан. Чарба натуралай

жүргүзүлгөн, ар бир община кийим-кечелерден жана үй буюмдарынан баштап курал-жарактарга чейин өзүн-өзү камсыз кылган. Жалпысынан алганда алардын коому дыйкандардыкына караганда жоокерлердин коомуна көбүрөөк окшош болгон .

Социалдык структурасы. Б.э. башында варварлар дүйнөсүндө аларды бириктирүүнүн негизги формасы уруу болгон, анын бардык мүчөлөрү эркин жана тең укуктуу болушкан. Бийликтин жогорку органы эл чогулушу (ага жашы жеткен бардык эркектер кирген) эң маанилүү маселелерди чечип, уруу башчыларын жана карыялар советин шайлаган. Тациттин сүрөттөсү боюнча, мындай чогулуштарда варварлар сүйлөп жаткандардын сөзүн толук курал-жаракчан туруп угушкан, бирөөлөрдүн сөзүн четке кагып, бирөөлөрдүкүн кубатташкан. «Куралды которуу менен кубаттоо, алардын ою боюнча кубаттоонун эң ардактуу түрү болгон». Мындай эл чогулушунун ролу түшүнүктүү. Согушка багытталып, ар бир эркек жоокер болуп эсептелген коомдо эл чогулушу бир эле маалда олуттуу аскердик күч болуп да эсептелген.

Ошону менен бирге коомдо жаңы күч өсүп чындала баштаган, ал күч тарабынан келечекте элдик бийлик жоюлган. Бул күч – ак сөөктөр болгон. Коңшуларына дортуулдарды жасап, өздөрүнүн даңкын чыгарып байлыгын көбөйткөн, демилгелүү жоокерлер ак-сөөк уруулары негиздөөчүлөр болушкан. Мындай демилге эл чогулушу тарабынан да кубатталып, ушундай адамдарга чоң жер участколору бөлүнүп берилген. Муундан муунга чейин ушундай саясатты жүргүзүү менен ак-сөөк уруулардын таасири күчөйт, б.з. 1 кылымында эл чогулушу уруулардын башчыларын жана ак сакалдарды ак сөөктөрдөн гана шайлай баштайт.

Бирок маселе муну менен гана чектелген эмес. Ата-бабалар тарабынан топтолгон байлыктарды пайдаланып, ак сөөктөр өз аскерлерин күчтүү мүмкүндүгүнө ээ болушкан. Ушул аркылуу коомдук турмушта жана аскер ишинде бурулуш жасаган. Өз өмүрлөрүн согуштарга жана чарба жүргүзүүгө бөлүштүрүп келген жөнөкөй варварлардын арасында согушту гана кесип кылган жоокерлер пайда боло баштайт. «Душман менен салгылашып, жарааттын азабына чыдоого караганда жер айдап, анын түшүмүн жыл бою күтүүгө аларды көндүрүү бир кыйла кыйын болгон; алардын көз караштары боюнча кан төгүү менен ээ боло тургандары эмгек менен ээ боло тургандары эмгек менен табуу – жалкоолук жана коркоктук катарында эсептелген» (Тацит).

Ушундай учурдан баштап эл чогулушу ак сөөктөргө чоң согуштардын убагында гана зарыл болуп калган, калган учурларда алар иштерди чогулушсуз эле жасоого аракет кылган. Ак сөөктөрдүн жана чоролордун, дружиналардын пайда болушу коомдун таптарга бөлүнүшүн билдирбейт. Албетте, варвар-жоокер уруу общинасынын жөнөкөй мүчөсүнө караганда жакшы абалда болгон. Бирок ал экөө тең жоокер болуп, эл чогулушуна катышкан, уруу аларды бириктирип, алыскы же жакыңкы тууганлык байланыштары болгон. Общинанын мүчөсү дружинага кире алган, ал эми ак сөөктор болсо башкалардай эле турмуш шарттарында жашашкан. Коомудн ичинде жетекчи топ пайда болуп, ал өзүнүн бардык таламдарын согушка байланыштыргандыгы – коомдо болуп жаткан окуялардын маанисин түшүндүргөн. Баалуу сапаттардын маанисин түшүндүргөн. Баалуу сапаттарды түзгөн ушул топ калган бардык адамдарды өз артынан ээрчиткен. Ошондуктан ушул адамдар жөнүндө өзгөчө сөз кылуу керек.

Римдиктер өздөрүнүн тарыхынын башталышында варварлар менен биринчи жолу таанышкан. Б.з.ч 387-жылы галлдардын уруусу кельттерден чыккан) Римди басып алып,талап кетишкен. Галлдардын жетекчиси Бренддин: «Жеңилгендер үчүн азап!» – деп айткан сөздөрүндөй эле бул окуяны римдиктер көпкө чейин унутушкан эмес. Андан кийинки 300 жыл бою, б.з башталышына чейин алардын ортосунда үзгүлтүксүз кагылушуулар болуп турган. Албетте, бул учурларда соода да болгон, келишимдер да түзүлгөн, бирок буга карабастан, тараптар бири-бирин душман катарында карашкан. Римдиктер варварларды варварлар катарында жек көрүшкөн. Ал эми варварлар болсо согуштук каармандыкты жогору баалап, катаал турмушка көнүп калгандыктан, римдиктерди алардын «назиктиги» үчүн жек көрүшкөн. Жеңиш Рим тарабында болуп, б.з.ч. I кылымда Цезарь Галлияны (азыркы Франция) басып алып, Британ аралына кирип барган. Ошентип, Римдиктер галлдарды жеңген. Бирок Рейндин аркы өйүзүндө жашаган германдыктарды жеңе алышкан эмес. Б.з. I-II кылымдарында Рим империясы чабуул коюу мүмкүндүктөрүн жоготуп, коргонууга өткөн. Анын чек араларында шашылыш түрдө жерден салдар жасалып, крепосттор жана кароолдук мунаралар курула баштаган, алардан римдик легионерлер кооптонуу менен алыска көз жиберишкен.Варвардык кол салуулар империянын түбүнө жетти деп айтышканда, варварлардын аны коргогондугу жөнүндөгү чындыкты эстен чыгарып жиберишет. Бул мындайча болгон. II кылымдын аягынан V кылымга чейинки мезгил Рим империясы үчүн басаңдоо

мезгили болгон. Айыл чабасы начарлаган, саясий чыр-чатактар үзгүлтүксүз болуп, чек араларда душмандын кысымы күчөгөн. Бул учурда Римге күчтүү армия керек болгон, бирок анда кызмат кыла тургандарды кайдан табуу керек? Көп улутту жана көп тилдүү империяда республиканын мезгилиндей римдик граждандиндин тиби эми болбой калды. Жаңы римдиктер үчүн аскердик кызмат – оор жүк болуп эсептелди. Бир гана айла калды: душмандарды бири-бири менен кагылыштырып, аскердик кызматка варварлар үчүн кеңири жол ачуу керек эле. Даңктуу жол башчынын алдында кызмат кылуу алардын эңсеген тилеги болчу.

Алардын таасири менен Римдин салттуу сапаттары кайра карала баштаган. Императордун «Арыстандардын гвардиясы» деген аскери түзүлгөн. Дворец аскердик лагерь деп атала баштайт. Батыштагы германдык легиондор императорду өздөрүнүн демилгеси боюнча шайлай баштайт. Императордун сарайында жекече берилгендик баарынан жогору бааланат. Имератор өзүнүн гвардиясынын жоокерлери менен туугандай мамилелерде болбойт. Рим сенатынын башчысы- тирүү кудай жана «элдин атасы» катарында болуп, германдыктардын аскер башчысына көбүрөөк окшой баштайт. Жергиликтүү башкаруучулар да анын жолун жолдогон. Римдин жергиликтүү калкынын бул процессти токтотууга жасаган аракетинен натыйжа чыккан эмес. Империя жогорудан төмөн карай «варварлаштыра» баштаган. Империяга эркин калк көп кошулуп, ошонун натыйжасында кулдардын эмгегинин ансыз да өндүрүмсүз системасы ого бетер начарлай баштаган. Ошону менен бирге варварлар да Римден көп нерселерди үйрөнүшкөн (укук нормалары, жеке менчик жөнүндө түшүнүктөр ж.у.с.) ошол аркылуу байыркы общиналык мамилелердин жана уруулук түзүлүштүн бузулушу күчөгөн. Ошентип, эки маданият өз ара бири-бирине таасир этип, жаңы цивилизациянын негизи түзүлө баштайт.

Батышта Рим империясынын 476-жылы кулашы бул варварлардын жеңиши да жана Римдиктердин жеңилиши да болгон эмес. Бул болсо көп мезгилдерден бери жетилип келе жаткан жаңы сапаттардын пайда болушуна күбө болгон. Ошентип, Европа жаңы сапатка өтүп орто кылым доору башталат[5].

---

[5] Эргешов А.Э., Гапаров С.С. Бишкек-1999. 6-19 б.

## 2.3. Байыркы Чыгыш маданияты

## Байыркы Египет маданияты

Байыркы Египет – жер шаарындагы биринчи мамлекет, кубаттуу держава, биринчи империя болуп саналган. Мамлекетте жогорку бийликти фараондор жүргүзгөн, тактык форма пайда болгон. Маданиятынын негизги мүнөзүн диндин көз карашы түзгөн. Египеттиктер өлүмгө каршы турууга аракет жасашкан, б.а. адам өлгөндөн кийин да түбөлүктө өзү менен жашагандай көрүшкөн, демек, түбөлүк жашоо өлгөндөн кийин башталат деп элестетишкен. Бул жашоо менен тиги жашоону байланыштыра турган дин жок деп эсептешкен. Бул өлкөдө өлгөндөн сөөгүн бальзамдашып, мумияны биринчи болуп колдонушкан. Калктык маданиятын башкаруучулук жүргүзгөн саясаты, өлкөнүн экономикасы башка мамлекеттер менен алакасы ж.б. ушуга байланышкан.

Ал тарыхый доордогу египеттиктердин мамлекет түзүүдөгү, диний системаны калыптандыруудагы, жаңы көркөм өнөр, ойлоп табуудагы жана жалпысынан алсак, цивилизациялуу турмуштун башкалардан өзгөчө, өзүнө тарта алган эбегейсиз зор ийгиликтери кийинки муундарга абдан чоң таасир тийгизген.

Египеттин географиялык турпатынын борбордоштургуч таасирлери социалдык факторлор аркылуу чыңдалган. Биздин заманга чейин 3100- жылга чейинки доордо Египетте Шумердегиге салыштырмалуу кыйла борпоң, өтө бай эмес жана өзүнө-өзү анча ишене албаган шаар-мамлекеттер болгон. «Ном» – деп аталган аймактык дубандар биздин заманга чейин эле жергиликтүү башкаруу бөлүгү катары таанылган. Ошону менен бирге жогорку жана төмөнкү Египеттин ортосундагы Нилдин тар өрөөнү менен дельтадагы саздуу түздүктөрдүн ортосундагы кош бийлик дайыма расмий бийликтеги, өзгөчө кезге түшөр жагдай катары сакталып кала берген.

Египеттин өтө эрте жетилген саясий биримдигинин табигый натыйжасы да эки дарыя аралыгынан өзгөчөлөнүп турат. Нил өрөөнү жогорку маданияттын бешиги катары кызмат кылган эч кандай ири шаарларга ээ эмес. Анын ордуна, Египеттин цивилизациясы падышалык чарбачылыктын өкүмү болуп калды: бул чарба өзүнөн ар кыл адистешкен бөлүктөрүнүн көбөйүшү аркылуу өзүнчө эле шаарды ичине батыргандай кеңири мейкиндик өсүп чыккан. Бүткүл өлкө боюнча дыйкандардын эбегейсиз зор сандагы ишке тартууну кеземелдеген башкаруучулар менен инженерлери залкар

пирамидаларды курушкан. Ал эми падышалыктагы кол өнөрчүлөр болсо, Египетте сүрөт тартуунун ушунчалык татаалдашкан жыйындыларын түзүшкөн. Баарынан таң калтырчу нерсе, алардын ушундай ийгиликтеринин Нил өрөөнүндөгү цивилизациясынын көп мезгил өтүп-өтпөй жигердүү функцияланышы менен байланыштуу.

Египеттеги коомдук негизги бирдик катары эсептелген кыштактар өз ролун ойноп кала берген. Алгачкы өткөөл доордон тартып бүткүл ортоңку падышалык доорун кучагына алган мезгилде (б.з.ч. 2200-1800-жж.) мындай жер ээси болгон ак сөөктөр жана канзаадалар өздөрүн кыштактагылар менен борбордук падышалык бийликтин ортосундагы байланыштыруучу көпүрө катары кызматты аткарышкан. Мындай өңүттө алганда Фараон Аменхотип Төрүнчү (б.з.ч. 1380-1362-жж.), өзүн Эхнатон деп башка ысымга көчүргөн өкүмдөр, чын-чынына келгенде өзүнүн салттык артыкчылыктарын өзгөчө радикалдуу мүнөздөгү ак сарайлык революцияны жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланган. Күн кудайы Атонго табынчу жаңы динге өтүп, бул фараон башка атаандаш диний ишенимдерди кысымга алып, Атонго жана анын уулу катары өзүнчө гана империядагы жападан жалгыз дин иретинде сыйынтууга аракет жасады, бул теңкөрүшчүл фараон эски ыбаадатканаларды жаап, эски кудайлардын эң кудереттүүсү делген Амондун ысымын коомдун жайдагы жазмалардан өчүрткөн: сыягы, ал Амондун (ысымын коомдук жайдагы жазмалардан) атын жоготуу аркылуу кудуретин да ойрон кылууга үмүт кылса керек. Ал эми фанатизмдин рухун айгинелетүү менен Эхнатон салтык баш ийүүчүлүктүн тизгинин колуна топтогон, бул болсо анын бийлигин эч чыдамсыз чыңалууга чейин бекемдеген. Акыры түбү салттык динге табынуучулардын арасында женден-жең эле өзүнө каршы фанатизмдин ойгонушуна Эхнатон шыкакчы болуп калган.

Эски падышачылыктын баралына келип турган чагында Төртүнчү жана Бешинчи династиялардын (биздин заманга чейин 2650-2305-жж. тушунда) бүткүл Египетти салыштырмалуу азганакай гана расмий кызматкеринен башкарып турушкандыгы белгилүү. Алардын баары тең кудай-падышанын чарбасынын мүчөлөрү иретинде бул дүйнөдөгү жана аркы дүйнөдөгү жашоолорунун ыракатына батуу үмүттөрүнө жараша бардык сыймык менен кошумча кирешеге түздөн-түз падышалык ыйгарымга күнү түшүп турар эле. Борбордон алыскы дубандарда атасынын ордун уулу ээлеп калган чакта, жергиликтүү кишилерге, жайларга жана кудайларга алардын байланышы улам чындала берген да, мурдагы дароо эле моюн сунуучулук сакталбашына

алып келген. Натыйжада жетекчилик башкаруу машинасы ыбырап, акырындап быт- чыты чыга берген. Жиктелүү Алтынчы династиянын (б.з.ч. 2350-2200-жж.) тушунда башат алып, бул жагдайдан кийин көп узабай эле жергиликтүү төбөлдөр менен канзаадалар эгемендүү бийлик ыйгарымына жетишкен: алардын бир катары жогорку падышалык бийликке эгедер болуу үчүн ырааттуу түрдө алпурушуп келген, бирок атандаштары ага жол берген эмес. «Биринчи өткөөл доор» деп аталган бул учур (б.з.ч. 2200-2050-жж.) көркөм өнөрдөгү чыгырмачылык төмөндөө менен да коштолгон. Монументалдык курулуштардын өлчөмү кескин түрдө кыскарган, ал эми жергиликтүү варианттар, эптеп сомолонгон стилдер жана техникалык ыкмалар менен мүнөздөлгөн. Египеттин адабияты ошол тарыхый мезгилдеги дүйнөгө карата көз караштты даана чагылдырган. Мамлекетгик башкаруу тепкичиндеги жогорку төбөлдөр тарабынан айтылган Жүрүм-турум эрежелери Байыркы падышалык доордогу социомаданий жагдайда өзгөчө орунду ээлеп турат. Бул эрежелер башкаруучуларга жагынуу жана төмөнкү кызматтагыларга ылайыктуу мамиле жасоо аркылуу улам жогорку көтөрүлүүнүн өнөрү менен жаш муундарды тааныштырууга багытталган. Ал эми эки Дарыя аралыгындагы рухий турмушта болсо кудайлардан коркуунун айынан мындайды элестетүүгө да мүмкүн эмес болгон. Байыркы Падышалыктын төмөндөө мезгилинен кийин келген дүрбөлөөңдүү доордо да египеттик катчылар мындай балакеттер жана тартипсиздик үчүн жоопкер катары кудайларды эмес, моюн сунбаган, текеберденген кишилерди да санашкан.

Египеттеги маданий-руханий мейкининин динден алыс мүнөзү байыркы доордогу эки Дарыя аралыгы менен Египеттин калкынын аң-сезиминдеги негизги айырмачылыкты айгиленеп турарында эч шек жок. Египет дининде дыйкандардын тиричилигине таасир тийгизген жаратылыш күчтөрүн кудай деп таануу ачык көрсөтүлгөн (күнгө, Нилге, Осирис кудайына сыйынуу). Ошону менен бирге эле Египетте теңсиздиктин келип чыгышы жаңы динге ишенүүлөрдүн пайда болушуна алып келди (тиги дүйнөдө сыйлоо же жазалоо, башкы жана жардамчы кудайлар, фараонду кудай деп таануу). Диндик ишеним Египетте байыркы мезгилде эле пайда болгондугун эске алсак, турмуш ал убакта ийгиликтүү аңчылыкка жана жыйноочулукка жараша болгон: египеттиктер айбандарга, канаттууларга, балыктарга, жыландарга, курт-кумурскаларга сыйынышкан; гүлдөр менен дарактарды касиеттүү күчтөргө ээ деп эсептешкен. Бул ишенүүлөр Байыркы Египеттин бүткүл тарыхы бою сакталып калды. Бир кыйла

кийинчерээк египеттиктерде кудайга ишенүү пайда болгон, аларды элестетүү үчүн көп убактарда жырткычтардын, канаттуулардын же жыландын баштарындай адамдын турпатында тартышкан. Египеттиктер турак-жай адамдарга гана эмес, кудайларга да керек деп эсептешкен. Эң байыркы замандагы храмдар – «кудайлардын үйлөрү» – адамдардыкындай эле камыштан жана топурактан курулган. Бирок учурдун өтүшү менен бул храмдар сакталган эмес: камыш чирип, ал эми топурак бузулуп калган. Кийинчерээк храмдар таштан салына баштаган, алар дворецтерди эске түшүргөн. Бул храмдардын урандыларын биздин күндөрдө да көрүүгө болот. Жаратылыштын кубулуштарынын маңызын түшүнө алышпаган египеттиктер, мындай деп ойлошкон: «Эгерде Нилдин кудайы таарынып калса, кумурадан сууну адаттагыдан аз куйса, биздин өлкөбүз бүтүндөй чөлгө айланып калат дешкен». Ушуга байланыштуу Нилдин кудайын даңазалап ырдашкан.

Байыркы бир заманда Египетте Осирис деген кудай болгон. Кара тору өңүнө жарашкан балбылдаган чоң көк көздөрү болгон, ал эми анын кара чачы түшүмдү көп берүүчү кара топурактуу асыл жер сыяктанып жылтылдап тура турган. Осирис адамдарды жер айдап, эгин эгүүгө, Нил суусу менен талааларды сугарууга, жүзүмдүктөр менен жемиш бактарды өстүрүүгө үйрөткөн. Осиристин бир тууганы Сет – ачуулуу, ач көз жана кебетеси суук болгон. Анын өңү жошодой келип, кызарган жапкак көздөрү дүйнөнү кастык менен караган. Ал чөлдүн аптабындай ысык аба менен каардуу дем алгандай сезилген, анын терисинин өңү күнгө куурулган кумду элестеткен. Сет Осиристи өлтүрүүнү жана бүткүл өлкөдөгү бийликти басып алгысы келген. Күндөрдүн биринде Сет Осиристи тойго чакырат. Эч нерседен шек санабаган Осирис тойго келген. Той болуп жатканда Сеттин 50 кызматчысы (жыл сайын челден канча күн шамал соксо алар ошончо болгон) чоң жана кооз табыт алып келишкен. Сет: «Мен бул табытты кимге чак келсе, ошого белекке берем», – деп айткан (Байыркы Египетте табыт жакшы белек болуп эсептелген, анткени адамдар тиги дүйнөдөгү турмушка ишенишкен жана ага жаш кезинен даярданышкан). Меймандар табытка жатып көрүшкөн, бирок ал эч кимге чак келген эмес. Кезек Осириске жеткен, ал табытка жатары менен Сеттин кызматчылары табыттын капкагын дароо жаап, Нилдин суусуна ыргытып жиберишкен. Ошентип Осирис өлгөн деп баяндалган.

Байыркы Египетте чарбачылык иштердин керектөөлөрүнөн улам алгачкы илимдердин башаттары математика жана астрономия пайда болгон. Өсүп бара жаткан билимдерди сактап калуу зарылчылыгына байланыштуу иероглиф жазуусу келип чыккан. Мамлекеттин пайда болушу жазуунун өнүгүшүнө чечкиндүү таасир көрсөткөн. Атайын жазуу үчүн даярдалган алгачкы материал-папирустун ойлонуп чыгарылышы байыркы бүткүл маданияттын ири жетишкендиги болуп эсептелген. Ал мезгилдеги египеттик мектеп катчы-чиновниктерди даярдашкан. Сабаттуулук мамлекеттик кызматка кирүүгө жана оокаттуу турмушка жетүүгө мүмкүндүк берген. Бирок билим алуу кымбатка турган жана атактуу эмес үй-бүлөлөрдүн балдары билим алууга тартыла алышкан эмес. Эсептөө системасы жана сандарды жазуу татаал жана ыңгайсыз жумуш болгон, өзгөчө көбөйтүү жана бөлүү кыйын болгон. Буга карабастан египеттиктер арифметиканын бардык төрт амалын билишкен. Египетте геометрия да өнүгө баштаган. Геометрия кандайча пайда болгон? Египеттиктер ташкындоодон кийин өздөрүнүн участокторунун ортосундагы суу жууп кеткен чектерди табуу, аныктоого тийиш болушкан. Бул чектерди ордуна келтирүү менен жыл сайын жерди ченешкен. Ар бир участоктон алынуучу налогдун көлөмүн белгилөө үчүн чиновниктер да ушундайча эсептешкен.

Астрономия – математика менен тең катардагы эң байыркы илим, адеп алып караганда астрономия египеттиктердин чарбасы менен анчалык байланышпайт. Бирок бул такыр мындай эмес. Нилдин ташкындоосун мурдараак, алдын ала билүү египеттиктерге абдан маанилүү болгон. Алар түнкү асманды байкашып, египеттиктер ар дайым ташкындоо башталар алдындагы асманда Сириус жылдызы жаркырап турарын байкашкан. Египеттик астрономдор Нилдин эки жолку ташкындоолорунун – Сириус жылдызынын эки көрүнүшүнүн аралыгында канча күн өтөрүн эсептеп чыгышкан. Тарыхта биринчи болуп, египеттиктер бир жылда 365 күн бар экендигин аныкташкан, алар бир жылды 12 айга бөлүшкөн. Жылдыздарды көп жылдар бою байкоолор тажрыйбасы айланада багыттарды туура белгилөө үчүн египеттиктерге жардам берген. Египеттик пирамида алар, мисалы, компастын болбогонуна карабасган өтө так багытташкан. Египетте байыркы заманда эле медицина жигердүү өнүгүүгө ээ болгон. Буга диний үрп-адат көмөк бергендиги таң каларлык. Алар ар түрдүү оорулардын таасири астында ички органдарда болгон өзгөрүүлөрдү байкашкан. Мумияны жасоо салты медицинанын өнүгүшүнө көмөк берген, оорулууну көрүү, ал эмне менен ооругандыгын аныктоо, ар

түрдүү ооруларды кантип дарылоо жөнүндө айтылган египеттик кол жазмалар биздин күндөргө чейин келип жеткен. Египетте врачтарды адистештирүү да ишке ашырылган. Маселен, тишти дарылоочулар бошоп калган тишти ичке зымдын жардамы менен жанындагы соо тишке жакшылап бекиткен, ооруган тиштерин ириңин чыгаруу үчүн, аны бургулап тешүүнү билишкен. Көз-докторлор, врач-хирургдар болгондугу маалым. Колодон жасалган медициналык аспаптар бычак, ийне, скальпелдер биздин күндөргө чейин сакталып калган (египеттиктер оорутпай турган каражаттарды билишпегендигин, операцияларды оорутуп жасашкандыгын белгилөө керек). Жарааттарды дарылоодо бинттерди колдонушкан, жарааттарды тигишкен. Сынықка жыгач шакшактарды колдонушкан. Египеттик врачтар дары катарында чөптөрдүн ширеси менен маңызын, ар түрдүү туздарды пайдаланышкан. Байыпкы Египетте адегенде сүрөттөр жазуу үчүн белги болуп кызмат кылган. Эгерде «Күн» деген сөздү жазуу керек болсо, египеттиктер күндүн тегерек сүрөтүн тартышып, ортосуна чекит коюшкан. Байыркы египеттик жазуу өтө татаал келип, анда 750ге жакын белгилер (иероглифтер) менен берилген. Орус алфавитиндей бирден 24 үнсүз белги болгон (мисалы, «д», «р», «с» тыбыштары үчүн). Эки үнсүз белгилер да б.а. эки үнсүздүн айкалышын берген иероглифтер болгон (мисалы, «вн», «км»). Үч үнсүз белгилер – үч үнсүздүн айкалышын берген иероглифтер да учураган (мисалы, «нфр»). Ал түгүл бир нече төрт үнсүз иероглифтер да болгон. Жазууда үндүү тыбыштар белгиленбегендиги баса көрсөтүлөт.

Египеттиктер папирусту (узун сөңгөктүү өсүмдүктү) тандап алышкан, анын сыртындагы катуу кабыгын сыйрып таштащкан, ал эми жумшак өзөгүн 8 сантиметрге чейинки жазылыкта узун тилке кылып тилишкен. Тилкелерди үстү сууланган столго коюшкан. Мында бир тилке экинчи тилкеге өтө жанаша коюлат. Үстүнөн мындай тилкелердин экинчи кабатын коюшкан, бирок бул кабат биринчиге туурасынан коюлган. Ошентип эки кабаттан турган катмар пайда болгон. Аны оор нерсе менен бастырып коюшкан: өсүмдүктөн бардык тилкелерди бири-бири менен бекем жабыштыруучу зат бөлүнүп чыккан. Чекелериндеги түз эмес жерлерин кескенден кийин тик бурчтуу барак пайда болгон. Сыя жайылып кетпесин үчүн анын устунун дан жасалган желимдин жука катмары менен жабышкан. Андан кийин күнгө кургатышкан, пилдин сөөгүнөн жасалган аспап менен тегиздеген, түз эмес жерлерин жок кылып балка менен ургулаган. Акырында кагазга окшош папирустун саргыч жука барагы пайда болгон.

Папирус сынып калуучу материал, аны азыркы кездеги китептердин барагындай кылып бүктөөгө болбойт. Ошондуктан папирустун барактарын бирине-бирин улап жабыштырышкан, анын түтүккө окшотуп турушкан. Жазуусу бар түрүлгөн көп кагаздар биздин күндөргө чейин сакталып, алардын биринин узундугу 40 м ге чейин жеткен.

Байыркы египеттик искусство б.а. архитектура, скульптура, живопись, адабият – эң жогорку көркөмдүк баага ээ экендиги тарыхта белгилүү. Бул өлкөдө монументалдык таш архитектурасы өнүккөн Байыркы египеттиктердин курулуш искусствосу Греция менен Римдин архитектурасына бир кыйла таасир тийгизген. Адамзаттын тарыхында биринчи жолу Египетте скульптуралык портрет пайда болгон. Дворецтерде, храм короолорунда, күмбөздөрдө фараондордун жана төрөлөрдүн, полководецтердин, жогорку жрецтердин статуялары тургузулган. Ошону менен бирге эле Египеттеги искусство дин менен тыгыз байланышта болгон, Фараонду урматтоого, анын бийлигин чыңдоого кызмат кылуу маанилүү деп эсептелген. Адамдын сүрөтүн тартууда мастердин мүмкүнчүлүктөрүн чектеген, эң байыркы замандан бери келаткан үлгүлөр менен эрежелерди колдонгонууга аракетгенген. Египетте падыша же төрө менен бирге кулдарды (байыркы айрым элдердегидей) эмес, алардын кичинекей фигураларын жасашкан. Бул фигуралар да искусствонун чыгармалары болуп эсептелген. Скульпторлор кулдарды кадимки турпатында: «ашпозчуну – каздын эти сайылган шиши менен, жүк ташуучуну аркасына көтөргөн мешогу менен, токуучуну – станоктун жанында тартышкан.

Египетте архитектура – имараттарды куруу жана кооздоо искусствосу өнүккөн. Бул өлкөдө дүйнөдө биринчи болуп таштан зор жана кооз курулуштарды курууну үйрөнүшкөн. Ушуга байланыштуу П.Луганскийдин «Пирамида куруу» картинасында чоң пирамидалардын көркөм өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Таш пирамиданын чоңдугу фараондун кубаттуулугу жөнүндө түбөлүккө эске салып турган. Эгерде анын капталдарынын биринин ортосуна турган пирамиданын чоңдугу өзгөчө сезилет. Курулушту бир жерде туруп көз менен бүтүндөй көрө албайсың. Пирамиданын астында (этегинде) турган адамга таш дубал жантайып чексиз бийиктикке кеткендей сезилет. Пирамиданын бурчтары менен чокусуна көз жетпейт. Таш тоонун этегиндеги адам кумдун бир бүртүгү сыяктуу сезилет. Бул өңүттө Байыркы Египетте фараон жана башкаруучулар (төрөлөр) өздөрүнө бекем таштан күмбөз курууну буюрушкан. Ошол

эле байлар үчүн дворецтерди курууда анча бекем эмес материал бышырылбаган кирпич (б. а. атайын мешке бышырылган эмес, күнгө гана кургатылган) колдонулган.

## Байыркы Индия маданияты

Биздин заманга чейин 500-жылдардагы өзгөчө жигердүү турмушту баштан кечирген Индия цивилизаияларынын аймагы Ганг дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан. Бул кылымдар үчүн тарыхты так элестетип жазууга хронологиялык бүдөмүктүк эч мүмкүндүк бербейт. Ошондой болсо да индиялык маданият буга чейин эле таасын чийилген чектеринде өз өнүгүсүн уланта бергенинде шек жок.

Жалпысынан Индиядагы улам өзгөргөн социалдык-маданий кубулуштарга ылайыктануу брахмандар үчүн болгон сыяктанат. Өздөрүн эч жогорку социалдык статусуна тубаса татыктуу деп санаган кишилер менен тең ата болуп, эриш-аркак жашаган соодагердин жана кол өнөрчүнүн калкы бар шаарлардын өсүп чыгышы брахмандык динде талап кылынган табулар менен жөрөлгөлүк тартиптерге шайкеш келе алган эмес. Ашоканын дин таратуу өнөктүгү буддизмди Индиянын чар тарабына жана Цейлонго чейин тараткан жана борбордук Азияда анын бери дегенде алгачкы изин калтырткан. Индиянын жана гректин медициналык идеалары Ахеменейдин орто сарайындагы көөне замандык кесипти берген. Индиялык математиктер курмандык чалуучу орунду жана ага тиешелүү жайларды куруу үчүн эрежелерди түзүүдөн башташкан. Бирок оболу мындай эрежелерди баяндаган текстер менен кийинки мазмуну боюнча математикага бир топ тиешелүү болгон трактатгардын ортосунда ырааттуу салттуу улантуучулук байкалбайт. Бизге сакталып жеткен индиялык математиктеринин эмгектеринин эң байыркысы б.з. 499-жылы Арйабхата тарабынан астрономиялык эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн жазылган. Кийинки кылымдарда европалыктар «арабдыкы» деп этап жүргөн сандарды ойлоп табууну арабдардын өздөрү индиялыктарга таандык кылып, көрсөтүшкөн. Ал эми мындай системаны колдонуучулук тууралуу бизге маалым болгон эң байыркы эскерүүлөрдүн б.а. б.з. 269-70-жылдарынан тартып учугун улайт. Байыркы индиялыктар инсандык умтулуу үчүн башкы мүдөөнү таанышкан: дхариат б.а. түз жүрүүчүлүк турмуштук чеберчилик, белекче туюнтканда «сүйүү». Индиялык маданияттын турмуштук жактары жалпы бүтүндүктүн айырмалуу жана маанилүү жагдайларынан экенин тарыхый өнүгүүдө белгиленген. Бул бүтүндүк сакталып жеткен адабиятка караганда алда канча азыраак деңгээлде

брахмандын жана такыба аскетик идеялардын үстөмдүгү астында болгон. Гупта доорунда жүзөгө ашкан индиялык маданияттын ушунчалык назарды бура тургандай географиялык кеңири жайылышына кайра кайрылып назар салсак, индиялык маданияттын өнүгүшүнө карабастан, бары-жоктун барын туюнткан эмес. Гупта доорундагы Индиянын маданий жогорку туу чокусу сыягы соодагерлер менен дин таратуу өнөктүгүн жүргүзүүчүлөрдү өздөрү буга чейин жүзөөгө ашырып, индиялык таасирдин чөйрөсүн жайуу үчүн күч-кубатын жумшоого шыктандырса керек. Анткени Индия мамлекетинин коомдук жана саясий тармактарынын чачырап кетишин баштан көп өткөрбөстөн, адат болуп калган согуштар калктын терең катмарына үстүртөн таасир тийгизген Индуизм кайра жаралышы менен байыркы инди жазуулары 600 жылдан кийин гана кайра колдонула баштаган.

Гупта доорундагы адабият, философия, дин, көркөм өнөр жана илим тармактары кийинки доорлордо индиялыктардын маданиятынын өнүгүшүнө багыт берген. Анын үстүнө философияны жеке албаганда, Гупта династиясынын жетишкендиктери жалпы индиялык маданий салт үчүн эң жогорку туу чокуну түзүп турарын индиялык изилдөөчүлөр жана, чет өлкөлүк окумуштуулар баса белгилеп келишет. Байыркы адабий текстерде кошумчаларды же түзөтүү киргизилбестен түпкү мааниси сакталып калган. Көркөм кара сөз атайылап ойлоп табуучулуктан гана алынган эмес. Маанилүү жана беделдүү текстер дагы эле оозеки жүзүндө муундан муунга өткөрүлүүсүн улантылып, анткени шакиртине чыныгы устаттын оозеки айтылган жана жаттап алынганы ооздон оозго өтүп келген.

Гаутама Будда жашаган мезгилде жана андан кийинки бир катар кылымдар өткөн соң да, индиядагы адабий ишмердүүлүктүн көпчүлүгү жөнөкөй калктын назарына илинип мүдөө канааттандырган. Коомдун сабаттуу чөйрөлөрүнө алты жети кылымдан тыюу салуудан соц санкрит тилинин кайра кайтарылышы абдан чоң мааниге ээ окуя болгон.

## Байыркы Кытай маданияты

Түштүк Эки дарыя аралыгы менен Египеттин калкы сыяктуу эле кытайлар да өз алдынча жазуу түзүшкөн. Бул процесс биздин заманга чейин эки миң жылга жакын мурда болгон (кытай жазуусу - дүйнөдөгү эң байыркы жазуулардын бири болсо да, Египет жана клинопись жазууларына караганда болжол менен миң жыл «жаш» экендигин

белгилөө керек). Кытай жазуусу да сүрөттөрдөн пайда болгон. Кытайдын ар бир иероглифи бүтүн бир сөздү билдирген. Бара-бара көпчүлүк иероглифтердин жазылышы өзгөрүлгөн жана алар тартылган предметке окшобой калган. «Кытайда адегенде иероглифтердин саны аз болгон, бирок ал бара-бара көбөйө берген. Иероглифтердин саны 18 миңге чейин өскөн.

Кытайдагы археологиялык казуулардын учурунда айбандардын чийилип жазуу жазылган көп сөөктөрү табылган. Булар топоздордун далысы менен ажыратылган чоң жото жилиги, таш бакалардын кабыгы эле. Бирок сөөктөргө жазуу ыңгайсыз болгондуктан, мындан үч миң жылдан көбүрөөк мурда кытайлар жазуу үчүн бамбук өсүмдүгүн пайдалана башташкан. Бамбукту узун тактайчаларга ажыраткан, тактайларды жылма кылып сүрүшкөн, учтуу таякчаны жыгачтын ширесинен даярдалган кара лакка малып ага жазышкан. Ичке жана узун тактайларга столбик гана түрүндө жазууга мүмкүн болгон. Буга көнүп алышып, кытайлыктар жакынкы күндөргө чейин эле жазууну узата жайгаштырбай ичке тик кыска саптар менен жазышкан. Бамбуктун бир тактайына илимий чыгарма, поэма же согуштук жортуулдун баяндамасы баткан эмес. Аларды бир нече тактайларга жазышкан. Бамбук тактайларынын жогорку бөлүгүнө кезенек жазашып, аларга жип өткөзүшкөн жана бирге байлашкан. Бамбук тактайларынын таңгагы эң байыркы кытай китеби болгон.

Бамбук менен катар жибекти да пайдалана башташкан. Жибекке жыгач таякча менен жазуу ыңгайсыз болгон. Ошондо ичке жана жумшак чачтан жазалган кисточканы ойлоп табышкан, жибекке эми лак менен эмес тушь менен жазышкан. Китеп жыгач таякчага бекитилген жазы жибек тасма болуп калган. Даяр китепти бул таякчага түтүккө окшотуп түрүшкөн, түтүктү байлашкан. Жибек китептер окуганга жана сактаганга ыңгайлуу болгон, алар жеңил жана кооз, бирок өтө кымбатка турган. Кытайлар жазуу үчүн кагазды да ойлоп табышкан. Жаш бамбукту, жыгачтын кабыктарын, зыгырдын буласынан жана жүндөн токулган кездемелердин кесиндилерин майдалашып, сокуга жанчышкан жана суу куюлган казанга кайнатышкан. Андан кийин булалуу массаны тик бурчтуу бассейнге куюшуп, жана андан жибек тор тартылган рамка менен сүзүшкөн. Суу агып кеткен соң тордо бир кабат кагаз калган. Ным кагазды тордон сыйрып алышып, пресстешкен жана кургатышкан.

Байыркы Кытайдын врачтары өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттерин жакшы билишкен. Алар чайдын сергек кылар касиетин

баалашып, аларды адегенде дары катарында гана пайдаланышкан. Кытайлык врачтар байыркы заманда оорулууну дарылоонун жаңы ыкмасын табышкан: врач оорулуунун денесин атайын жасалган металл ийне менен сайып (ийне сайган жерди тандоо оорулуу адамдын ооруган жерине байланыштуу болгон) дарылашкан. Ошондой эле Кытай астрономдору кыймылсыз жылдыздарга салыштырып, Күндүн, Айдын жана беш планетанын кыймылын үйрөтүшкөн, жылдыздуу асмандын картасын түзүшкөн, анда 250ге жакын жылдыз бар экедигин белгилешкен. 28 топ жылдызга ат беришкен, ай өзү жарык чыгарбагандыгын, күндүн жарыгы менен чагылышып жарык болоорун билишкен. Алар дагы календарь түзгөндүгү белгилүү.

Байыркы Кытайда чыгарылган эң мыкты ойлоп табуулардын бири компас болгон. Кытайлар компастын Цинь Ши-хуандинин тушунда эле билишкен. Ал азыркы кездеги компаска окшогои эмес жана магнит темирден жасалган узун сабы бар болгон. Компасты бөлүкчөлөрү бар жыгач койгучка коюшкан жана ал бир жаты менен түштүктү, бир жагы менен түндүктү көрсөткөн. Байыркы заманда кытайлардан башка компасты билген эмес.

Орто кылымдарда Кытай маданияты. Феодалдык түзүлүш Батыш жана Борбордук Европада гана эмес, ошондой эле Чыгыш Азияда да өнүккөн. Кытай элинин Орто кылымдарда кол өнөрчүлүктө, соодада, жана деңизде сүзүүдө жетишкендиктери; билим берүүнүн өнүгүшү, зор өлкөнү башкаруунун керектүүлүктөрү, ойлоп табуулардын илимий чыгармачылыктары — дыйканчылыктын, кол өнөрчүлүктүн жана сооданын практикалык муктаждыктарына байланыштуу болгон. Кытай эли байыркы убактан бери эли маданиятты өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге ээ болушкан. Иероглифтик жазуунун пайда болушу, жазуу үчүн материал катары кагазды ойлоп табуу, бир топ кыйла тагыраак календарды түзүү, айыл чарбасынын ийгиликтери (чай отургузуу, жибек куртун өстүрүү), компасты ойлоп табуу, географияны жана тарыхты өнүктүрүү боюнча чоң салым кошушкан.

Кол өнөрчүлүктө текстиль өндүрүшүнү андан ары өнүгүүгө ээ болгон. Байыркы убакта эле жибек өндөрүүнү өздөштүргөндүктөн жибекти деңизде сүзүүдө (парус), турмуш-тиричиликте (кийим-кече, чатыр), музыкалык аспаптардын кылдарын даярдоо үчүн эң кеңири колдонушкан. Ошондой эле фарфор жана кездемелер кытайдан алып чыгып сатыла турган маанилүү буюмдар болгон. Бул мамлекеттеги шаңыраган фарфор идиштер жөнүндө башка өлкөлөрдө легендаларды түзүшкөн. Багдад халифтеринин дасторконуна өтө баалуу деп

эсептелген тамактарды кытайдан алып келинген табактарга салып келип берише турган. Европалык ак сөөктөр фарфор буюмдарын алтын жана күмүш кутуларда сакташкан.

Кытайдын айрым райондорунда кадыресе императордун казнасына таандык ири ишканалар пайда болгон. Кагаз акча чыгарган мекемеде 1200 адам иштесе, курал-жарак даярдаган арсеналда 5 миң адам, темир жана жез эритүүчү ишканаларда кээде 500-600ден адам эмгектенген. Мындай жагдайда мастерлердин бир бөлүгү өз эрки менен жалданып иштесе да, барымталыктан кутулуп жаткан дыйкандар менен мамлекеттик кулдардын эмгеги басымдуулук кылган. Ички соода жолдорун түзүүдө улуу каналды куруу мааниге ээ болгон, ал Пекинди Хуанхэ жана Янцзы дарыялары менен бириктирген. Каналды миллиондогон адамдар жүз жыл бою курушкан, аны тейлөөдө 80 миң адам иштеген. Бул суу жолунун ачылышы өлкөнүн айрым райондорунун ортосундагы байланышты кеңейтти, ички сооданы өнүктүрүүгө жардам берди. Кытайда эчактан бери эле, 100 тоннага чейин жүк тарткан жана миңге чейин адам баткан чоң кемелерди куруша турган.

Жыгач тактайлардан китеп басып чыгаруу (ксилография) кытайда IX кылымдан тартып өнүгө баштаган. Тактайды жылмалап сүрүшкөн, анын бетин жабышкак зат менен майлашкан, жука кагаздын барагына тушь менен текстти даана жазышкан, андан кийин ал баракты тактайдын жылма жабышкак сыртына жабыштырышкан. Анын арткы бетинде иероглифтердин тагы түшүп кала турган. Тактайдын текстинин тагы түшпөгөн жагын курч бычак менен кылдат оюп алышкан. Так түшүрүп алуу менен тамгаларды тушь менен сүртүшкөн, андан кийин тактайга кагаздын таз барагын жабыштырып, щётка менен койгулашып мындай тактайлардан күнүнө миңге чейин нуска түшүрүп алууга мүмкүн болгон.

Иероглифтерди тактайдын эки жагына тең оюшкан, ошентип кагаздын бир барагында эки бет так түшүрүлгөн. Басылган барактарды текстин сыртына каратып эки кат кылып бүктөшкөн. Рулонго окшотуп стерженге оролбогон, мурдагыдай эле болжол менен жүз барактан эки кат кылып бүктөлүп даярдалган китептер пайда болгон. Мындай китептер жоон жибек жиптер менен көктөлгөн. Адатта тигил же бул чыгарманын бир нече томдору кездеме менен капталып кынаптап, топчуланган кутуда сакталган. Ушул эле өнүттө газета адегенде кол жазма түрүндө пайда болуп, андан кийин тактайлардан кагазга басылган. Газетанын нускалары борбордон аймактарга жөнөтүлө

турган, бул жерлерден көчүрүлүп жазылып, төрөлөрдүн, сабаттуу феодалдар менен көпөстөрдүн чөйрөсүнө таратылган.

Орто кылымдагы Кытайдын мүнөздүү өзгөчөлүгү үстөмдүк кылуучу таптардын арасында сабаттуулук, жайылттуу күч алган. Атайын экзамендерди тапшыргандар гана, чиновник болуп кызмат кыла алган жана дворянин катмарына таандык болгон. Ошондуктан Кытайда областык жана уезддик борборлордо оокаттуу ата- энелердин балдары окуй ала турган мектептер болгон. Негизги билим берүүнүн өнүгүшү ар түрдүү окуу китептеринин чыгарылышы жана китепканалардын түзүлүшүнө байланыштуу болгон. VII кылымда императордук китепканада 90 миңге жакын жыйнактар сакталгандыгы белгилүү. Бир нече миндеген китептер сакталган, менчик китепканалар да кеңири жайылган.

Ошол тарыхый мезгилдеги Кытайдын илимдеги ийгиликтери, айрыкча медицинада, астрономияда, тарыхта байкалып, география, химия, физикада ж.б. илимдер да бир кыйла өнүккөн. Медицинада чечекке каршы эмдөө өңдүү башка жетишкендиктерден тышкары, мындан эки миң, жылдан ашуун мурда, кытайдын врачтары дарылоо максаттарында ийне саюуну колдоно башташкан. Дартка жараша врач атайын металл ийнелер менен оорулуунун денесинин бөтөнчө жерлерин сайган. XI кылымдан тартып Кытайда, ийне сая турган жерлери тешиктер менен көрсөтүлгөн (алар бир нече жүз) адамдын жез статуясы сакталып калган. Мындай «жез адамга» болочок врачтар ийне сайып үйрөнүшкөн. Бул өңүттө эң байыркы убактан бери эле кытайлар женьшендин тамырынан дары жасашкан, анын ширесин «сергектик үчүн» ичишкен, андан кийин аны алдан-күчтөн таюуга, каны аздыкка жана башка ооруларга карты дарылашкан. Орто кылымдагы Кытай астрономдор меридиандын градусунун узундугун ченеп чыгышып, бир катар аспаптарды ойлоп табышкан. XIII кылымда бир астроном жылдын узактыгы чыныгы келемден 27 секундага (азыркы маалыматтардан) гана айырмаланган келендарды түзгөн.

Тарыхты үйрөнүү мамлекеттик баалуу иш деп эсептелинип, тарых боюнча чыгармалардын саны абдан көп болгон. VII-IX кылымдарда 900, ал эми X-XIII кылымдарда 2200 эмгек түзүлгөн. Чарба, башкаруу, аскердик иш боюнча Кытайдын байыркы мезгилинен тартып, VIII кылымдын ортосуна чейинки мыйзамдары жөнүндө маалыматтарды камтыган 200 жыйнактан турган тарыхый энциклопедия түзүлгөн.

Орто кылымда Кытай поэзиясынын өнүгүшүнүн «алтын кылымы» деп аташкан VIII-X кылымдарда, эки миңден ашуун акындар ыр жаратышкан. Ал эми кийинчерээк басылып чыккан алардын чыгармалары 900 томду (50 миңге жакын ырлар) түзгөн. Аталган өлкөнүн көрүнүктүү акыны Ду Фу алгачкылардан болуп, элдин тарткан азап-тозоктору, императордук сарайдын шаан-шөкөтү жана үрөй учурган согуштардын кесепеттерин ырларында баяндаган. Акын өмүрү бүт сыноодо өткөн. Ал бир туруп императордун жакын кеңешчиси болсо, кээде ага жек көрүнүп, козголоңчуларда туткунда болуп, жокчулуктун каарын тартып жүрүп, жашоо-тиричилигин өткөргөн. Монголдук хандардын эзүүсүнүн тушунда кытай акындары,; жазуучулары баскынчылардын ырайымсыздыгына каршы чыгармаларды жаратышып, элди күрөшкө чакырышкан. XIV кылымда тарыхый романдын искусствосу гулдөп өскөн. Искусство менен адабият өнөрүнүн өкүлдөрүнүн мурдагы баатырлардын даңкын чыгарышып, эл ичинде мекекенчилик (патриоттук) сезимди ойготууга аракеттенишкен.

Кытайдын орто кылымдагы архитектурасынын өзгөчөлүгү курулуштардын көп кабаттуулуту, жогору карай чуштугуй тарткан чатырлары, жазы карниздери жана оймо-чийме жасалгалары менен мүнөздөлөт. XV кылымда к ытайда жибекке живопись сүрөттөрүн тарткандыгы маалым. «Бамбук токоюндагы канаттуулар» деген сүрөт жибекке түшүрүлгөн живопистин үлгүсү боло алат. Назик аппак, ачык көгүлтүр, күрөңүрөөк боёктор канаттуулардын чыйпылдоолору гана бузган жымжырттык менен тынчтык сезимди билгизип турат. Канаттуулар өздөрүнчө кандайдыр бир «сүйлөшүп» жатышкансыйт. Дарактын ачык түстөгү узунча жалбырактары, бар желпүүрдөй жаш бутактары адамдын көңүлүн өзүнө бурдурат. Кытайлык живописчилер пейзаждарды эбактан бери эле тартып келаткандыктары, ал тургай пейзаждык живописте ар түрдүү багыттар пайда болгондугу белгилүү. Живописке болгон зор кызыгуулар сүрөт мектептеринин жана борбордо живопись академиясынын ачылышы, сүрөтчүлөрдүн иштеринин көргөзмөлөрүнүн болуп турушу менен мүнөздөлөт[6].

## 2.3. Шумер цивилизациясы

Эң байыркы цивилизациялардан болуп, байыркы Египет цивилизациясы сыяктуу, Шумер цивилизациясы эсептелет. Ал

[6] М.Ж. Жумагулов, Г.Э. Садыкова “Маданият таануу” Бишкек-2017ж. 36-б.

алдыңкы Азияда, Тигр жана Ефрат дарыясынын өрөөнүндө пайда болот. Бул районду грек тилинен Месопотамия деп аташкан (орус тилинен «эки даряның ортосу» деп которулат). Азыркы учурда ушул жерде Ирак мамлекети жайгашкан.

Жер иштетүү, малчылык. 5 млн жыл мурун б.з.ч. Убадай маданиятынын жер иштетүүчүлөрү дарыянын жээктерин кургатып саздарды кургата башташкан. Кийинчирээк алар сугат системаларын курууну үйрөнүшкөн. Суунун запастарын топтошкон. Көп адам турукташкан жерлер шаар-мамлекетке Ур, Урук, Эреду айланды.

Урук маданиятынын убагында б.з.ч. 4000 ж. жаңы жер иштетүүчү шаймандарды ойлоп табышкан. Жерлерди букалар менен иштетишип башташкан. Ошол кезде дандын түшүмдүүлүгү «сам-100» жеткен, тактап айтканда бир дан өсүмдүгүнөн жүз дан алышкан. Шумердин тургундары буудай арпа, жер жемиштерин, койлорду, уйларды багышкан, балык кармашкан. б.з.ч. 4000 ж. шумерликтер таза коргошунду алуунун жолун табышкан, эритилген коргошунду, күмүштү жана алтынды атайын формаларга куюнун жолун ачышкан, ал эми б.з.ч. чопону жасоону үйрөнүшкөн. Б.з.ч. 4 миң ж. ортосунда Шумерде дөңгөлөктү ойлоп чыгышкан.

Эки дарыя ортосундагы мамлекеттин социалдык-экономикалык жана этникалык тарыхы анын башкалар менен болгон күрөшүндө өткөн, жашоо үчүн ылайыктуу жерде турушкандыктан башкалар кол салып турушкан. Аккадтыктар (Аравия жеринен келген уруулар) шумер урууларын кууп чыгышкан жана сугат жерлерди иштетип башташкан, 4 миң жылдыктын аягына түштүктө 20 майда мамлекетти түзүшкөн. Аккадтыктардын жерин куттийлер ээлеп, кийин аморей менен эламиттер келишкен.

Хаммураппи (1792-1750-жж. б.з.ч.) башкарып турганда эки дарыя эли бириктирип. Вавилонду борбор кылган. Ал өзүн басып алгыч катары эле көрөзбөстөн биринчи башкаруучу, мыйзам киргизген адам катары көргөзүлгөн. Мыйзам кодексинде 282 бөлүктөн туруп жашоо социалдык структураны камтыган. Сугат системаларын бузгандарды, башкалардын мүлкүнө тийгендерди катуу жазалашкан.

Кол жазма. Шумерлердин маданиятта калтырган иштеринен кол жазма көрүнүктүү орунда турат. Ар кандай маалыматтарды берүүдө жазуулар керек болгон. Б.з.ч. 4000 жана 3000-жж. ортосунда буюмдарды белгилөөдө жана сандык маалыматты жазууда пиктограммаларды колдонушкан. Аккадтыктар (вавилондуктар жана

ассирийлер) – семит эли тили боюнча арабдарга, еврейлерге жана эфиопторго жакын. Аккадтын балдары шумер тилиндеги мектептерде окушкан, окуусу жана жазуусу шумер тилинде болгон. Жазуунун тактыгы боюнча шумер жазуусу 2 миң жылдыктын ичинде башка жазуулардан жакшы болуп турган. Шумер жазуусун (клинопись) 19-кылымдын экинчи жарымыида англис офицери Генри Роулинсон чечмелеп чыккан, ал Иран мамлекетинде үч тилде жазылган кол жазманы табып алышкан. Шумер доорунда эле тегеректи 360 градуска бөлүүнү билишкен. Вавилондуктар арифметиканын 4 эрежесин билишкен, жөнөкөй бөлгүчтөр, квадратка, кубка которуу, тамырдан чыгаруу. Алар жылдыздардын арасынан 5 планетаны жана анын орбиталарын табышкан. Календарды түзүшкөн, жыл, ай жана күнгө бөлүшкөн. Шумерликтер биринчи болуп саатты 60 минутага бөлүшкөн.

## 2.4. Европанын байыркы цивилизациялары

Окуяларга бай болуп,окумуштуулар тарабынан толук изилденген жана баяндап жазылган алардын тарыхы көп жагынан белгилүү. Азыркы кездеги цивилизацияга адамзаттын келишинин көз карашы менен алганда алардын тарыхындагы бир жолу эске салуу ашыкча болбойт деп ойлойбуз. Бул байыркы цивилизациялар адамзатты эмнелер менен байытты? Эмне үчүн алар жөнүндөгү эстелик кылымдар бою сакталып, аларга болгон кызыгуу мезгил өткөн сайын азайбай келе жатат?

Байыркы цивилизациянын пайда болушу, Грецияда б.з.ч VIII-VI кылымдарда белгилүү социалдык-экономикалык жана саясий кубулуштар болуп, башка байыркы цивилизацияларга салыштырганда байыркы коомго белгилүү өзгөчөлүктөрдү берген. Буларга төмөнкүлөр кирет: классикалык кулчулук, акча жүгүртүү жана рынок системасы, полис-саясий уюмдун негизги формасы, элдин суверендүүлүк идеасы жана башкаруунун демократиялуулук формасы.Ошол эле мезгилде моралдын негизги принциптери, эстетикалык идеялар иштелип чыгып, алар христиан дини пайда болгонго чейин байыркы дүйнөгө таасир көрсөтүп келген. Акырында, ушул эле мезгилде байыркы маданияттын негизги көрүнүштөрү – илим жана философия, адабияттын башкы жанрлары, театр, ордердик архитектура, спорт пайда болгон.

Чарбанын мурдагы өнүгүшү менен даярдалган тез жогорулоо коом үчүн түрдүү натыйжаларга алып келген. Айыл чарбада жана кол өнөрчүлүктө темир куралдарды пайдаланууга байланыштуу эмгек

өндүрүмдүүлүгү жогорулап, эмгектин артыкбаш продуктусу көбөйгөн (өндүрүүчүнүн зарыл болгондон ашык). Айыл чарбасынан улам көп сандагы адамдар бошоп, кол өнөрчүлүктүн тез өсүшүн камсыз кылган. Кол өнөрчүлүктүн айыл чарбадан бөлүнүшүнүн натыйжасында алардын ортосунда туруктуу алмашуу пайда болгон, башкача айтканда, рынок пайда болуп, бүткүл Грециянын областтары менен райондорунун туруктуу соода байланыштары түзүлгөн. Сооданын өнүгүшү жалпы эквиваленттин ролун ойной турган эмгек продуктусунун, башкача айтканда, эмгектин башка продуктуларына жеңил алмаштырыла турган эмгек продуктусунун пайда болушун талап кылды, мындай эквивалент катарында акча эсептелди. Адегенде мал акчанын ролун аткарды, андан кийин акча катарында металл тыйындар колдонулуп, алар белгилүү эсеп боюнча башка продуктуларга алмаштырыла баштады.

Байыркы мезгилде Греция бирдиктүү өлкө болбогондугуна карабастан, айрым полистер ортосундагы туруктуу соода байланыштарынын натыйжасында гректер акырындык менен өздөрүн бирдиктүү эл катарында,эллин эместерден айырмаланган эл катарында сезе башташты. Б.з.ч. 776-жылдан баштап жүргүзүлгөн атактуу олимпиадалык оюндар гректердин өзүн-өзү таануусунун көрүнүштөрүнүн бири болду, ал оюндарга эллиндер гана катышкан.

Коллективизм сезиминин жана мелдешүүчүлүктүн бириктирилиши ушул мезгилдеги байыркы грек коомунун этикасынын негизги белгиси болгон. Общинадан, полистен тышкары айрым адамдын жашоосу мүмкүн болгон эмес, ошондуктан өз полисин коргоо-граждандын жогорку сыймыгы болгон. «Баатырдык менен курман болгон жоокерлердин арасында өз мекени үчүн өмүрүн кыюу-эр жүрөк адам үчүн сыймык»,- деп жазган спарталык акын Тиртей. Ал эми мелдешүүчүлүк принциби полиске мүмкүн болушунча жакшы кызмат кылууга умтулуудан көрүнгөн.

Б.з.чейинки VIII-VI кылымдарда өркүндөтүлгөн архитектура, баарынан мурда коомдук архитектура пайда боло баштайт. Коомдун баардык күч аракеттери манименталдуу курулуштарга-храмдарга баарыдан мурда общинаны колдоочулардын храмдарына жумшалган. Полистин аны колдоочу кудай менен болгон өзгөчө байланышы жөнүндөгү көз караштар полис үчүн мүнөздүү болгон. Делфадагы жана Олимптеги ыйык жайлар гана жалпы гректик мааниге ээ болгон. Храмдарга белектерди алып келүү салты орун алгандыктан, аларга

искусствонун мыкты чыгармалары топтолуп, алардын территориясы музейге айландырылган.

Алфавиттик жазуунун түзүлүшү ушул доордогу грек маданиятынын эң улуу жетишкендиги болуп эсептелген. Финикиялык муун системасын кайра түзүү менен гректер маалыматтарды берүүнүн жөнөкөй ыкмасын түзүшкөн. Жазуу жана эсептөө ыкмасына ээ болуу үчүн жылдар бою катуу эмгектенүүнүн заарылдыгы болбой калган. Окуу системасы «Демократтиялаштырылып», Грециянын бардык эркин адамдарынын сабаттуу болушуна мүмкүндүк берген. Сабаттуу болуунун натыйжасында адамдар маалыматтарды берүүнүн кат жүзүндөгү ыкмаларын пайдалануу, адабиятчылардын жана окумуштуулардын эмгектери менен таанышуу мүмкүндүктөрүнө ээ болушкан.

Мифологиядан түп-тамырынан бери айырмаланып, дүйнөнү таанып билүүгө принциптүү жаңыча мамиле болуп эсептелген философиянын пайда болушу бүткүл европалык маданият үчүн өзгөчө маанилүү болгон. Проблемаларды коюу таанып билүүнүн куралы катарында адамдын акыл-эсине таянуу, дүйнөдө болуп жаткан бардык кубулуштардын себептердин андан тышкары эмес анын өзүнөн изилдөөгө умтулуу мына ушулардын бардыгы дүйнөгө карата философиялык көз караштардан маанилүү айырмаланган.

Философиянын пайда болушун алгачкы полистин гражданынын коомдук тажрыйбасы менен байланыштырган окумуштуулардын пикирине кошулууга болот. Чоң дүйнө – космос жөнүндө грек философторунун көз караштары полистин дүйнөсүнө, андагы мамилелерге негизделген.

Жаңыдан пайда болуп келе жаткан философияда дүйнөнүн түзүлүшүнүн эң маанилүү маселелерин чечүүгө карама-каршы мамилелер түзүлгөн. Мисалы, натурфилософтор деп аталган ойчулдар дүйнөнүн алгачкы негиздерин Кудайдын кудуретинен же идеядан эмес, жаратылыштын өзүнөн издешкен. Алар кубулуштардын өз ара байланышын аныктап, дүйнөнүн өнүгүшүн көрсөтүүгө аракет кылышкан. Алардын философиясы стихиялуу материалисттик жана диалектикалык болгон.

Белгилүү математик Пифагордун жолун жолдоочулар философиянын дагы бир багытынын өкүлдөрү болушкан. Пифагорчулар математиканы негиздердин негизи деп эсептешкен. Алардын пикири боюнча сан жана форма бардык кубулуштардын

маанисин аныктаган. Алар акырындык менен буюмдарды санга теңдештирип, буюмдар дүйнөсүн материалдык мазмундан ажыратышкан. Абсолютка айландырылган санды алар дүйнөнүн жашоосунун негизи катарында эсептешкен.

Байыркы цивилизациянын эң маанилүү жетишкендиктери классикалык Грециянын мезгилинде (б.з. чейинки VI-Vкылымдардан б.з. чейинки 338-жылга чейин) болгон[7].

## 2.4. Орто кылым доорундагы цивилизация

Орто кылымдагы цивилизациясынын мезгилдик жана географиялык чектери жөнүндө окумуштуулардын арасында биримдиги жок. Биз X-XI к. Европа жөнүндө сөз кылабыз, бул учурда цивилизациянын негизги структуралары түзүлүп, бирок жаңы индустриялык коомдук элементтеринин таасири менен жоюлушу башталган эмес.

Орто кылымдагы коом. Орто кылымдагы Европанын коому феодалдык болгондугу баарына белгилүү. Ал эми феодализм деген эмне? Ал экономикалык түзүлүш катарында каралып, жер ээлери – феодалдар көз каранды дыйкандарды эксплуатациялаган. Орто кылымдагы адамдардын кандай жашагандыгын карап көрөлү.

Дыйкандар. Эгерде феодалдык коомду пирамида сыяктуу көз алдыга келтирсек анда дыйкандардын орду анын негизинде болот. Бул – табигый иш, анткени дыйкандар бир тараптан ушул коомдун негизги өндүргүч күчү болгон, экинчи тараптан анын эң укуксуз бөлүгү болуп эсептелген. Эмне үчүн коом өзүн тойгузуп жаткандарды урматтаган эмес? Бир жагынан алганда бул – орто кылымдарда эмгектин бааланбагандыгынан келип чыккан. Эмгекти урматтоо Римден жана варварлардан мурас катарында бул цивилизацияга өткөн эмес. Ал эми орто кылымдагы адам Библияны окуп, эмгектин жакшы иш экендигин, же күнөөлөр үчүн жаза экендигин аныктай алган эмес. Бирок башкы маселе мында эмес эле.

Феодалдык айыл-кыштактын дүйнөсү өзгөчө дүйнө болот да, башка сословиелердин өкүлдөрүнө окшобогон адамдын тибин тарбиялап чыгарат. Көп мезгилдерге чейин дыйкан чарбасы натуралдык болуп дыйкандардын көпчүлүгү бүткүл өмүрүн бир жерде өткөргөн, бир жолу да кыштактын чегинен тышка чыккан эмес. Бул

[7] Адам жана коом. II бөлүк. Бишкек. 1992. 75-83-б.

адамдардын ааламы өзүнүн кыштагы менен сеньордун замогу жана айылдык чиркөө менен гана чектелген. Булардан тышкары жайгашкан дүйнө жөнүндө аларда даана түшүнүктөр болгон эмес.

Коомдун өнүгүп жаткандыгы жөнүндөгү пикир дыйкандар үчүн таптакыр чоочун болгон.Тескерисинче алар жаратылыш менен дайым катнашууда болуп бардыгы айлана боюнча кыймылда боло тургандыгына ишенишкен.Жаздан кийин күз келген жер айдоодон кийин түшүм жыйналган, ар дайым ушундай болгон деп эсептешкен. Бул консервативдүүлүгү күч болуп, бардык жаңы нерселерге өтө ишенимсиздик менен мамиле кылган. Алар «мурдагы өткөн жакшы заманды» эңсешкен.

Дыйкандар билимсиз болуп алардын сөз запастары азыраак болгондуктан, рыцарлардын жандуу сөздөрүн жана дин кызматкерлеринин латынча сүйлөгөндөрүн түшүнө алган эмес. Алар «асылзат» адамдардан тышкы кебетелери менен да айырмаланган. Рыцардык романдарда дыйкандар көбүнчө «сасыган мужик» деп аталат. Мына ушулардын бардыгы дыйкандарды жалаң гана жогорку сословиелерден эмес, шаардыктардан да таптакыр чоочун кылган. Ушул «чоочундук» кээде өкүнүүнү, көбүнчө жек көрүүнү туудурган, бирок бардык адамдардын теңдиги жөнүндөгү ойго эч качан алып келген эмес.

Дин кызматкерлери орто кылымдагы жалпы идеологиянын (христианчылыктын) сакчысы катарында ийкемдүү позицияны ээлегендигин белгилеп кетүү керек. Учурдагы тартип кудайдын кудурети менен болуп жаткандыгын айтып дин кызматкерлери ошол эле учурда ырайымсыз феодалдарга каргыш айтышкан дыйкандардын эмгегин «кудайга жаккан»иш катарында эсептешкен.

Ал эми рыцарлар болсо дыйкандарга келишпес мамиле жасашкан. Рыцардык адабияттагы «мужик»- барып турган жек көрүүчүлүктүн көрүнүшү болгон.

Дыйкан өзүнүн «тенсиздигин» эч кандай сапаттар менен жакшырта алган эмес. Мисалы, жомокто княгиня Илья Муромецти «кыштак нааданы» деп айтат. Ал эми король Артур жөнүндөгү жомокто дыйкан кийимин кийген рыцарь ак сөөк аялды жетектеп, ага кызмат кылуу менен көп кырсыктардан сактайт. Тиги аял ага алкыш айтуунун ордуна тилдейт. Мына ошентип, дыйкан ак сөөктөргө кызмат кылууга арналган тексиз макулук катарында болот деген көз караш ага таңууланган.

Ошону менен бирге теңдик идеясы дыйкандардын өздөрүнө да чоочун болгон. Алар албетте, феодалдарга каршы күрөшкөн, мында ырайымсыздыкты да көрсөтүшкөн. Бирок феодалдарды жек көрүү менен бирге ага жал ооруган көз караш менен карашкан. Феодал жалаң гана эзүүчү болбостон, ошону менен бирге дыйкандардын коргоочусу да болгон, ансыз ошол катаал мезгилде жашоо мүмкүн эмес эле. «Адам жер айдап, Ева токуй баштаганда ак сөөктөр кайда жүргөн?-деген сөздөр сейрек айтылган. Дыйкандар дүйнөсү теңдик идеясын жарата алган эмес.

Дин кызматкерлери. Дин кызматкерлери феодалдардын сословиесине кирген эмес. Анын ичинде ар түрдүү адамдар болгон. Рим папасынын тартып айылдык дин кызматкерлерине чейин феодалдык зор чарбага ээ болгон чиркөө княздарынан баштап кедей календарга чейин арамза чыр-чатактардан баштап окуяларга чейин дин кызматкерлери болуп эсептелет. Дин кызматкерлери кадимки маанидеги сословие болуп эсептелген эмес, анткени ал калктын бардык катмарлары үчүн ачык болгон. Кээде белгилүү уруудан чыккан адам жөнөкөй эле монах болгон, ал эми дыйкандан чыккан кээ бир адамдар атактуу даражага жетишкен учурлар болгон.Бул адамдарды кандай максат бириктирген? Алардын бардыгы кубаттуу бир уюмга кирип, бул уюм орто кылымдын идеологиясы болгон христиандыкка байланышкан бардык нерселерди контролдоп турган. Биз ошол жөнүндө атайын сөз кылабыз, бирок анын алдында дагы бир маанилүү учурга токтолобуз[8].

Орто кылымдын маданияты Европада XI-XV кылымдарга туура келет. Орто кылымдагы маданият биздин доорго алгачкы общиналык доорго караганда жакын болот. Дин орто кылымдарда адамдардын акыл-эсин жана сезимдерин бийлеп алган. Адам кудайга жана периштелерге ишенбей туруп, дүйнөнү түшүндүрүп бере алган эмес. Европада, кайсы өлкөсүндө болбосун балдарды латын тилинде окутушкан.

Кол жазма китептерди жазышкан. Скульптура, живопись, адабият, архитектураларды өнүктүргөн. Античный искусстводон айырмаланып орто кылымдагы сүрөтчүлөр ой сезимдеринин байлыгын ачып берүүгө умтулушкан. Сүрөтчүлөр көп учурларда адамдарды алсыз денелүү азапка баткан өңдүү кылып тартышкан.

---

[8] “Адам жана коом” II бөлүк, Бишкек 1992. 95 б.

Орто кылымдарда скульптура архитектура менен ажырагыс бирдикте болгон. Соборлордо кудайды екископторду жана королдорду көрсөткөн. VIII-IX кылымдарда Байыркы илимпоздор менен жазуучулардын көп чыгармалары көчүрүлүп жазылган. Алар биздин күндөргө чейин жетип, маданиятка салымын кошуп турат.

Батыш Европада, XI-XV кылымдарда храмдар курулуп, готикалык деп аталышкан. Бийиктиги 150 метрден бийик болгон. Египеттик пирамидалардан да бийик болгон. Ошол мезгилди «Романдык курулуш» деп аташкан (Римди – «Рома» дешкен. Латын тилинен алган).

XV кылымда Европада адабий чыгармалар пайда боло баштайт. Европалыктар ыр менен жазылган кыска күлкүлүү чыгармаларды жакшы көрүшкөн. Ал чыгармалардын каарманы көбүнчө куу, эпчил, шайыр, амалдуу шаардык дыйкан болгон. Европанын шаарларында ондогон жылдардын ичинде маданиятка чоң салым кошушкан. Адабиятта эзилип, мүңкүрөгөн эл өзүнүн мекенине болгон сүйүүсүн жана феодалдык эзүүгө каршы наразычылыгын билдирген. Поэмаларда, мисалы: адамдар айбандар түрүндө көрсөтүлгөн: аюу- жалкоо ири феодалы, карышкыр-олжо издеп жутунган каардуу рыцарды, түлкү – акылдуу, амалдуу шаардыкты билдирген. Ал эми поэмада короз, коён, үлүл – кедейлерди сүрөттөгөн.

Европада илимий билимдердин өнүгүшү орто кылымдарда астрология жана алхимия сыяктуу өздөрүнө мүнөздүү бөтөнчүлүктөрү бар илимий өнүккөн. Астрологдор жылдыздарга карай келечекти аныктоого болот дегенди аныктаган. Корольдор, саякатчылар бир ишке киришерден мурда эң оболу астрологдор менен кеңешкен. Алхимиктер кандай металлды болбосун алтынга айландырууга мүмкүндүк берүүчү “сыйкырдуу ташты” издөө менен алек болушкан. Астрологдор менен алхимиктердин максаттары канчалык фантазиялуу болбосун, алардын байкоолору астрономия жана химия боюнча билимдин маданияттын топтолушуна көмөк берген. М.: Алхимиктер боёкторду, металл кошулмаларын, даары заттарын, химиялык приборлорду жасашкан. Аба-ырайына, жаныбарларга, өсүмдүктөргө байкоо жүргүзүшкөн.

XV кылымда Европада 67 университет болгон. Римде, Грецияда, Парижде, Италияда, Оксфорд (Англияда), Прагада, Полынада, Краковдо ж.б. жерлерде өнүккөн. Шаарлардын өсүшү менен чиркөөнүн мектепке бийлик кылышы бошоңдогон. Билимдүүлүк

акырындык менен феодалдар менен шаардыктардын арасына тараган. Университеттерде закондорду, медицинаны үйрөтүшкөн. Алгачкы орто кылымдарга салыштырганда XV кылымда мектеп, илим жана искусство алга карай чоң кадам шилтеген.

Корольдор да, албетте, феодалдар жана рыцарлар болушкан. Бирок орто кылымдын шарттары аларды өзгөчө абалга койгон. Биринчиден, феодалдык бытырандылыктын шарттарында феодалдар көп учурларда корольдор үчүн колдоо болбой, душман катарында болгон. "Сени ким граф кылды эле?" – деген корольдун суроосуна кээ бир кежирлер: "А сизди, улуу урматтуум, ким король кылды эле?" – деп жооп берген.

Корольдор шаарлардын жардамы менен ак сөөктөргө каршы күрөшүп, сооданын жана кол өнөрчүлүктүн борбору катарында шаарларды колдогондугу бизге белгилүү. Мына ошентип, шаардыктардын "ак ниеттүү корольго" ишеними бекеринен пайда болгон эмес.

Дыйкандар жөнүндө болсо, маселе татаалыраак. Король кандай гана болсо да, феодал да ошондой болгондугу белгилүү. Ошондой болсо да, мисалы Францияда крепосттук укукту жоюнун демилгечилери корольдор болгон. Ыйык Людовик дыйкандарды бүткүл кыштактары менен эркиндикке чыгарган. Дыйкандар буга чын жүрөктөн алкыш айтышкан. Крестүүлөрдүн жортуулунда король туткунга түштү деген кабар келгенде түштүктүн бардык дыйкандары ага жардам берүүгө көтөрүлгөн.

Мындан тышкары, бүткүл өлкө жана бүткүл эл корольго кудай тарабынан тапшырылган деп эсептелген, ошондуктан король өз милдеттерине олуттуу мамиле кылууга тийиш болгон.

Корольдук бийлик өзүнүн мааниси боюнча феодалдык болуу менен бирге таптык таламдардан жогорку абалда болуп, бүткүл коомдун тең салмактуулугун жана туруктуулугун камсыз кылган.

Ал эми чиркөө жөнүндө болсо, биз аны жакшы көргөндүгүбүзгө же жаман көргөндүгүбүзгө карабастан, орто кылымды чиркөөсүз көз алдыга келтирүү мүмкүн эмес. Анын маанисин толук аныктоо үчүн ал кезде христиан дини кандай роль ойногондугун түшүнүүгө аракет кылабыз.

Христиандык жана анын ролу. Орто кылымдан бери бир нече кылымдар өткөндүктөн ошол доордогу адамдардын кудайга ишеними

канчалык болгондугун түшүнүү кыйын. Ал кезде кудайга ишенүү рыцардык идея сыяктуу эле "эң сонун турмушка" умтулууну көрсөткөн. Адамдын туулушунан өлүмүнө чейин бүткүл өмүрүнүн бардык тараптарын, анын ар бир кадамын аныктаган.

Орто кылымдагы адамдын көз карашы боюнча, дүйнөдө "кудайдын" күчтөрү менен "шайтандар" ортосунда күрөш жүрүп турган. Бул күрөш үч деңгээлде жүргөн: 1. Периштелер менен шайтандар ортосунда; 2. Ак ниеттүү христиандар менен бутпарастар ортосунда; 3. Ар бир адамдын өз ичинде, анткени кудай жакшылык менен жамандыкты тандоого эркиндик берген.

Биз табияттан тышкаркы деп атаган күчтөр орто кылымдагы адам үчүн чындык болгон. Ар кандай кубанычка, ар кандай кайгыга ошол күчтөр катышат деп эсептешкен. Түрдүү сословиедеги адамдарда көзү ачыктар болуп, алар периштелерди, Мария Кызды, Христти ж.у.с. көрүшкөн. Ошондой эле мастандар жана сыйкырчылар шайтан менен келишим түзгөндүктөрү жөнүндө кыйноосуз эле моюндарына алышып, анын тышкы кебетесин сүрөттөп айтышкан. Бул түшүнүктүү, анткени адам көргүсү келгендерди "көргөн". Христиандык дүйнөнү душмандар тарабынан курчалып, өз ичинде жашыруун душмандары болгон шаар катарында көз алдыга келтирүү дайым коркунучту туудурган.

Ошол доордун бардык маанилүү окуялары христиан дини менен бекем байланыштуу. Кресттүүлөрдүн биринчи жортуулу "Бул кудайдын эрки"! – деген ураан алдында болгон. "Бутпарастардын ниети жалган, христиакдардын ниети туура", – деп, Роланд арабдарга каршы согушка даярданып жатып кыйкырган. Крест жүрүштөрү экономикалык себептер менен канчалык түшүндүрүлсө да, аларга катышуучулардын көпчүлүгүнүн диний терең ишенимдери болбогондо, ал жүрүштөрдүн эч качан болмок эместиги бүгүнкү күндө анык болуп отурат.

Корольдор диний ыйык жерлерге шаарларды алмашкан. Каарман рыцарлар дин үчүн салгылашкан. Календер-монахтар "Христиан урматына" өздөрүн (Христиан урматына" өздөрүн кыйнашкан. Дыйкандар "жерде кудайдын бийлигин" орнотуу үчүн көтөрүлүшкө чыгышкан. Ак сөөк айымдар оорулуу кедейлерди багышкан, анкени жардылар – "байлардын жана ак сөөктөрдүн кудай алдындагы коргоочулары" – деп эсептелген. Христиан дининин көп насааттары бузулуп турган, буларга зыян келтирген эмес. Адам канчалык көп

кылмыш жасаса да, сөзсүз жазаланышы жөнүндөгү ой аны кайгыга салган, (ал эми күнөөсүн кечирбей туруп өлүү мүмкүндүгү өлүмдүн өзүнөн да коркунучтуу болгон.

Ошону менен бирге орто кылымдагы христиандыкта үч деңгээлди бөлүп көрсөтүү мүмкүн:

1. Чиркөөлүк христиандык. Чиркөө бүткүл христиандыктын жүзүн жана анын негизги сенаттарын (“сокур ишенимдин" милдеттүүлүгү, турмуштун максаты катарында жанды сактоо, олуяларга сыйынуу ж.у.с.) аныктаган.

2. "Рыцардык" христиандык. Христиандыкта рыцардыкка согуштук кырдаал бир кыйла жакын жана түшүнүктүү болгон. Христтин: "Мен силерге тынчтык эмес, кылыч алып келдим”, – деген сөздөрүн алар сөзмө-сөз түшүнүшкөн, бул жагынан аларды чиркөө колдоп, дин үчүн күрөшүүнү ар бир адамдын парзы деп жарыялаган. Кресттүүлөрдүн жортуулунун убагында пайда болгон аскерлик-монахтык ордендер рыцардык жана христиандык бир кыйла толук дал келиши болуп эсептелген. “Эң сонун айымды” урматтоо сапаты да кандайдыр бир даражада христиандыктан, атап айтканда, Мария кызга сыйынуудан келип чыккан.

Мисалы, жомоктордун биринде рыцарь шайтан менен келишип, кудайдан кечет, бирок кудай энесинен кечүүдөн таптакыр баш тартат. Ал эми дагы бир жомокто Мария кыз бир ак сөөк уланга келип, аны өбөт жана аны өзүнүн рыцары деп атайт.

3. Карапайым элдин христиандыгы, мында чиркөө окуусу, бутпарастык жана ырым-жырымдар аралашып кеткен. Бутпарастыктын негизги майрамдарын христиандык майрамдарга айландыруу менен чиркөө бутпарастыкты жойгон эмес. Ошентип, көптөгөн христиандык салттарды эл варвардык дуба, катарында кабыл алышкан. Мисалы, чиркөөдө сыйынуу убагында убакыт токтоп калат да, адам картайбайт деген ишеним болгон. Түштүк Германияда орун алган салт боюнча ыйык Урбандын күнүндө күн бүркөлгөндө анын сүрөтүн ылайга ыргытышкан. Ушулардын бардыгы типтүү варвардык көз караштар болуп, аларды жасоо менен адамдар кудайга убакытка ж.у.с. таасир көрсөтүшөт деп эсептеген. Карапайым элдин христиандык дининде сыйкырдуу күчтөр адам сыяктуу болуп көз алдыга келтирилген. Мисалы. Христос шалаакы монахты тээп жибериши мүмкүн деп эсептелген. Ал эми кандайдыр бир шаардык адам же дыйкан эси жок шайтанды алдап коет деп ишенишкен.

Динди мындай түшүнүү кээде терс натыйжаларга да алып келген. Мисалы, 1000 -жылдарда Умбриянын (Италия) шаарларынын калкы ыйык Ромуальддын календеринин сөөгүнө ээ болуу үчүн аны өлтүрүүнү ойлошкон.

Желмогуздарга каршы карапайым калктын жүргүзгөн аңчылыгы да ырым-жарымдардын коркунучтуу натыйжасы болуп эсептелген.

Жалаң гана дин коомдук турмушка тасир этпестен, турмуш да динди кабыл алууга таасир көрсөткөн. Мисалы, рыцарлар тиги дүйнөнү вассалдык категорияларда көз алдыга келтиришкен (роланд өлүм алдында оң жактагы кол кабын жогору көтөрөт, аны архангел кабыл алат. Ошентип, ал жаңы сеньорго ант берет). Ал дыйкандык диний секталардын биринде шайтан өзүн ээрчиген периштелердин салыгын азайтууга убада кылгандыгы менен анын Кудайга каршы жаңжалы түшүндүрүлгөн.

Адамдын өмүрүнүн бардык эң маанилүү учурлары (туулушу, никеге кириши, рыцарлыкка арналышы, өлүмү) христиандык менен байланыштырылган. Ал адамдын ишмердигинин бардык тармактарына таасир көрсөткөн. Христиан дини ушул цивилизациянын өзүнчө бир түрдүү өзөгү болуп эсептелген.

### 2.5. Индустриялык цивилизацияга өтүүдөгү цивилизация

Өнүгүүнүн индустриялык фазасына өтүү мезгилинде европалык цивилизациянын кээ бир белгилерин карап көрөлү.

Коомдук прогрессти тездетүү шарттары. Түрдүү мезгилдерде техника түрдүүчө ылдамдык менен өнүккөн.

Орто кылдымдын аягында адамзат илимий-техникалык өнүгүүнүн жаңы дооруна кирген. Бул – географиялык улуу ачылыштардын, илимдеги гуманисттик идеялардын пайда болуу мезгили болгон. Ошону менен бирге бул – эң эле кандуу жана ыплас методдор менен жүргүзгөн капиталды алгачкы топтоо мезгилинде болгон.

Европада, андан кийин андан тышкары жерлерде коомдук турмушта маанилүү өзгөрүштөрдү даярдаган эң маанилүү техникалык ойлоп чыгаруулар катарында компасты, мылтык дарысын, китеп басмасын, автоматтык сааттарды атоо мүмкүн.

Компас кытайларга III кылымдан баштап белгилүү болгон, ал эми XIV кылымдан баштап европалыктардын эң маанилүү навигациялык

куралы болгон. Кемелерди компас менен жабдуу мурда белгисиз болгон өлкөлөрдү ачууга, бүткүл дүйнөлүк тарых журуп жаткан жерлердин тегин кеңейтүүгө мүмкүндүк берген.

Саат да адамдарга көптөн бери эле белгилүү болгон. Суу сааттары VIII кылымдын эски куралдары катарында эсептелген. XIII-XIV кылымдарда көптөгөн европалык шаарлардын мунараларында убакытты согуу менен билдирген саattar пайда болгон. Столго коюлуучу саattar XV кылымда, андан кийин чөнтөк саattar пайда болгон. Саattar жаңы замандын белгиси болуп эсептелет. Өндүрүштүк жана турмуштук иштердин жүрүшүнүн өзгүрүшүнө байланыштуу адамдар убакытты баалоону үйрөнүшкөн. Технологиялык айрым процесстерди жүрүшүн ченөө талап кылынган мануфактуралык өндүрүштүн өнүгүшүнө байланыштуу механикылык саattarды пайдалануу өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошону менен бирге убакытты так өлчөө мүмкүндүгү илимий тажрыйбалардын жана байкоолордун өнүгүшүнө зор таасир көрсөткөн. XV кылымдын орто ченинен баштап Европада туруктуу колдонула баштаган китеп басып чыгаруу иши билимди тез жайылтууга, китеп басып чыгарууга чиркөөнүн монополиясын биротоло жоюуга көмөк көрсөткөн.

Мылтык дарысын пайдалануу (бул да адегенде Кытайда VIII-IX кылымдарда ачылган) коргонуу курулуштарына жана рыцарлардын соот-шаймандарына каршы ийгиликтүү күрөшүүгө мүмкүндүк берүү менен башка өлкөлөр менен элдерди жеңип алууну да жеңилдеткен.

XV кылым тарыхта бурулуш кылымы болгон, ушул кылымда дүйнөдө Европанын гегемониясы орнотула башталган. Бул иш Борбордук жана Туштук Америкада, Мексикада испандыктар тарабынан башталган. Ал эми XVII кылымда португалдыктар Африкада алгачкы колонияларды түзүшкөн. Андан кийин Голландиянын, Англиянын, Франциянын суучулдары менен копостору колониялык согуштарга кошулушкан. Колониялык басып алууларда талоончулук жана соода айкалыштырылган, соода көп учурларда өтө адилетсиз болуп, европалыктар үчүн пайдалуу болгон. "Америкада алтын жана күмүш кендеринин ачылышы, кендерде жергиликтүү калкты кул катарында пайдалануу жана тирүүлөй көмүү, Ост-Индияны каратып алуу жана талоо боюнча жасалган алгачкы кадамдар, кара түстөгү адамдарды кармоо боюнча африканы корук талаасына айландыруу – өндүрүштүн капиталисттик доорунун башталышы ушундй болгон"[9].

---

[9] Маркс К., Энгельс Ф.Чыг., 23-т. 760-б.

Метрополияларда капиталды алгачкы топтоонун ыкмаларында жакшы болгон эмес. Англияда XV кылымдын аягынан баштап XVIII кылымдын аягына чейин бул процесс классикалык формада жүргүзүлгөн. Жүн кездемелерин өндүрүүдө мануфактуранын өнүктүрүлүшү кой чарбасын пайдалуу тармакка айландыргандыгы белгилүү. Ошондуктан феодалдар жайыттарды кеңейтип, общиналык жерлерден дыйкандарды кууп чыгуу менен ал жерлерди ээлей башташты. Мамлекет общиналык чиркөөлүк реформациянын жүрүшүндө монастырлардын жерлерин иштетүүсү дыйкандар жерсиз пролетарийлерге айландырылды. Андан кийин мамалекеттик жерлер талоонго дуушар болду. Ал жерлер белек кылып берилди, өтө эле арзан баалар менен сатылды, менчик жерге кошулду. Жакырланган адамдар жер кыдырып, кайырчылык кылууга мажбур болушту. Мамлекеттик бийлик закон артынан закон кабыл алып, алардын тагдырына кийлигишти. Закон жолу менен ырайымсыз зомбулукту колдонуу аркылуу жакырланган дыйкандар эмгек базарына алып баруучу тар жолго айдап киргизилди.

## 2.6. Кайра жаралуу доорундагы цивилизация

Кайра жаралуу доору болжол менен XVI-XVIII кылымдарда болгон. Жаңы ой жүгүртүү маданият жөнүндө идея айтылган. Эгерде орто кылымда кудай менен байланышкан идея четке кагылып, өзүн, биринчи жолу эркин сезип, искусство, живопись жана башкалар өрчүгөн. Италиялык сүрөтчү  болгон, ал инженер, зергер, сүрөтчү, музыкант болгон. Антикалык доорунун үлгүлөрүнө кайрылган. Ошолорду кайра жандантат. Мына ошон үчүн кайра жандануусун айтабыз. Адам баласынын чыгармадагы окуусу, маданияты жогорку деңгээлге жеткен. XVIII кылымдын орто ченинде XIX кылымдын башында бир кыйла философ болгон. Ал маданият жөнүндө мындай деген: "Мен акыл ой жүзүнөн кийин мен тирүүмүн" деген. Билим күч Декарт деген да философ болгон. Агартуунун доору башталган. Бирок булар деле философтордун акыл-эс үйрөнүүгө аракет кылган. Гертен, Вольтер. Гертен-немец философу XVII кылымдын башында жашаган. Маданият жөнүндө концепсиясы болгон. "Адамдардын философторунун тарыхында идея" деген китебин жазган. Маданият адам баласы эмгек кылган жерде чексиз жашайт. Чыгарманын таланты менен байланышат. Гертендин идеясын уланткан философ Данилевский, бүтүндөй өсүп өнүккөн нерсени маданият менен байланыштырган. Маданият жети мезгилден турат деген.

1. Материя жылуулукту, отту, абаны, жарыкты, сууну, жерди, ааламды электормагниттик күчүн киргизген.
2. Уюм бул жер деген анын кыймыл закону.
3. Уюм жансыз заттар.
4. Уюм өсүмдүктөрдүн дүйнөсү.
5. Уюм жаныбарлар дүйнөсү.
6. Уюм акыл эс жана ойлоо.
7. Уюм дүйнөлүк жан.

Комплекси чогулуп келип келечектеги маданиятты түзөт. Маданият түзүлүш үчүн адам коомдук тили да керек. Тил бардык мезгилде бири-бири менен байланышкан өзүнчө көпүрө деген. Тил маданиятын түзүүдө транслияция милдетин аткарат. Маданият калыптанышында тил тарбиялык ролду ойнойт. Тил маселеси адамдын аң-сезимин ойготот. Маданият тарыхый процесс менен коомдук өнүгүш менен айкылышып тарыхый процесстин ролун аткарат. Адам баласы жаратылышка келгенден кийин маданият менен айкалышып өсүүгө милдеттүү деген. Адам баласы жогорку деңгээлдеги маданий нерсе. Адамды кемсинтүүгө эч кимдин акысы жок. Маданияттуулукту түзүүдө биринчи орунга адамдын нравалык жолун койгон. Шиллер өзү жашаган дооруна концепсиясы менен каршы болгон. Искусство радикалдуу өнүксө эски феодалдык нерселерди жеңип чыгат деген. Сулуулук менен ак пейилдик пропаганда кылат. Искусство, поэзия адамды жогорку деңгээлде көтөрөт. Искусствону биринчи орунга койгон. Эгерде эстетикалык тарбияны билбесек, эркиндикти, сулуулукту баалай билбесек маданият жаралбайт. Адамдын жеке керт башы үчүн сулуулук акыл-эстүүлүккө тарбиянын шарты болуш керек. Маданиятты күч жаратат. Руханий маданияттын өсүп өнүгүүсүн, закон ченемдүүлүктү жогорку коет. Маданият базасы катарында карайт, коомдо калыстык жана теңдик пайда болот.

Кайра жаралуу доор европалык тарыхтын маанилүү учурларынын бири, мейкиндик жана убакыт боюнча орун алып келген чет араларды бузуунун уникалдуу мезгили болгон. Ал жаңы дүйнөнүн ачылышына жана байыркы дүйнөнүн кайталап ачылышына дал келген.

Капиталисттик укладдын өнүгүшүнөн келип чыккан тарыхый жылыштар орто кылымдагы адамды өз сословиеси менен байланыштырган сапаттарды жана эч кандай кырдааларда өзгөрбөгөндөй болуп көрүнгөн социалдык ролду начарлатты. Шаарлардагы өзгөрүштөр өзгөчө белгилүү болду, мында байлыктар тез

топтолуп, үй-бүлөнүн социалдык абалын өзгөрттү, ал эми кээде капиталдан ажырап, толук жардыланган учурлар да болду.

Орто кылымдын мезгили өтүп бара жатты. Шаарлар жана шаарлардагы кол өнөрчүлүк байланыштар улам барган сайын көбүрөөк мааниге ээ болуп, Феодализм акырындап алыстоо менен, жеке менчик өндүрүштү түзүүгө, жумушчу күчүн эксплуатациялоо жагынан кызматкерди пайдаланууга багытталды. Чарбалык жана саясий турмуш кызуу жүргүзүлгөн шаарлардын демократиялык чөйрөсүндө адамдын кадыр-баркы жөнүндө жаңы түшүнүктөр пайда болду. Адам күнөөсүн кечирүүгө өз өмүрүн арноого милдеттүү болгон ар кандай кемчиликтери бар макулук катарында эмес, жакшы турмушка укуктуу болгон эркин адам катарында каралды. Жер үстүндөгү кубанычтардан курулай баш тартуу эмес, рухий жана материалдык ыракаттануиларга жык толгон турмуш адамга татыктуу деп эсептелди.

Жаңы идеалардын демилгелери болуп ар түрдүү соода жана өнөр жай фирмаларындагы кызматчылар, мамлекеттик жана шаарды башкаруу органдарынын чиновниктери, мугалимдер, дарыгерлер, сүрөтчүлөр, сульпторлор, акындар ж.у.с. эсептелди. Жаңы идеалардын жана баалуу сапаттардын туруктуу жана тыгыз өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында Кайра жаралуу доорунда улуу ойчулдар пайда болуп, эң баалуу сапаттар түзүлдү.

Кайра жаралуу доорундагы көрүнүктүү ишмерлердин ысымын ким билбейт? Алар жөнүндө тарых окуу китептеринен гана эмес, башка китептерден да белгилүү. Бирок Кайра жаралуу доорундагы турмуштун башка тарабы жөнүндө азыраак айтылат. Астрология жана дубалоо Кайра жаралуу доорундагы турмуштун ажырагыс бөлүгү болгон. Бул болсо, наадандык эмес, жаратылыштын сырдуу күчтөрүнө ээ болууга умтулуудан келип чыккан. Кайра жаралуу доорунда өлгөн адамдын сөөгүнө төлгө салышкан, жин-шайтандарды чыгарышкан. Имараттарды курууда дубаларды окушкан, кургакчылыктарда жаан чакыруу үчүн эшектерди жерге көмүшкөн, арбактарга, көз тийүүчүлүккө ишенишкен, хиромантияны пайдаланышкан ж.у.с. аракеттерди жасашкан.

Авантюризм жана ар түрдүү окуяларга умтулуучулук адамдын сезиминин дагы бир жаңы көрүнүшү болгон. Мисалы, поэмалардын биринин каарманы каардуу Орландо (XV кылым) жакырларга жана азап чеккен адамдарга жардам берүүгө умтулуп, адамдык акыл максаттарды көздөө менен, өзүнүн саякаттарында ар түрдүү укмуштарга кезигет, акыл-эсинен ажыраганга чейин чексиз сүйүүгө дуушар болот, кыялы

менен Айга саякат кылат ж.у.с. Поэмада сүйүү ичимдмктери, сыйкырдуу шакек, сүйлөөчү дарактар, аскалар ж.у.с. баяндалат. Мына ушулардын бардыгы толук чындык катарында кабыл алынган.

Атеизм кайра жаралуу доорундагы адамдар үчүн мүнөздүү болгон эмес, бирок көз караштардын чиркөөгө каршы багытталышы так ушул доорго мүнөздүү болгон.

Орто кылымдан чыгып келе жаткан коомдун турмушунда көп учурларда гуманизм жана ээн баштык, өз билгенин кылуучулук, ырайымсыздык аралышып кеткен. Атактуу Лоренцо Медичи (1449-1492-ж.) искусство менен илимдие улуу колдоочусу болсо да, кыздардын себин тартып алган, адамдарды өлтүргөн жана аскан, ууга жана бычакка байланышкан чыр чатактардан да оолак болгон эмес. Цезарь Борджиа (1475-1507) атактуу ойчул Макиавели үчүн (1469-1527) идеалдуу падышанын үлгүсү болгон, ал саясий талантка, иштеги ырааттуулукка жана шыктуулукка, ырайымсыздыкка жана токтоолукка ээ болуп, өз кезегинде Леонардо да Винчи (1452-1519-ж.) колдосо да, бир тууганын өлтүргөн, аталаш тууганына уу берген, мындан башка да өлтүрүүлөргө барган.

Кайра жаралуу доорундагы ишмерлердин өздөрү да (азыркы адептүүлүк көз караштар менен караганда) анчалык идеалдуу болгон эмес: алар согушуп, дуэлдерге атышкан, бири-бири менен тең тайлашкан, кордоолор жана өз ара айыптоолор менен айтышкан.

Биздин сезимибизде Ренессанс менен сейрек байланыштырылган дагы бир фактыны эске түшүрөлү. Инквизация официалдуу түрдө Испаннияда 1480-жылы, Италияда 1542-жылы пайда болгон. 1598-жылга чейин 150 жыл ичинде Испанияда, Германияда, Италияда 30000 адам өлтүрүлгөнү эсептен чыгарылган.

Адамзаттын бардык доорлорунда кылмыштар жасалып келген. Орто кылымдарда кылмыштар жасалып, ал үчүн адамдар өкүнүшкөн. Ал эми Кайра жаралуу доорунда адамдар эң эле оор кылмыштарды жасоо менен ага өкүнүшкөн эмес, анткени алар калыстык кылууну кудайдан эмес, башка адамдардын пикиринен күтүшкөн. Ошентип, кудай алдындагы коркунучтуу эске албаган башкача этика, толук граждандык этика пайда боло баштаган. Буга Леон Батиста Альбертини (1404-1472-жж.) трактаттары буга мисал болот. Кайра жаралуу доорунун ишмерлеринин белгилүү биографы Дж. Вазари ал жөнүндө төмөдөгүдөй жазган: "Леон Батиста адептүү адам болгон, бардык адамдар менен сүйкүмдүү жана сылык мамиле кылган, ал өзү өмүрүн

татыктуу жана асылзат адам катарында жашап өткөн, улгайган куракка жеткенде өзү жөнүндө жакшы даңк калтырып, ыраазылык жана токтоолук менен жакшы турмшка жеткен". Өзүнүн тракаттарында Альберта адамдын өз дененсин жана убакытты башкаруусу жөнүндө жазган. Адамдын денеси соо, бекем жана көрктүү болууга тийиш (бул орто кылымдагы идеалардан алыс турат) деп эсептеген. Адам өзүнүн ынтызарлыгын башкарып көрө албастык менен өзүнүн камырабастыгын бузбоого, көңүлүнүн дайым жайдары болушун сактоого тийиш деп ойлогон. Анын пикири боюнча убакытты акыл-эстүүлүк менен бөлүштүрүп, аны эмгекке арноо керек. Эмгек оор болбоого тийиш, мында ченемди билүү керек. Үйдөгү буюмдар ашыкча кооз болбостон, жөнөкөй, ыңгайлуу жана жакшы сапатта болууга тийиш, анткени сапаттуу буюмдар бекем болот да, көздү кубандырат. Жалаң гана эмгек менен эмес, сарамжалдуулук менен да байлыкты арттыруу адамзаттын табигый максаты болуп эсептелет. Чыгымдары зарыл болгон жана зарылчылыгы жок чыгымдарга бөлүү керек. Зарылчылыгы болбогон чыгымдар жол берилүүчү жана ыксыз чыгымдарга бөлүнөт. Үйдү, жерди күтүүгө, иштерди жүргүзүүгө жумшалуучу, башкача айтканда, үй-бүлөнүн зарыл шарттарын жана коомдогу анын татыктуу абалын камсыз кылууга жумшалуучу чыгымдар зарыл чыгымдарга кирет. Үй-бүлөнүн жана мекендин кызыкчылыгы үчүн марттыкка жол берилиши мүмкүн. Күмүштү, кооз килемдерди, заттарды, китептерди, кийим-кечелерди сатып алууга жумшалуучу чыгымдарга жол берилбейт. Сатып алуудан баш тартып алуу үчүн, же аны жакшылап ойлонуу үчүн бул чыгымдарды болуп коюу керек: мындай учурда чыгымдар азыраак болуп, ал эми ыракаттануу көбүрөөк болот. Арам тамактарды жана кошоматчыларды күтүүгө жумшалган чыгымдарды ал ыксыз чыгымдарга киргизген. Сарамжалдуулуктуу Альберти көз карандысыздыктын шарты катарында караган. Сараңдык менен ыксыз марттыктын ортосундагы абалды ээлөө керек. Чыгымдарды ыгы менен жумшоо – ушундай орточо абалга ылайык келет. Акчаны чарбакка жана башка иштерге жумшап, карызга берүүдөн оолак болуу керек. Адамга, анын зор мүмкүндүктөрүнө ишенүү – орто кылымга таандык болбогон белги болот. Адамда кандайдыр кудай жараткан сапаттар бар. Адамдын активдүүлүгү чексиз. Бирок адам өзүнүн мүмкүндүктөрүн ишке ашыруу үчүн бардыгын башкарып, өз пайдасына айландырууга тийиш. Адамдын активдүүлүгү диний шарттарга байланышпайт. Адамдын-максаты бардыгы жетиштүү болуп, сүймөнчүлүккө айланадагылардын урматтоосуна ээ болгон жакшы турмушка жетиштүү болууга тийиш.

Альберти адамды бекерчиликтен, жекече пайда көрүүдөн, тажаалдыктан оолак болууга үндөйт.

XVI кылымда Батыш жана Борбордук Европада католиктик чиркөөгө каршы жүргүзүлгөн социалдык-саясий жана идеологиялык кыймылга катышуучулардын составынын кеңири жана татаал болушу да жаңы сапаттардын түзүлүшүнө байланыштуу болгон. Бул кыймылдын идеологдорунун көз карашы боюнча адам өзүнүн жанын сактап калуу үчүн чиркөөнүн далдалчы болушу керектелбейт, бул үчүн ар бир адамдын ички ишеними гана керек болот, – деп эсептелген.

Ушул реформациянын натыйжасында бир катар өлкөлөрдө католиктик чиркөө өзүнүн монополдук абалынан ажыраган, же мамлекеттик бийликке көбүрөөк көз каранды болуп калган. Рухий диктатура бузулган.

Кайра жаралуу доорунун нравалык идеалары пуритандардын (латындын purus – таза деген сөзүнөн) элдик этикасы боюнча өнүгүп, өзгөрө баштаган. Сарамжалдуулук, эмгекти сүйүүчүлүк, байлыкка умтулуу, жардыларды жек көрүү, зыкымдык анын мүнөздүү белгилери болгон. Пуритандар максатка жетишүүдө тайманбастык жана туруктуулук, диний фанатизм менен башкалардын катарында өздөрүнүн жаңылбастыгына жана артыкчылыгына ишенүү менен айырмаланган. Окумуштуу М.Вебердин пикири боюнча пуритандык этика "капаитализмдин рухун", келечектеги коомдун этикасын орнотууда бир кыйла роль ойногон.

"Укмуштуу жана акылман кылым". XVIII кылым азыркы учурдагы цивилизацияга карай жолдо маанилүү болуп эсептелген. Укуктук мамлекетти түзүүнүн жана коомдук укуктун абалынын негизинде экономикалык жана саясий бийилик акырындык менен бөлүнө баштаган, мындай болбогондо эркин алмашуулардын мамилелерин андан ары өнүктүрүү мүмкүн эмес эле, ал эми үчүнчү сословиени конституциялаштыруу кыйын болгон. XVIII кылымда Батыш Европанын жана Түндүк Американын өлкөлөрүндө өндүрүштүн капиталисттик ыкмасы орнотулгандыгы Францияда эркиндик, теңдик жана бир туугандык деген ураандар алдында Улуу буржуазиялык революция жеңгендигин тарыхта белгилүү. АКШдагы граждандык согуш буржуазиялык мамилелердин орнотулушу менен аяктаган.

Эки улуу буржуазиялык революция мамлекеттин жана граждандык коомдун өз ара мамилелеринин эки түрдүү үлгүсүн берди. Францияда революциячыл мамлекет артта калган граждандык коомду женин алып,

ага үстөмдүк кылууну орнотуу. Америкалык революция болсо, граждандык коомдун мамлекеттин көзөмөлүнөн ыраатуулук менен бошотуу идеясын койду.

Адамдын жаратылыш менен болгон өз ара аракеттешүүсүндө маанилүү өзгөрүштөр болду. Чарбалык иштер жаратылыш чөйрөсүнүн абалына улам барган сайын зыяндуу таасир көрсөтүп жатты. Калктын жалпы санына салыштырганда шаардык калк тездик менен көбөйдү. Дүйнөдө ири шаарлар, күчөгөн экономикалык турмуштун борборлору көп боло баштады.

Техникалык жетишпегендиктердин жана технологиялардын тез өзгөрүшү, экономикалык конкуренция, адамдын өз эмгегинин натыйжаларынан оолакташы, экономикалык укуктар үчүн эмгекчилердин күрөшү сыяктуу факторлор коомдук өнүгүшүндө улам барган сайын даана көрүнө баштады. Пролетариаттын жаңыдан пайда болуп келе жаткан кесиптик кыймылы мамлекеттин саясатына таасир көрсөтүп, андан ары ал кыймылды граждандардын талаптарын макулдашуу куралына айландырууга көмөк көрсөттү.

Аралыктар кыскарып жаткандай сезилди. Эң алыскы жерлерге буу транспортунун жардамы менен барууга мүмкүндүктөр түзүлдү. Газеталардын кеңири таратылышы кабарларды алмашууну жеңилдетип жаңылыктарга жана билимге жол ачты.

Диндин жардамы менен тынчтыкка жана жандын өлбөстүгүнө жетишүүнү каалоо менен бирге атеизм пайда болуп, чиркөө кызматкерлеринин айыбын ачуу башталды. Акча, байлык, капитал жаңы сапатка айланып, аларга сыйынуу турмуштун мааниси болуп калды. Көркөмдүккө умтулуунун натыйжасында искусство ишмердигинин чөйрөсү кеңейип, эл арасына кеңири таралды.

Ушул кылымдын орто ченинен баштап ири машина өндүрүшү түзүлө баштады. Индустриялык цивилизация башталып, адамдын зор мүмкүндүктөрүнө, курчап турган чөйрөнүн олуттуу өзгөрүштөрүнө, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө революциялык жылыштарга шарт түзүлдү. Ошентип Европалык цивилизация бир кыйла өнүккөн цивилизацияга айланды.

## 3-БӨЛҮМ.

## Ата-Мекен маданиятынын тарыхы

### 3.1. Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы жана ата-салты

Кыргыздар жөнүндө биринчи маалыматтарды кытайдын тарыхый булактарынан жолуктурабыз.Тарыхый булактарда айтылгандай, кытайлар өзүнүн түндүк жагында жашаган байыркы кыргыздарды чэгундар (гянь-гунь, кигу, цигу) деп аташкан. Кыргыз элинин тарыхында кыргыздар жөнүндө алгачкы маалыматтардын берилиши чоң мааниге ээ. Бул маалыматка ылайык «кыргыз» деген этноним азыркы түрк элдеринин ичинен эң байыркы экендиги талашсыз.

Тарыхка кириш, эл оозуна алынуу оңой эместиги белгилүү. Б.з.ч. III кылымдын аягында Түштүк Сибирде гуннардын күчтүү мамлекети орногон. Ал тегерегиндеги элдерди, уруулук бирикмелерди каратып алуу саясатын жүргүзгөн. Гунндардын башкаруучулары кыргыздар менен согушууга туура келген. Алардын саясий-экономикалык турмушунда кыргыздар белгилүү ролду ойногон.

Энесайлык кыргыздар жарым көчмөн мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен комплекстүү чарба жүргүзгөндүгүн айтуу керек. Ошондуктан алардын материалдык маданияты да көп формалуу болгон. Байыркы кыргыздардын материалдык маданиятына кирген турак-жайы, турмуш-тиричилиги, кийими, курал-жарагы, тамак-ашы, транспорту белгилүү деңгээлде өнүккөн болгон. Материалдык маданияттын өнүгүшүнүн негизинде, албетте адамдардын керектөөсү жатат. Адам өзүнүн керектөөсүн канааттандыруу үчүн өндүрүүгө мажбур. Бул өзү мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Энесайлык кыргыздар аймактын шартына жараша 3 типтүү үйлөрдө жашашкан. Негизгиси, албетте, кыргыз үйлөрдү салышкан. Айрымдары алды каркастуу алты бурчтуу үйлөрдө жашашкан. Алардын турган турак-жайлары да ар түрдүү типте болгон. Жайында бир жерден экинчи жерге тынбай жылып, дайыма токтоочу конуштары жана туруктуу жашоочу ири турак-жайлары жана кыштоолору болгон.

Байыркы энесайлык кыргыздарда көл өнөрчүлүк, исскуство жакшы өнүккөндүгүн ырастаган предметтер археологиялык казуулардан көп табылат. Атайын жылмаланган тактайларга аңчылыкты, жылкы айдоону, душман менен салгылашып жаткан моменттерди эң чеберчилик менен тартылган сүрөттөр да көп учурайт.

Биздин эранын алгачкы кылымдарында энисейлик кыргыздар өз алдынчалыкка жетишип ал кыргыз мамлекети деп аталган. Мамлекеттин башында “ажо” деген титул менен башкаруучу турган. Мамлекеттин өзүнүн символикалары туулары болгон. Мамлекет башчысынын баш кийими башкалардан айырмаланып, алтын менен жээктелген чокчогой баш кийимдерди кийишкен. Кан сарайда кыргыз туусу желбиреп турган. Ошол мезгилде Кыргыз мамлекетинин жүз миңдеген калкы, эң мыкты куралданган сексен миң жоокери жана найза менен куралданган атчан аскерлери болгон. Армияда тартип күчтүү болгон жана коркокторду өлүм жазасына буюрган.

Энесайлык кыргыздардын чарбасы комплекстүү мүнөздө болуп, айрыкча, материалдык маданияттын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Бирдей убакта мамлекеттин жарандары дыйканчылык, малчылык, тоо кендерин иштетүү, аңчылык жана балыкчылык менен оокат кылышкан. Жаратылыштан өндүрүп алуунун аталган багыттары ошол доордогу кыргыздардын материалдык маданиятын өнүккөндүгүн көрсөтүп турат.

Энесайлыктар темирди, калайды, жезди, алтынды, күмүштү жана мышьякты чалгындап, аларды өндүрө турган адамдардын атайын тобун түзүшкөн. Алар жаратылыштан аталган баалуу металлдардын кенин табышып, аларды бөлүп алуу жана иштетүү ыкмаларын билишкен. Металлдардан түрдүү нерселерди куюучу адистер жана жогорку сапаттагы буюмдарды жасоочу заргерлер болгон. Кыргыздарын курал-жабдык жасоочу усталары өзгөчө даңкталган. Кыскасы, энесайлык кыргыздардын ошол доордогу материалдык жана рухий маданияты жанаша жашаган элдерге салыштырмалуу бир топ жогору болгон.

Ар кандай эле маданияттын өнүгүү деңгээли ал элдин жаратылыш менен болгон байланышына жараша болоору белгилүү. Ошол мезгилдеги кыргыздар жаратылышта даяр эмес, анда жок нерсени эмгек жумшоо менен өндүрүп алууну билишкен. Мунун өзү адам заттын өнүгүшүндөгү чоң прогресс экендиги ырас.Тигил же бул жаратылыштан керектүү нерсени өндүрүп алууга жетишсе, анын материалдык маданияты жогору болуп, эли жетиштүү турмушта болоорун айтпаса да түшүнүктүү.

Энесайлык кыргыздардын дүйнөлүк цивилизациядан четте болбогондугун айтуу керек. Дыйканчылык, мал чарбачылык жана кол өнөрчүлүк мыкты өнүккөндүктөн анын соодасы да жакшы жүргөн.

Өзүнүн улуу коңушусу Кытай менен болгон алакасы дурус болгонун белгилөө зарыл. Ошондуктан соода байланышы бекем болуп, Кытайдын баалуу товарлары Кыргыз жергесине үзгүлтүксүз келип турган. Ал эми Кыргыз мамлекетинин соода энчиликтери Кытайга өздөрүнүн өндүргөн товарларын тынбай жөнөтүп турушкан. Кыргыздар өндүргөн товарлар Кытайда өтө жогору бааланганын белгилөө абзел.

Кырыгыздар өндүргөн байлыктар чет өлкөлүк соодагерлерди да кызыктырган.Буга мисал – Улуу Жибек жолу. Борбордук Азияны аралап өткөн Улуу Жибек Жолдун бир бутагы Кыргыз мамлекетинин аймагына бурулгандыгы бекеринен эмес.

Ишенимдүү булактардын айтуусунда, Энесайлык кыргыздар европеид түспөлүндө болушкан. Орус изилдөөчүсү Н.Я. Бичуриндин кытай булактарынан алган маалыматтары боюнча, “Кыргыздар дээрлик бойлуу, сары чачтуу, кызыл жүздүү жана көздөрү көк болгон. Алар өтө чымыркай, намыскөй жана суукка чыдамдуу болушкан. Үйлөнгөндө өтө көп калың төлөшкөн. Кийимдерди өздөрү өндүргөн жана сырттан алынып келинген кездемелерден жасашкан. Андан башка кымбат баалуу айбандардын терисинен кийим кийишкен”. Демек алар аңчылык менен да кесип кылышканынын далили. Энесайлык кыргыздардын дүйнө таанымы, айлана чөйрөгө болгон көз караштары да өзгөчө болгон. Алардын диний көз караштары ар кыл болгон. Кээ бирлери жаныбырларга сыйынса, айрымдары канаттуу куштарга же дарактарга сыйынышкан.

Байыркы энесайлык кыргыздар өлгөн адамга урмат-сый көрсөтүшкөн. Анын байлыгына жараша каада-салт карманышкан, ырым-жырымын жасашкан. Бай адамдарга чоң күмбөз курушкан, өлгөн адамды өрттөп, анын күлүн уруктук мүрзөлөргө жерди оюп, чуңкурдун түбүнө жашырышкан. Чуңкурдун дубалын жыгач же таш менен кынап чыгышып, үстүн устундар менен бекемдешкен да топурак менен жаап салышкан.

Маркумду акыркы сапарга узатууда жасалган ырым-жырымдар анын байлыгына жана коомдо ээлеген ордуна жараша болгон. Байыркылардын адатында өлгөн адамдын урматына союлган малдардын сөөгүн мүрзөгө кошо коюшканы белгилүү. Археологиялык казууларда энесайлык кыргыздардын бир мүрзөсүнөн 14 жылкынын, 58 уйдун, 25 койдун сөөгү чыккан. Бул, албетте, бай адамдын мүрзөсү экендигинде талаш жок.

Ал мезгилде кыргыздар өлгөн адамдын мүрзөсүнө малдын гана сөөгүн кошо көмбөй, анын кийген кийимин, колдонгон буюмдарын, курал жарагын кошо көмгөнүн айтуу керек. Ал турсун кымбат баалуу чепкендерди баш кийимдерди териден жасалган бут кийимдерди кошо коюшкан.

Кыргыз эли тарыхый эл болгондуктан, анын басып өткөн жолу, колдонгон материалдык жана рухий маданияты, дөөлөттөрү, аркандай тарыхый курч шарттарда алардын тарап кетүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эмес. Кыргыздар Борбрдук Азиянын кайсы гана жеринде жашабасын отурукташып калган элдер менен чектеш жашашып, алар менен бирдей эле убакта экономикалык, саясий жана маданий байланышта богондугун эч ким танбайт.

Маданияттын өнүгүшүнүн мындай мыйзам ченеми байыркы кыргыздарга деле мүнөздүү болгон. Энесай, Алтай чөлкөмдөрүндө дээрлик көпчүлүгү көчмөн жашаган кыргыздардын маданияты отурукташкан Кытайга салыштырмалуу бир топ өзгөчөлуктөргө, ошону менен бирге окшошуктарга да ээ болгон. Отурукташып калган кытай маданиятына караганда кыргыздардын маданиятынын калыптанышы жана өнүгүш чөйрөсүнүн мейкиндиги алда канча кең болгон. Учу кыйры көрүнбөгөн аймакты жайлаган көчмөндөргө баарына тектеш, баарынын мүдөөсүнө жооп берген жана баары тегиз баш ийген коомдук мыйзам зарыл болгон. Мындай мыйзамдар коомдун өнүгүшүн жана жашашын камсыз кылган.

Кыргыздар илгертен кытай менен коңшулаш жашап келгендиктен, алардын мамлекеттик түзүлүшү маданияты, тарыхы жөнүндө маалымыттар кытай булактарында чагылып калышы таң каларлык көрүнүш эмес. Кийинкисин айтпаганда да Угуз кандын Азиянын кеңдигинде курган кубаттуу мамлекетин айтса болот. Ал заманда мамлекеттүүлүктү өз алдынчалыкты сактап калуу оңой-олтон болбогондугун айтпаса да белгилүү. Бир жагынан сырткы коркунуч, экинчи жагынан ич ара гармониялуу мамиленин зарылдыгы көчмөндөрдөн көп нерсени талап кылган. Коомдук тартипти чыңдоо, ар бир атуулдун жүрүм-турум адебин, пейилин оңдоо милдеттери биринчи кезекте турган. Кыйын тарыхый шартта көчмөдөр өзүн сактап калаар күчтү өйдө сүрөгөн дем-мүдөөнү, каада-салтты көздүн карегиндей сакташкан, улам жаңы тарыхый шартка аларды ылайыкташтырышкан.

Демек, мамлекет жана аны башкаруу, уруулар ортосундагы алака, үй-бүлө, адамдардын өз ара мамилеси, алардын коом алдындагы милдети менен укугу ж.б. маселелер көчмөн коомдо мезгил шартына ылайык иштеле берген. Кийинки нормалар жаңы мазмундар менен толукталып отурган.

Байыркы кыргыздар өздөрүнүн бардык күндөлүк жашоо эрежелерин өркундөтүү жолун дайым издешкен.Алар кыргыздардын адат, салт, намыс, каада, нарк, жөрөлгө, ырасым, ырым-жырым ж.б. талаптарында топтолгон жана чагылдырылган. И.Бичуриндин «Алардын жазуусу жок, мыйзамдары оозеки айтылат» деген сөзүнүн түйүнү да ушул жерде жатканы талашсыз.Чындыгында, каада-салт ж.б. адеп эрежелери бардык эле элдерде бар экендиги белгилүү, бирок алардан айырмаланып, кыргыздардын этикалык маданияты өзүнүн көп баскычтуулугу, бийиктиги менен кескин айырмаланып турган. Эзелтен эле кыргыздар адамдардын кыймыл аракетин» жасоого мүмкүн, мүмкүн эмес» деп бөлүп келишкен. Бардыгы чогулуп келип бир универсал "Жол" деген көп маанилүү түшүнүктү беш адептик категорияларга бөлүшкөн: жэн, и, ли, чжи, син. Ч. Омураалы уулу төмөнкүдөй кыргызча варианттарын сунуш этет: Жен – Человеколюбие – адамгерчилик, адилдик, жөн. билги, ЛИ – этика, ритуал – адат, салт, И – чувство долга – милдет, ар намыс, Чжи – мудрость – дээр, акыл, Син – верность – чын, изгилдик, сый. Аталган философиялык категориялар көчмөн коомунун бардык жагдайларын жөнгө салып келгендиги, азыр да аталган талаптар биздин турмушубузда жетишпей жаткандыгы талашсыз. Турмуш көрсөткөндөй, адам коому кайсы жерде жана качан жашабасын жогоруда аталган ыйык адептүүлүк жакшы сакталган болсо, коомдо бейпилдик орноп, адамдардын мамилесинде гармония өкүм сүргөндүгүн тарых нечен жолу күбөлөнгөндүгү чындык.

Адам коому үчүн зарыл болгон беш адептүүлүк принциптер бирин бири сүйөп, бирин бири шарттап турган диалектикалык биримдик экенин белгилөө зарыл. Ошондой болсо даалардын ичинен бирөө негизги ролду ойноору айдан ачык. Калган принциптер ага көмөктөш болуп, ар тараптан аны толуктап, коомдун гармониялык абалына салым кошушат. Аталган категориялардын ичинен эң бир орчундуусу, албетте, кишидеги Адамгерчилик, Адилдик, Кыргызча тагыраак айтылышы – «Жөн билги», "Жөнүндү бил», "Жөн жүр», "Жөнү жок экен». Коомдук тартипти, адамдар ортосундагы татаал мамилени жөнгө салуу, салттын, нарктын сакталышы, намыстын корголушу,

акыл парасаттын түп багыты ж.б. мына ушулардын бары биригип келип адамдын ишенчилигин сактоого, адилдикти, калыстыкты кармоого багытталышы абзел. Ошондо гана адам коомунда тынчтык орнойт. Ар бир адамдын адамдыгы корголот, ар намысы сакталат.

Коомдук гармониянын дагы бир баскычы, жогоруда белгилегендей, адамгерчиликти, калыстыкты, адилдикти сактап коргогон ар-намыс категориясы. Ал бардык адамдардын абийирин, коомдогу анын ордун жана жолун сактоочу принцип. Ар бир адам өзүн, үй-бүлөсүн, уруусун башкалардын алдында уятка жыкпас үчүн коомдук тартипти сактоого, аны ыйык тутууга милдеттүү болгон. Ошондуктан абийир, ар-намыс бардыгына тең бирдей болуп, ата-энесин уятка калтырбоо баланын милдети болгон.Эне эркекти намыска төрөгөн ал каардуу мезгилдерде Ата Журтун коргоо ыйык деп эсептешкен. Намыс үчүн жигит кылчайбай жоого аттанган. Эне баласын «Башың кетсин, намысың кетпесин» деп уулун жоого атказган.

Кыргыздардын ата таанымында «дээр» деп аталган түшүнүк бар экендиги жогоруда айтылды. “дээринде бар бекен» ж.б.у.с. накыл сөздөр бар. Демек, “дээр” да өзүнчө бир нравалык категория. “зээн” да “дээрге” үндөш, ал да табигый акылды мүнөздөйт, акыл-эске чакырат. Ал эми адамгерчилик баарынан түптүү болгон.

Ушинтип, көчмөн кыргыздар адамдын дээрине, нукура акылына айрыкча басым кылган. Адамдын түбү асыл. “Билимдүү болмок оңой, адам болмок кыйын” деп айтышкан. Аракет жасап окуп, көп нерсени өздөштүрүп, акылдуу болсо болот. “Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич”, “Акылдуу тоону төмкөрсө, акылсыз элди көнтөрөт” деген да сөздөр бар элде. Байыркы көчмөн элдерде ойлогон кеңири философиялык система болгондугу талашсыз.

Байыркы кыргыздарда Ата-Бала проблемасы орчундуу мселелерден болгон. Ата балага эч качан жаман эмес, жаман боло да албайт деген түшүнүк болгон. Ата бала үчүн ыйык күч, түшпөс бийик катары эсптелген. Атаны кудайындай таны дейт, атадан безген Кудайдан безген менен барабар деп эсептешкен.

Илгертен эле кыргыздар баланын жакшы жана жаман тарбиядан көрүшкөнүн айтуу зарыл. Табиятынан кишинин баары эле бирдей, бирок тарбыясы менен адаты гана ар бөлөк деп эсептешкен.

Көчмөндөр байыртан «дээр» менен «тарбияга» чоң маани беришкен. Адамды тарбиялап оң жолго салса болот.Табигый сапатына табылга сапат кошуп байытса боло тургандыгына ишенишкен. Бул, албетте, чоң эмгекти талап кыла тургандыгын да түшүнүшкөн. Он жолдун негизинде Салт, Нарк, Намыс категориялары жатаарын, Нарктуулуктун бийигине жеткен адам гана жакшы болоорун, нарк билбес, салт сыйлабас, намысы жок адам жаман атка коноорун так билишкен.Чынчылдык, калыстык байыркы кыргыздардын этикалык маданиятында орчундуу орунду ээлеген.

### 3.2. Кыргызстан дүйнөлүк цивилизациянын очогу катары

Кыргыз эли байыркы эл болгондуктан, анын дүйнөлүк цивилизацияда ээлеген орду бар. Азыркы Кыргызстандын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы, адамзаттын пайда болушу жана өнүгүшүндө ойногон ролу зор экендигин тарых тастыктоодо.

Тарых штамп күбөлүгүндөй. Кыргызстандын дүйнөлүк цивилизацияда ээлеген орду өзгөчө. Аталган аймакта биринчи адамдардын ишенимдүү издери палеолит (б.з.ч. 800-100 миң жыл) дооруна туура келет. Алардын эзелки эмгек куралдары Борбордук Тян-Шанда, (Он-Арча суусу), Ысык-Көлдө (Балыкчы шаарынын жанында) жана Фергана өрөөнүндө (Лейлек районунда) табылган.

Адамдын маңызы – анын түзүүчүлүгүндө. Ал өзүнө зарыл керектүү, бирок жаратылышта даяр эмес нерселерди өзүнүн акыл-эси менен түзөт жана жаратылыштан аларды болуп алат.

Ошондуктан адамды маданият тарыхында түзүүчү деп аташат. Ал өзү жаратылышынан толук кандуу эместиги да белгилүү. Анын бардык мүмкүнчүлүктөрү жана жөндөмү өркүндөтүлгөн абалга жетпегени түшүнүктүү. Бирок адам өзүнүн жаратылышынан кемтик жактарын өзү толуктайт жана өркүндөтөт. Анын негизинде эмгек жатат, ошол үчүн «эмгек адамды жаратты» деген сөз бар.

Адам миңдеген жылдар ичинде эмгек куралдарын да, өзүн да өркүндөткөн. Жашоонун булагы жаратылыш болгондуктан, андан өзүнө зарыл нерселерди өндүрүп алуу үчүн өзү менен жаратылышты байланыштырган эмгек куралдарын дайыма өркүндөтүп келген. Өндүрүш каражаттарын өркүндөтүү менен байыркы адамдар өздөрүнүн акыл-эсин да өркүндөтүшүп, өздөрүндөгү жаратылыштан кемтик жактарын жоюу аракеттери үзгүлтүксүз жүргүзгөн. Талыкпаган эмгектин натыйжасында адам баласы жаратылыштан

өзүнө керектүү нерселерди өндүрүүнү уланта берген. Эмгек куралдарынын улам жаңы түрлөрүн жасаган, отту пайдаланууну үйрөнгөн, жашоо үчүн үңкүрлөрдү турак-жайга ыңгайлаштырышкан.

Мустье доорунда (100-40 миң жыл мурун) Орто Азияда неандертальцылар жашаганы белгилүү. Кыргызстандын территориясында байыркылардын мустьер мезгилиндеги эмгек куралдары (Ысык-Көлдүн Тосор деген жеринде, Чүй өрөөнүндөгү Георгиевка дөңчөсү жана Ош облусунда) табылган. Мындан 50-40 миң жыл илгери Алайдын Капчыгай өрөөнүндө жашашкан байыркы адамдардын эмгек куралдарын жасоо үчүн жогорку сапаттагы чопону колдонгондугу жөнүндө далилдүү фактылар бар. Алар колдонгон «балка», «кирки», «бычактар» сыяктуу чоподон жасалган ар кандай формадагы эки жагы өтө курч куралдар табылган. Капчыгай чопосунан жасалган эмгек куралдары бүтүндөй Фергана өрөөнүнө таркаган.

Адамзаттын өнүгүшүнүн кийинки доору мезолит (X-VI миңинчи жылдары) деп аталат. Бул доордун маданий изи Кыргызстанда бир топ терең. Мезолит мезгилинде жашаган аңчылардын туруктуу жайлары Сох дарыясынын боюнда, бийик тоолуу Ак-Сай районунда, Чатыр-Көлдүн тегерегинде, Арпа суусунун боюнда жана Таш-Көмүргө жакын жерлерде учурайт. Бул доордо жашаган адамдардын эң чоң жетишкендиги – жаа жана чоподон жасалган эң учтуу жебелер болгон. Бул ачылыш аңчылыктын эффективдүүлүгүн бир топ көтөргөн.

Мезолит доору цивилизациянын өнүгүшүндө өзгөчө орунду ээлейт. Анткени аталган доордо маданияттын белсемдүү компоненттеринин бири искусство пайда болуп, байыркылардын ичинен сүрөтчүлүктү кесип кылган адамдар чыккан. Мезолит мезгилиндеги сүрөткерлердин Ысык-Көл облусунун Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүнүн боорундагы адамдардын, айбандардын охрой менен тартылган сүрөттөрү, аңчылыкты жана бийди чагылдырган анчейин чоң эмес сюжеттер табылган.

Коомдун өнүгүшүнүн кийинки этабы тарыхка неолит (V-III миң жылдыктар) деген ат менен кирген. Адамзаттын тарыхында бул доор өзгөчө орунду ээлеп, неолит революциясы деп аталат. Бул мезгилде байыркы адамдардын чарбачылыгында чынында эле төңкөрүш болгон. Эгерде неолит мезгилине чейинки адамдар аңчылык, жыйноочулук менен алек болушуп, жаратылыштан даяр, өзгөчө эмгекти талап кылбаган нерселер менен тамактанып келген болсо, неолит доорунда жерди иштетүү, керектүү данды өстүрүү жана айбандарды колго

үйрөтүү, үйдүн шартында аларды көбөйтүү жолуна түшүшкөн. Демек, байыркылар мезолит доорундагы өзүмдүк кылып алуу чарбачылыгынан, неолит доорунда өндүрүүчү чарбага өтүшкөн. Эми алар жаратылышта даяр эмес нерселерди эмгек жумшоо менен өздөрү жасап алууга жетишишкен. Бул чындыгында эле адамзат тарыхында чоң прогресс болгон. Неолит төңкөрүшү азыркы чарбанын эң чоң эки тармагы болгон жерди иштетүүгө жана мал чарбачылыкка жол ачкан. Бул доордун адамдары Кыргызстандын аймагындагы Тянь-Шань, Алай жана Чүй боорун жердегенин айтуу зарыл. Алар, негизинен, мал чарбачылык менен күн көрүшкөн. Аталган аймактарда неолиттердин айрым куралдары, чоподон жасалган идиштеринин сыныктары табылган.

Жашоо шартынын кыйынчылыгына карабай таш доорунун адамдары эң зор ачылыштарды жасашкан. Алар отту пайдаланууга жетишин, эмгек куралдарын жасоо үчүн эң мыкты физикалык касиети бар кремния породасын иштетүүнү үйрөнүшкөн, жер айдоого, жапайы айбандарды колго үйрөтүүгө өтүшкөн.

Дүйнөлүк цивилизацияда чыныгы прогресс коло доорунда (б.э.ч. III миңинчи жылдан IX-VIII кылымдарга чейин) болгон. Биздин эрага чейинки V миңинчи жылдары жез куралдары колдонула баштаган. Бирок жезден жасалган куралдар өтө жумшак болгондуктан, ал күндөлүк керектөөдөн тез эле чыгып калган. Өндүрүш куралдарынын өркүндөшү колону пайдалануудан башталган.

Коло доорунда Кыргызстандын территориясында эки маданият өнүккөн Андроновдук жана Чусттук. Биринчисине Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдө жана Борбордук Тянь-Шанда малчылык-дыйканчылыкты кесип кылган уруулардын общиналары кирип, алар Түштүк Сибирь жана Казакстандын талааларында жашагандар менен тыгыз байланышта болушкан. Бул урууларды шарттуу түрдө андроповчулар деп аташкан.

Экинчисине коло доорунда Фергана өрөөнүнүн чыгыш жагында байыркы дыйканчылык менен оокат кылган адамдардын тобу кирген. Өздөрүнүн өнүгүшүндө алар Орто Азиянын байыркы жерди иштетүүчүлөрүнүн коому менен тыгыз байланышта болушкан. Аларды илимде чусттуктар деп аташкан. Бул эки маданияттын таасириндегилер европеиддеги элдер болуп, чыгыш-иран тилинде сүйлөшкөн.

Түндүк Кыргызстанда андронов маданиятынын ар түрдүү эстеликтери, турак жайлары, эмгек куралдары Чүй өрөөнүнүн Ак-Суу (б.э.ч. XV-XIII к.), Аламедин, Александроновка, Жайыл жана Кайыңды деген жерлерден чыккан. Ал эми Токтогулда андроновчулардын жашаган турак жайы табылган. Ал тик бурчтуу жер төлөө кейпинде болуп, аянты 70 кв. метрди ээлеген. Бул турак жайдын дубалдары ылай менен чапталып, анын бир бурчунан очок жана тамак жасай турган чоң идиш чыккан. Турак жайдын аянтына караганда аталган үйдө чоң үй-бүлө жашаганы байкалат.

Кыргызстанда коло дооруна тиешелүү бир нече байыркы казыналар Александровка селосунан, Каракол шаарынын жанынан табылган. Анда коло балталар, бычактар, ороктор, жыгаччылыктын инструменттери, күзгү жана айнектер ж.б. чыккан.

Андроновчулар комплекстүү малчылык-дыйканчылык чарба жүргүзгөндүгүн айтуу зарыл. Албетте, аларда мал багуу үстөмдүк абалда болгон. Ошол мезгилде алардын чарбасында ири мүйүздүү малдар, тоолор, айрыкча аттар арбын болгон. Дыйканчылык менен да алек болгондугун алар колдонгон колодон жасалган эмгек куралдары күбөлөп турат.

Андронов коомунун негизин эркектер башкарган чоң-чоң үй бүлөөлөр түзгөн. Үй-бүлөнүн кожоюну малдын да, жердин да ээси болгон. Коло доорунун аягында адамдардын ортосундагы теңсиздиктин күчөгөндүгүн бай жана жарды буюмдары бар мүрзөлөр күбөлөп турат. Айрым өлгөндөргө өтө баалуу монументалдык күмбөздөр курушкан. Өлгөндөрдү эки жол менен көмүшкөндүгүн да айтуу зарыл: кээде сөөктү өрттөшкөн, же болбосо жерге коюшкан.

Биздин эрага чейинки II миңинчи жылдын экинчи жарымында андроновчулар күчтүү уруулук союзду түзүүгө жетишкен. Жакшы өнүккөн металлургия ошол мезгилге ылайык мыкты согуш куралдарын жасоого мүмкүнчүлүк берген. Буга күбө Каракол шаарынын жанында табылган буюмдар. Бул археологиялык казууда эки жагы курч, кол сабы кой жана аттын фигуралары менен жасалгаланган беш канжар бычактар табылган. Мындан башка согушта колдонулуучу учу курч найзалар, салмагы бир топ оор балталар чыккан. Алардын колунда согушка ылайыкталган эки дөңгөлөктүү арабалардын болгондугу да белгилүү.

Жакшы куралданып алган андроновчулар б.э.ч. II миңинчи жылдын жарымында түштүккө карай жылышып, Түндүк Индияны,

Иранды басып алышкан. Ошентип, ушул мезгилден баштап маданий өнүгүүнүн жаңы этапы башталат. Эки региондун маданияттары арачашат, биринин жакшы жактары экинчисине өтөт. Индоиран элдеринин маданияты өнүгүп, ал дүйнөгө эң байыркы эки китепти – «Авестаны» жана «Веданы» тартуулайт. Алар бул китептерде өздөрүнүн мурунку ата мекенин Арий мейкиндиги дешип, ал эми өздөрүн арийлербиз деп атай башташат. Казакстандын талааларында, Кыргызстандын тоо этектеринде калган андроновчулар көчмөн сак жана скиф уруулары менен аралашып кетишет.

Фергана өрөөнүндө өнүккөн чуст маданияты да дүйнөлүк цивилизацияга бир топ салым кошкон. Бул аймакта жашаган элдер коло доорунда, негизинен, дыйканчылык менен кесип кылышкан. Алар арпа, буудай, таруу, нокот өстүрүшкөн. Түшүмдү таш жана колодон жасалган куралдар менен жыйнашкан. Дандарды үй ичиндеги оролордо сакташкан.

Чуст маданиятынын адамдары колону эриткенди жакшы билишкен. Металдарды эритип, андан эмгек, согуш кураадарын, эң жарашыктуу идиштерди жасашып, токуучулукту мыкты билишкен. Ташты иштетүүнү өздөштүрүшүн, андан чарбага зарыл ар түрдүү буюмдарды жасашкан. Байыркы ферганалыктардын таштан жасаган ороктору өрөөндөн сырт көп жерлерге таркаган. Бул куралдардын азыр Ысык-Көлдөн, Чыгыш Туркстандан жана Өзбекстандан табылганы түшүнүктүү.

Чуст маданиятынын турак жайлары Кыргызстандын Өзгөн, Куршаб жана Ноокат райондорунан, Оштун тегерегинен табылган. Алардын ичинен, айрыкча Сулайман Тоонун түбүндөгү чусттук турак жай коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурат. Коло доорунун адамдары аталган жерде үйлөрдү, террасаларды курууга жетишкен. Археологиялык казууларда аянты 100 кв. метр келген үй табылган. Окумуштуулардын божомолу боюнча, үй чийки кирпичтен коргондолуп, бул үйдө уруунун башчысы жашаган жана маанилүү маселелерди чечүү үчүн жыйын өткөрүлүүчү жай болгон.

Жыйынтыктап айтканда, коло доорунда Кыргызстанда жашаган адамдар металлды иштетүүгө жетишкен, мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы өнүккөн аймактардын бири болгон.

Биздин эрага чейинки I миңинчи жылдары коло доору темир доору менен алмашат. Бул мезгилде Евроазия контингентинде, ошонун ичинде Кыргызстанда байыркы көчмөн-малчылардын маданияты

пайда болгон (б.э.ч. VIII-VII кылымдар). Алар Түндүк Причерноморьедан Түштүк Сибирге чейинки мейкиндикте короо-короо койлор, төмөндөгөн жылкыларды айдашып, бир жерден экинчи жерге көчүшүп жүрүшкөн. Ал убакта көчмөн турмуш прогрессивдүү эле көрүнүш болгон. Көчмөндөр малдын жүнүнөн, терисинен бышык жана жылуу кийим-кечек жасашкан, үйгө керектүү жана аны жылуулоо үчүн кийиздерди жасашкан. Ичкен-жеген тамактары туруктуу жана колориялуу боло баштаган. Эң негизгиси – байыркы көчмөндөр темирден курал-жарак жана эмгек куралдарын жасаганды билишкен. Бул элдерди индиянын булактарында турлар, байыркы перситерде –сактар, байыркы гректерде – скифтер, байыркы кытайларда – сэ деп аташкан. «Сак» деген терминди – «могучий муж» (воин) – деген мааниде түшүнүшкөн.

Биздин эрага чейинки VI-V кылымдардарда орто азиялык сактар азыркы Кыргызстандын да территориясында жашашкан. Алардын калтырган изи Алайдан, Борбордук Тянь-Шандан, Ысык-Көлдөн жана Кетмен-Төбөдөн табылган. Тарыхый маалыматтарга, археологиялык казууларга Караганда, кыргызстандык сактардын материалдык жана рухий маданияты жогору болгон. Алардын негизги чарбачылыгы мал багуу болгон. Алар малдын бардык түрлөрүн багышкан жана пайдаланышкан. Айрыкча ат алардын негизги байлыгы болуп эсептелген. Аттары жапыс чың болуп, ысык-суукка, алыскы жолго чыдамкай болушкан. Экономикалык жактан да алар ыңгайлуу келишкен. Аттар үчүн атайын тоют даярдашкан эмес. Үй ээсин жылкы эт, сүт жана кымыз менен камсыз кылган.

Сактар өздөрүнө өтө зарыл нерселерди өздөрү өндүрүшкөн. Жүндөн согулган кездемелерди, өсүмдүктөрдөн булаларды, кийимдер үчүн эң жука кийиздерди, куралдарды, турмуш-тиричиликке керектүү буюмдарды жана жасалгаларды жасоону билишкен. Ала-Тоо сактары көчмөн турмушуна ылайыктуу чоподон идиш жасаганды, металлды эритүү менен колодон, алтындан искусствонун татынакай буюмдарын жасай алышкан.

Кыргызстандагы сактардын дүйнө таанымы да жашоо шартына жараша болгон. Алардын коомунда биздин эрага чейинки V кылымда мүлктүк теңсиздик пайда болгон. Муну өлгөн адамдарга курулган жайлардын көлөмү боюнча аныктоого да болот. Кыргызстанда археологдор тапкан дөбөлөрдүн диаметри 9х15 метрден 50-120 метрге, бийиктиги 2 метрден 7 метрге чейин жеткен. Албетте, аларда коюлган буюмардын баалуулугу жана саны да аркыл. Кичинекей дөбөлөрдөгү

жөнөкөй адамдардын мүрзөлөрүндө бирин эки чоподон жасалган идиштер табылса, байлардын, белгилүү адамдардыкынан археологдор 4 миңге чейинки алтындан жасалган кымбат баалуу буюмдарды табышкан.

Сактардын дагы бир сапатын белгилөө керек. Ар бир сак жоокер болуп эсептелген. Аскер иштерин жакшы өздөштүрүшүп, жаа менен атканды өтү мыкты билишкен. Атта жүрүү жана жаа менен атуу боюнча алдыга эч кимди өткөрүшкөн эмес. Алардын жоо куралдарына жаа, жебе, канжар, кылыч, учтуу найза, балта ж.б. кирген. Атчан жоокерлер душмандар үчүн өтө коркунучтуу болуп эсептелген. Себеби алар найза өтпөгөн зоот кийимдерди, металлдан жасалган баш кийимдерди пайдаланышкан. Кыскасы, сактардын армиясы эл аралык масштабда авторитетке ээ болуп, жеңилбестер деп аталышкан.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын аймагы дүйнөлүк цизилизациянын борборлорунун катарына кирет. Бул жерде карт тарыхтын бардык доорлорунда жашаган адамдардын издери, жасаган иштери, колдонгон эмгек куралдары табылгандыгы буга күбө. Адамзаттын эң алгачкы доору палеолиттен баштап азыркы Кыргызстандын территориясы нечендеген уруулардын, уруулук бирикмелердин мекендеген жери болуп, азия цивлизациясынын негизин түзгөн маданияттар калыптанган жана өнүккөн. Бүгүнкү кыргыз эли ошондой бай цивилизациянын мураскору экенин эч ким тана албайт.

### Саймалы-Таш байыркылардын маданий мурасы

Саймалы-Таш сүрөт жазмасы – байыркы орто жана борбордук азиялыктардын таш беттерине чегип калтырган тарыхый эстелиги, улуу мурасы, баа жеткис маданияты. Ачык асман алдындагы сүрөт-музейи, таш китеби жана энциклопедиясы. Байыркы бабаларыбыздын сүрөт-жазма маданияты – эзелки мурас, акыл-ой түшүнүктөрдүн сүрөт аркылуу берилиши, адамдардын пикир алышуусунун зарылдыгынан келип чыккан каражат. Байыркылар мындай жазууларды таш, коло доорлорунда пайдаланышкан. Алар аны жөнөкөйдөн татаалга карай өрчүтүшкөн, ойдун байышына, өнүгүшүнө жараша тереңдетишкен. Доордун талабына жараша сүрөт-жазмалардын мазмуну, типологиялык бөтөнчүлүгү ареалдык өзгөчөлүктөрү татаалданган.

Саймалы-Таш Фергана өрөөнүнүн Когарт ашуусунда чегилген. Окумуштуулардын айтуусуна караганда аталган сүрөт-музей биздин заманга чейинки II-I миңинчи жылдардын аралыгында пайда болгон

жана узак өнүккөн. Ошондой эле бул ойлонуп иерархиялуу өнүгүүсү менен шартталган, реалдан ирреалга карай өнүккөн, анын абстракцияланышына негизделген.

Саймалы-Таш байыркылардын дүйнө таануусун билдирет. Бул тарыхый эстеликте байыркы адамдардын турмуш тиричилиги, салт-санаасы, үрп-адаты, мифологиялык ой-түшүнүктөрү чагылган. Башкача айтканда, Саймалы-Таш ошол доордо жашаган адамдардын дүйнө таануусу, эмпирикасы, мифологиясы астрономиясы, астрологиясы ж.б. түшүнүктөрү. Бул эстелик ата-тектерибиздин социалдык абалдары, жашоо тирчиликтери, таанымы, маданий дүйнөсү жөнүндө кабар берет.

Саймалы-Таш сүрөт-жазма маданияты илим чөйрөсүнө XX кылымдын баш чендеринде белгилүү боло баштаган. Аны орус офицери, аскер топографы Н.Г. Хлудов биринчилерден болуп ачкан. Ал Көгарт өрүүнүн жана ашуусун картага түшүрүп жүргөн мезгилинде аталган тарыхый эстеликке кабылган. Таштардагы сансыз көп сүрөттөр офицерди таң калтырган. Саймалы-Таштан кетип жатып, бир топ эстеликтердин сүрөтүн ала кеткен. Көп узабай Ташкентте түзүлгөн Туркестан археология сүйүүчүлөр клубунда бул уникалдуу маданий мурас жөнүндө билдирүү жасайт. Клубдун мүчөлөрү Саймалы-Таш тарыхый эстеликтерин баа жеткис мурас деп эсептешип, алар байыркы ортоазиялыктардын аалам жөнүндөгү түшүнүгү деген бүтүмгө келишкен.

Саймалы-Таш маданияты кайсы элге таандык экендиги жөнүндө окумуштуулар ортосунда бир пикир жок. Айрымдары аны ортоазиялыктарга, ошонун ичинде кыргызстандыктарга да, тиешелүү десе (Н.Г. Хлудов), кээлери индоарийлерге таандык дешет (Б.М. Зима. Колесницы Саймалы-Таша).

Окумуштуулардын ичинеи А.Н. Бернштам биринчилерден болуп Саймалы-Таштагы чиймелерди ар тараптуу изилдөөгө алган. Ал өзүнүн эмгектеринде сүрөттөрдү типтерге ажыраткан, түрлөргө бөлүп, белгилүү бир системага салган жана алардын келип чыгуу доорун аныктаган.

Саймалы-Таштын чийме сүрөттөрү кийинчерээк Б.М. Зима тарабынан, изилдөөгө алынган. Бул маселеге ал тилге, тереңирээк көңүл бөлүп, сүрөт-жазмаларын иргеген, айбанаттардын элесин ар тараптан талдап, арабаларга чегилген өгүздөр, тоолор, аттар, эшектер жана текелер жөнүндө кеңири түшүнүк берген.

Саймалу-Таш сүрөт панорамасындагы айбанаттар, арабалар, буурсундар жана аларды башкарган адамдар биздин байыркы бабаларыбыздын маданияты, дүйнө таанусу жана чарбачылыгы жөнүндө кабар берип турат. Л.Жусупакматовдун Саймалы-Таш маданияты (арабалар, буурсундар, жаныбарлар) байыркы ферганалыктарга мүнөздүү жана алардын чарба ачылышын күбөлөп турат дегеп бүтүмү жөндүү. Окумуштуунун божомолу боюнча, аталган эстеликтер ошол мезгилде эле (2 миңден 1-чи миң жылдары) Фергана өрөөнүндө кол өнөрчүлүктүн анын негизинде дыйканчылыктын өнүккөн абалын айгинелейт. Алдын ала мындай маданият аталган өрөөндө пайда болуп, андан соң ал тоо этегинде жашаган элдерге жайылган деген ойго алып келет.

Саймалу-Таш сүрөт-жазмада байыркылардын айлана-чөйрөгө, Күнгө, Асманга болгон мамилелери, алардын түшүнүүлөрү чагылган деп божомолдосо да болот. Бул ойду илимде изилдөөчү Я.А. Шер да колдогонун айтуу зарыл. Анын ою боюнча Саймалы-Таштагы сүрөттөрдүн мазмуну көп кырдуу. Байыркылар айлана чөйрөгө жакын болушканы, Күн, Асман жана Жылдыздарды жакшы таанышкан. Аларды жакындан таануу күндөлүк зарылчылыктан келип чыккан. Мал багуу, аңчылык кылуу, эгин эгүү, аны жыйноо, жол куруу ж.б. түйшүктөр адамды айлана-чөйрөгө байкоо салууга мажбурлаган.

Байыркылар жолго чыгууда Асманга, айрыкча жылдыздардын жайгашына байкоо салышканы чындык. Алардын турмуш тиричилигинде жылдыздардын ролу зор болгон. Өз ордунан жылбай турган жылдыздарга ориентир жасашып, аларды тегеректеп турган жылдыздардын жылуу багыты боюнча өздөрү жашаган жердин чыгышын, батышын, түштүгүн жана түндүгүн аныктоого жетишкен. Байыркылардын мындай дүйнө таанымы асман мелжиген бийик тоолордо, түн токойдо жол табууга жардам берген. Ошондуктан алар аталган ыкмаларды өздөштүрбөй туруп, жолго чыгышкан эмес, өздөрү жашаган аймактан алыска чыга да алышпаган.

Байыркы көчмөндөр үчүн дүйнө таануунун мындай ыкмасы өтө зарыл экендигин белгилөө керек. Анткени алар турмуш муктаждыгынан дайыма жер которуп турушкан. Байыркылардын дүйнөнү мындай таанып билүүсү диалектикалык жол менен жүрүп ал бардык кесиптеги адамдарга тегиз жайылгандыгы да талашсыз.

Саймалу-Таштагы жаныбарлардын сүрөттөрүнүн берилишин ушул аймактагы маданияттын өнүгүшүнөн кабар берет. Маданияттын

пайда болушу жана өнүгүшүү жапайы айбандарды үй шартына үйрөтүп алуудан башталгандыгы баарына маалым. Алдын ала байыркылар аларга аңчылык кылгандыгы белгилүү. Ар кандай жолдор менен колго түшкөн айбандарды алгачкы мезгилдерде жөн коюу менен чектелишкени да талашсыз. Алардан миңдеген жылдар өтүп, колго түшкөн айбандарды ошол замат союп жеп коюу пайдасыз экендигине байыркылардын паамы жетип, аларды үй шартында көбөйтүүгө өтүшү маданияттын өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

Айбанаттардын үй шартына үйрөтүлүп, көбөйтүлө башташы адамзаттын тарыхында зор революция болгондугун белгилөө керек. Өнүгүүнүн бул этабына өтүү алгачкы адамдар үчүн эбегейсиз чоң роль ойногон. Алардын эртеңки күнү ишенимдүү боло баштаган. Жаныбарды үйрөтүп ал канга чейинки адамдардын абалы өтө оор болгондугу чындык. Эртеден кечке жүрүшүп, аңчылыгы оңунан чыкпаган мезгилде алар оокатсыз калышкан, ачкадан кырылып калуу коркунучу болгон. Ал эми малды колго үйрөтүп азгандан соң, байыркылардын жаратылышка болгон толук көз карандылыгы басаңдай берген, эртеңки күндүн көйгөйү төмөндөгөн жана туруктуу тамактанууга жетишкен. Өнүгүүнүн мындай баскычына которулушу адамдардын көбөйүшүнө, алардын айлана-чөйрөнү өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун күчөткөн. Аң-сезими өсүп, ой-жүгүртүүсү байыган.

Саймалу-Таштагы айбанаттардын байыркылар тарабынан чегилиши мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Адамдар ташка өздүрүнө эң керектүү нерселердин сүрөтүн түшүргөнү түшүнүктүү. Колго үйрөтүлүп калган айбандар ал кездеги адамдардын турмушунун негизин түзгөн. Аларсыз алар жашай алышкан эмес. Үй айбандары байыркылардын оокаты да, кийими да, өндүргүч күчү да болушкан. Ошондуктан адамдар үй жаныбарларды турмуштун зарыл каражаты катары карашкан. Бир нерсенин сүрөтүн ташка чегүүдө да эң зарылдарын алары сөзсүз.

Жапайы айбандарды колго үйрөтүү, аларды үй жаныбарына айландыруу деле зор эмгекти талап кылган. Адам алар үчүн талыкпас күч жумшап, үй жаныбарларды жапайы айбанаттардын дүйнөсүнөн болуп алган. Бул процесске адамзаттын эмгеги жумшалган. Адам өз эмгегин максатка ылайыктуу жумшап, өзүнө керектүү нерселерди жасаган. Жапайы айбандарды колго үйрөтүп алуу, аларды үйдүн шартында көбөйтүү деле түйшүктүү иш болгон. Ага эмгек жана акыл-эс жумшалган.

Саймалу-Таш сүрөт-жазмаларын түзгөн байыркы бабалар деле ташка өздөрүнүн күндөлүк турмушуна өтө зарыл болгон нерселерди чеккендиги түшүнүктүү. Демек, ошол мезгилдерде Көгарт өрөөнүндө жашаган ата-бабаларыбыз ат, уй, бука, эчки, эшек ж.б. жандыктарды өз чарбасында кеңири колдонгонун билгизип турат.

Бул жерде дагы бир нерсени баса белгилөө зарыл Саймалы-Ташта буурсун тарткан аттар, араба тарткан букалар ж.б. сүрөттөр арбын. Бул демек, ошол аймакта жашаган элдер мал чарбачылык менен гана күн көрбөстөн, аларда дыйканчылык да жакшы өнүккөндүгүн күбөлөйт. Адам баласынын дыйканчылыкка өтүшү да дүйнөлүк цивилизация да өзүнчө эле төңкөрүш экендиги баарыбызга белгилүү. Мал чарбачылык доорунда байыркылардын арасынан дан өстүрүү жерди иштетүү менен эмгектенген адамдардын тобу пайда болгон. Бул адамзаттын тарыхында, дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндө кезектеги төңкөрүш болуп саналган.

Албетте, байыркы адамдар жерди иштетүүгө өтүүдөн башта эле жаратылыштагы жапайы өскөн дандарды кеңири пайдаланып келишкендиги тарыхта белгилүү. Аңылыктан, балык уулоодон жолу болбой калган учурларда талааларда, токойлордо, суу бойлорунда өскөн жапайы буудай, арпа, күрүчтөрдү издешип, алардын нандарын жешип, ачкадан өлбөстүн күнүн баштарынан кечиришкен. Дан бышып жетилип, жерге түшсө, кайра өсүп түшүм берерин байкашып, акырындык менен жерди иштетүүгө өтүшкөн. Дайыма жапайы өсүмдүктөрдүн данын издеп, жер кыдырып жүргөндөн көрө бир жерде отурукташып, аларды өстүрүү ыңгайлуу экендигин түшүнө башташкан. Ошентип, байыркы шардын арасынан жерди иштетүүнү кесип кылган адамдардын тобу пайда болгон.

Саймалу-Таш сүрөт-жазмасы байыркы көгарттыктар, ферганалыктар жерди иштетүүнү билишкен деген тыянакка алып келет. Атка, букага чегилген буурсундар, арабар таштардагы сүрөт-жазмаларда өтө арбын. Байыркы сүрөтчү буларды ташка бекеринен чеккен эместиги белгилүү. Демек, Саймалу-Таш аймагында жашагандар биздин эрага чейинки II миңинчи жылдан I миңинчи жылдардын аралыгында жерди иштетүүнү билишкен десе болот. Анткени байыркылар таштагы сүрөткө, албетте, биринчи кезекте өздөрүнө зарыл күндөлүк эң керек иш аракеттерин, турмуш тиричилигин түшүргөндүгүндө талаш жок.

Саймалы-Таш чиймелерин карай отуруп, дагы бир нерсени белгилөө керек. Ташка чегилген эмеректер, куралдар байыркылардын өндүрүш каражаттары экендигинде шек жок. Демек, ошол аймакта жашаган байыркы элдерде кол өнөрчүлүк да өнүккөндүгүн далилдейт. Өздөрү практикалык турмушта пайдаланган буюмдарды ташка чеккендигин айтпаса да түшүнүктүү. Алардын жок нерсени ташка чегип убара болбой тургандыгы да бышык. Ал мезгилде адамдардын ой-жүгүртүүсү конкреттүүлүктөн абстрактуулукка карай жүргөндүгү да талашсыз.

Жыйынтыктап айтканда, Саймалы-Таш понарамасы Фергана, Көгарт өрөөндөрү жана ошол аймактын тоо этектеринде жашаган байыркы элдердин маданиятынын өнүккөндүгүн, ал эми сүрөт-жазмалар дүйнөлүк цивилизациянын бир очогу экендигин көрсөтүп турат.

Саймалы-Таш сүрөт-жазмаларын карай отуруп, ошол доордогу саймалы таштыктардын дүйнө таанымына, ой жүгүртүүсүнө да сереп салса болот. Таш бооруна күндүн, жердин жана жылдыздардын сүрөттөрү тартылган эстеликтер көп учурайт. Изилдөөчү Г.А. Помаскинанын материалдарында Күндүн элеси ар кандай формада берилген. Бир сүрөттө ал эки тегерек абалда чегилсе, экинчисинде тегерек түрүндө берилген. Бирок алардын абалдары ар кыл. Биринчисинде күн тегерек абалда берилип, анын ортосунан 6 нур кетсе, экинчисинин ортосунан 12 нур чачырап турат.

Таш боорундагы эстеликтер саймалыташтыктардын мифофилос эфиялык түшүнүгүн билдирет, сфералык жактан болгон аалам таануусун чагылтат жана андагы аалам огун элестетет. Демек, бул байыркы сүрөт-жазманын сыры терең жана ал көп кырдуу. Андыктан муну чечмелөө жана конкреттүү илимий жыйынтыкка келүү да кыйын.

Көгарт өрөөнүндөгү Саймалы-Таш сүрөт-жазма эстеликтери – элибиздин эзелки дүйнө таанымы. Бул таанымда саймалыташтыктардын аң-сезими, психологиясы, философиясы, материалдык жана рухий маданияты, илим-билими, этнографиясы, мифологиясы, алардын семиотикалык жактан болгон туюнтулуштары чагылган. Бирок сүрөт-жазманын толук чечмелениши элибиздин эзелки дүйнө таануу системасын изилдөөгө көз каранды. Бул процесс байыркы Орто Азия, Борбордук Азиянын аймагында жашаган элдердин эзелки маданий мурасын терең билүү, алардын жаралуу, калыптануу, өнүгүү жана өзгөрүү жагдайларын таануу болуп саналат.

Азыркыны таануу үчүн мурункуну терең өздөштүрүү керек экендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Саймалы-Таш эстеликтерин бир жактуу кароо туура эмес. Ар кандай эле маданиятты бир элдин энчисине басып берүү туура эмес. Тарыхта таза маданият болбойт жана болгон да эмес. Маданияттар аралашат, бир бирине өз таасирин тийгизет. Алар жанында турган башка элдин маданиятынын жакшы жактарын өзүнө алат жана өзүнүн жакшы жактарын кошуна маданияттар өздөрүнө сиңирет. Бул маданияттын өнүгүү мыйзам ченеми.

Саймалы-Таш жазма-сүрөттөр деле маданияттын өнүгүү мыйзам ченемдеринин негизинде пайда болгонун айтуу абзел. Бул жердеги маданий дөөлөттөр бир гана Саймалыташтыктардын эмгегинин, акыл-эсинин жыйындысы десе чындыкка жатпайт.

Сүрөт-жазма тарыхта бир гана Орто Азияда эмес, дүйнөнүн башка жерлеринде деле кеңири таркаган. Ошондуктан бул эстеликтер бар аймактардын ортосунда эч кандай байланыштар жок деп кесе айтуу кыйын. Байыркы мезгилде деле эл бир жердей экинчи жерге ооган, аралашкан. Элдер ортосунда соода-сатык жүргөн. Ошого жараша маданияттар да биринин эсебинен, бири байыган, өз ара таасир күчтүү болгон.

Саймалы-Таш сүрөт-жазмасы деле дүйнөлүк көрүнүш.

Аны дүйнөлүк цивилизациядан айрып кароого болбойт. Кыргызстан ошол цивилизациянын бир очогу экендигин карт тарых далилдеп турат. Маселенин мындай багытта чечмелениши бөтөнчө мааниге ээ. Буга мисал катары панорамадагы байыркылардын дүйнө таанымы жана алардын мындагы мифологиялык берилиштерин айтса болот.

## Таш Балбалдар жана эстеликтер

Б.з. VI к. Алтайда жана Монголияда көчмөн уруулардын биригүүсүнөн алгачкы феодалдык мамлекет – Түрк кагандыгы түзүлгөн. Кыска убакыттын ичинде түрктөр курамына Орто Азиянын бир бөлүгү кирген эң чоң аймакка өз өкүмүн жүргүзүп калат. Кагандык бекем эмес мамлекеттик бирикме болгон. Түрк коомунун ичинде болгон социалдык курч карама-каршылыктар кагандыктын 603-ж. Чыгыш кагандык, Батыш кагандык болуп эки бөлүккө ажырашына алып келет.

Жети-Суу менен Теңир-Тоонун аймагы Батыш Түрк кагандыгына кирген. Анын борбору Чүй өрөөнүндөгү Суяб шаары (азыркы Токмок шаарына жакын Ак-Бешим айылынын жанында) болгон. Элинин негизги массасын мал жайганга ылайыктуу жерлерди ээлеген көчмөндөр түзгөн. Кыргызстандын территориясында түрк тилиндеги уруулардын жайланышы менен коргондордун же эскергич тосмолордун жанына адамдардын таш келбеттерин – балбалдарды коюу кеңири тараган өлүктү коюунун жаңы салты пайда болгон. Жасалышы жана таасирдүүлүгү боюнча алар бирдей эмес. Анткеии Балбал таштар көбүнчө граниттен, чаар таштан, акиташтан жана сланецтен чегилип жасалган. Ал үчүн атайын сүйрүсүнөн келген таштарды же илиткаларды тандап алышкан. Айрым учурда алардын сыртын жакшылап жылмалашкан. Көп учурда таш келбеттерди же алардын айрым бөлүктөрүн атайын даярдалбаган ташка эле чегип жасашкан. Адатта таштарга эркектердин – каардуу жоокерлердин, анда-санда гана аялдардын келбетин түшүрүшкөн. Оң колуна же эки колу менен ар кандай формадагы идишти кармап турганын көрөбүз. Белиндеги куруна канжар же кылыч илинген. Кээде кийимчен да көрсөтүлөт.

Балбалдардын көпчүлүгү чебер скульптор – таш усталар тарабынан жасалган. Алар сөлөкөттөрдүн пропорциясын, беттин мүнөздөрүн, кооздук буюмдарын ж.б. дал өзүндөй беришкен.

Балбалдар өтө көп, бирок бардыгы бирдей эмес. Изилдөөчүлөр тарабынан алар эки негизги топко бөлүнөт. Биринчиси – тулку боюнун жана анын кийим-кечеси, кооздук буюмдары, курал-жарагы ж.у.с. даана берилген чоң тоголок скульптуралар; экинчиси – ташка контурдук сүрөт менен баштын жана бет түзүлүштөрүн, айрым учурда бүт тулку боюн берген жалпак балбалдар. Экинчи топтогулар өтө эле көп, алар үчүн сөлөкөттү же анын айрым бөлүктөрүн берүүдө жөнөкөйлүк мүнөздүү. Мезгили боюнча бул балбалдар, мүмкүн эң алгачкылардан болуп эсептелет.

Таш сөлөкөттөр адегенде VI-X кк. чегинде пайда болгон, айрымдары X-XII кк. да тийиштүү. XIII к. кийин алар Теңир-Тоодо коюлбай калган. Балбал таштарды коюп көмүү салты Кыргызстандын территориясына исламдын таралышынан кийин токтогон. Анткени ислам бардык тирүү жандыкты: адамдын, айбандын, канаттуунун сүрөтүн тартууга тыюу салган.

Балбал таштардын таралышы аркылуу түрк тилиндеги көчмөн уруулардын таралышы Нарын жана Ысык-Көл областтарында, Кемин, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жүздөгөн балбалдардын бар экендиги эсепке алынды. Кыргызстандыи территориясынын калган бөлүктөрүнөн бир аз гана балбалдар табылды. Алсак, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн эки, ал эми бүтүндөй Ош областында беш балбал табылган. Алардын бирөө Ала-Бука районунда, экөө – Өзгөн шаарында жана экөө Гүлчө кыштагында жайгашкан. Кыргызстандан сырткары, Орто Азиянын калган территориясында алар дээрлик кездешпейт. Көп сандаган таш сөлөкөттөрдү Казакстандан, Алтайдан, Тувадан, Хакасиядан жана Монголиядан жолуктурууга болот. Кытайдан 200дөн, Индиядан 40тан ашуун балбал таштар табылган. Бул ушул жерлердин баарында түрк тилиндеги көчмөн уруулардын жашагандыгын айгинелейт. Мына ушул мисалдын өзүнөн эле эрте орто кылымдын тарыхын, маданиятын үйрөнүүдө балбал таштардын канчалык баалуу булак экендигин билебиз. Мындан башка да төмөнкү жагдайды эсепке алуу зарыл. Кыргызстандын территориясындагы байыркы Түрктөрдүн көбүнүн көрлөрүн ачып ичиндегилерин уурдап кетишкен. Байыркы учурларда көрлөрдү ачып, анын ичиндеги баалуу буюмдарды уурдап кетпөө кеңири тараган. Азыр аларды казган археологдордун үлүшүнөн анча-мынча бирдеме эле калгандарынын себеби да ошол. Ошондуктан, таш балбалдар көмүлгөн материалдардын жетпеген жактарын кандайдыр бир даражада толтуруп турат. Алар боюнча элдин антропологиялык тибин, кийим-кечесин, курал- жарагынын түрлөрүн, кооздук буюмдарын ж.у.с. аныктоого болот. Таш сөлөкөттөр байыркы сүрөт искусствосунун жана анын өнүгүш деңгээлин изилдөөдө да маанилүү булак болуп кызмат кылат.

Изилдөөчүлөрдүн арасында таш балбалдын чыгышы тууралуу бир нече гипотеза жашап келүүдө. Биринчиси – таш сөлөкөттөргө түрктөр өзүлөрүнүн же өлгөндөрүнүн кебетесин, тышкы көрүнүшүн түшүрүшкөн дешсе, экинчиси – түрктүн өзү өлтүргөн душманынын, тиги дүйнөдө ага кызмат кылчу кишинин келбетии чегишкен дейт. Алсак, Култегиндин эстелигинин эки тарабына эки узундуктагы аралыкка катары менен таш балбалдар коюлган. Култегин өз өмүрүндө мынча адамды өлтүрүшү мүмкүн эмес. Демек, байыркы түрктөрдө өзү өлтүргөн адамдын келбетин таштан чегип, аны өзү жогору баалаган адамына тиги дүйнөдө кызматчы катары тартууга берсе керек. Култегиндин эстелигинин жанындагы өтө көп сандуу таш балбалдар

ага өзүнүн жоокерлери, пикирлештери тарабынан ага урмат көрсөтүү үчүн берилген деген пикир туудурат.

Кыргызстандын таш балбалдары Россиянын илимий коомчулугуна XIX к. орто ченинен белгилүү боло баштайт. Ошондон бери байыркы түрк балбалдарын изилдөө багытында көп иштер жаралды. Бирок таш балбалдар проблемасы али да болсо, аз изилденген бойдон калууда. Жер аянттарын айыл чарбасына көбүрөөк пайдалануу иштеринин жүрүшүндө археологиялык эстеликтердин бул түрү көп жоголо баштаган. Жерди пландаштыруу учурунда балбалдар аңдарга, арыктарга, чуңкурларга ташташып, айрымдарын жергиликтүү элдер өз керегиие жаратыш үчүн алып кетишкен. Алардын кай бирлери мектептерге, колхоз, совхоздордун чарба короолоруна алынып келинген. Азыркы кезде таш балбалдар адепки өз ордунда алыскы, киши. Көп баралбаган жерлерде гана сакталып калды. Аларды эсепке алуу, изилдөө маанилүү маселе бойдон калууда.

### 3.3. Кыргызстандын орто кылым маданияты

Орто кыльмдардагы курулуш өнөрүнүн эң көрүнүктүү эстеликтеринии бири – Өзгөн мунарасы. Ал бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон Өзгөн архитектуралык комплексине кирет. XI к. акырында курулган бул мунара ошол кездеги архитехтуранын жетилген үлгүсү болуу менен өз калыбында бизге чейин келип жетти. Мунаралардын (мунара араб тилинде: жарык берчу, маяк деген мааниде) пайда болушу Жакынкы жана Ортоңку Чыгышка исламдын тарашына байланыштуу. Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө курулган мунараларда адегенде толгонмо тепкичтер (пандус) курулуштун сыртынан өткөн. Бирок IX к. баштап толгонмо тепкичтер мунаралардын ичине курула баштайт. Орто Азиядагы бардык мунаралардын толгонмо тепкичтери ичине жасалган.

Орто кылымдык тарыхчы Наршахинин жазганы боюнча мунаралар адегенде чийки кыштан тургузулуп, төбөсү жыгачтан жасалган чатырча менен бүтүрүлгөн. X к. баштап чийки кыштан тургузулган мунараларды бышкан кирпич менен каптай башташкан. Мындай бир нече курулуштардын калдыктары археологдор тарабынан Орто Азиядан табылды. Кийинчерээк айрым мунаралар бүт бойдон бышкан кирпичтен тургузула баштаган. Буга мүнөздүү мисал катары биздин күнгө чейин сакталып жеткен Токмоктун түштүк жагында 13 км жерде жайгашкан Бурана шаарчасындагы Бурана мунарасы кирет. Бул мунара бышырылган кирпичтен тургузулган. Анын цоколунда (не-

гизинде) устундар жаткырылган. Бурана мунарасынын ичинде толгонуп чыгуучу кирпич тепкичтер бузулбас учун Бурана мунарасы да, Өзгөн мунарасы да караханийлердин (X-XII кк.) тарыхый дооруна туура келет. Эки мунаранын тургузулган мезгилдерииин айырмасы 100 жылга жакын. Өзгөндөгү мунара ушул өңдүү бышкан кирпичтен тургузулган курулуштардын мурунку бай тажрыйбасынын негизинде түзүлгөн. Башкача айтканда, Бурана мунарасы караханийлик архитектуранын алгачкы кадамдарынын бири болсо, ал эми Өзгөн мунарасы анын жетилүү курагынын башталышы десек болот.

X к. чейин колдо бар маалыматтарга караганда мунаралар анча бийик курулган эмес, бирок Бурана мунарасы болжол менен эсептегенде 40 м чейин жеткен, ал эми Өзгөн мунарасынын бийиктиги ошол кезде 44,7 м болгон. Бизге белгилүү эки мунаранын тагдыр жолу бирдей десек болот. Бурана жана Өзгөн мунараларынын башы жер титиреген кезде урап түшкөн. Азыр Бурананын бийиктиги 24 м. Өзгөн мунарасынын бийиктиги 27,4 м барабар келет.

Өзгөн мунарасы композициялык планда алганда өз мезгилине мүнөздүү болгон курулуш. Бурана мунарасы сыяктуу эле ал дагы төрт бурчтуу подиумга (пайдубалга) таянып турат. Бурананын подиумунун эки текчеси бар. Анын ар тарабы 12,3 м узундуктагы бекем төрт бурчтуу аянтча болсо, Өзгөн мунарасынын подиумунун ар тарабы 8,7 м жана бийиктиги 90 см болгон квадраттан турат.

Подиумдан жогорку курулушу боюнча эки эстеликтин конструкциясы дээрлик бирдей: подиумда сегиз кырдуу цоколь жатат, андан кийин башы барып "фонарь" (чатырча) менен бүтө турган өзөк кетет. Бирок Бурана мунарасынын негизиндеги сегиз кырдуу подиум жайыгыраак келип, бир топ жапыз болуп турса, Өзгөн мунарасы өзүнүн бөлүктөрүнүн ойлонуштурулган шайкеш келүүчүлүгү менен таңкалтырат. Биз сөз кылган сегиз кырдуу негиздин айланасы 8,7 м жогору жагыныкы 8,4 м сегиз кырдуу цоколдун өзүнүн бийиктиги 5,1 м келет. Соңку реставрациялоо процессинде аныкталган маалыматтар боюнча Бурана мунарасынын төмөнкү, жогорку диаметрлери жана цоколдун бийиктиги өз ара 9,4 м, 8,8 м жана 5 м түзөт.

Өзгөн мунарасынын тепкичтери Буранаыкындай жыгач менен канталбастан, бышкан кирпичтерди кырынан коюп жасалган. Эгер Бурана мунарасы кирпичтерин жөнөкөй гана тегиз тизип коюу менен курулса, Өзгөндөгү мунарага анча татаал болбосо да фигуралуу орнаменттер түшүрүлгөн.

Ошондой болсо да, Өзгөн мунарасынын орнаменттеринде Бурананы дагы элестеткен, бирок аны татаалдашкан түрүндөгү мотивдер жолугат.

Мисалы, Өзгөн мунарасынын төмөнкү орнаменттүү кырынын фигуралары, Бурана мунарасынын үчүнчү кырынын фигуралары менен окшошуп кетет. Ал эми Өзгөндөгү мунаранын жогорку бөлүгүндөгү ичке рельефтүү кыры Буранадагы мунаранын кырынын орнаменттеринин фрагменттерин элестетип турат.

Ошондой болсо да аларда айырмачылыктар бар. Өзгөн мунарасында рельефтүү кирпичтик орнаменттер бир тегиздикте жаткан кирпичтерди фигуралуу коюу техникасында аткарышкан орнаменттер менен аралашып кетет. Жайык жана ичке орнаменттик курчоолор өзүнчө бир ритмди түзүп турат. Ушунун өзүндө белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүк бар.

Өзгөн мунарасы 1923-ж. реставрацияланган. Ошол кездеги ремонт жасагандар азыркы кездеги реставрациянын эрежесин сактоого аракеттенишкен. Алсак, цоколдун урап түшкөн орнаментикасыкын байыркыдан башка көлөмдөгү, бирок түп нускасына жакын кирпичтерден жасашкан. Ошентип, Орто Азиялык эң белгилүү эки мунараны салыштырып келип, Өзгөн мунарасы Бурана мунарасынан кийин тургузулган деп ишенимдүү айта алабыз.

**Таш Рабат**

Кыргызстанда орто кылымдардагы курулуш эстеликтеринен сакталып калгандары анча көп, алар бизге келип жеткендерине караганда бир кыйла көп болчу. Буга ар түрдүү шаарлардагы мунаралардын, мечиттердин, күмбөздөрдүн бар болгондугу жөнүндөгү маалыматтар да, ошондой эле бир кездерде эң сонун архитектураларынын калдыгын ачкан, археологиялык табылгалар да далил болот. Бат-бат болгон согуштар, табигый кырсыктар, закымдай учкан мезгил көп архитектура эстеликтеринин кыйрап калышына негизги себептерден болгон.

Ушуга чейин сакталып калган Бурана мунарасы, Өзгөндөгү архитектуралык комплекс, Шах-Фазиль мавзолейи жана Манас күмбөзү сыяктуу курулуш эстеликтеринин ичинен Таш-Рабат кербен сарайына өзгөчө орун таандык. Кыргызстандын аймагындагы бул курулуш Орто Азиянын орто кылымдарда өнүккөн борборлорунан алда канча алыс жайгашкан.

Таш-Рабат жөнүндөгү жазуу булактарындагы жана адабияттагы маалыматтарга токтололу. Таш-Рабат жөнүндө биринчи жолу XVI к. экинчи жарымында Мухаммед Хайдар эскерет. Анын "Тарых-и Рашиди" деген кол жазмасында бул эстелик тууралуу курулуштун архитектуралык өзгөчөлөктөрү көрсөтүлгөн баяндама берилет. Андагы маалыматтар Таш-Рабаттын архитектуралык курулушу менен дал келет. Мындан тышкары, Мухаммед Хайдар аны Кашмирдин ушул сыяктуу эстеликтерине салыштырат. Эстеликти ал 1408-141б-жж. Моголстанды башкарган Мухаммед хан курдурган деп эсептейт. Бирок Таш-Рабаттын орду так көрсөтүлгөн эмес.

Андан соң XIV к. чейин бул эстелик туурасында кыргыз эли жараткан легендалар жана уламыштардан бөлөк маалыматтар кездешпейт.

Казактын көрүнүктүү илимпозу Ч.Валиханов Кашкардан кербен менен келатып, 1859-ж. Таш-Рабатты көрүп өткөн. Анын эмгегинде эстелик жөнүндө мындай жери бар: "Имарат чополуу сланец жалпак плита таштардан курулган, узундугу 12, туурасы 7 саржанча келет. Узун коридордон улай тегерек зал (радусу 5 кез), үстү тоголок болуп кетет. Коридордун капталдарында кичинекей жапыз эшиктери бар алардан чарчы жана сүйрү чакан бөлмөлөргө өтөт. Бул имарат бир кезде сыртынан да, ичинен да шыбалса керек". Андан ары ал имараттын ичинин ар кайсы жеринде араб жазуусу сакталып калгандыгын, жергиликтүү калктын айтымына караганда эстеликте 40-41 бөлмө бар экендигин, бул имарат кыргыздар үчүн сыйынуу жана курмандык чалуу жайы болгондугун жазат.

Таш-Рабатты 1867-ж. көрүнүктүү орус окумуштуусу Н.Северцов көрүп чыгат. Ошол эле жылы орус изилдөөчүсү – Ф.Остен-Сакен ал жерде болуп, эстеликти сүрөттөп, анын узун-туурасын, планировкасын, кандай материалдан курулгандыгын жазып кетет.

Эстеликти 1878-ж. карап чыккан А.Фетисовдун макаласында Таш-Рабат жөнүндө кызыктуу жана толук маалымат бар. Ал аны кербенчилер менен жолоочулар акысыз түнөп кетүүчү "сапар мей-манканасы" сыяктанат деп эсептеген. А.Фетисов аны Чымкенттен Ташкентти көздөй кеткен жолдун боюндагы Рабаттарга окшоштугун белгилеген.

Таш-Рабатты 1886-ж. доктор Н.Л. Зеланд толугураак изилдейт. Ал эстеликтин сүрөтүн кагазга тартып алган,: кийин Ташкент шаарындагы археологияны сүйүүчүлөрдүн түркүстандык ийримине берген. Н.

Зеланд эстеликти кербен сарай эмес, диний курулуш болуп саналат деп божомолдогон.

Бул эстеликке 1894-ж. Ат-Башы өрөөнүндө болгон орустун көрүнүктүү чыгыштын изилдөөчүсү В.В. Бартольд да көңүл бурган, бирок ал эстеликти өз көзү менен көрү алган эмес. Ошондой болсо дагы, анын 1897-ж. басылып чыккан "Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью" деген эмгегинде эстеликтин эки сүрөтүн берген. В.В. Бартольд "Очерк истории Семиречъя" деген эмгегинде Мухаммед Хайдарга таянып, бул курулушту ислам дининин таратуучусу Мухаммед хан 1416-ж. салдырган деп жазат.

Таш-Рабатты кеңири изилдеген Н.Н. Пантусов болду. Ал 1902-ж. чыккан эмгегинде эстеликти толук сүрөттөп жазган. Андан Таш-Рабаттын планы, кесинди сүрөтүн алган. Эстеликтин арналышы жөнүндө кеп козгоп, Н.Н. Пантусов аны "монастырь, ошондой эле келгендерге жардам берүүчү жана баш калама" катары эсептеген.

Бул тарыхый курулушту толук иликтөө советтик доорго туура келет. Теңир-Тоонун башка байыркы эстеликтери менен катар 1937-ж. Б.М. Зиманын жетекчилиги астындагы экспедиция Таш-Рабатты да изилдеп чыгат.

Таш-Рабатты 1944-ж. А.Бернштамдын жетекчилиги астында "Тянь-Шань-Алай археологиялык экспедициясы" иликтейт. 1950-ж. анын «Архитектурные памятники Киргизстана» аттуу китеби жарыкка чыгып, анын бир главасы Таш-Рабатка арналган. Ал эстеликти кербен сарай деп эсептөө менен бирге имараттын архитектурасына көчмөндөрдүн күчтүү таасири тийгендигин айткан. "Таш-Рабаттын жабуусун карап турганда, – деп жазган ал, – өзүнчө бир жасалгалуу чоң боз үйдү тегеректеген көчмөндөрдүн таш болуп катып калган айылы сыяктанган элес көз алдыңдан кетпей калат".

Таш-Рабат жөнүндө 1952-ж. Р.А. Пугаченкованын макаласы жарык көрдү. Бул макала искусство таануу иретинде талдагандыгы боюнча, эстелик жөнүндө чыккан маалыматтардын ичинен бөтөнчөлөнүп турат. Эстеликтин арналышы тууралуу кеп козгоп келип, бул XV к. 20-30-жж. курулган мечитүү кербен сарай болгон деп эсептейт.

Өзүнүн "Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери" (1955-ж.) деген кол жазмасында Б.Н. Засыпкин Таш-Рабатка бир чоң главаны арнаган. Анда, 1940-ж. аны ченеген архитекторлордун материалдары

пайдаланылган. Мурдагы изилдөөчүлөрдөй, ал дагы эстеликти XV к. кербен сарай деп эсептейт.

Кыргыз ССР Маданият министрлигинин илимий-реставрация-лоочу мастерскойлору эстеликти калыбына келтирүү максатында архитектуралык-археологиялык жактан аны кеңири изилдөөгө киришет. Үч жыл (1978-1980-жж.) ичинде алынган материалдар эстеликтин жалпы мүнөздөмөсүнө көп жаңы нерселерди кошту.

**Кошой Коргон шаарчасы**

Борбордук Теңир-Тоонун отурукташып дыйканчылык кылган элинин эстеликтери анча көп эмес, азыркы учурда алардын 30га жакыны табылды. Анда эл отурукташып кыштакчалардын калдыктары археологдор тарабынан Суусамыр, Жумгал жана Кочкор өрөөнүнөн, Нарын суусунун жана анын куймаларынын бассейнинен табылды. Ошол табылгалардын ичинен өзүнүн чоңдугу жана монументалдуулугу Кошой-Коргон шаарчасы айырмаланып турат. Ал азыркы райондун борбору Ат-Башынын Кара-Суу айылына жакын жерде жайгашкан. Шаардын чоң-чоң калдыктары анын душман өтө алгыс бекем чеп болгондугун элестетип турат.

Кыргыз элинин уламыштары бул шаарды Манастын атактуу насаатчысы Кошой балбандын менен байланыштырат. Кошой-Коргон жөнүндөгү экинчи маалыматты 1894-ж. белгилүү орус жазуучусу В.Бартольд жазган. Ат-Башы өрөөнүнүн кыдырган кездеги алган маалыматтарда орто кылымдагы жазма булактарга таянып, ал бул эстеликти байыркы Ат башы шаары менен окшоштурган. 1944-ж.: Кошой-Коргон А.Бернштам жетектеген "Тянь-Шань – Алай археологиялык экспедициясынын изилдөөсүнүн объектиси болуп калат. Бул экспедиция биринчи жолу шаарды тарыхый-топографиялык жактан толук изилдеген. Шаардын планын текшерүү максатындагы казуулар жүргүзүлүп, материалдар жыйналган, Тянь-Шандын башка эстеликтеринин арасынан алган орду аныкталган. Кошой-Коргон шаарынын илимий маанисин эске алып, Кыргыз Мамлекеттик университетинин археология жана этнография кафедрасы 1980-ж. аны стационарлык изилдөө ишине киришкен.

Кошой-Коргон Ат-Башы өрөөнүнүн борборунан орун алган. Жер шаарына жараша стратегиялык ыктуу жайгашып, байыркы учурда ушул жер менен өткөн соода жолун жана бүткүл өрөөндү тескеп турган. Шаар 245-250 м келген төрт бурчтук форманы ээлел жатат. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 4-8 алардын периметри

боюнча 60 сепил байкалып турат: узундугунда – 19, түштүгүндө – 13, чыгышында – 17 жана батыш жагында – 11. Дубалдары, ошондой эле сепилдери чоң-чоң топурак блоктордон жана узун кыштан салынган. Дубалдын түп жагынан калыңдыгы 7-9 м, улам жогору жагы ичкерип, 8 метрге жеткен жердеги калыңдыгы 3-4 м болот. Дубалдарынын жана сепилдердин айрым жерлеринде кийинки ремонт иштеринин издери жана жоон жыгачтардын калдыктары сакталып калган. Алар курулуш материалдары катары пайдаланьшса керек. Коргонуу курулуштарынын монументалдуулугу согуш коркунучу болгон кезде шаардын элин ишенимдүү калкалап турган. Шаардын бардыктарында 12 м алыстыкта дубалдары курган кездеги топурак алгандан кийин калган чуңкурлар жатат. Коргондун ар бир тарабында да бирден, төрт эшиги болгон. Алгачкы учурда шаарга кире турган бир гана эшик болгон деп болжоого болот. Кийинчерээк анын калган дубалдарынан да эшиктер ачылган. А.Н. Бернштам чыгыш жана батыш жагындагы дарбазалар 1375-ж. Амир Темирдин шаарга келген учурунда пайда болгон деп эсептейт. Анын пикири боюнча ошол эле мезгилде шаар чыгыш жана түштүк жагынан бир катар аянтты алган кошумча дубал менен бекемделген. Тилекке каршы, айыл чарба жумуштарына байланыштуу биздин күндөрдө бүт бойдон бузулган.

Шаарды казып көргөн кезде курулуштардын калдыктары табылды, алардын дубалдары кыш менен салынган, таманына топурак жана жалпак таштар төшөлгөн. Үйдүн ичинде очоктун издери сакталган. Бир бөлмөнүн керегесинин шыбагында көк, кызыл, ак жана сары боёк менен жүргүзүлгөн оймо-чийменин издери бар.

Бөлмөлөрүнөн ар кандай материалдар: жаргылчак, чоподон, таштан, сөөктөн жасалган ийиктер, алардын айрымдарына оюу салып коюлгандары да табылды. Темир буюмдардан болсо: жаанын учтары, бычактын сыныктары курларга же жүгөнгө кадап жасаган жалпак коло буюмдары да чоң мааниге ээ. Мындай кооздоолор VI-X кк. түрк тилиндеги көчмөн урууларда кеңири тараган. Колодон жасалган чоң шакек айрыкча кызыгууну туудурат. Анткени анын жогорку бетине бири-бирин карап турган эки өрдөктүн сүрөтү салынган. Мындай табылга Кыргызстандын аймагынан биринчи жолу кезигип отурат.

Кошой-Коргондо жүргүзүлгөн иштер аны мындан ары да изилдөөнүн келечектүүлүгүн көрсөтүп турат. Казуудан алынган материалдар негизинен X-XII кк. тиешелүү. Бул Атбашы шаарынын гүлдөп турган мезгили болгондугу талашсыз, бирок анын XIII к. кийин жашагандыгы жөнүндө маалымат азырынча табыла элек. Ушул жерден

мындай бир жагдайга көңүл бөлүүгө болот, XIII к. жана XVI к. биринчи жарымындагы жазуу эстеликтеринде "Ат-Башы шаары" эмес жөн эле Атбашы деген ат эскерилет. Кыязы, Кыргызстандагы алгачкы орто кылымдардын шаарларынын көбүндөй эле бул шаар деле монгол-татарлардын чабуулунан талкаланып, кийин ээн калган болуш керек. Кошой-Коргондогу мындан аркы изилдөөлөр, сөзсүз анын тарыхы жана маданияты боюнча жаңы материалдарды алып келмекчи.

**Шах-Фазил күмбөзү** – Кыргызстандын аймагындагы XI-XIV кк. таандык архитектура эстелиги. Ала-Бука районундагы Гулстан кыштагында жайгашкан. Күмбөз төрт чарчы формада, бышкан кыштан тургузулган. Дубалынын калындыгы 163-167 см бийиктиги 15,37 «Күмбөздүн түндүк жагында 3 эшиги, батыш жагында кичирээк бир эшиги бар, терезеси жок. Күмбөзүнүн, ичи оймо-чиймелер менен коздолгон. Шыбына (потологу) фарсыча жана арабча сөздөр жазылган. Күмбөзгө Караханийлер мамлекетинин башкаруучуларынын биринин сөөгү коюлган. Күмбөздүн түндүк жагында короосу бар, батыш жагы анча бийик эмес дубал менен курчалганы, ал эми тегерегинде орто кылымдарга таандык арабча, фарсыча жазуусу бар бейиттер сакталган.

**Шырдакбектин чеби** – X-XII кк. таандык сепил. Ак-Талаа районундагы Чолок-Кайың кыштагынын түндүгүндө, Алабука суусунун жээгинен орун алган. Чеп чарчы түрдө сакталган, түштүк тараптагы дубалынын узундугу 1 м, сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 6м алар бакчадан жасалган. Чептин дубалдарында, бурчтарында жана эшиктеринин туштарында мунаралары болгон. Эшиктери түштүктү жана батышты карайт. Мунаралардын бооруна жаа атуу үчүн тешиктер жасалган. Чептин айлана туурасы 20 м келген арык казылган. Учурунда ага суу толтурулган.

Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери аз санда болгону менен алардын тарыхый, таанып-билүүчүлүк мааниси өтө зор. Эстеликтер мамлекет тарабынан коргоого алынган. Алардын сакталышына жалпы эл да көз салышы керек.

### “Манас» – орто кылымдардагы кыргыздардын рухий дөөлөтү

Кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манас» эпосу – уникалдуу, өзгөчө касиетке ээ чыгарма, орто кылымдардагы кыргыздардын рухий дөөлөтү. Анын өзгөчөлүгү эбегейсиз зор көлөмгө жана кеңири мазмунга ээ экендигинде. Бүгүнкү күндө дүйнө элдеринин эпосторунун ичинен «Манас» эпосуна жеткен чоң чыгарма жок.

Мисалы, дүйнөдө эң чоң эпос делип жүргөн Инди элинин эпосу «Махабхаратанын» көлөмү эки жүз миң сап ыр. Ал эми жалпыга белгилүү гректердин «Илиадасы» менен «Одиссеясы» биригип 27803 сап ырга барабар. Ал эми «Манастын» С. Каралаев айткан варианты 500553 сап ырды түзөт. Бул көлөм «Махабхаратадан» эки жарым эседен көбүрөөк болсо, «Илиада» менен «Одиссеяны» бириктиргендеги көлөмдөн 20 эсеге жакын көптүк кылат.

«Манастын» баалуулугу, башкалардан айырмаланган өгөчөлүгү жеке эле көлөмдө эмес экендиги айтуу зарыл. Анын мазмуну элдин көптөгөн кылымдар аралыгындагы башынан өткөргөн көрүнүктүү окуяларынын изин сактап, жашоо шартынын эң көп жактарын кеңири камтып, көз караш түшүнүктөрүнө чейин терең чагылдырып турат. Көчмөн турмуштун жана түрдүү тарыхый кырдаалдардын шартында кыргыз эли чоң-чоң жазма эстеликтерди, кооз имарат-сарайларды кийинки муунга мураска калтырган эмес. Бирок элибиз бүткүл ой-толгоолорун, аң-сезимин, ар-намысын, максат-мүдөөсүн жана көптөгөн кылымдар бою башынан кечирген кайгы-муңун, кубанычын бейпил турмушу менен жоокердик күндөрүн чагылдырган улуу сөз сепилин урпактарына мураска калтырган. Ошондуктан «Манас» кыргыз элинин улуттук сыймыгы, ата-бабаларыбыз өз табылгаларынын алгылыктууларын бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарган, ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап келе жаткан улуу мурасы.

«Манас» кыргыз элинин рухий маданиятынын көөнөрбөс булагы. Эпосто элдин үрп-адатынан тартып, кылымдар бою жашоосундагы калыптанган салттары, тиричилиги, жаратылыш жана коом жөнүндөгү түшүнүктөрү, ар түрдүү ишенимдери чагылдырылган. «Манастын» мазмунунан биз эл тагдырынын түрдүү учурларын чагылдырган каада-салттарын, үрп-адаттарын көрө алабыз.

«Манас» эпосунда кыргыз элинин өткөндөгү материалдык маданияты да кеңири чагылдырылган. Анын түздөн-түз предмети болгон материалдык байлыктарын сүрөттөө да өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз элине тиешелүү жоо-жарак, кийим-кече, тамак-аш, үй эмеректери, ат жабдыктар ж.б. жөнүндө кенен маалымат бар. Аларды өндүрүү жана жасоо жолдору көрсөтүлгөн.

Кыскасы, «Манас» – кыргыз элинин тарыхы, чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги, үрп-адаты, салт-санаасы, эстетикалык жактыруусу, этикалык ченемдери, медициналык, географиялык,

диндик түшүнүктөрү, эл аралык соода байланыштары жана башка көптөгөн көркөм формада чагылдырылган чыгармасы. Ошондуктан эпос кыргыз элинин тарыхын, философиясын, этнографиясын, сөз өнөрүн, психологиялык жана социалдык руханий турмушунун түрдүү жактарын изилдөөнүн бай булагы болуп саналат.

Өзүнүн көлөмү жана мазмуну боюнча алдына эч кандай дастанды чыгарбаган «Манас» эпосун илимий жактан изилдөө качан башталган деген суроо мыйзамдуу экендигинде талаш жок. Тарых көрсөткөндөй, кыргыздардын бул улуу чыгармасына ар түрдүү мезгилдерде көптөгөн окумуштуулар кайрылышкан. Илимпоздордун, санжырачылардын «Манас» эпосуна болгон алгачкы кызыгуулары XIII-XV кылымдарга туура келет деген далилдүү божомол бар. Эпоско болгон чыныгы кызыгуунун башаты XV-XVI кылымдарга туура келээрин белгилөө керек. Манас жөнүндө биринчи кабар ферганалык Сейф ад-Дин (Ахсикенти) XVI кылымдын башталыш чендеринде жазылган «Маджму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу перси тилиндеги эмгегинде кездешет. Аталган автор бул эмгегин бүтпөй калып, аны уулу Нур-Мухаммад кийин аягына чыгарганы белгилөө зарыл. Тарыхчы З.Эрачиевдин айтымында, Сейфа ад-Дин Ахсикентинин кыргызча туура аталышы Сайпидин Аксылык. Автордун оюу боюнча Аксылык же Ахсикенти деген сөз анын Аксекет шаарында туулгандыгын эскертип турат. Кийинчерээк, дейт З.Эрачиев, кыргыздар бул сөздү кыскартып, Аксы деп атап коюшкан. Мындай ой менен макул болбой коюуга болбойт. Тарыхый булактарга караганда, бул шаар көчмөндөрдүн мекени болуп, биздин замандын онунчу кылымдарында эле Фергана өрөөнүнүн эң ири шаары катары эсептелген. Ал Нарын дарыясынын оң жагында жайлашышып азыркы Наманган шаарына жакын болгон. Болочоктогу ири илимпоз, санжырачы, тарыхчы Сайпидин Аксылык (Сейф ад-Дин Аксикенти) жогоруда аталган Аксы шаарында төрөлүп билимдүү болуп, Манас жөнүндө эмгек жазган. З.Эрачиевдин дагы бир тыянагына көңүл бөлгөн оң. Ал биринчиден, «Маджму ат-таварихтин» автору кыргыз болгон деген далилдүү ой айтат. Бул оюн илимпоз Сайпидиндин кыргыз тарыхын, маданиятын, үрп-адатын жакшы билиши менен далилдегиси келген. Чындыгында эле «Тарыхтардын жыйнагында» автор кыргыздардын түпкү теги, уруу урууга бөлүнүшү, алардын санжырасы өтө далилдүү берилген. Эң башкысы эмгектин автору кыргыздардын тарыхын жана маданиятын эң мыкты билгендиги көрүнүп турат. Ошого байланыштуу анын автору кыргыздардан чыгуусу мүмкүн деген З.Эрачиевдин божомолу жөндүү. Экинчиден,

«Маджму ат-таварихтин» парси тилинде жазылып калышын деле түшүнсө болот. Анткени XV кылымда Орто Азия аймагындагы кеңири тил болуп парси тили эсептелген. Теги башка элдерден чыккан илимпоздор, ойчулдар, акын-жазуучулар өз эмгектерин парси тилинде жазышканы белгилүү. Мисалга Мухаммед Бабурду, Алишер Навоини ж.б. айтса болот.

Аталган эмгекте кыргыздардын IX-XV кылымдардагы тарыхы, маданияты жөнүндө баалуу илимий маалыматтар бар экендигин айтуу керек. Ал турсун Манас баатыр жана анын союздаштарынын калмак баскынчыларына каршы күрөштөрү да сүрөттөлгөн. Чыгармадагы окуялар Тянь-Шань, Жети-Суу жана Орто Азиянын аймагында өтөт. «Маджму ат-таварихте» Манас менен Жолойдун салгылашуусу ыр түрүндө берилгендигин айтуу керек. Демек, XV кылымдан мурун эле «Манас» эпосу поэтикалык формада айтылып, аны Сейф ад-Дин манасчылардан угуп, кара сөз менен жазган деген божомол бар.

«Манас» эпосу кыргыздардын баш аягы эки миң жылдан ашуун аралыктагы тарыхын, маданиятын кеңири баяндаган чыгарма. Бирок эпос миң жылдар өнүгүп келгендиктен, мурдагы окуяларды кийинки окуялар басып, калмак доорундагы согуштар көп сүрөттөлүп калганын белгилөө абзел. Ал турсун эпостун өзү дагы тарыхый чындыктан алыстап, улам кийинки айтуучулар тарабынан ал жаңы кошумчаларга дуушар болуп турган. Ошондуктан башка темадагы, окуядагы жомоктор да «Манастын» тегерегине чогулуп, акырындык менен анын ичине кире берген. Ошол себептен эпостогу тарыхый чындык мезгилдин өтүшү менен улам жаңыланып, бир эле каармандын тегерегинде кыргыз элинин башынан өткөргөн эки миң жылдык тарыхы чагылып, бир мезгилге тартылган. Эпостун ички мазмунун терең изилдеген адам кыргыз элинин байыркы, орто кылымдагы тарыхынан тартып, кийинки калмак дооруна чейинки окуялардын изин көрө алышы сөзсүз.

Дастанды миңдеген жылдар бою сактап, кошумчалап, биздин заманга чейин жеткирүүдө аны айткан акындардын, манасчылардын эмгеги эбегейсиз зор. Чындыгында эле «Манас» дастанынын кылымдан кылымга, муундан муунга оозеки өтүүсүндө жана анын дүйнөлүк маданияттын эң сонун эстеликтеринин бирине айланышында алардын эмгеги баа жеткис. Жазуубуз болбогондуктан XIX кылымдарга чейинки манасчылардын ысымы жана алардын чыгармалары сакталбай калганы кейиштүү. Өткөн кылымда жашаган атактуу манасчылар Келдибек, Балык, Найманбай, Тыныбек, Чоюке

ж.б. гана белгилүү. Алардын да жумалап, айлап айтканда түгөнбөгөн «Манасы» кагаз бетине түшүрүлбөй, өздөрү менен кошо кеткен.

Совет доорунда гана манасчылардын айткандары кагаз бетине түшүрүлө баштаган. Алардын катарына биринчи кезекте Сагынбай Орозбаков (1867-1930) менен Саякбай Каралаевга (1894-1971-ж.) окшогон залкар манасчыларды кошсо болот. Алардын жана башка манасчылардын айткандары боюнча бүгүнкү күнү эпостун 60 тан ашуун варианттары кагазга түшүрүлүп, ал ар эки миңден ашык ыр саптарынан турат. Эпосту жарыялоо жагында бир топ иштер аткарылганын белгилөө зарыл. С. Орозбаковдун варианты боюнча төрт том, С.Каралаевдики боюнча беш том басмадан чыгарылды. «Манастын» кыскартылган түрү менен төрт китеп жарык көрдү. Башка манасчылардын айтуусунда дастандын көптөгөн эпизоддору, бөлүмдөрү жарыяланды. «Манас» бир катар түрк, орус, немец, англис ж.б. тилдерине которулуп, басылып чыгарылды.

«Манас» эпосу XIX кылымдын экинчи жарымынан чыныгы илимий иликтөөгө алына баштаганын баса белгилөө керек. Аны бир гана кыргыз илимпоздору (Б.Юнусалиев, С.Мусаев, Р. Кыдырбаева, И.Молдобаев, Э.Абдылдаев ж.б.) эмес, башка элдердин окумуштуулары да терең кызыгуу менен үйрөнүшкөнүн айтуу зарыл. Алардын катарына боордош казак элдеринен Ч.Валиханов, М.Ауэзов, А.Маргулан, орустардан В.Радлов, В.Жирмунский, Е.Поливанов, А.Бернштам, С.Абрамзон, татарлардан М.Богданова, К.Рахматтуллин ж.б. окумуштууларды айтса болот.

«Манас» эпосун илимий изилдөөнү казак элинин көрүнүктүү окумуштуу-агартуучусу Ч.Валиханов биринчилерден болуп баштаган. Ал Ысык-Көлдө эки жолу болуп (1856-1859-ж.), аймактагы элдердин жашоо шарты, тарыхы, маданияты, анын ичинде элдик оозеки чыгармачылыгы тууралуу көптөгөн жаңы маалыматтарды топтогон.

Ч.Валихановдун «Манас» эпосу жөнүндөгү алгачкы экерүүсү анын «Ысык-Көлгө баруу күндөлүгү» аттуу эмгегинде чагылган. Ал 1856 -жылы көлдүн Түп суусунун боюнда кыргыз ырчысынан «Манас» поэмасын уккандыгын жана анын тилинин түшүнүктүүлүгүн айтат. Бирок аталган эмгегинде окумуштуу эпостун айрым гана үзүндүлөрүн уккандыгына байланыштуу эпоско реалдуу баа бере албагандыгы байкалат.

Бирок кийинчерээк кыргыздардын арасында айлап жашап, «Манас» эпосун терең түшүнүү менен угуп, кагазга түшүргөндөн соң

ага болгон көз карашы түп тамырынан бери өзгөргөн. 1861- жылы эпос боюнча чогулткан бай материалдарын жалпылап, орус географиялык коомунун илимий журналына «Жунгария очерктери» деген эмгегин баскан. Аталган эмгекте Ч.Валиханов «Манас» эпосуна кыргыз элинин байыркы тарыхы менен маданиятын изилдөөдөгү булак катары өтө жогору баа берүү менен анын негизги өзөгү кыргыз элинин биримдигин чыңдоого жана сырткы душмандардан эл-жерин коргоого багытталгандыгы тууралуу жалпыга белгилүү таасын пикирин айткан. Аталган эмгек орус коомчулугунда чоң кызыгууларды жараткан. Эпостун белгилүү бөлүгү болгон «Көкөтөйдүн ашы» орус тилине которулган. Ал 1902-жылы орус археологиялык коомунун Чыгыш бөлүмүнүн кеңешмесинде окулган жана жогорку баага арзыган.

«Манас» дастанына Казак Илимдер академиясынын академиги А.Х. Маргулан да кызыккан. Ал өзүнүн «Чокон жана Манас» деген китебине тиркеме катары СССР Илимдер академиясынын Азия элдеринин институтунун чыгыш таанучулар архивинен табылган Ч. Валихановдун «Көкөтөйдүн өлүмү жана ашы» деп аталган кол жазмасын берген. Андан аз убакыт өтпөй 1973 жылы аталган кол жазманы казак тилине которуп, өзүнчө китеп кылып чыгарган. Кийинчерээк кыргыз авторлору аны кыргызчага которушуп, кыргыз окурмандарына жеткиришкен. Ошентип, XIX кылымдын орто ченинде Ч.Валиханов тарабынан жазылып алынган «Көкөтөйдүн өлүмү жана ашы» менен XX кылымдын аягында кыргыздар таанышууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Албетте, Ч.Валихановдын жазып алган «Көкөтөйдүн өлүмү жана ашы» толук эместиги, ал ошол процесстин бир эпизоду экендиги белгилүү. Ошентсе да, бул эпизод тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык булак катары илимий баалуулугун эч качан жоготпостугу шексиз. Аталган эмгекте кыргыз элинин этникалык тарыхы, маданияты, башка элдер менен болгон байланышы, – жайлаган жерлери, үрп-адаттары тууралуу баа жеткис материалдар учурайт. Бул жагдайда окумуштуу-илимпоз академик А.Маргуландын жасаган ишин өзгөчө белгилөөгө болот.

«Манас» эпосун изилдөөгө чоң салым кошкондордун катарына Мухтар Ауэзовду да кошсо болот. Боордош казак элинин бул улуу инсаны кыргыздын баатырдык дастанынын тагдырында чоң роль ойногонун белгилөө зарыл. XX кылымдын орто ченинде «Манас» эпосун кыргыздардын рухий казынасынан алып салуу аракети жасалганы жалпыга маалым. Ушундай кыйын мезгилде улуу

дастандын тагдыры таразага салынып, аны кыргыз элинин рухий маданиятынан сүрүп чыгаруу коркунучу түзүлгөндө, М.Ауэзов жардамга келип, аны коргоп калышы, бир жагынан анын улуулугун даңазаласа, экинчи жагынан, эки элдин боордоштугун күбөлөйт.

1952 жылы «Манаска» арналган чоң илимий конференция болгон. Бул илимий форумда М.Ауэзовдун «Манас – кыргыз калкынын баатырдык эпосу» – аттуу эмгеги чечүүчү ролду ойногон. Өзү да конференцияда чыгып сүйлөп, эпосту илимий коргоп, аны кыргыз элинин жан-дүйнөсүнөн алыстатууга аракеттенгендерге катуу сокку берген.

«Манасты» изилдөөчүлөрдүн катарына орус окумуштууларынын ичинен В.В. Радловду атаса болот. Орустун чыгаан окумуштуусу, белгилүү тюрколог, академик В.Радлов Кыргызстанга эки жолу келген. Биринчи жолу 1861-жылы тескейдеги, 1869 жылы Чүйдөгү кыргыздарда болуп, эпостун окуяларын бүт жазып, немецчеге которгон. 1885-жылы аны Санкт-Петербургда кыргыз тилинде өзүнчө том кылып чыгарган. Томдун кириш сөзүн жазып, эпос корутунду илимий пикир айткан.

В. Радлов эпостун мазмунуна, структурасына жана көркөмдүгүнө таң калуу менен мындай десек: «Бул эпос грек эпосу сыяктуу бүтүндөй элдин акыл-оюн, турмуштун жана кулк-мүнөзүнүн ачык сүрөтүн тартып берет. Эпикалык көркөмдүктө согуш жүрүштөрүн, жарыштарын, турмуштун жашоо шартын жана башка окуяларды кенен баяндайт».

XIX-XX кылымдардын чегинде «Манас» – эпосун изилдөөгө В.В. Бартольддун, А.Н. Бернштамдын, С. Абрамзондун, В.М. Жирмунскийдин, М. Богданованын, А. Петросяндын эмгектери зор экенин белгилөө зарыл.

«Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы дастандын жалпы негизги өзөгүн баяндоонун бирдейлигин айтышат. Эпостун жалпы өзөгү жөнүндө сөз болгондо манасчылар өздөрүнүн баяндарын Манастын төрөлүшүнөн баштап, андан ары Алмамбет, Кошой, Жолой жөнүндө бирдей эле тартипте «Көкөтөйдүн ашы». «Чоң казат» ж.б. окуяларды ирээти менен ырдашкан.

«Манас» эпосун изилдөөгө кыргыз илимпоздору да активдүү катышкан. Алардын катарына Б.Юнусалиевди, С.Мусаевди, Р.Кыдырбаеваны, И.Молдобаевди, Э.Абдылдаевди ж.б. атаса болот.

Белгилүү окумуштуу Б.Юнусалиев улуу дастанга жогорку баа берип, «Манас» кыргыздардын, айрыкча Октябрь революциясына чейинки саясий-социалдык жана маданий, рухий турмушунда чоң мааниге ээ болгон. Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирлүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген» десе, илимий чөйрөгө таанымал Манас таануучу С. Мусаев «Эл ичинде миңдеген жылдардын аралыгында көркөм маданияттын өзгөчө көрүнүшү катары жетилип, муундан муундарга оозеки түрүндө өтүп, элдин турмушун кеңири камтыгандыгы жана жогорку көркөм формага жеткендиги менен угармандарды, ошондой эле окурмандарды таң калтырып, биздин күндөргө келип жеткен дал ошондой эстеликтерге кыргыз элинин «Манас» эпосу кирет» деп, ишенимдүү тыянак жасайт.

## 3.4. XI-XV кылымдардагы Кыргызстандын маданияты

### Орто кылымдардын орто чениндеги кыргыз ойчулдары

Орто кылымдардын бардык эле мезгилдеринде кыргыздар арасынан белгилүү тарыхый инсандар, залкар акын-ойчулдар чыкпагандыгын айтуу керек. Мүмкүн мындай адамдан эл арасынан чыккандыр, бирок алар азырынча коомчулукка белгисиз боюнча кала берүүдө. Эгерде орто кылымдардын баш чендериндеги Чыгыш Ренессансы кыргыз чындыгынан Ж.Баласагын, М.Кашгарилерге окшогон белгилүү инсандарды чыгарса, андан 7-8 кылым өткөндөн кийин гана кыргыздар арасынан Калыгул, Арстанбек, Нурмолдо, Молдо кылыч, Молдо Нияз ж.б окшогон залкар ойчул акындар чыккан. Ушундай узак убакыт (XI-XVII) кантип эле кыргыздардын рухий маданиятынан көрүнүктүү өкүлдөр чыккан эмес деген мыйзамдуу суроо туулат. Анын себептери да арбын экендигинде шек жок. Бирок аталган мезгил кыргыздар үчүн өтө оор болгондугу талашсыз. Саясий бытырандуулук, ар кандай мамлекеттердин үстөмдүгү жана эзүүсү элди бир топ жүдөткөн жана басмырлаган. Саясий-экономикалык кыйынчылык кыргыз элин баш көтөртпөй, анын рухий маданиятынын өнүгүшүнө тоскоол болгон. Бул биринчиден, экинчиден, кыргыздар кандай гана кыйынчылыктар болбосун рухий маданияттын улуу инсандарынан куру кол болбосо керек деген ой жөндүү. Анткени, мамлекеттүүлүктүн жана жазуунун жоктугунан нечен залкар адамдардын аттары жана эмгектери тарыхтын көз жаздымында калышы ыктымал. Айрымдарынын гана ысымдары жана ырлары элдин эсинен чыкпай, ооздон-оозго өтүп, бүгүнкү күнгө жеткенин эч ким танбайт. Алардын арасынан Асан Кайгыны, Толубай Сынчыны,

Токтогул ырчыны, Санчы сынчыны атаса болот. Булар албетте элдин эсинде калгандар. Ал эми көптөрү убакыттын узактыгынан карт тарыхтын алдында унутта калды. Алардын ачылышы, коомчулукка белгилүү болушу-келечектин иши.

Орто кылымдардагы кыргыздардын философиялык көз караштарын, коомдук ой пикирин иликтөөдө биз жогоруда атаган легендардуу ырчы-сынчылардын ролу зор экендигинде шек жок. Философ М. Абдылдаевдин айтуусу боюнча Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Толубай Сынчы жана Санчы сынчылардын кайсы жерде жана качан туулгандары жөнүндө толук маалыматтар азырынча жок. Чындыгында акын сынчылардын айткандары да бизге толук келип жеткен эмес.

Орто кылымдардын аяк чендеринде кыргыз чындыгынан чыккан ырчы-сынчылары жөнүндө бүгүн уламыштардын жана божомолдоолордун негизинде гана сөз кылса болот. Ошондуктан, дейт М.Абдылдаев, алар жөнүндөгү материалдарды тарыхый булак катары өтө этияттык менен пайдалануу абзел.

**Токтогул ырчы**

Токтогул ырчы XIII кылымдарда жашаган экен. Анын ата-теги кайсы жерде качан, туулгандыгы жөнүндө так маалыматтар жокко эсе. Тарыхый булактарга караганда ал Жаныбек хандын (1341-1357-жылдары тактыга олтурган) жана Аксак-Темирдин (1336-1405-жылдары жашаган) замандашы болгон. Ал биринчисин табалап ырдаган болсо, экинчисинин сарайында кол ырчы болгон дешет. Демек, Токтогул ырчы XIV кылымдын биринчи чейрегинде жарык дүйнөгө келген деп божомолдосо болот. Анын балалык чагы Самарканга жакын жердеги белгилүү Кожо-Илгар (азыркы Бужун) айылында өткөн.

Азыр Токтогул ырчынын туулган жери такталууда. Мисалы журналист Музапар Үсөн ырчынын атасы Сайдали Баткен тараптан болуп, Самарканга чейин таанымал соодагер болгонун баяндайт. Ал баласы Токтогулду ээрчитип кербен баштап, мал айдап далай жерди кыдырып баласына соодегерлик кесипти үйрөтүүгө аракет жасаган экен. Болочок акын кичинекейинен эле зирек, өтө байкагыч болуп чоңойгон. Анын аш-тойлордон калбай, акындардын ырларын ээрчип жүрүп уккандыгы жөнүндө уламыштар бар.

Токтогул ырчы жөнүндөгү кабарлар так жана толук деп айтуу кыйын. Болгон маалыматтар негизинен божомолдоолорго жана уламыштарга негизделген. Ошондуктан ырчынын өмүр баянын жана чыгармачылыгын иликтөө келечектин иши.

Бизге Токтогул ырчынын азырынча төрт ыры («Токтогулдун ыры», «Соңку ыр», «Токтогул ырчынын сөзү», «Токтогулдун Жаныбек ханды табалап ырдаганы») белгилүү. Алардын ичинен эң орчундуусу Токтогулдун Жаныбек ханды табалап ырдаганы. Ал өз ырында калмак ханы Жаныбектин ырайымсыздыгын, кыргыз элинин андан көргөн кордугун сүрөттөйт.

«Жалпы түрктө сайраган,
Булбул элем Токтогул
Чарчабаган аргымак,
Дулдул элем Токтогул
Топту бузуп туу жыккан,
Буудан элем Токтогул
Жаныбек басты белимди
Калмактыгы билинди.
Калк ичинде сүйлөтпөй
Кагып салды жинимди
Зил душман калмактан
Келин кызга ээ кылбай
Кылып турду зордукту »

Кыргыздардын тарыхында Жаныбек хан өзгөчө орунду ээлеген. Ал өтө жек көрүнчүлүгү, зулумдугу жана ырайымсыздыгы менен айырмаланган. Элди эзүү боюнча атагы аласка кеткен деспот болгон. Буга ырчынын төмөндөгү ыр саптары мисал: «Аябады жанымды алып турду малымды. Кызыталак ит калмак кызылдай сорду канымды» Жаныбек ханды кыргыз эли гана эмес, хандыкка кирген жалпы эл, ал турсун калмактардын өздөрү жек көргөн. 1357- жылы болуп, Жаныбек хан бир тууган иниси Бердибек тарабынан өлтүрүлгөн. Ошентип бийликке Бердибек келген. Мындай саясий окуяны кубаныч менен тосуп алган.

Кыргыздардын маанайын Токтогул ырчы төмөндөгүдөй билдирет:

«Берендигин карматып
Бердибек болду ханыбыз
Берди түркүн балдары

Кумардан чыктык баарыбыз
Куттуу болсун ханыбыз
Атпай түрктүн балдары

Тынчыды эми жаныбыз. Аман болсун жаныбыз».

Токтогул ырчы турмушка реалдуу караган, оптимисттик көз караштагы инсан болгон. Акын адам түбөлүктүү эместигин, убагы келгенде бардыгы бул жарык дүйнө менен кош айтышаарын ырдап чыккан. Ошону менен эле бирге адам өлгөнү менен анын эмгеги, жасаган иши түбөлүктүү жашай тургандыгын түшүнгөн. Бул жөнүндө Токтогул ырчы мындай дейт:

«Амириң күчтүү болсо,
Жанымды аларың бар.
Бирок мен жалынбаймын
Тагдырга таарынбаймын.
Өлтүрсөң өнөрүм бар,
Астырсаң денем калар.
Ырларым өчпөй жанар»

Ырчынын сүйүү темасы өзгөчө орунду ээлейт. Анын «Токтогул ыры», «Соңку ыр» деген ырларында сүйүүнүн күчтүүлүгү, азап тозогу жөнүндө кеңири сөз болот. Акындын сүйүү жагдайында күйүп бышуусун түшүнсө болот. Анткени ал, Акмырза аттуу сулуу кызга ашык болуп, бирок аны Аксак-Темир аялдыкка алып кеткени жөнүндө тарыхый маалыматтарда айтылат. Токтогул Алымканга жетпей калгандай эле, Токтогул ырчы да сүйгөн кызына жетпей калып арманда калган. Аксак-Темирдин сарайында комузчу болуп жүргөнү да ошол себептен болсо керек. Акмырзага болгон ак сүйүүсү жөнүндө төмөндөгүдөй саптары бар:

«Ырымдан башка дүйнөм жок
Ырдасам жүрөк күйгөн чок
Аларда сени Акмырзам
Артымдан келип тийди ок
Сен үчүн келип ордого
Бул менин кылган амалым»

**Асан Кайгы**

Асан Кайгынын өмүр баяны жөнүндө так маалыматтар жок. Жаныбек ханды сындаганына караганда Асан Кайгы анын замандашы болгон. Демек ал, XIII кылымда жашап өткөн деп божомолдоого болот.

Асан Кайгы – акылман, ойчул жана сынчы адам болгон. Өмүр бою элдин муңун муңдап, зарын зардап жүргөндүктөн, аны Асан Кайгы деп атап коюшкан. Ч.Валиханов аны «көчмөн элдердин философу» деп атаган. Анын философиялык көз карашынын негизин коомдогу терс көрүнүштөрдү жок кылып, адам баласына жалпы бейкуттукту алып келе турган жолду издөө түзгөн. Албетте Асан Кайгы өз доорунун инсаны катары дүйнөдөгү эки карама каршы күчтөрдүн өкүм сүрүшүнүн мыйзам ченемдерин түшүнүүгө өсүп жеткен эмес. Ошондуктан турмуштагы жакшылык менен кастыктын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнөн ал алыс болгон.

Уламыштарга караганда Асан Кайгы элдин камын ойлоп, адамга сыйлуу, малга жайлуу жер издеп жүрүп Ысык-Көлдүн боюнда каза болгон. Анын бизге чейин келип жеткен чыгармалары өтө эле аз. М.Абдылдаевдин «Легендарлуу ырчылар жана сынчылар » деген чакан китепчесинде Кыргыз Республикасынын улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунан алынган эки жарым барак ырлары берилген. Ал ырлар «Асан Кайгынын айткандары» деп аталат. Алардын мазмуну боюнча шарттуу түрдө үч бөлүккө бөлсө болот. Биринчиси, ырчынын кайгы муңун түзсө экинчиси, Жаныбек хандын элге жасаган зордук зомбулугу, ал эми үчүнчүсү акыл-насаат багытындагы ырлар.

Асан Кайгынын ырларынын басымдуу көпчүлүгүндө айлана чөйрөгө, адамдарга жан жаныбарларга болгон боорукерлиги жана кайгы муңу чагылган.

«Асан Кайгынын айткандары» деген ырда төмөндөгүдөй саптар бар:

«Салган тамы жок,
Кылган камы жок
Алган даны жок
Бакан малы жок
Мал багаарга жок,
Көзү башын көгөртүп

Оодо чыкса белим деп
Ылдый түшсө тизем деп
Токтото албай өз боюн
Кары байкуш кантти экен
Оокат кылаарга эри жок
Отун алаарга эби жок

Баягы когон байкуш кантти экен
Таразасын көтөрүп
Тарбаңтаган шор тумшук
Ташбака байшкуш кантти экен
Чапаны жыртык жеңи жок
Жесир байкуш кантти экен?»

Кыскасы, Асан Кайгынын жан-жаныбардын, коомдун социалдык структурасындагы баардык адамдардын проблемаларына кайдыгер эместиги көрүнүп турат. Бирок акындын чыгармаларында кыйынчылыктан чыгуунун жолдору жөнүндө сөз жок. Анын жөн эле «тигил кантти, бул кантти» деп бөдөө кайгыруу менен аяктайт.

Асан кайгынын бизге жеткен ырларынын экинчи бөлүгүндө Жаныбек хандын адамдык сапаты сүрөттөлөт. Токтогул ырчыдай эле Асан Кайгы да хандын ырайымсыздыгын, адилетсиздигин ачып, анын эл жөнүндө эч кандай камкордук кылбаганы айтат. Буга ырчынын мындай мазмундагы ыр саптары күбө:

«Ай, Хан мен айтпасам билбейсиң
Айтканыма көнбөйсүң
Чабылып жаткан калкың бар
Аймагын коздоп көрбөйсүң,
Кымыз ичип кызарып,
Мастанып кызып тердейсиң
Коргоп салдың мээнет кылып,
Кызматчың жатат ичип жеп
Аны неге билбейсиң?
Катын алдың карадан
Айрылдың хандык каададан.
Элге эге уул таппас
Айрылаар ата мурастан.
Муну неге билбейсиң?
Кулуң көк сенин олтураар,
Ушуну Асан билгенде.
Муну неге билбейсиң?

Асан Кайгынын акыл насаат темасына арналган ыр саптары көп. Бул ырларында акын адамдарды таза болууга кечиримдүү болууга чакырат. Эзели эр эгишпөөгө, ал түбү жакшылыкка алып келбесин эскерет.

«Эрдин күнү болсо да,
Алдыңа келип калган соң
Кол куушуруп барган соң
Аша кеч да коё бер,
Мурдагыны куушпа
Эр эгишип урушпа.
Сеники жөн болсо да
Атың чыкпас дуруска
Бакыт конгон эрлердин,
Ар бир иши оңолоор.
Дөөлөтү күндө артылып
Не кылса оң болоор ».

Асан Кайгы өзүнүн чыгармаларында элдик макал лакаптарды колдоно билгендигин белгилөө керек. Мындай көрүнүш ошол

доордогу рухий маданияттын өкүлдөрүнүн ырларында байкалбайт. Муну биз аны ырларынан көрөбүз:

| | |
|---|---|
| «Жакшы өзү өлсө да сөзү өлбөйт | Акыл оошот, ырыс угушат |
| Сабырдын түбү сары алтын | Жар башында жапалак |
| Саргарган жетээр мураска, | Жапалак көрсөң атып өт |
| Сабырсыз калат уятка | Жакшыга ызаат боюң алып от » |

**Толубай сынчы**

Толубай сынчы кыргыздардын элдик уламыштарынын башкы каарманы. Уламыш боюнча ал Жаныбек хандын (1341-1357) тушунда жашаган тарыхый инсан. Бир уламышта Толубай сынчынын сынчылыгын уккан Жаныбек хан аны чакыртып, өз жылкысынын арасынан тулпар таап берүүнү тапшырган. Ал хандын тулпар деп эсептелген аттарынын ичинен бирөөнү да жаратпай, жоорулуу, арык, мүдүрүлүп баса албаган «чыныгы тулпар ат ушул» деп көрсөткөн. Жаныбек «мени шылдыңдап жатасың деп ачууланып», Толубай сынчынын эки көзүн ойдуруп салат. Кийин сынчынын айтканы туура чыгып, чоң байгелерде кырчаң ат таза тулпарлыгын көрсөткөн экен.

Толубай сынчы акылман, баамчыл, кыраакы адам болгон. Ал «Ырыс алды ынтымак, ынтымак барга ырыс токтойт, ынтымаксыздан ырыс качат» деп эл арасында ынтымактык идеяларын үгүттөгөн.

Залкар сынчынын философиялык ой жүгүртүүлөрү да маанилүү. «Өткөн өмүр учкан куштай, аккан суудай, өлгөн кайрылып келбейт» сыяктуу мажестик мүнөздөгү диалектикалык көз караштары буга мисал. Жалпылап алганда анын филисофиялык түшүнүктөрү натурфилософиялык мүнөзгө ээ болгон.

Толубай сынчынын ырлары акыл насааттык адеп ахлактык жүрүш туруш эрежелерин да өзүнө камтыган. Мындай мазмундагы ыр саптарына төмөндөгүлөрдү атаса болот.

«Жакшы болуучу жигиттер,
Алсыздарга карашат
Жаман болуучу жигиттер,
Тууган менен касташат.
Кең пейилдүү кейибейт,
Тар пейилдүү жарыбайт».

## Санчы Сынчы

Санчы Сынчынын өмүр баяны жөнүндө так маалымат жок. Уламыштарга жана эл оозундагы божомолдорго караганда ал Солто уруусунан чыгып, XVI кылымдын аягы XVII кылымдын баш ченинде жашаган. Болгон маалыматтарга караганда Санчы Сынчы өтө баамчыл, кыраакы киши болгон. Анын чыгармалары толук сакталып калган эмес. Эл оозунда белгилүүлөрү КР Улуттук Илимдер Академиясынын адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталууда. Алардын катарына сынчынын Солтонун уулдарын, Болот бийден тарагандарды, Кудаяр ханды, Алдаш Белек уулун сынаган сөздөрү кирет.

Санчы Сынчынын чыгармаларынын ичинен көлөмдүүсү анын хан Кудаярдын сынаган ыры эсептелет. Элдик божомол боюнча Кудаян XVI-XVII кылымдарда Сарыбагыш уруусунан чыккан хан болгон. Ал мактанчаак, копколоң тарткан, элинини муң зарына көңүл бөлбөгөн, өз билгенин жасаган башчы болгон экен. Күндөрдүн биринде ал Санчы Сынчыны өзүнө чакырып алып мындай дейт:

«Сынчы экениң чын болсо,
Сынагын мени деп айтат
Батырмынбы,эрминби?
Адамдан башка шерминби?
Акылым артык кеңминби?
Эртеги өткөн манаптан,
Мен Кудаян кемминби?
Жоомартмынбы, сараңбы,
Жүздү жашап барамбы?
Бет алышкан душмандын
Башына азап саламбы?
Чынын айткын чачмамды,
Тукумум арбын болобу,
Мен сыныңа толомбу?

Санчы Сынчы хандын өкүмчөл талабына эмне деп жооп берээрин билбей, бир жагынан ага чындыкты айтуудан корксо, экинчиден хандын сөзүн эки кылууга болбой турганын түшүнсө да абдан этияттык менен сын берүүдөн баш тарткан.

Ошондо Кудаян ан сайын жинденип, Санчынын сын айтуусун талап кылган. Кан буюруп жаткандан соң, улуу сынчы болгонун болгондой кылып айтып салган экен. Анын айрым жерлеринен мисал келтирсе болот.

«Көргөнүмдү айтамын,
Акыры түбү оңбойсуң.
Кара жолтой хандырсың,
Ушу сенин тушуңда,
Какталаада карайлап,
Какшап калат жесириң,
Жетим калат балдарың,
Жер шыпырат акыры

Журт бузулат ушунда
Калың кыргыз бузулат,
Качып,бозуп кысылат.
Кемпир менен чалдарың.
Калмак алат жериңди,
Карайлатат элиңди»

Мындай сынды угам деп ойлобогон хан катуу ызаланып, Санчыны эси оогончо токмоктотот. Эл арасында кордоп, Сынчынын атын жыгып алган экен. Бирок, Толубай Сынчынын Жаныбек хандын жылкыларынан тулпар тандаганы тура келгендей эле, Санчы Сынчынын Кудаян ханга берген сыны да тура келген экен.

XIII-XVIII кылымдардагы кыргыз рухий маданияты жана анын белгилүү өкүлдөрү жөнүндө сөз кылганда төмөндөгүлөргө көңүл бурган оң. Совет доорун эсепке албаганда кийинки он кылымда (X-XX) кыргызстандан чыккан белгилүү инсандардын саны ондун тегерегинде экендиги талашсыз. X-XI кылымдарда Чыгыш Ренессансы доорунда кыргыз чындыгы өз ичинен дүйнөлүк маданиятка салым кошкон Ж.Баласагын жана М.Кашкари сыяктуу белгилүү адамдарды чыгарган чын. Бирок андан кийинки мезгилдерде башкача айтканда XIII-XVIII кылымдарда анча мынча чыгармалары сакталып, элдин эсинде калганы биз сөз кылып жаткан Толубай Сынчы, Токтогул Ырчы жана Асан кайгы болуп эсептелет.

Кыргыз элинин рухий маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү аталган ырчы сынчылар менен чектелип калышы да мүмкүн эмес. Анткени , кеминде 7-8 кылымдын ичинде тарыхый элдин арасында көрүнүктүү инсандардын арбын чыкпай калышы албетте, күмөндүү.

Мындай абал айрым тыянактарды чыгарууну талап кылат. Биринчиден, кыргыздардын көпкө чейин чет өлкөлүк эзүүнүн алдында калышы, алардын саясий бытырандылыгы ушундан улам келип чыккан экономикалык оор турмуш элди басмырлап, өз арасынан билимдүү, таланттуу инсандарды чын эле чыгара албай калышы ыктымал. Экинчиден, сөз болуп жаткан мезгилдерден эл арасында рухий маданияттын адамдары чыккан күндө да узак убакыт жазуусуз калгандыктан, алардын өздөрү да чыгармалары да карт тарыхтын катмарында дайынсыз катылышы да мүмкүн. Эгерде ушундай вариант жөндүү болсо, аларды таалыкпай издөө азыркы тарыхчылардын, философдордун алдында турган орчундуу милдет.

Аталган акын сынчыларды ар бири өз доорунун жарчылары болгон. Алардын чыгармаларында бир жалпылык бар экенин белгилөө зарыл. Ойчулдардын эмгектеринин тематикасы кыргыздардын чет

өлкөлүк баскынчылардын кол алдында болушу жана эзилиши коомдогу социалдык теңсиздик болгон. Бирок ошого карабай алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүнүн болгонун айтуу зарыл. Эгерде Токтогул ырчынын чыгармаларында негизги орунду өз элинин оор тагдыры жана сүйүү проблемалары ээлесе, Толубай Сынчы менен Санчы Сынчылар алдын ала көрө билүүлөрү менен таанымал болушкан. Ал эми Асан Кайгы эли үчүн, ал гана турсун, жан-жаныбарлар үчүн тынчсыздануусу, күйүп бышуусу, анын ашыра боорукерлиги менен белгилүү.

Жыйынтыктап айтканда, орто кылымдардын орто чендеринде чыккан кыргыз ойчулдары өз элинин оор тагдыры жөнүндө терең тынчсыздануу менен ой толгошкону менен ал кыйынчылыктан чыгып кетүү боюнча сөз кылышпайт. Ошону менен бирге ырчы сынчылардын дүйнө таанымында реалдуулук мотиви бар экенин белгилөө зарыл.

**Чыгыш Ренессансында Орто Азия маданиятынын ээлеген орду.**

**Чыгыш Ренессансында Орто Азия маданиятынын ролу.**

Орто кылымдардагы Ренессансынын борбору кайсы жерде болгон:

Чыгыштабы же Батыштабы деген суроо илимпоздордун талаш-тартуусун пайда кылууда. Чыгыш Ренессанс концепциясына бир топ окумуштуулар, анын ичинде айрыкча В.И. Рутенбург, каршы чыгып жаткандыгын айтуу зарыл. Ал өзүнүн эмгегинде Чыгыш Ренессансы таптакыр танып, ал тарыхта эч качан болбогондугун жана ал айрым окумуштуулардын гана ойлоп тапканы экендигин айтат. Анын ою боюнча орто кылымдардагы Ренессансы Италияда башталат. В.Рутенбург Ренессансы капиталистик өндүрүштүк мамиле менен байланыштырат да, ал XIII кылымда Италияда өнүгө баштайт деген ой айтат.

Албетте, бул тарыхый чындыкка дал келбейт. Европада, анын ичинде Италияда да, капиталисттик өнүдүрүштүк мамиле XV кылымдын аягынан өнүгө баштаганы белгилүү.

Орто кылымдардагы Ренессансы капитализмдин өнүгүшү менен түшүндүрүү туура эмес. Алгачкы капиталисттик мамилелер деле Италиянын кайра жаратуусунун экономикалык базасын түзө алмак эмес. XII- кылымдагы Италиядагы алгачкы капиталисттик мамиленин негизи болгон шаардык чарбанын өнүккөнү чын. Бирок аны Ренессанстын негизи деп эсептөө туура эмес. Маданият тарыхынын белгилүү алымдары Н.И. Конрад, А.Ф. Лосев, В.М. Жирмунский, Ш.И. Нуцубидзе, В.К. Чалоян ж.б. В.И. Рутенбургко каршы чыгышын, анын

идеяларын катуу сынга алышкан. Алар феодалдык мамилелердин үстөмдүгү мезгилинде Италиянын алдыңкы шаарларында пайда болгон алгачкы капиталистик мамилелер (мануфактура) Италиянын маданиятынын кайра жаралуусунун экономикалык негизин түзө албастыгын айтып чыгышкан. Демек, орто кылымдардагы маданий кайра жаралууну капиталистик өндүрүштүк мамилелер менен байланыштырууга болбойт. Ал феодализмдин эле тушунда башталган жана кол өнөрчүлүктүн өнүккөн мезгилинде жүргөн. А.Ф. Лосев «Ренессанс кандай доордо, ар түрдүү мазмунда бардык жерде сөзсүз болгон. Н.И. Конраддын бардык өлкөлөрдөгү кайра жаралууну айылдык маданияттын шаардык маданиятка өтүүсү менен байланыштырганы эң туура деп жазса, Н.И. Конрад кайра жаралуу маданияттын бүткүл дүйнөлүк гуманизм доору катары түшүнүү керек. Алдын ала ал Чыгышта башталып, ар кайсы региондо ар түрдүү мезгилде жүргөн.

Тагыраак айтканда, «Ренессанс Кытайда VII-XII Орто Азия жана Иранда IX-XV, Европада XIV-XVI кылымдарда жүргөн» деп ырастайт.

Ренессансты кубаттаган экинчи белги – адамдардын өз алдынча ой-жүгүртүүгө жетишүүсү. Тарыхта көп убакыттар бою адамдардын ой-жүгүртүүсү белгилүү чектен өтпөй келген. Алардын ой-жүгүртүүсүнүн белгиленген чектен өтүүсү, анын негизинде тыюу салуунун бузулушу Ренессанстын негизги белгилеринин бири экендигин баса белгилеш керек. Ренессанс алымдары адамды жеке акыл-эси бар, эркин ой жүгүрткөн инсан катары билишкен. Н.И. Конрад «адамдын ачылышы» деген эмне деп суроо коюп, өзү мындай деп жооп берет: «Маданиятта адам «жаратылган» катары эмес, жаратуучу жан катары чыгышы керек.

Жогоруда аталган Ренессансынын белгилери VII кылымдардан баштап Кытайдын, VIII кылымдардан Орто Азия жана Ирандын коомдук турмушунан байкала баштаган. Демек, Ренессанстын биринчилерден болуп чыгыштан башталгандыгында талаш жок. Эгерде Чыгыштын Ренессансы феодалдык мамилелердин, кол өнөрчүлүктүн негизинде пайда болсо, Батыштын феодалдык мамилелердин ыдырап бузулуп, буржуазиялык мамилелердин калыптануу дooруна туура келген X-XIII кылымдардагы армян Репрессиясынын изилдөөчүсү В.К. Чалоян бул маселеге токтолуп мындай дейт: «Чыгыштын маданияты Батыштын кайра жаралуу доорундагы маданияттын өнүгүшүнүн бир булагын түзгөн. Чыгыштын жетишкендиктери батыш дүйнөсүндө чыгыштын түштүгүндөгү

өлкөлөр жана элдер, Византия – кавказ маданий борборлору аркылуу өткөн жана жайытылган».

Чыгыш цивилизациясынын Европага тийгизген таасири илимий ачылыштар жана ойлоп табуучулук жагынан көбүрөөк болгон. Чыгыш таануучулардын эмгектеринде келтирилген фактылар боюнча орто кылымдардагы араб тилдүү элдерде илим менен техниканын өнүгүүсү жогорку деңгээлде болгон. Компас, токардык станок, китеп басып чыгаруу, айнек, пахтадан жана зыгырдан жасалган кагаздар, көз айнек, сааттардын ар түрдүүлөрү, магниттик ийне, мылтыктын ок - дарысы, тазаланган ичимдик чыгаруу жана башкаларды христиандык Европа мусулмандык Чыгыштан алгандыгы тарыхта белгилүү. Эң негизгиси, аталган ачылыштар тарыхта биринчи жолу Чыгышта болуп, кийин Батышка жайылган жана өркүндөтүлгөн.

Чыгыш окумуштуулары жаңы инструменттерди табуу жана чыгаруу менен гана чектелбестен, өздөрүнө чейинки болгон куралдарды өркүндөтүүнүн үстүндө да иштешкен. Мисалы, астролябий деген инструмент байыркы гректерден белгилүү. Бирок гректердин бул табылгасы өтө жөнөкөй болгон. Чыгыш окумуштуулары аталган инструменты абдан ийгиликтүү өркүндөтүүгө жетишишкен. Аны чыгаруу искусствосу жогорку деңгээлге жеткирилип, инструменттин тактыгы жана көркөмдүк жасалгалоосу чеберчиликте аткарылган.

Биздин эранын II кылымдарындагы Кытай кол жазмаларында магниттештирилген ийненин багыт көрсөтүү касиетине ээ экендиги айтылган. Магниттик жебеси бар компастарды XII кылымдарда арабдын деңиз сүзүүчүлөрү кеңири колдонгонду билишкен. Бул курал Европага бир кылымдан кийин жеткен. Анын компасы цивилизациянын өнгүшүндө зор роль ойногондугу белгилүү. Аталган курал болбосо Колумбунун тарыхый-жүрүштөрүнүн болушу, күмөн эле. Бул маселеге чоң маани берип, акад. А.Н. Круглов мындай деген: «Компас – кичинекей инструмент, бирок ал болбосо Америка да ачылбайт эле».

Орто кылымдарда Орто Азия кагаз чыгаруунун бирден бир борбору болгон. Айрыкча Самарканд шаарында эң сапаттуу кагаздар чыгарылып турган. Орто кылымдын тарыхчысы жана географ Йауталь-амави (1179-1189) «Самарканддан кагаз ташылып чыгып турган. Ал дүйнөнүн бардык жагына жөнөтүлүп турулган десе,

белгилүү аскер башчысы жана акын Захирад-дин Мухаммед Баб.ур «Самарканддын кагазы дүйнөдөгү эң мыкты кагаз» деп баа берген.

Жогоруда белгиленгендей, орто кылымдардагы Орто Азия Ренессансынын арабтардын келиши, ага байланыштуу ислам дининин жайылышы менен түшүндүрүү жетишсиз. «Аккан арыктан суу агат» демекчи IX-XII кылымдардагы Орто Азиянын экономикалык, маданий жактан дүркүрөп өнүгүшүнүн негизинде региондун байыркы цивилизациясы жаткандыгы талашсыз.

Тарых күбөлөгөндөй Орто Азия байыркы доордо цивилизациясы өнүккөн региондун катарына кирген. Биздин эрага чейинки мезгилдерде Орто Азиянын аймагында Парфия, Хорезм, Согд, Маргилана, Бактрия, Чач деген маданий борборлордун болгондугу жалпыга маалым. Орто Азиянын бул доору илимде али изилдене электигин белгилөө зарыл. Байыркы Орто Азиянын цивилизациясы ар түрдүү тарыхый-географиялык региондордо пайда болгон.

Аларды үч топко бөлүүгө болот:

1. Ээн-талаа ландшафттары (Кара-кум жана Кызыл-кум талаалары).
2. Түшүмдү көп берүүчү жерлер (Амурдарыя жана Сырдарыялардын бойлору).
3. Бийик тоолуу Тянь-Шань жана Памир тоолору жана алардын этек жактары.

Байыркы Орто Азияда ар кандай географиялык, экологиялык шарттарда жана кырдаалдарда чарба жүргүзүү жолу боюнча айырмаланган, ар кайсы мазмундагы маданияттар калыптанган жана өнүккөн. Ар түрдүү маданияттардын өз ара кыймылы жана байланышы региондун цивилизациясынын бөтөнчлүгүн айгинелеген. Анын дагы бир бөтөнчөлүгүнө жергиликтүү маданияттан башка чыгыш цивилизациялары, айрыкча алдыңкы Азия менен болгон тыгыз байланышын айтса болот.

Чарбалык жана маданий өнүгүү процесси Орто Азиянын түштүк батышында эң алгачкы кичинекей шаарчалардын пайда болушу шаардык цивилизациянын башталышына жол ачкан. Азырынча алардын катарына аз да болсо изилденген Алтын-Дөбө эстелигин кошсо болот. Ал биздин эрага чейинки 1300-1900 жылдарга туура келет. Археологиялык казуулардын маалыматтарына Караганда Алтын-Дөбө чийки кирпичтен салынган чептен турган. Анын

борборунда монументалдык төрт баскычтуу бийик мунарасы, сыйынуучу комплекси болгон. Чептин ичинен дан сактоочуу кампалар, сөөк коюлучу табыттар ж.б. табылган. Табытты казган мезгилде анын ичинен буканын алтындан жасалган башы чыккан, ошондой эле пилдин сөөктөрү жана башка буюмдар казылып алынган. Бул табылгалар албетте, көп нерседен кабар берет. Буканын алтындан жасалган башы, пилдердин сөөктөрү жергиликтүү маданиятка таандык эместиги белгилүү. Алар Инда өрөөнүнүн цивилизациясына тиешелүү экендиги талашсыз. Ошондой болсо да аталган буюмдардын Алтын-Дөбөдөн чыгып калышын түшүнсө болот. Демек ошол мезгилде эле Алтын-Дөбө менен Инда цивилизацияларынын ортосунда тыгыз байналыш болгон. Бул факт эки региондун ортосунда, соода-сатык мамилеси эбак орноп, элдердин маданий байланыштары бекем болгондугун тастыктайт. Ал биздин эрага чейин VI-IV кылымдар Орто Азия элдеринин тарыхында маанилүү доор болуп эсептелинет. Ахемеддер династиясы үстөмдүк абалга жетип, Орто Азия коому өнүгүүнүн жаңы тилкесине кирет. Басып алуучулук согуштар жүрүп, региондо адилетсиздикке каршы көтөрүлүштөр күчөйт. Коом таптык дифференцияга учурап, кулдардын саны көбөйөт. Кулдар коомдун арзан жумушчу күчүн түзүшкөндүктөн, аларды эң оор жумушка пайдаланышкан, шаарларды курууга, башкаруучулардын административдик имараттарын, ири архитектуралык комплекстерди салууга ж.б.

Орто Азия Ренессансынын башатында эки гигант – Абу Али Ибн Сина менен Абу Райхон Бируни тургандыгын баса белгилөө керек. Абу Али Ибн Сина (980-1037) Орто Азянын улуу окумуштуусу, ойчулу болгон. Ал дүйнөдө табигый мыйзам ченем өкүм сүрөт, дүйнө материалдуу, түбөлүктүү жана ал табигаттан сыртта турган күч менен эмес, белгилүү зарылчылыктын негизинде жашайт деген.

Абу Али Ибн Сина оокаттуу үй-бүлөдө туулган. Атасы Абдаллах Ибн Сина мамлекеттик кызматта иштеп, балдарына жакшы тарбия берүү аракетин жасаган. Абдаллахтын үй бүлөсүндө аль-Хусейн (Авицена) абдан зирек, байкагыч жана айлана чөйрөгө сын көз менен караган бала болгон. Болгон адабияттарда анын беш жашында араб тилин билип, куранды жатка билгени жөнүндө айтылат.

Х кылымдарда эле ислам бирдиктүү окуу болуудан калганын айтуу зарыл. Авиценанын доорунда исламдын катуу талабына нааразы болгон адамдардын тобу пайда болуп, исламда тымызын түрдө ар кандай агымдар түптөлө баштаган.

Алардын катарына суффизм менен карматтар деген агымдарды кошсо болот.Авиценанын атасы Абдаллах исламдын катуу талабына макул болбой, ага сын көз караште болгон. Өз убагында ал ортодоксалдык мусулманчылыктан чыгып, карматтар сектасына кирген.

Карматтар сектасы ошол мезгилде прогрессивдүү көрүнүш катары чыккандыгын айтуу керек. Анткени исламдын катуу жана чекке салган дооматтарына каршы турган оппозициялык күч болуп эсептелген. Болочок окумуштуунун балалык көз карашы атасынын көз карашынын таасири астында калыптангандыгы талашсыз.

Орто Азия Репрессиясынын дагы бир ири өкүлү Абу Рейхан Бируни (972-1048) болгон. Ал биринчилерден болуп жер шар сыяктуу экендиги жөнүндө идеяны көтөрүп чыккан. Бул идея да ислам окуусуна туура келбегендиги чындык.

Куранда жердин жашоо формасы боюнча ар кандай мифтер айтылганы белгилүү.

Аларды гениалдуу окумуштуу далилдүү сынга алат. Аль-Бируни өз доорунун күчтүү математиги да болгон. Ал иштеп чыккан теориялар жана алардын практикалык чечилиштери дүйнө окумуштууларын таң калтырган. Ал синустардын жана тангенстердин таблицаларын түзүп чыккан. Кубикалык теңдемелердин сандык чечилиштерин ачууга биринчилерден болуп аракет жасаган.

Чыгыш Ренессансы орто кылымдардагы математика илимин негиздөөчү Мухаммед бен Муса Хорезмирин (780-850) ролу зор. Ал арифметика, алгебра илимдеринин негиздеген окумуштуу болуп эсептелет. «Алгебра», «алгоритмы» деген терминдерди илимге киргизген. Мухаммед аль-Хорезминин «Алгебра жана алмукабала» деген китеби латын тилине 1143- жылы которулган. Анын аталган китебин убагында Коперник, Галилей, Паскаль, Декарт, Лейбниц, Феррари, Бернулли, Кардон, Эйлер, Ломоносов ж.б. үйрөнүшкөн. Бул эмгек 1857-жылы Оксфорд университетинде англис тилине которулган. Муса аль-Хорезм математикалык, теңдеменин биринчи жана экинчи баскычтарын теориялык жактан толук далилдеген. Математика менен бирге астрономия, география илимдерин өнүктүргөн. Ал Багдад шаарынын «мамун Академиясында» көп жылдар эң ири математиктердин жана астрономдордун тобун башкарган. Аталган илимий мекемеде 70тен ашуун ири окумуштуулардын катышуусу менен Жер жана Асмандын картасын

түзгөн. Бул фундаменталдуу эмгек 840-жылы иштелип бүткөн. Бул коллективдүү эмгекти аль-Хорезм жалпылап, 840-жылы «Жердин атласы» деген ат менен жарыкка чыгарган. Ал кийинчерээк араб тилинен Италия тилине которулган. Чыгыштын ири окумуштуу-ларынын катарына Абу Наср Мухамед Фарабини (870-950-жж.) кошсо болот.Анын расмий ысымы-Абу Насыр Мухаммед ибн Мухаммед ибн Тархан ибн Уэлак Аль-Фараби ат-Турки. Ал Отрар шаарында жарык дүйнөгө келген. Ал шаар орто кылымдарда Фараб шаары деп аталган. Бул шаардан көптөгөн окумуштуулар чыгып, өздөрүн Фараби деп аташкан. К.Маркс өзүнүн «Немецтик идеология» деген китебинде, Джордана Бруно «Диалогдор» деген эмгегинде, Л.Фейербах жана Гегель өздөрүнүн философиялык чыгармаларында, Данте «Божественная комедия» деген пьесасында ибн Синага жана акын эмгектерине кеңири кайрылышкан, деп белгилешкен. Ибн Синанын медицина боюнча эмгектерин өз убагында Леонардо да Винчи, Везалин, Раблелер үйрөнүшкөн. Ал эми Кромби өзүнүн «Орто кылымдардагы илимий традицияга Авиденанын таасири» аттуу макаласында анын «Канонунун» европа тилине которулушу батыштын медицинасын жаңы негизге койгонун айтат. Кыскасы, батыштын белгилүү окумуштуулары өздөрүнүн эмгектеринде Ибн Синаны дүйнөдөгү улуу устаттардын катарына кошушкан.

## 3.5. XIX-XX кылымдагы Кыргызстандын маданияты

### Кокон хандыгы жана кыргыз маданияты

XVIII кылымдын башында Бухара эмирлигинен бөлүнүп, Фергана өрөөнүндө өзүнчө, көз каранды эмес мамлекет түзүлөт. Ал тарыхка Кокон хандыгы деген ат менен кирген. Фергана өрөөнү байыркы цивилизациясы бар чөлкөмгө кирээри белгилүү. Байыркы доордо Фергана өрөөнүндө Даван деген мамлекет болгон, Кытай тарыхый булактарда Даван (персче Паркана) б.з.ч. II-I кылымдарда Фергана өрөөнүндөгү көз каранды эмес күчтүү мамлекет катары сыпатталат. Аталган булактарда Давандын тарыхы жана маданияты кеңири чагылдырылган. Даректердин айтуусу боюнча аталган мамлекеттин көп шаарлары жана кыштактары, күчтүү аскери бар калк жыш жайгашкан өлкө болгондугу айтылат. Анын борбор шаары Эрши деп аталган.

Даван мамлекетинин саясий маданиятынын өнүккөндүгүн кабарлаган тарыхый фактылар арбын. Мамлекет башында жергиликтүү династиядан чыккан аким турган. Даван көчмөн усун

уруулары менен тыгыз байланышы бар, маданий, экономикалык жактан өнүккөн мамлекет болгон. Ал дыйканчылыктын да өлкөсү эле. Өлкөдө дыйканчылыктын бардык түрлөрү өнүккөндүгүн, айрыкча жүзүм зарларынын жакшы жолго коюлгандыгын тарыхый булактар кабарлайт.

Даван мамлекетинде мал чарбачылыктын өнүккөндүгү, анын ичинде айрыкча жылкысы дүйнөгө даңазаланганын айтуу зарыл. Фергана жылкысы Кытайда кол жеткис мал катары таанылган. Анткени ага атчан аскерин чыңдоо үчүн муктаж болушкан. Жылкы үчүн Кытай менен Давандын ортосунда согуштар да чыгып турган.

Давандыктар жылкыларын өтө жогору баалашкан жана аларды өздөрүнүн диний ой жүгүртүүлөрү менен тыгыз байланышта карашкан. Өздөрүнүн турмушундагы эң маанилүү компонент катары алардын элестерин аска таштарга чегишкен. Мындай сүрөттөр Ош шаарындагы Сулайман-Тоо кыркаларынан табылган. Айырмач-Тоо жана Араван аска таштарынын бетинде Давандын чымыр денелүү, моюндары койкойгон, алма баш асыл тукум аргымактардын сүрөттөрү тартылган.

Даван маданияты башынан эле өз алдынча өнүккөндүгү менен башкалардан айырмаланган. Бирок ошого карабай коңшу элдердин маданиятынан обочолонуп кете алган эмес. Жанаша жашаган элдердин маданиятынын таасири тийип турган. Бул, албетте, маданияттын өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул жерде Улуу Жибек Жолун этибарга албай коюуга болбойт. Чыгыш менен Батышты байланыштырган бул жол Даван аркылуу өткөнүн айтуу жетиштүү. Бул соода жолу байыркы жолдордун бири болгон. Фергана калкынын Индия, Афганистан, Чыгыш Туркстан, Кытайдын элдери менен тыгыз маданий, соода байланыштары болгонун тарыхый булактар далилдөөдө.

Давандыктардын диний ишенимдери да аркыл болгон. Тарыхый булактарда алардын идеологиялык жана диний ишенимдери жөнүндө маалыматтар арбын. Алардын арасында табияттын кубулуштарына, Күнгө сыйынуу, ата-бабанын арбагына, отко табынуу, бутпарастык ж.б. ишенимдер кеңири таркаган.

Жыйынтыктап айтканда, Фергана өрөөнүндө б.э.ч. бир миңинчи жылдыктын орто ченинен баштап эле байыркы давандыктардын отурукташкан-дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын кошулушунан пайда болгон цивилизация келип чыккан. Өрөөндө

айрыкча сугатчылыкка негизделген дыйканчылык өнүккөн абалда болгон.

XIX кылымдагы Кокон хандыгы жөнүндө сөз болгондо анын өткөндөгү тарыхы, маданияты жөнүндө айтпай коюуга мүмкүн эмес. Анткени XVII-XIX кылымдардагы Кокон хандыгынын маданияты сөзсүз түрдө, байыркы жана орто кылымдардагы маданиятка таянаары талашсыз. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Кокон хандыгы пайда болгон мезгилде анын экономикалык негизи жана байлыгы жер болгондугу түшүнүктүү. Коомдук өндүрүш жолу эки чоң топтон турган: жерди иштеткен дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана соодагерлер; мал чарбасы менен күн көргөн көчмөн элдер.

Демек, Кокон хандыгынын социалдык структурасын эки чоң топко бөлсө болот. Коомдун жогорку баскычында колунда байлыгы бар феодалдар, байлар жана бийлик ээлери турса, анын төмөнкү баскычында дыйкандар, кол өнөрчүлөр, малчылар жана соодагерлер турган. Хандыктын материалдык өндүрүшүнүн негизин жер жана ага болгон ээлүүлүк түзгөн. Отурукташкан жамаат дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенип, анын продуктыларына өздөрү ээ болушкан. Мал чарбачылык жана анын продуктылары көчмөндөрдүн колунда болгон.

Материалдык өндүрүшү ар түрдүү этникалык топтордун Фергана өрөөнүндө жашашы, алардын коңшу чөлкөмдөргө Караганда жыш отурукташышы, кандайдыр бир деңгээлде саясий стабилдүүлүктү пайда кылган жана экономиканын жогорулашына шарт түзгөн. Табигый шарт көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан чарбалардын обочо эмес жанаша жайгашышы аттардын маданий байланышынын бекемделишине алып келген.

Социалдык топтордун бир чөлкөмдө жанаша жашоосу алардын чарбалык жана экономикалык биримдигин күчөткөн. Алар бири-бирисиз жашай албай, ошол эле учурда бирин-бири толуктап турган. Мындай карым катнаш аягы келип региондо бир тарабында көчмөн, жарым көчмөн тургундар, экинчи тарабында отурукташкан калкы болгон эки түрдүү жамааттын этно-саясий жана социалдык-экономикалык тең салмактуулугун калыптандырган.

Тарыхый булактарда Кокон хандыгынын калкынын саны жөнүндө так маалымат жокко эсе. Т.Кененсариевдин эмгектеринде[10] чыгыш таануучу А.Кундун болжолдуу маалыматтары келтирилген. Алар да Кокон чиновниктеринин ооз эки маалыматтарына негизделген эсеп-кысап. Бул жерде эл отурукташкандар жана көчмөндөр деп бөлүнгөн. Чиновниктердин эсеби боюнча Фергана өрөөнүндө 1870-жылы 132000 түтүн отурукташкан, 60000 түтүн көчмөн калк жашаган. Эгерде 1870-жылга чейин отурукташууга үлгүргөн кыргыздардын жана кыпчактардын санын эске алсак, анда хандыкта сарт жана өзбек качкы менен көчмөн кыргыз жана кыпчак калкынын саны бирдей эле болуп калышы сөзсүз.

Кокон мамлекетинин көп улуттуу болушу хандыктын социалдык-экономикалык, маданий мамилелерине, ички жана тышкы саясатына, бийлик ээлерине жана жалпы эле Фергана өрөөнүнүн саясий өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизип турган: Хандыктын мындай этностук курамы сөзсүз түрдө бир эле учурда айыгышкан күрөштү да, тышкы душмандарга каршы биригүүнү да, ошондой эле саясий стабилдүүлүктү да камсыз кылган.

Кокон хандыгынын курамында Түштүк Кыргызстан 1762-жылдан 1876-жылга чейин, ал эми Түндүк Кыргызстан 1825-жылдан 1855-1863-жылдарга чейин болгон. Демек, Түштүк Кыргызстан аталган хандыктын курамында бир кылымдан ашыгыраак (114-ж.), ал эми Түндүк Кыргызстан баш аягы 30 жылдай болгондугу анык. Орто эсеп боюнча кыргыздар Кокон хандыгынын карамагында жетимиш жылдай болгон. Кокон хандыгынын Кыргызстандагы бийлиги дайыма эле стабилдүү болбогонун белгилөө зарыл. Эркиндикти сүйгөн кыргыз эли баскынчыларга каршы көтөрүлүшкө чыгып турушкан. Көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде кыргыздар бир нече ирет күрөшкө чыгышкан. Кокон хандары бүткүл аскерий күчтөрүн жумшап, аларды убактылуу багындырууга жетишишкен.

Кокондун башкаруучулары кыргыз феодалдары менен алакада болгон. Анткени алар хандыктын саясий турмушунда чечүүчү ролдорду ойношкон. Кыргыздардын арасынан хан чыкпаганы менен алар хандыкты башкаруунун орчундуу кызматтарында (аскер башчысы, аталык ж.б.) жиберишкен. Мисалы, Кокон хандыгынын аскер башчысы Абдрахман, Абтабачыны аталыкка жеткен Нусуп бийди, Алымкулду, Кубат бийди, Алымбек датканы айтса болот.

[10] Т.Кененсариев Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Бишкек. 1997. 155-б.

Кокон хандыгынын бийлиги Кыргызстандын территориясына толук таркаган эмес. Айрым аймактар, уруулар өз алдынчалыгын толук сактап калууга жетишкен. Мисал катары, Алайды (Алымбек датка, Курманжан датка) жана кушчу уруусун (Кубат бий) айтса болот. Кыргыздардын эркиндик үчүн акыр-аягына чейин салгылашууга даярдыгы, алардын эр-жүрөктүүлүгү жана тайманбастыгы, уруулардын кадыр-баркы кокон баскынчыларынын талоончул кол салуусунан сактап турган.

Бүтүндөй алганда кыргыз эли Кокон хандыгынын бийлигине оңойчулук менен баш ийген эмес. Алар чет өлкөлүк баскынчылардын эзүүсүнө каршы дайыма көтөрүлүп турган. Кокон төбөлдөрү элдин боштондук кыймылын ырайымсыздык менен басып, белгилүү жерлерге чептерди курган. Элдин наразачылыгынан корккон кокон бийлиги Ысык-Көлдө (Барскон, Коңур-Өлөң, Каракол), Чүй өрөөнүндө (Чалдыбар, Кара-Балта, Ак-Суу, Бишкек, Токмок), Түштүктө (Таш-Көмүр, Кан, Дароот-Коргон, Сопу-Коргон, Кызыл-Коргон), Тянь-Шанда (Тогуз-Торо, Жумгал, Куртка) ж.б. жерлерде аскер чептерин курушкан.

Чептерде анчейин көп эмес аскер күчү кармалган. Алардын функциясы көп кырдуу болгон. Биринчиден, чепте бийлик ээлери баш калкалаган. Экинчиден, аларга элдик козголоңду басып туруу милдети жүктөлгөн. Үчүнчүдөн, талоончул жортуулдарды жасоо учурунда таяныч пункттары катары кызмат кылган. Төртүнчөдөн, соодагерлердин, кербендердин эс алып өтүүчү жана алардын коопсуздугун камсыз кылуучу күч катары эсептелген.

Кокон баскынчыларынын Кыргызстандагы чептери кыргыздарга өз таасирин тийгизген. Кыргыздардын белгилүү манаптары да кокондуктарды туурап, өздөрүнө коргон-чептерди кура башташкан. Бул, албетте, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Кыргызстанда чептердин курулушу материалдык маданияттын калыптануу жана өнүгүү процессинин жаңы этабы экендигин күбөлөйт. Ал гана турсун кыргыз чептерин алардын отурукташууга өтүүсүнүн башаты катары эсептесе да болот. Кыргыздардын мындай коргон-чептери региондун ар кайсы жерлеринде пайда болгон. Мисал катары, Кетмен-Тобо өрөөнүндөгү Улук-Коргон чебин айтса болот. Алгачкы мезгилдерде мындай чептер бирин-серин гана болгондугун белгилөө керек. Бирок, кыргыз феодалдарынын коомдук кадыр баркынын өсүп, материалдык байлыгынын жакшыргандыгына жараша мындай объектилерди куруу көбөйүп отурган. Кыргыздын төбөлдөрү өздөрүнүн чеп-коргондорун,

биринчиден, жашоо үчүн пайдаланса, экинчиден, өз аймактарында бийлик жүргүзүү органы катары эсептелген. Өздөрүнө чеп-коргон салган кыргыздын феодал-төбөлдөрү жергебиздин бардык региондорунан табылаары сөзсүз алардын катарына Талас өрөөнүнөн Садыр бийдин, Ысык-Көлдөн Боронбай манаптын, Нарында Ормон манаптын ж.б. ысымдарын атаса болот. Мындай манаптар Кыргызстанда ондоп саналган. Чеп коргон куруу кыргыз төбөлдөрүнүн арасында теңтайлашуу мүнөздө жүргөн. Анткени чеп-коргон, биринчиден, бул же тигил феодалдын байлыгынын белгисин даңазалаган. Экинчиден, курулуш чеп-коргон ээсине кадыр барк алып келген.

Кокон хандыгы мезгилинде эл оор экономикалык кыйынчылыкка дуушар болгон. Элди салык кыйнап, карапайым калк эбегейсиз эзүүнүн алдында болгон. Мындай талоончулук эмгекчи элди жакырчылыкка алып келген. Салык жыйноочулардын зордукчулугунда жана ырайымсыздыгында чек болгон эмес. Хан бийлиги салыктын көлөмүн жана аны жыйноонун мөөнөтүн өз билгениндей кое беришкен. Ал эми салык жыйноочулар (зекетчилер) «өлсө, тирилсе да талап кылынган сумманы жыйнап жеткирүүгө милдеттүү болушкан». Тарыхый булактар Кокон хандыгында 18ден ашуун салыктардын түрлөрү болгондугун айтат. Салыкты суу үчүн да, туз үчүн да, токойду пайдалангандыгы, ар кандай коко-тикенек жыйнаганы үчүн, той өткөргөндүгү үчүн, өлүк көмгөндүгү үчүн да, кыскасы, салыкты эмнеден алууга мүмкүн болсо, ошонун баарынан жыйнашкан. Атайын салыктарды ойлоп табуучу адамдардын тобу болгон. Ошондойлордун ичинде Иса-Олуя деген адам болгондгугун тарых ырастайт. Ал киши салыктардын жаңы түрлөрүн табуу боюнча алдыга эчкимди чыгарган эмес дешет. Иса-Олуянын тапкычтыгына хан өзү таң калчу экен. Кудаяр хан анын жөндөмүн жогору баалап, карапайым катчыдан жогорку даражалуу төрөлөрдүн деңгээлине көтөргөндүгү чындык. Кокондун тарыхын билгендер хандыкта салык төлөнбөгөндөн бир гана аба калды дешкен экен.

Чыгыш таануучулар А.П. Хорошкиндин, Н.Пантусовдун эмгектеринде [11] Кокон мамлекетиндеги алык-салыктардын негизги жана негизги эмес болуп эки түргө бөлүнгөндүгү айтылат. Алардын шариятка негизделген, расмий түрлөрү төмөндөгүлөр болгон: харадж -

[11] Хорошкин А.П.Сборник статей,касающихся по Туркестанского края – СПб,1858. - 48 б. Пантусов Н. Сборы и пошлины в бывшем Кокандском ханстве (Туркестанские ведомости-16, 17. -187 б.

дыйканчылыктан алынган натуралай салык. Сугат жерлерден алынган эгиндин түшүмүнүн бештен бири, ал эми кайрак жерлеринен – ондон бири алынган; талап-бакчалардан, жемиш-бактардан, жүзүм зарлардан алынуучу акчалай же натуралай салык; зекет соодагерлерден, кол өнөрчүлөрдөн алынуучу капиталдын кырктан бир бөлүгүнө барабар болгон акчалай салык.

Көчмөн элдер үчүн норма башкача болгон. Кыргыздар 40 койдон бир кой, 40 жылкыдан бир жылкы, 30 ири мүйүздүү малдан бир уй, беш төөдөн бир кой өлчөмүндө зекет төлөшкөн. Бирок тарыхый маалыматтарда көрсөтүлгөндөй бул нормалар шартка жана салык жыйноочулардын алкымына жараша көбөйүп турган.

Кокон мамлекети кыргыздардын тарыхында кандай ролду ойногон деген суроо туулат. Албетте, карапайым эл эбегейсиз эзүүгө дуушар болгондугунда талаш жок. Ошого карабай кыргыз элинин Кокон хандыгынын курамында болушунун позитивдүү моменттерин танбоо керек. Бүтүндөй алганда кыргыз элинин бир кылымга жакын тагдыры Кокон хандыгы менен байланышып, анын жараны катары ийгилигине кубанып, кыйынчылык замандарда ага жардамга келген. Бир сөз менен айтканда, кыргыздар Кокон хандыгынын жакшысын да, азап-тозогун да кошо көтөрүшкөн.

Кокон хандыгы көп улуттуу мамлекет болгон. Анын курамында өзбектер, кыргыздар, тажиктер жана башка түрк тилдүү элдер жашаган. Алардын тагдыры да бирдей болгондугун айтуу керек. Алар кош эзүүнүн алдында болушкан. Ал эми алардын төбөлдөрү баскынчыларга кошулуп, өз элин эзүүгө активдүү катышышканы талашсыз факт.

Демек, Кокон хандыгында жашаган элдердин социалдык-саясий, экономикалык абалы бирдей болгон. Алардын арасында улуттук, этностук бөлүнүп - жарылуу болгон эмес. Элдердин ортосунда достук, тилектештик, өз ара түшүнүү жана колдоо өкүм сүргөн. Өрөөндүн тургундары менен көчмөн жана жарым көчмөн элдер бири биринен обочолонбой, аралашып жашай беришкен. Чет элдик баскынчыларга же өздөрүнүн эзүүчүлөрүнө каршы күрөшкө жапырт баары чыгышкан. Буга мисал, XVIII кылымдардын ортосундагы калмак баскынчыларына каршы Фергана элдеринин күрөшү жана Полотхандын жетекчилиги астында чыккан элдик күрөш. Анын армиясынын курамында кыргыздар, өзбектер, тажиктер жана башка элдердин өкүлдөрү болгон.

Кокон мамлекетиндеги жөнөкөй элдердин биримдигинин негизинде бир топ факторлор жаткан. Бардык региондун карапайым элдери эзүүнүн обьектиси болуп саналышкан. Алардын жашоо шарты да окшош болгон. Ошого байланыштуу элдердин жашоо мүдөөсү, алдыга койгон максаттары да бирдей болгондугун баса белгилөө керек. Хандыкта, негизинен, түрк тилдүү элдер жашагандыктан, алардын маданияты да өтө жакын болгон. Элдердин ортосунда бөлүнүү, бири-биринен обочолонуу болбогондуктан алардын маданияты аралашкан, биринин жакшы жактарын экинчиси алган. Ошентип, жалпы түрк маданияты гана өнүкпөстөн, жалпысынан ар бир элдин маданияты жанында турган башка элдердин маданиятынын таасири менен байыган жана өнүккөн.

Кокон хандыгынын курамында ар бир элдин саясий маданияты да калыптанган жана өскөн. Тарыхый булактар Кокон мамлекетинин саясатын эки жамаат («сартиййа» жана «илатиййа») жана төрт саясий күч (сарттар, миңдер (өзбектер), кыргыздар жана кыпчактар) аныктаганын баяндайт. «Сартиййанын» негизин миңдер жана сарттар түзсө, «илатиййанын» негизин кыргыздар жана кыпчактар түзгөн. Кокон мамлекетин башкаруудагы саясий күрөш жана оюн аталган эки жамааттын ортосунда жүргөн. Бул күчтөр Кокон тарыхында саясий бийликтин ар кандай баскычтарында турушкан.

Демек, Коконду башкаруу бир элдин же саясий күчтүн колунда болгон эмес. Мисалы, 1709-1760 жылдары Кокон хандыгын миңдер тобу башкарганы менен алар бийликти кыргыз бийлери менен бөлүшүшкөн. Буга факт катары Акбото бийдин 1741-1760-жылдардагы кокон-кыргыз союзун, Кубат бий, Ажы бийлердин бийликке аралашканын айтса болот.

Ал эми 1760-жылдан 1800-жылга чейин бийлик миңдер тобунун колунда болгон. Бирок бул мезгилде миңдер акырындап «сартиййа» тобуна ооп кетишкен. 1800-1840 жылдарда деле бийлик миңдер тобунда болгону менен алардын саясатын экономикалык жактан күчтүү сарттар бийлеп турган.

Өлкөдөгү саясий кризистин натыйжасында 1840-1842-жылдары бийликти өз колдоруна кыргыз бийлери алышкан. Мисал катары, Нусуп бийдин хандыктагы аталыгын айтса жетиштүү. Андан көп өтпөй (1844-1856-ж.) бийлик кыпчактардын (Мусулманкул миңбашы) колуна өткөн. 1856-1858-жылдардагы Алымбек менен Алымкул мамлекеттик башкарууга жетишкен.

1865-1875-жылдардын аралыгында бийлик кайрадан миң, феодалдарына жана «сартиййа» жамаатына өткөн. Бирок ушул мезгилдерде да кыргыз-кыпчактар бийликтен четтеп калышпай, ага активдүү катышышкан (Абдрахман аптабачы, Шер датка, Нарманбет датка, Кедейбай датка, Курманжан датка ж.б.).

1873-1876-жылдары кыргыз бийлери бийликке жетүүнүн дагы бир аракетин жасашкан. Бул аракет Исхак-Болот хандын көтөрүлүшүнөн көрүнгөн. Кыргыз бийлеринин негизги максаты хандыктагы саясий тең салмактуулукту калыбына келтирүү болгондугу айдан-ачык.

Жыйынтыктап айтканда, Кокон мамлекетиндеги бийлик бир жамааттын энчисинде эч качан болгон эмес. Тигил же бул жамаат бийликтин негизги рычагын колуна алганы менен, калган жамааттардын өкүлдөрү деле башкаруу ишине катыша берген.

Ушуга байланыштуу дагы бир нерсени баса белгилөө зарыл. Чыгышта хан бийлиги «ыйык» деп таанылган. Борбордук Азияда орто кылымдардан бери хан тукумунун урпагы гана хан тагына олтурууга укуктуу болгон. Ошондуктан күчтүү жамаат бийликке жетиш үчүн саясий күч хан тукумун бетине кармап чыгышкан. Мисал катары Аксылык Нусуп бийдин Шералыны хандык такка алып келишин айтса жетиштүү болот.Албетте, такка отурган хан бийликке алып келген саясий күчтүн же жамааттын кызыкчылыгын коргоого мажбур болгон. Кыскасын айтканда, кыргыздар Кокон хандыгынын курамында болгондуктан анын коомдук, саясий жана маданий турмушунан сыртта кала алган эмес. Белгилүү тарыхчы Т. Кененсариев жазгандай, ферганалык кыргыздар Кокон амирлигинин жеңишине да, жеңилишине да, жакшылыгына да, жамандыгына да ортоктош болгон. Кыргыз элинин көбү, айрыкча Түштүк кыргыздар, Кокон хандыгын өзүнүн эле мамлекети катары туйган. Ошол себептен Фергана өрөөнүнүн кыргыздарынын баш көтөргөн бийлери Кокон мамлекетиндеги саясатка аралашкан жана бийлик талашышкан.

Кокон хандыгынын калыптанышында жана өнүгүшүндө ислам дининин ролун белгилөө зарыл. Ислам хандыкта мамлекеттик диндин ролун аткарган. Адамдардын мамлекет алдындагы, үй-бүлө мамилелериндеги милдеттери ислам дининин жоболору менен жөнгө салынган.

Кокон бийлиги мезгилинде кыргыздардын ислам динине болгон ишеними кандай деңгээлде болгон? – деген суроо тарыхый булактарда ар кандай чечмеленет. Айрым авторлор ислам кыргыздардын арасына

Кокон хандыгы мезгилинде гана кеңири тарагандыгын, ага чейин ал ишеним аларда үстүртөн болгондугун айтышат.

Ислам дининин кыргыздарда терең же үстүртөн болгонун тактоо конкреттүүлүктү талап кылаарын айтуу керек. Исламдын талаптары отурукташкан элдерде так аткарылгандыгы менен, көчмөндөрдө анын жоболору үстүртөн болгондугу тарыхый чындык.

Отурукташкан элдер исламдын эрежелерин так аткаргандыгы талашсыз. Ал эми көчмөн эл анын талаптарын практикалык турмушта толук колдоно албагандыгы да түшүнүктүү. Анткени, исламдын баардык жоболорун көчмөн турмуш шартында ишке ашыруу мүмкүн болгон эмес (дараат алуу, беш убак намаз окуу ж.б.). Практикалык турмуш көчмөндөрдү исламдын талабына кайдыгер болууга мажбурлаган. Исламдын ритуалдык эрежелерин шартка жараша аткарбагандарды мусулман эмес деп жыйынтык чыгаруу чындыкка туура келбей турганын айтуу зарыл. Бул, биринчиден, экинчиден, көчмөн жана жарым көчмөн элдер ислам динине үстүртөн ишенген деп, бардык кыргыздарды индиферент кылуунун да кажети жок. Себеби, Кокон хандыгы мезгилинде эле өрөөндүү, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерде жашаган кыргыздардын белгилүү бөлүгүнүн диний ишеними отурукташкан башка коңшу элдердегидей эле деңгээлде болгон. Ал эми тоолордо жана тоо этектеринде жашагандардын исламга болгон мамилеси чени менен болгонун эчким танбайт.

Кыргыздардын Кокон доору мезгилинде ислам динине иштиктүү тартылганын белгилөө керек. Эл отурукташкан жерлерде мечиттер салына баштаган. Кыргыздын таланттуу жаштары медреселерде, диний мектептерде окууга мүмкүнчүлүк алышкан. Буга мисал катары элдик көтөрүлүштү башкарууга, хандык тактыга чейин жеткен Асан уулу Исхакты (Полот хан) айтса болот. Ал убагында Фергананын мыкты Асан – «Ак медресенин» мудариси... медреселеринде билим алган. Мындай мисалдарды Кыргызстандан ондоп санаса болот.

Кокон хандыгы мезгилинде кыргыздар арасында араб жазуусу кеңири таркаган. Ар бир айылдын молдосу болгон. Көчмөндүк турмуш шартына байланыштуу байманаптар өз уруусунун балдарын окутуу үчүн атайын молдолорду кармашкан. Аларга жакшы шарт түзүлүп, жаштарды араб тилин жана исламдын ыйык китеби Куранды үйрөтүүгө көңүл бурушкан. Диний кызматкерлер аркылуу аймакка араб маданияты, адабияты кеңири таркай баштаган.

Кокон доору кыргыздарга көп нерсени бергенин белгилөө зарыл. Көп улуттуу мамлекеттин курамында кыргыздар өздөрүнүн материалдык өндүрүшүн бекемдеген. Элдер ортосундагы мамилени жөнгө салуу, алардын ортосундагы достукту, кызматташтыкты бекемдөө өнөктүктөрүн үйрөнүшкөн. Хандыктын ички жана тышкы саясатына ортоктош болуп алардын саясий маданияты калыптанган.

XIX кылымдагы Кокон хандыгы Орто Азиядагы ири феодалдык борборлоштурулган мамлекет болуп, хандыктагы феодалдык өндүрүш жолу өз орбитасына кыргыздарды да тарткан. Мамлекетти башкарууга активдүү катышкандыктан элдин саясий аң-сезими өскөн жана белгилүү нукта калыптанган. Эң негизгиси хандыкта жашаган элдердин маданияты аралашкан, бирин- бири толуктаган жана байыган.

## Орусия үстөмдүгү мезгилиндеги кыргыз маданияты

XIX кылымдын биринчи жарымында ар кайсы мамлекеттин курамында чачыранды жүргөн кыргыздар Кокон хандыгынын курамында баш кошсо, XIX кылымдын экинчи жарымынан бүтүн Кыргызстан Орусиянын курамына кирген. Бул эки фактор Кыргызстандын экономикалык, саясий-социалдык жана маданий өнүгүүсүнө аябагандай түрткү берген. Совет мезгилинде чыккан илимий эмгектерде XIX кылымдагы кыргыз тарыхына жана маданиятына бир жакту баа берилген чындык. Бул доордо кыргыздар кош эзүүнүн алдында болгондугу баса белгиленип, эч кандай маданий жаңылануу болбогондугу жөнүндө айтылат. Мындай бир жактуу тыянактар менен азыр макул болуу кыйын.

Ар кандай нерсенин, кубулуштун оң жана терс жактарын боло турганын эске алсак, Кокон хандыгы жана Орусия падышачылыгы деле кыргыздар үчүн бир гана регресивдүү роль ойнобостон, анын прогрессивдүү жактары болгонун айтуу зарыл. Анын терс жактары жөнүндө адабияттар жетиштүү. Ошону менен бирге алардын кыргыздардын маданий өнүгүүсүнө оң таасир бергендигин да айтуу керек.

Ошентип, XIX кылымдын орто ченинен баштап кыргыз эли Орус империясынын бийлигине баш ийип, орус элинин маданиятынын таасири астында калган. Кыргызстанга орустардын окумуштуулары, коомдук ишмерлери келе баштаган. Орусиядан массалуу түрдө дыйкандар көчүп келишип, аймактын жашоого ыңгайлуу жерлеринде орус кыштактары, поселкалык типтеги шаарлар пайда болгон. Калк

жыш орношкон жерлерде орус жана орус-тузем мектептери иштей баштаган. Жергиликтүү элдин балдары да мектептерден билим алууга жетишкен.

Өндүрүштүн негизги тармагы болгон айыл-чарбасы да мазмундуу өзгөрүүлөргө учураган. Жерди иштетүүнүн жаңы шаймандары жана ыкмалары кеңири жайытылган. Кыргызстан Орусия империясынын өнүгүү орбитасына тартылган.

Материалдык маданияттын негизги обьектиси жер экендиги белгилүү. Материалдык байлыктын негизги обьектиси XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Кыргызстанда жер мамлекеттик жана жеке менчик формасында болгон. Кыргыздар бирдей эле убакта малчылык менен да, дыйканчылык менен да алек болушкан. Кыргыздардын дыйканчылык иши туруктуу мүнөздө болгон эмес. Ошентсе да айдоо аянттары жылдан-жылга көбөйүп, буудай, арпа, сулуу, таруу, жүгөрү, беде айдашкан. Ошондой эле кыргыздар өрөөндөр менен тоо этектеринде жогоруда аталган эгиндерден тышкары шалы, жашылча, коон-дарбыз, пахтачылык, багбанчылык жана жибекчилик менен да кесиптенишкен.

Материалдык маданияттын эн негизги компоненттерине эмгек куралдары кирээри белгилүү. Каралып жаткан мезгилдин негизги айыл шаймандарына орок, чалгы, темир, соко, тырмооч, мала таш, чөп чапкычтар, араба жана чана кирген.

XIX кылымда кыргыздардын негизги кесиби катары мал чарбачылык кала берген. Алар тоо этектеринде жана тоолордо жашагандыктан мал багуу ыңгайлуу болгон. Кыргыздар кой, эчки, жылкы, бодо мал, топоз, тоо эшек ж.б багышкан. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында кыргыздардын мал багуу процессинде айрым өзгөчөлүктөр болуп өткөн. Мезгилдин талабына жараша жана малдын көбөйүшүнө байланыштуу малга кышка тоют даярдоо зарылчылыгы келип чыккан. Базар муктаждыгынан кой багуу өзүнчө чарба тармагына айлана баштаган. Аны илимий негизге коюу кызыкчылыгы келип чыккан. Мал чарбачылыгына илимий ветеренария кире баштаган. Малдарды дарылоочу атайын пункттар пайда болгон.

Кыргызстан Орусиянын курамына кирүү менен анын майда өнөр жайы өнүккөн. Бирок капиталисттик мамиленин акырындап кулач жайышы менен жергиликтүү майда өнөр жайлардын мааниси жоголо баштаган. Анткени кыргыздарды Россиядан ташылып келген товарлар каптап, жергиликтүү элдин талабын аз да болсо канааттандырган.

Ошондой болсо да жергиликтүү көчмөн жана жарым көчмөн калктын тиричилигине тике байланышкан кол өнөрчүлүктүн түрлөрү андан ары жашоосун уланта берген. Албетте, жергиликтүү товарлар Орусиядан келген товарлар менен тең тайлаша алган эмес.

XIX кылымдын аягында Кыргызстанда майда товардык өндүрүштүн саны бир топ көбөйгөнүн белгилөө зарыл. Көбүнчө алар айыл чарба чийки заттарын иштете турган майда ишканалар болгон. Мындай ишканалардын саны XX кылымдын башында Кыргызстан боюнча 560ка жеткен [12]. Жергиликтүү ишканалар, негизинен, кол эмгегине негизделгендигин айтуу керек.

XX кылымдын башында Кыргызстанда орто, айрым жерлерде ири ишканалары пайда боло баштаган. Алардын катарына Пишпек, Пржевальск, Ош шаарларындагы пиво, булгары заводдору жана жүн жуучу ишканалар, заводдор ж.б кирген. Ошондой эле региондун аймагында көмүр казып алуучу жайлар, нефти промысселдерди иштей баштаган.

Кыргызстандын жаратылыш байлыктары чет өлкөлүк капиталды өзүнө тарткан. Падышачылык Орусия региондун жаратылыш ресурстарын бөтөн эч кимге бербөө аракетин жасаган. Ошого карабай чет өлкөлүк ишкерлер Кыргызстанга да келе баштаган. XX кылымдын башында региондо “Волга-Кама банкы”, “Людвик Рабанек мануфактураларынын шериктештиги” сыяктуу фирмалар, Ферганадагы “Чимкон” мунай зат, Тоо-Кен өнөр-жай акционердик коому, “Кызыл-Кия” акционердик коому жана башка структуралар иш жүргүзүшкөн.

Демек, XX кылымдын башында Кыргызстан таза агрардык өлкөлөрдүн катарына кирген эмес. Ал Орусиянын курамында болгондуктан капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин таасири региондун экономикасынын өнүгүшүнө салым кошкон. XX кылымдын башында Кыргызстандын аймагында бир миңдей жумушчусу бар 7 көмүр кени, эки мунай зат промысли, эки пахта тазалоочу завод, 2 пиво заводу, беш таш дөңгөлөктүү тегирмен жана бир нече ишкана болгон. Булардан башка Бишкекте жана Токмокто жүн жуугуч заводдор, Ошто пиво заводу, 2 таш көмүр шахтасы иштеген.

[12] Кыргызстандын эң байыркы мезгилден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы. Бишкек, 1998, 276 б.

Албетте, ошол мезгилдеги Кыргызстандагы материалдык өндүрүштүн деңгээли коңшу мамлекеттерге караганда салыштырмалуу төмөн болгондугу талашсыз. Региондо капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнө карабай Кыргызстан агрардык өлкө боюнча кала берген. Ошого жараша анын материалдык маданиятынын өнүгүү деңгээли жаңы баскычка көтөрүлгөн эмес.

XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында кыргыз элинин бай маданиятында чоң өзгөрүүлөр болуп өткөн. Отурукташуу процессинин акырындап күч алышы көчмөн жана жарым көчмөн маданиятынын өзгөчөлүктөрүн айкалыштырууга тура келген. Кыргызстандын Орусиянын курамында болушун жана анын орус эли менен экономикалык жана маданий байланыштарынын күчөшүн объективдүү процесстин натыйжасы катары караса болот.

Кыргызстан физико-географиялык тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрүнө жараша экиге бөлүнүп калганы чындык. Кыргыз маданияты , негизинен, бирөө болгону менен тарыхый шартка жараша эки региондун алкагында калыптангандыгы жана өнүккөндүгү талашсыз. Түндүктө жашаган кыргыздардын маданияты орустардын, казактардын маданиятынын таасири менен өнүксө, түштүктөгүлөрдүн маданияты коңшу өзбектердин, тажиктердин таасири менен өнүккөндүгүн эч ким танбайт. Бирок мындай өзгөчөлүктөргө карабай кыргыз маданияты бирдиктүү болуп, жалпы этникалык белгилерин жоготкон эмес.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында тарыхый шартка жараша кыргыздардын турак жайы өзгөрүүгө дуушар болгон. XIX кылымдын аягына чейин кыргыздар чоң-чоң айылдарда уруулук белги менен жайгашканы тарыхта белгилүү.Айылдын чоңдугу шартка жараша ар түрдүү болгону да түшүнүктүү. XIX кылымдын 50-70 жылдарында орус окумуштуу-саясатчылардын маалыматтары боюнча кээ бир айылдарда боз үйлөрдүн саны жүздөп саналган. Октябрь революциясына чейин кыргыздардын негизги турак-жайы көчмөн турмушка ылайыкташтырылган боз үйлөр болгон. Алар байыркы мезгилден колдонулуп келе жаткандыктан, абдан өркүндөтүлгөн абалга жеткирилип, бир жерден экинчи жерге көчүрүүгө, орнотууга өтө ыңгайлуу болгон.

Албетте, боз үйлөр бир кылда болгон эмес. Алар үй ээлеринин социалдык абалына, коомдогу ордуна жараша болгон. Манаптардын, байлардын үйлөрү көлөмдүү келип, 8-12 канаттан турган жана ак

кийиздер менен жабылган. Эреже катары мындай үйлөр сыртынан да ичинен да абдан жасалгандыгын айтуу зарыл.

Кылымдар бою боз үйлөр гана өркүндөтүлбөстөн, алардын интерьери да өзгөрүп келген. Эзелтен боз үйдүн ичи бир канча бөлүктөрдөн турган. Үйдүн төрү болуп, сол жагын эр жак деп аташкан. Албетте, ар бир бөлүктүн өзүнүн өзгөчөлүгү жана функциясы болгон. Үйдүн төрүнө сандыктар коюлуп, алардын үстүнө жүк жыйылган. Жүктө жыйылган килемдердин, төшөктөрдүн көптүгү үй ээсинин байлыгынан кабар берип турган. Аялдар бөлүмүндө кийизден жасалган сонун сумкалар, аяк кап, күзгү кап, аялдардын баш кийимдери, ошондой эле идиш-аяктар сакталган. Ал эми эр жагында эркектердин эң жакшы кийимдери, баш кийимдер, эшикке жакын жеринде ат жабдыктары сакталган. Үйдүн полуна шырдактар жайылып, анын үстүнө энсиз төшөктөрдү салышкан же булгаарыдан жасалган көлдөлөңдөрдү ташташкан. Төр боз үйдүн ортосу болгон. Төргө сыйлуу коноктордү отургузуп, дасторкон салышкан.

Кыш түшкөндө элдер кыштоого чогулушкан. Ал үчүн атайы жашоого ыңгайлуу жерлер тандалып алынган. Көбүнчө эл суунун бойлоруна, күнгөй тараптагы тоо этектерине, душмандар кол салса салгылашууга же жашырынууга мүмкүн боло турган жерлерге кышташкан. Жайгашууда баш аламандыкка жол коюлган эмес. Уруу башчылары, анын байлары , оокаттуулары жана кембагалдары бөлүп, ар биринин өзүнө татыктуу орундары бөлгөн.

Боз үйлөрдүн катарында койлорду камай турган бастырмалар, жылкылар, уйлар үчүн сарайлар курушкан. Малкана жанында кедейлер үчүн жер кепелер же жер төлөөлөр болгон. Мындай үйлөрдүн терезелери болгон эмес. Терезенин ордуна үйдүн үстүнөн тешик (түндүк) коюлуп, түтүн ошол жерден булап чыгып турган. Акырындык менен ошол жер төлөөлөрдөн барып жер тамдар пайда болгон.

XIX кылымдын орто ченинде бардык эле кыргыздар боз үйлөрдө, алачыкта же жер кепелерде жашаган десек, чындыкка жатпайт. Өрөөндү жерлерде отурукташып алган элдер менен канатташ же аралашып, кадимкидей короолуу үйлөрдү куруп жашаган кыргыздар деле болгон. Айрыкча, Түштүк Кыргызстанда отурукташкан өзбек, тажик элдеринин таасири менен кыргыз кыштактары пайда болгон. XIX кылымдын экинчи жарымында Орусиянын курамына өткөн соң бул процесс күчөгөн.

XIX кылымдын аягында Кыргызстандын аймагында көмүр казып алуу башталган. Анын негизинде Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр аттуу эч кандай планировкасы жана ыңгайлуу шарты жок жумушчу поселкалары пайда болгон.

Ошол мезгилде пайда болгон кыргыз айыл-кыштактарынын көрүнүшү, кебетеси тарыхый шартка жараша болгонун айтуу керек. Түндүк Кыргызстандагы үйлөрдү Орусиядан, Украинадан келгендердин үйлөрүнүн таасири күчтүү болсо, Түштүк Кыргызстанда үйлөрдүн Ферганалык тиби үстөмдүк кылган. Алайдын батыш бөлүгүндө үстү жыгач менен жабылган памирдик типтеги үйлөр салынган. Уруу башчылары, бай-манаптар европалык типтеги үйлөрдү курууга, ал турсун үй ичине кадимки деребеттерди, стол, стулдарды, чайнек, поднос сыяктуу идиштерди колдоно башташкан.

XIX кылымдын ортосу XX кылымдын башында кыргыздардын кийимдери өзүнүн традициялуу белгилерин сактоо менен көчмөн турмуштун тарыхый шартына ылайыкташканын белгилөө зарыл. Кийимдин негизги материалы болуп мал чарбачылыктын сырьесу болгондугу талашсыз. Тагыраак айтканда, сырткы кийимдерди койдун жана козунун , ал эми бут кийимдерди төөнүн, уйдун жана торпоктун ийленген терилеринен жасашкан. Койдун жана төөнүн жүнүнөн жогорку сорттогу кийиздер жасалып, андан эркектердин жарашыктуу баш кийимдерин жана сырткы кийимдерди тигишкен. Кийимдерди жасоодо эң жөнөкөй эмгек куралдарын, анын ичинде ормокту пайдаланышкан.

Коңшу элдер менен болгон соода жана турмуш-тиричилик байланыштар кыргыздардын арасына Орто Азиялык жана кашгарлардын кездемелеринин жайылышына алып келген. Отурукташып алган Түштүк кыргыздардын кийимдеринде коңшу өзбектердин таасири болгондугун танбоо керек. Кыргызстандын Орусиянын курамына кирүүсү менен жергиликтүү элдердин арасына даяр тигилген кийимдер таркай баштаган. Кийимди, үй-тиричиликке байланыштуу буюмдарды колдонууда адамдар арасында социалдык айырмачылыктар болгон. Бай-манаптар жана колунда барлардын кийимдери алтын жана күмүш менен жээктелген, эң мыкты кездемелерден, кымбат баалуу кайыштардан жана терилерден жасалган. Ал эми калктын дээрлик көпчүлүгү традициялык стилде бычылган жөнөкөй жана арзан кездемелерден жасалган кийимдерди кийишкен. Алар бут кийимдерди өздөрү тигишип, аларды жыртылып бүткөнгө чейин буттарынан түшүрүшкөн эмес.

XIX кылымдын ортосуна чейин кыргыз кийими башка көчмөн элдердики сыяктуу эле, ар кандай жыныстык-курактык топтордо кескин айырмачылыктар менен мүнөздөлгөн эмес. Эркектердин жана аялдардын сырткы кийимдеринин айрым түрлөрү бычылышы жагынан окшош болгонун айтуу керек. Бирок XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында бул жагдайда да бир топ өзгөрүүлөр болгон.

Кыргызстандын Орусиянын курамына кирүүсү менен региондо интенсивдүү социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүштөр боло баштаган. Эгерде бул мезгилге чейин соода жөн эле алмашуу жолу менен болуп келсе, эми ал үч формада жүргүзүлгөн. Чарба кайсы формада болсо соода ошого жараша жүргөн: көчмөн турмушундагылар үчүн – алмашуу, жарым көчмөндөрдө – жарманкелик, ал эми отурукташкан элдер үчүн туруктуу бир жерде жүргүзүлө баштады. Аталган сооданын үч формасы бири-биринен анчейин деле айырмаланган эмес. Анын ичинен бирөөсү гана үстөмдүк абалда болбосо, анын үчөө тең аралаш жүрө берген.

XIX кылымдын аягында Пишпек, Пржевальск, Токмок, Ош, Өзгөн сыяктуу шаарлар соода очокторуна айланган. Кыргызстандын түштүгүндө да, түндүгүндө да көп айыл-кыштактар соода борборлоруна айлана баштаган. Түштүк Кыргызстандын көптөгөн соода борборлору Фергана облусунун соода-өнөр жайына ыкташып турганын белгилөө керек. Кыргызстан боюнча соода-сатык жайлар жылдан-жылга көбөйө берген. XX кылымдын башында Кыргызстанда шаарларды эсепке албаганда, 36 айыл-кыштакта үч миңдей 1 соода дүкөнү, анын ичинде Бишкекте 139, Ошто 1300 соода-өнөр жай мекемеси болгон[13].

Соода-сатык тармагындагы мындай көрүнүш көчмөн эл менен отурукташкан калктын ортосундагы маданий байланыштардын бекемделишине көмөк болгон. Чарбачылыктын эки тармагында иштеген адамдардын жасаган буюмдары алмашылып, ал жалпы маданияттын өнүгүшүнө алып келген. Ар бир өндүрүштүк топ өздөрүнүн иштеп чыгарган товарларынын өтүмдүү болушу үчүн аларды сапаттуу чыгарууга аракет жасашкан. Кандайдыр бир деңгээлде эки жактын ортосунда өндүрүштүк атаандашуу болгон. Бул сапаттын жакшырышына шарт түзгөн.

[13] Кыргызстандын эң байыркы мезгилден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы. Бишкек, 1998, 274 б.

Соода Кыргызстандын региондорунда бирдей абалда өнүккөн эмес. XX кылымдын башында Түндүк Кыргызстанда көбүнчө эле мал жана анын продуктыларын соодага чыгаруу үстөмдүк кылган. Ал эми түштүк Кыргызстанда техникалык өсүмдүктөр жана аларга байланышкан өнөр жайы аз да болсо өнүккөндүктөн, ошондой эле элинин белгилүү бөлүгү отурукташып калгандыгына байланыштуу соода өнөр жайы бир топ жогорку деңгээлде өнүккөн.

Ошентип, XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында Кыргызстанда товардык-акча мамилелери өрчүгөн. Сооданын алмашып алма түрүнөн жарманке түрүнө, андан туруктуу соодага өтүүсүнө мүмкүнчүлүк ачылган. Бул процесс Кыргызстанда товардык дыйканчылыктын жана майда өнөр жайлардын өнүгүүсүнө түрткү берген да региондун ички рыногунун калыптанышына алып келген.

## XIX Кылымдагы кыргыздардын рухий маданияты

### Калыгул Бай уулу (1785-1855-ж.)

Өткөн кылымдын көрүнуктүү ойчул-акыны Калыгул Бай уулу Ысык-Көлдун Карой-Сарой деген жерин Бай деген оокаттуу адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Демек, ал жокчулуктун азаптуу запкыларын тарткан эмес. Жетиштүү турмушта жашаганы менен акын жалпы кыргыз жаштарындай эле мектептен окуп билим албаганын айтуу керек. Бирок анын табият тартуулаган таланты, сөзгө болгон чеберчилиги, терең, мазмундуу ойлору, баамчылдыгы жана көрөгөчтүгү, ошону менен бирге эле боорукерлиги жана адамгерчилиги акынды эл арасына тез эле белгилүү кыла баштаган.

Калыгулдун жаш кезинен эле сезимтал болуп чоңойгонун белгилөө зарыл. Эл арасында көп жүрүп ооз эки чыгармаларды кунт коюп уккан, элдик макал лакаптардын тарбиялык маанисин жогору баалаган. Дайыма эл арасында бөлүүнү, алар менен пикир алмашууну жакшы көргөн. Айрыкча, улуулардын сөздөрун жүрөккө түйгөн, аларды практикалык турмушта колдонгон жана жетекчиликке алган.

Калыгул сабатсыз акындардын катарына кирген. Ал өзүнүн сабатсыздыгына карабай Курандын көп сүрөөлөрүн жатка билген. Буга акындын укканын эстен чыгарбай сактап кала ала турган касиети жардам кылган. Куранды айыл молдолорунан, эл кыдырып жүргөн эшен-кожолордон үйрөнгөн. Алар менен болгон байланыштын натыйжасында ооруп калган адамдарга дем сала коюп, дарыгерлик өнөрүн көп болбосо да өздөштүргөнүн айтуу парз.

Ислам динин ыйык китеби Куранды билүү, анын адеп-ахлактык талаптарын колдоого алуусуна алып келген. Буга акын:

"Куранды эстен чыгарган,

Мыкаачы болоор.

Кичүүсү укпай улуусун,

Ыймансыз болоор"[14] деген ыры күбө.

Демек, ал жаштардан исламдын эрежелерин сөзсүз сактоосун талап кылган.

Калыгул убагында көп эле эмгектерди жаратканы талашсыз. Анын ырлары эл арасына кеңири тараганы менен, алар бизге толугу менен жеткен эмес. Азырынча анын "Акыр заман", "Калыгулдун сөзү", "Ысык-Көл тууралуу айтканы", "Терме санат ырлары" эл оозунан жыйналып алынган. Аталган чыгармалардын ичинен "Акыр заманда" акын кыргыз элинин коомдук турмушун сүрөттөгө аракет жасайт.

Филисофиялык ой жүгүртүү жана туура тыянактарды жасоо боюнча Калыгул алдына эч кимди чыгарган эмес. Бул сапаты үчүн кыргыз эли аны өтө жогору баалаган. Ойчул-акын кыргыз урууларынын ортосунда тез-тез болуп турчу чыр-чатактарды, чабышууларды болтурбай коюу аракетин дайыма жасаган. Алардын ынтымакта, биримдикте, өз ара кызматташтыкта болушун тилеген, ага бүткүл күч -аракетин жумшаган. Буга төмөндөгү ыр саптары далил:

"Ырыс алды ынтымак,

Ынтымагын жок болсо,

Алдыңдан таяр алтын так"[15].

Ойчул-акын кыргыздын коомдук турмушунун бардык көрүнүштөрүнө көңүл бөлүп, аларды туура түшүнүүгө аракет жасаган. Ал бай-манаптарды өз кедей-кембагалдарына колдон келишинче кылдаат мамиле жасоого чакырган.

Анын:

"Көп кыйнаба кулуңду,

---

[14] Улуттук идеология жана рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. Ош. 1998, 8-б.
[15] Мурас. – Фрунзе."Кыргызстан", 1990, 33-б.

Угуп жүргүн муңумду,

Кезек келип калбасын,

Кегин кокус албасын” – деген саптары ойчулдун келечекке болгон оптимисттик көз карашын чагылдырат.Акындын мындай маанайдагы гумандуулук, патриоттук ой-жүгүртүүсү азыркы мезгилде улуттук биримдикти, ынтымакчылыкты бекемдөөдө ролу зор экендиги талашсыз.

Калыгул Бай уулунун чыгармаларынын негизги мазмуну элине кызмат кылууга багытталган. Ал өзүнүн табият тартуулаган акылын элинин жыргал турмушу үчүн жумшап, туулуп өскөн жеринин кооздугун даңазалаган.”Ысык-Көл” жөнүндөгү ырында:

“Күнгөйдөн агат миң булак,

Тескейден агат миң булак.

Аягынан агып чыкпайт бир булак,

Ысык-Көл бейиштин эшигидир”

деп, көл жөнүндө өтө сыймыктануу менен айткан. Калыгул акын өз доорунун эң калыс, чындыкты тайманбастан бетке айткан адилеттүү инсаны болгон. Анын мындай сапатын эл жогору баалаган. Өзүнүн чынчылдыгы жана адилеттүүлүгү менен элинин урматтоосуна татыктуу болгон. “Улук адыл болбосо, убара болот эл каапыр” деп айтканы буга күбө.

Улуу насаатчы өзүнүн санат ырларында адамдагы эң жакшы касиеттерди даңазалаган. “Шайыры болбой, эл болбойт, Пейили жакшы – кем болбойт” – деп, ал өз мекендештерин айкөлдүккө, ак пейилдикке чакырган. Ички рухий дүйнөсү тар, пейили бузук, ичи арам адамдарды жек көргөн. Бул категориядагы адамдар бирөөлөргө жамандык тилөө менен өтөөрүн, өмүрүндө жарыбасын айтат. Санат ырларынын биринде «Чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан» десе, экинчи бир жеринде: «Беш тогоол өтпөй жай болбойт, пейили тар киши бай болбойт. Көп болуп жылдыз ай болбойт, көөнү тар адам бай болбойт» деп жакшы, пейили кенен адамдар менен дос болууга чакырат. Кыргыздардагы «пейилиңден тап» деген сөздүн мааниси да ушуга келип такалаары түшүнүктүү.

Акын өзүнүн терме ырларында үй-бүлө, ата-бала мамилелерине көп көңүл бөлгөн. Анын чыгармаларында үй-тиричилик сферасында

аялга чоң маани берилет. Буга төмөнкү саптар күбө: «Алтын моор, ай мончок, адамга кайдан табылат? Алганың жаман болгон соң, абийирин кайдан жабылат?» деп, көп нерсе аялга байланыштуу экендиги жөнүндө сөз жүрөт. Ал эми эстүү аял чыкса, жигиттин багы экендиги жөнүндө төмөнкү сапта ачык айтылат: «Ак чаңгыл тоонун этегин, адис мерген кийиктейт. Алганы жакшы жолукса, азамат көөнү бийиктейт».

Акындын жаш муундарды адептүүлүккө чакырган ырлары да арбын. Мисалы:

«Жакшы болсоң жердей бол,

Баарын чыдап көтөргөн.

Таза болсоң, суудай бол,

Баарын жууп кетирген.

Жаман иштен качып өт,

Жакшылыкка жетесиң.

Жолукпагын нааданга ,

Арманда өтүп кетесин.

Аманат жандан кечесин»[16] – деген саптар жаштарды акыл-эстүүлүккө, таза жүрүүгө чакырат.

Калыгул Бай уулу – XIX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз калайык-калктын рухий маданиятынын көрүнүктүү өкүлү. Жашаган өмүрү, журуш-турушу, элге болгон бийик мамилеси жана мазмундуу чыгармасы менен элинин купулуна толгон жана легендарлуу инсанга айланган. Ал 70 жаш курагында жарык дүйнө менен коштошуп, сөөгү туулуп өскөн Кара-Ойдо коюлган.

---

[16] Мурас. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1990, 30-б.

## Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878)

Арстанбек Буйлаш уулу 1824-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында жарык дүйнөгө келген. Анын балалык чагы оор болгон. Анткени ал Буйлаштын токол аялынан туулгандыктан, чоң байбиченин балдарынын арасында атасынын сүймөнчүгү боло алган эмес. Тескерисинче, алардан кордук көрүп чоңойгон. Атасы да анын тагдырына кайдыгер мамиле жасаган. Ошондой кырдаалдан пайдаланган тууганадары ага кол тийгизүүдөн да кайтышпайт.

Замандаштарынын айтуусуна караганда Арстанбек кичинекей чагынан сергек чыгып, ырга жана комузга шыктуу болгон. Айыл арасына келип калган ырчыларды, манасчыларды абдан зор ынтаа менен угуп, алардан таалим алуудан тажаган эмес. Жаш кезинен эле кыргыз элине белгилүү «Кожожаш», «Бердикожо», «Беш казак» аттуу кенже эпосторду комуздун коштоосунда өтө уккулуктуу мазмунда айта билген. Келечек акындын эсте тутуусу да жогорку деңгээлде болгонун белгилөө абзел. Бир эле жолу уккан ар кандай чыгарманы кайра жатка айта алган. Укканын кайра айтуу гана эмес, аларга чыгармачылык менен мамиле жасап, керектүү жерлерине билгичтик менен өзүнүн кошумчасын киргизе алган. Угармандар Арстанбектин мындай жөндөмүнө өтө жогору баа беришкен жана анын келечекте чоң акын болооруна ишенишкен.

Арстанбек тез эле элдик жыйындарды, аш-тойлорду көркүнө чыгарган акын жана комузчу болуп чыга келген. Ал эл кыдырат, Ысык-Көл, Чүй, Талас аймактарында болуп, көптөгөн акындар, комузчулар менен айтышка чыккан. Болгон эскерүүлөрдө анын эч кимден жеңилбегендиги жөнүндө кабар бар.

Арстанбек Буйлаш уулу өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыз элинин тарыхындагы орчундуу окуяларды башынан өткөргөн. Биринчиден, анын өмүр жолу Кокон хандыгынын мезгилине туура келген. Экинчиден, кыргыз урууларынын өз ара кагылышуусуна күбө болгон. Үчүнчүдөн, орус империясынын кыргыз жериндеги колониялык саясатын өз көзү менен көргөн.

Кыргыз элинин XIX кылымдагы оор күндөрү акындын аң-сезимине терең таасир берген. Кокон хандыгынын ыксыз чыгымдарын жана зордук зомбулугун, бугу-сарыбагыш согуштарын, орус колонизаторлорунун кордугун башынан өткөргөн акын элдердин биримдигин эңсеген, ар бир саясий окуяга баа берүүгө аракеттенген.

Арстанбек менен Алымбек датканын ортосундагы мамилени өзгөчө белгилөө зарыл. Алар 1860-жылы Ысык-Көлдө жолугушуп, булардын ортолорундагы байланыш бир топ жемиштүү болгон. Алымбек датка агартуучулукту, искусствону жогору баалаган инсан болгондугу жалпыга маалым. Айрым эскерүүлөрдө датка акынды өзү менен алып жүрүп, түштүк кыргызстандын бир топ жерлерин кыдыртканы айтылат. Алымбек датка Арстанбектин ырларындагы мазмундуу сөздөрдү, комуздун мукам үнүн коштогон булбул сымал үндөрүн чын дили менен жактырган. Ошондуктан аны жанына алып жүрүп ырдаткан жана анын талантын түштүк элине даңаза кылган.

Алымбек датка XIX кылымдын агартуучусу болгону чындык. Ал жаштарды окутуу, алардын сабатсыздыгын жоюу аракетин жасаган инсан. Замандаштарынын эскерүүсүнө караганда, Арстанбектин сабатсыздыгын билип, анын окубагандыгына бир чети таң калып, экинчиден, абдан нааразычылык билдирген экен. Ал турсун акынды окутуу аракетин жасаган деген сөз бар. Бирок анын жашы өтүп кеткендиктен ойлогон оюу иш жүзүнө ашпай калган.

Алымбек датка жаштарды окууга үндөө менен гана чектелген эмес. Ал өз каражатынын эсебинен Ош шаарында 100 орундуу медресе курган. Чындыгында ал архитектуралык салабаты, кооздуу боюнча Кокондогу медресе менен тең, тайлашкан окуу жайы болгон. Архивдик маалыматтарга караганда аталган медресени жылына 80ден ашык киши бүтүрүп, Кыргызстандын айыл-кыштактарына, мечиттерге кызмат өтөө жөнөтүлүп турган. Мында окугандар арапча окуганга, жазганга үйрөтүлгөн. Медресенин китепканасында Орто Азиянын, жалпы эл Чыгыштын тарыхын, маданиятын чагылдырган баалуу китептердин болгонун айтышат.

Арстанбек коомдун өнүгүү мыйзамын тааныган деген тыянактан алыспыз. Бирок ал ошол зарылчылыктарды сезген деп ишенимдүү айтса болот. Ал коомдогу болуп жаткан орчундуу көрүнүштөрдүн, окуялардын оң жана терс жактарын андай билген, алынын жетишинче аларга баа да бере алган. 19-кылымдын орто ченинен башталган орус империясынын колониялык саясатына каршы чыккан. Алардын үстөмдүгүнүн орношу менен карапайым калктын турмушу оордоп жаткандыгын ачык айткан.

Анын бул ойлору “Тар заман” деген чыгармасында чагылган:

“Ушул заман тар заман,
Азулууга бар заман.
Байыркыдан барк кетти,
Каадалуу нуска нарк кетти.
Жардылардан барк кетти,
Жасоолдор миңди карактап
Бул орусту карасаң
Энчи салып, жерди алды
Бээден туулган керди алды
Жасоолдор келет шарактап
Жардынын жалгыз атын карактап
Жардынын баарын какшатты”[17].

Бул ыр саптарында акын орус колонизаторлорунун жергиликтүү калкка жасаган зордук-зомбулугун жашырбай баяндаган. Ал эми “Каптаган тузду көтөргөн, көлүк болду элибиз. Башка чапса былк этпес, өлүк болду элибиз” деген сабында жөнөкөй элдин кыңк этпей моюн сунуп, бир бечара момундун кейпин кийип калганын сүрөттөп алардын улуттук ар намысын козгоого, патриоттук сезимин ойготууга аракет жасаганы байкалат.

Арстанбек Буйлаш уулу өз элинин патриоту болгон. Анын чыгармасынын негизги идеясы – туулуп өскөн жерин, элин кадырлоо. Акын кыргыз элинин өз алдынча эркин, көз карандысыз жашоосун эңсеген. Элдик жыйындарда, аш-тойлордо Ата журтту, эли үчүн күрөшкөн эр азаматтарды даңазалаган. Ата-бабалардан келе жаткан каада-салттардын, адеп-ахлактык нормалардын эл арасында аткарылышын жана сакталышын үгүттөп чыккан.

Арстанбектин чыгармаларынан орустарга каршы мотивдерди эле издей берүүнүн кажети жок. Ар бир көрүнүштүн оң жана терс жактары

---

[17] Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. Ош, 1998, 15-б.

болоору белгилүү. Орустардын Кыргызстанга келишинин терс жактары менен бирге , оң жактары болгонун таануу кыйын эмес. Аны Арстанбек деле байкаган. Ал эмгекчил элге мындай деп кайрылган: “Эгин айдап, мал багып, эми оокат кылыңар. Тамды салып бак тигип, тамашаны куруңар”. Бул ыр саптарына комментария берүүнүн деле зарылчылыгы жок. Анткени “эгин айда”, “там сал” жана “бак отургуз” деген сөздөр көп нерседен кабар берип турат. Жетиштүү турмуштун негизинде эмгек катаары түшүнүктүү. Бирок там салуу, бак отургузуу идеясы кайсыл элдин маданиятынын таасири менен болуп жатканы баарыбызга белгилүү.

Арстанбек Буйлаш уулу менен Калыгул Бай уулун заманчылардын катарына кошобуз. Калыгул акындын “Акыр заманы” Арстанбектин “Тар заманы” менен үндөш экени ачык байкалат. Арстанбек Калыгул акынга караганда бир топ кичүү экендиги талашсыз .Ошондуктан ал Калыгулдун “Акыр заманын” элден угуп, андан нуска алганын тануу мүмкүн эмес. Бирок чыгармадагы үндөштүктү көп эле апыртуунун деле кереги жок. Калыгул “Акыр заманда”:

“Акыр заман адамы, бакыл болот деп айткан. Мал азайып арыктап жакыр болот деп айткан” – десе, Арстанбек “Тар заманда” мындай дейт: “Акыр заман болгондо, кой азаят дечү эле. Журтта ургаачы көбөйүп, бой азаят дечү эле”[18].

Алардын чыгармаларындагы мазмундун бирдейлигине, үндөштүгүн түшүнүү кыйын эмес: бүтүндөй алганда, экөө тең бир доордун инсандары. Акындар өз чыгармаларында бир эле чындыкты, кыргыздын коомдук турмушун туура чагылдырууга аракет жасашкан. Ошондуктан алардын ырларындагы үндөштүк мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул, биринчиден, экинчиден, Калыгул менен Арстанбек жолугушкан эмес, ошондуктан бири биринин чыгармалары менен убагында тааныш да болгон эмес деп кесе айтуу кыйын. Бир өрөөндө жашап туруп, алардын жолугушпай калышы күмөн. Экөө тең катардагы адамдар эмес, аттары алыска кеткен акындар болгондуктан алар жок дегенде бири бири менен чыгармалары аркылуу тааныш болушу толук ыктымал.

[18] Мурас. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1990, 39-б.

## Молдо Нияз Эсенгул уулу (1823-1896)

Молдо Нияз 1826-жылы Ош облусунун (азыркы Баткен облусунун) Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында жарык дүйнөгө келген.19-кылымдагы кыргыз акын-ойчулдардан анын бир топ айырмачылыгы болгон. Ал кыргыз, араб, фарси, эски түрк (чагатай) тилдерин жакшы билип, бул тилдерде эркин сүйлөй жана жаза билген.

Молдо Нияздын чыгармалары бүгүнкү күнгө чейин толук жыйналып бүтө элек. Азыркы учурда Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда акындын үч кол китеби сакталып турат. Ооз эки маалыматтарга караганда анын дагы төрт китеби болушу ыктымал. Алар коңшу республикаларда жашаган кыргыздардын колунда болушу мүмкүн деген божомолдор бар.

Молдо Нияздын чыгармалары Совет доорунда кыргыз коомчулугуна белгисиз бойдон калган. Анын чыгармаларын үйрөнүүгө эч ким деле тыюу салган эмес. Бирок узак убакыт бою акындын чыгармаларынын окурмандарга белгисиз бойдон калышынын жана обочолонушунун негизги бир эле себеби болгон: Молдо Нияздын чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгү байыркы түрк тилинде жазылгандыктан, аларды көрүнгөн эле окуй алган эмес. Ошондуктан акындын чыгармалары 20-кылымдын аягына чейин изилденбей келген. Чындык үчүн айтып койчу пикир: 20-кылымдын 50-жылдары акад. Б.Юнусалиев Молдо Нияздын поэтикалык чыгармаларын тилдик аспектте изилдеп, “Түркологиялык изилдөөлөр” деген китепке бир макала баскан. Ошондон кийин акындын чыгармаларына кайрылуу жокко эсе болгон.

Молдо Нияздын чыгармаларын үйрөнүүдө белгилүү адабиятчы жана акын Омар Соороновдун “Молдо Нияз Санат дигарасттар” (Б., 1993-ж.) аттуу эмгегинин жарыкка чыгышы чоң окуя болду. Бул эмгекте биринчи жолу акындын санаттары Чагатай тилинен азыркы кыргыз тилине которулган. Ошентип, Молдо Нияздын эмгектерине түздөн-түз кайрылууга реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылды. Бүгүнкү күнү акындын чыгармаларына арналган эмгектер бир топ. Алардын катарына академиктер М.Борбугуловдун, А.Эркебаевдин, философ М.Абдылдаевдин, жазуучу А.Становдун, акын Э.Эрматовдун эмгектерин атаса болот.

Залкар акын Молдо Нияз өз заманынын билимдүү инсаны болгон. Акындын өмүр жолу, чыгармачылык мезгили Кокон хандыгынын жана

Орусия империясынын үстөмдүү дооруна туура келгендиктен, анын саясий түшүнүгү бир топ жогору болгондугун белгилөө зарыл. Себеби ал кыргыз элинин башынан өткөргөн оор күндөрүнө өзү күбө болгон.

Молдо Нияз акын-ойчул катары өз элин-жерин кыдырып, кыргыз элинин баш көтөргөн инсандарын өз көзү менен көргөн. Ал Кырызстандын бардык булуң-бурчунда гана эмес, Кытай кыргыздарына чейин баргандыгы жөнүндө чыгармаларында баяндайт. Акындын санатында 80ден ашык ар кандай жерлердин аттары аталат. Ушунча жерди көргөн адамдын ички дүйнөсү бай, ой-жүгүртүүсү бийик жана кругозору кең экендигинде шек жок.

Молдо Нияз 19-кылымдагы кыргыз элинин көрүнүктүү манаптары, баатырлары, эл-журт башкарган билермандары менен жеке тааныш болгон. Акындын эл кыдырып, кыргыз коомунун белгилүү адамдарын билгендиги, ал турсун аларды чукулдап таанылгандыгы ойчулдун ким экендигин билгизип турат. Демек ал катардагы эле эптеп тиричилигин өткөргөн акындардан болгон эмес. Акын өзүнүн ой-жүгүртүүсү, саясий кырдаалды баамдоосу боюнча башкалардан кескин айырмаланып турган. Коомдук өнүгүүнүн рухий чөйрөсүндө маданий агартуучу, таалим-тарбиячы жана терең ойлуу адам болгон.

Акын эл арасында авторитетке ээ болгонун айтуу зарыл. Ал арабча жазууну Кара-Тегинде жана Кашгарда өздөштүргөн, Маргалаңдын медресесинен билим алган. Куранды жакшы окуган жана түшүнгөн. Кыскасы, ал өз доорунун билимдүүсү, агартуучусу жана күчтүү акын болгон.

Молдо Нияз кыргыздын алгачкы жазгыз акындарынын бири. Акындын санаттары Октябрь революциясына чейин кыргыздардын жазуусу болгон эмес деген пикирди төгүнгө чыгаруучу конкреттүү факт.1917-жылкы революцияга чейин эле кыргыздардын жазуусу болгондугун Б.Юнусалиевден мурун чыгыш таануучу окумуштуулар В.Бартольд менен С.Маловдор айткандары белгилүү. Бирок алардын ойлору көпкө чейин көз жаздымда калтырылып келген. Чыгыш таануучулардын айтуусу кыргыздар, башка түрк элдери сыяктуу эле, байыркы доордо жана орто кылымдарда руни жазуусун жана араб графикасын кеңири колдонушкан.

Казак элинин белгилүү окумуштуусу Ч.Валиханов биздин доорго чейинки тарыхчылардын эмгектерине таянып, кыргыздардын жана моңолдордун өздөрүнүн жазуусу болгон деген кооз карашты жактап,

ошону менен бирге эле тарыхтын узак жана татаал жолунда алар жазуусун сактай албагандыгын айтат[19].

XIX кылымдагы документтерде кыргыздар араб жазуусун көбүрөөк пайдаланышкан. Биздин окумуштуулар кыргыз элинин өткөнүнө байланыштуу 100дөн ашуун документтерди Ташкент, Алмата жана Омскинин архивтеринен табышкан. Бул документтер араб графикасынын негизинде Чагатай тилинде жазылган. Совет доорунда идеологиялык тыюу салууларга карабай Октябрь революциясына чейин эле кыргыздардын жазуусу болгон деп айтып чыккан окумуштуулардын катарына И.А. Батманов, Б.М. Юнусалиев, К.К. Юдахин, Т.Самачин, М.Богданова, Х.Карасаев, К.Баялинов, А.Алтымышбаев, Д.Айтмамбетова, В.Плоских жана башкаларды кошсо болот.

Молдо Нияздын чыгармаларынын ичинен эң ириси анын “Насыят” дастаны эсептелет. Бул чыгармасында акын Кудаяр хандын элге жасаган зордук-зомбулугун, Орусиянын, Чымкент, Ташкен шаарларын басып алышын сүрөттөйт. Бул дастанда акын жашаган коомдук түзүлүш, андагы адилетсиздиктер, саясий күрөштөр жана башка толуп жаткан көрүнүштөр көркөм философиялык аспекте чагылган.

Молдо Нияз биринчи кезекте ойчул акын, философ. Ал философ катары коомдук аң-сезимде калыптанып калган рухий категориялык түшүнүктөрдүн маанисин гносологиялык багытта проблемалуу суроо салып, аларды чечмелөөгө аракеттенет. Мисалы,

Алал менен адамдын,

Фарк мааниси эмине?

Сапат калган кадымкан

Нарк мааниси немине?

Дилде болот кафи сыр,

Сыр мааниси немине?

Бетинде болот накш аалам

Нур мааниси немине?

---

[19] Бельгер Г.К., Гете и Абай. Эссе. – Алма-Ата.Жалын 1989, 77-б.

деген ыр саптарында акын “Алал”, “Арам”, “Фарк”, “Санат”, “Нарк”, “Дил”, “Сыр”, “Нур” ж.б., түшүнүктөрдүн маанисин чечмелөө жана түшүнүү маселесин чечүү оңой эместигин ортого салган. Анткени алардын социалдык мазмунун ачуу жана гносеологиялык тамырын нравалык аспектине талдоо үчүн атайын деңгээл керек.

Молдо Нияз ар кандай доордун ар түрдүү философиялык агымдары менен таанышып, алардан өзүнө жакын көз караштарды алган, кайрадан өзүнү рухий дараметине жараша иштеп чыккан. Акындын чыгармачылыгын изилдеген окумуштуулар анын көз карашынын калыптанышынын үч булагын белгилешет. Биринчисине, кыргыздардын элдик маданияты менен оозеки чыгармачылыгы кирсе, экинчисине Чыгыш элдеринин маданиятын кошот. Ал эми үчүнчү булагы деп коңшу элдердин маданиятын эсептейт. Аталган булактарда эч бир калет жок.

Кыргыздардын оозеки элдик чыгармачылыгында, кыргыз фольклорунда элдин турмушу жана маданияты, анын каада-салты, традициясы гана чагылбастан, анда анын көз карашы, жашоо менен өлүмдүн мааниси, адамдын тагдыры, турмуштун маңызы кошо туюнтулган.

Фольклор деген термин “элдик даанышмандык”, “элдик билим” дегенди билдиргени бекеринен болбосо керек. Муундардан муунга өтүп келген элдик көз караш Молдо Нияздын акын-ойчу болуп калыптанышына чындыгында көмөкчү болгон. Ал бала чагынан эле кыргыз фольклорунун чыгармаларын жакшы өздөштүргөн. Ошондуктан акын дүйнөгө элдик көз менен карап, элдин философиясын жан дили менен кабыл алган. Ошону менен эле бирге ал идеялар, көз караштар, дүйнө жөнүндөгү элдик түшүнүктөр акындын чыгармаларынын түпкү негизин түзгөн.

Молдо Нияз Чыгыштын философиялык идеяларын өздөштүргөн акындардын катарына кирет. Ал Чыгыш Ренессансынын көрүнүктүү өкүлдөрү Ибн-Сина, Аль-Фараби, Беруни ж.б. эмгектери менен таанышып, алар аркылуу байыркы чыгыш ойчулдарынын дүйнөгө болгон көз караштарынан кабардар болгон деген божомол бар. Мындай болушу толук ыктымал. Анткени, байыркы кытай философиясы менен XIX кылымдагы кыргыз акын-ойчулдарынын чыгармаларынын ортосунда тарыхый параллелдүүлүк жана үндөштүк жаткандыгы талашсыз. Мисалы, байыркы кытай окуусу (даосизм)

боюнча суу адамга бир гана жакшылык алып келет, ошондуктан адам суунун мыйзамы менен жашашы керек.

Ушундай эле ойлорду байыртан келе жаткан кыргыздардын макал-лакаптарынан жолуктурабыз. “Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген”, “Аккан сууда арам жок” ж.б. толуп жаткан насаат сөздөр буга мисал. Ошондой эле өткөн кылымдагы ойчу-акындардын дээрлик көпчүлүгүнүн чыгармаларында аталган тема катышып турат.

Жогоруда биз Молдо Нияздын араб, перси жана түрк тилдерин билгендигин айтканбыз. Демек, ал үч маданияттын башатында турган жана аларды жакшы өздөштүргөн инсан. Тил билген соң, албетте, ал тилдерде жазылган адабияттарды окугандыгында шек жок. Айрыкча ал акын катары чыгыш поэзиясына көңүл болгондугу түшүнүктүү. Молдо Нияз орто кылымдагы Чыгыштын дүйнөгө белгилүү ойчул-акындары Рудаки, Фирдоуси, Омар Хайям, Санан, Аттар, Руми, Саади, Хафиз, Джами, Бедил ж.б.дын чыгармаларын топ нускасында окуган жана аларга жогору баа берген. Чыгыштын мыкты акындары менен кыргыздын ойчулдарынын чыгармаларында параллелдүүлүктү да, үндөштүктү да байкоого болот.

Молдо Кылыч коңшу элдердин маданиятын жакшы билген жана өздөштүргөн. Анын өзбек элинин мыкты акындары Мухими, Завки, Фуркат, Хамза, казактардын А.Кунанбаев, И.Алтынсарин, тажик жана түркмөн акындары А.Дониш, Махтумкули жана башкалардын эмгектери менен тааныш болгондугунда шек жок.

Молдо Нияз коом менен адамдын ортосундагы диалектикалык байланышты туура баамдаган ойчулдардын бири. Албетте, акын коомдун өнүгүү процессинин мыйзам ченемдүү көрүнүшүн туура түшүнүшүнө аны курчап турган чөйрө, экономикалык укладдардын ар түрдүүлүгү карама-каршы идеялардын өзгөчөлүктөрү, практикалык турмуштагы адилетсиздиктер жана саясий туруксуздуктар өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Аталган факторлор Молдо Нияздын көркөм философиялык, саясий ойлоосунун негизги объектилери болгон.

Дүйнөлүк ойчулдар сыяктуу эле Молдо Нияздын чыгармасынын негизги каарманы – адам. Акындын ырларында адам түшүнүгү, анын маңызы өтө жогору бааланат. Адамга мүнөздүү болгон адамгерчилик, сылыктык белгилүү деңгээлде даңазаланат. Акын чыгармаларында адеп-ахлак, жүрүш-турум эрежелери, ыймандуулук, боорукерлик, улууларды урматтоо идеялары негизги орунда турат.

Бул идеялар жөнүндө акындын “Санат дигарасстарында” мындай деген ыр саптары бар:

“Азиз кылган пандаси,

Адептуу бол жашида.

Мейманкана шыпыртып

Мейманы күндө үзүлбөй

Береке бар ашыда”[20]

Залкар акындын ырларындагы туура жүрүм-туруштун, ыймандуулуктун натыйжасы катары “дөөлөт”, “ырыскы”, “береке” түшүнүктөрү менен берилишинде бүтүндөй чыгыш ойчулдарынын чыгармаларынын таасири байкалат.

Кыргыз коомундагы адилетсиздик, акыйкатсыздык Молдо Кылычты түйшөлтпөй кое алган эмес. Ал өз элинин социалдык абалын төмөндөгүдөй сүрөттөгөн:

“Акылы жок бирөөгө, бойду берип коюптур. Бирөөгө жарды, бирөөгө, койду берип коюптур. Бирөө таппайт кайнак суу, кант, набатты бирөөгө, асалды берип коюптур”.

Молдо Нияздын чыгармачылыгында таптык көз караш анчейин билинбейт. Анткени анын доорунда таптык жиктелүү курч мүнөздөө болгон эмес. Себеби патриархалдык-феодалдык коомдо уурулук идеология үстөмдүк абалда болуп, социалдык-саясий кырдаал башка элдердегидей антогонистик деңгээлге жеткен эмес. Ошондуктан Молдо Нияздын жеке көз карашында коомдогу таптык кызыкчылыкка караганда этностук-улуттук кызыкчылык, анын биримдиги жогору турган. Ал үчүн урууларга, орондук принципте жек-жаатка бөлүнүү жат көрүнүш болгон. Акын элдик ыйманды, коомдук адепти жана элдин биримдигин жогору баалаган. Коомдук тартипти сактоону биримдиктин символу катары эсептеген.

Молдо Нияз коомдук тартипти бузгандарга өтө кыжырдануу менен наалат айткан.

[20] Молдо Нияз. Санат дигарасттар. – Б.,1993, 34-б.

Алардын дарегине айтылган каргышты акындын төмөндөгү ыр саптарынан көрөбүз:

“Үчү-төртү кошулуп,

Уйу курсун бузуктун.

Эшигинен туташып,

Төрү курсун бузуктун.

Түтүн чыгып өлгөндө,

Көрү курсун бузуктун”.

Молдо Нияз илим-билимди жогору баалаган инсан. Илимди ал адамдардын аң-сезимин өстүрүүдө, адеп-ахлакты калыптоодо, элдин рухий деңгээлин көтөрүүдө негизги күчкө ээ деп түшүнгөн. Жаштарды дүйнөлүк маданий өнүгүүгө илим жагынан баалуу салымдарын кошот деп ишенген. Аларды маданияттын белгилүү түйүндөрүн түзгөн Самарканд, Бухара шаарларынан билим алууга чакырган. Акын даанышман ойчулдугун коомдук өнүгүүнүн ар кандай жагдайларында сабаттуулуктун, маданияттуулуктун зарылчылыгын эл арасында түшүндүрүү аракетин жасаган. Ал өз чыгармаларында билимдүү адамдарды өтө жогору урматтаган. Акындын ырларында сабаттуу адам менен сабатсыздын айырмасы төмөндөгүдөй сүрөттөлөт: ”Сөз маанисин билгендер, сөздүн пири булбулдай. Сөз маанисин билбесе, согум чалым дүмбүлдөй. Ыр маанисин билгендер, балант дилгирдей[21]”.

Жалпылап айтканда, Молдо Нияздын философиялык көз карашы, жаратылышты жана коомду түшүнүүсү, адам жөнүндө ой жүгүртүүсү адамдарды дүйнөгө болгон туура эмес же жупуну ой-пикиринен арылтууга, алардын билим деңгээлин жогорулатууга, ал тургай илимий түшүнүктөрүн калыптоого багытталып келген. Акындын чыгармаларындагы философиялык маселелер (дүйнө таанымы, социалдык-саясий ойлоолору, адеп-ахлактык эрежелери, маданий агартуучулук аракеттери) анын поэтикалык ыргактары менен айкалышып тургандыгын баса белгилөө зарыл.

Молдо Нияз өз элинин тынчтыкта жашашын тилеген акын. Ал аймактагы чыр-чатакты, өз ара кагылышууларды адамдардагы ач

---

[21] Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы ОШ. 1998, 84-б.

көздүктөн, дүйнө кордуктун, ыймансыздыктын, акыры келип эле рухий деңгээлдин төмөндүгүнүн натыйжасы катары караган. Ал өмүрүнүн акырына чейин чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу өз элинин тагдырын ойлоп, байыртадан калыптанып жана өнүгүп келген маданий баалуулуктарды сактап калууга жана өнүктүрүүгө, коомдун бүтүндүгүн чыңдоого болгон аракетин жумшаган.

**Нурмолдо Наркул уулу**

**(1828-1920)**

Наркул уулу Нурмолдо 1828-жылы азыркы Ала-Бука районунун Коштерек кыштагында бай дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал өз доорунун билимдүү инсаны болгон. Бирдей эле убакта кыргыз, араб, парсы, эски түрк тилдерин бирдей билип, ошол тилдерде эркин сүйлөп, эркин жаза билген. Нурмолдо бир топ кайталангыс өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Биринчиден, ал акын болсо, экинчиден “Молдо Кыргыз” деген медреседе мударисттик кылган. Ал эми үчүнчүдөн, ал олуялык касиетке ээ болгон.

Мындай өнөрлөрдүн бир адамга топтолушунун оңой эместигин айтпаса да белгилүү. Булардын артында тубаса таланттан башка кажыбас эмгектин жатканы шексиз. Басма сөз маалыматтарына караганда улуу ойчул жана акын Нурмолдо адагенде азыркы Наманган шаарында “Молдо Кыргыз” медресесинен билим алган. Окууну жакшы аяктаганына байланыштуу ошол эле окуу жайына калтырылып, мугалимдик кылган. Көпкө узабай ал Индиянын Кашмир шаарына билимин өркүндөтүүгө барган. Ал жерде ойчул-акын көзү ачыктык өнөрүн өркүндөткөн жана агартуучулук иш менен алек болгон. Кашмирде мечит-медресе куруп, анда имамдык кызмат өтөгөн.

Кашмирде жүргөндө өзүнүн дарыгерлик билимин тереңдеткен. Бул өнөрү жөнүндө акындын төмөндөгүдөй ыр саптары бар: “Кашмирден болуп зор опсун, Олчойгон байлык топтодум”. Замандаштарынын айткандарына караганда, Нурмолдонун салган деминен, окуган дубаларынан бейтаптар шыпаа табышкан. Ошон үчүн эл ага өтө урмат жана ишеним менен мамиле жасаган.

Аны биз төмөндөгү ыр саптарынан байкайбыз:

“Нурланып нур чачырап көздөрүнөн,
Акылы агып турган сөздөрүнөн.
Көргөндө Нурмолдону кыйла бейтап,
Айыгып кетээр эле өздөрүнөн[22]”

Нурмолдо Ата-Журтуна да унутулгус кызмат кылган. Туулуп өскөн айылындагы эскилиги жеткен мечитти кайра куруп, балдарды окуткан. Аталган мечиттен билим алган.

Нурмолдонун шакирттери өздөрүн мудариси жөнүндө ыраазычылык менен мындай деп эскеришет:

“Пайгамбар мөөрүн көрсөткөн,
Илимий жолго жетелеп,
Карматып калем оң колго.
Тай-тайлаткан Нурмолдо”.

Олуя-акын Нурмолдо туулуп өскөн айылына гана эмес, бүтүндөй Кызыл-Жар, Чаткал, Кетмен-Төбө, Суусамыр өрөөндөрүнүн элдери үчүн да кызмат өтөгөн инсан. Ал аталган аймактардын айылдарында мечит куруунун демилгечиси болгон. Акын ачылган мечиттердин молдолоруна балдарды окутуунун жаңы усулдары боюнча насаатчы болгонун да белгилеп коюу парз.

Мечиттердин алдында уюштурулган мектептерде окуган жаштар окууларын кийин медреселерден улантканы жалпыга маалым. Өткөн кылымдарда медресе жогорку окуу жайлардын ролун аткаргандыгы талашсыз. Демек, молдолор өз кезегинде жогорку маалыматтарга ээ болушкан даанышман агартуучулардан болгон. Бул маселеде академик А.Какеевдин мындай дегени жөндүү: “Эгерде алар (молдолор – Ш.Б.) бийик даражадагы адистер болбосо, анда Наманганда Молдо-Кыргыз медресесин түзө алышмак эмес. Нурмолдонун “Молдо-Кыргыз” медресесинде сабак окутушунун өзү эле тарыхый факт катарында агартуу тармагыбыздын тарыхында өзгөчө окуя жана ал тарыхта жаңыча көз караштардын зарыл экендигин айгинелеп турат”.

[22] Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы ОШ. 1998, 57-б.

Нурмолдо акындын жашоо турмушу жана чыгармачылыгы орус падышачылыгынын үстөмдүгүнүн күчөгөн мезгилине тура келген. Ал өз ырларында элдин ынтымактуулугун, тынчтыгын жана бейпил турмушун сактоого күч жумшаган, кыргыздын белгилүү инсандарын даңазалаган жана коомчулукту эл үчүн жасаган ак эмгектерин тура баалоого, алардын арбагына таазим этүүгө жана сыйлоого чакырган.

Залкар ойчул-акын өз доорунун улуу инсаны. Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек жана Молдо Кылыч сыяктуу эле Нурмолдо да заман маселесине кайрылган. Бирок бул маселе боюнча Нурмолдонун айткандары замандаштарына салыштырмалуу бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Эгерде өткөн кылымдагы заманчылардын чыгармаларында, чындыкка болгон көз караштарында писсимизм үстөмдүк абалда болсо, Нурмолдо оптимисттик ой-пикир, кыйынчылыктан чыгып кетүү айласын издөө аракети байкалат. Мындай ойду анын Молдо Ниязга кайрылган ыр саптарынан байкаса болот:

“Наалыганың бей пайда,

Заман жаман дегенде,

Зардан кайгы жегенге,

Накыл айтсаң-бул пайда.

Табыш лаазым бир айла”.

Залкар акын Нурмолдонун ошол мезгилде айткан ойлору бүгүнкү күнү өзгөчө мааниге ээ. Чындыгында курулай наалый бергенден эч пайда чыкпасы айдан ачык. Андан көрө ар бир адам кыйынчылыктан чыгуунун жолун издегени оң. Акын-ойчул Нурмолдо жакшы турмуштун булагы талыбас эмгек экендигин таанып, элди өнөрлүү болууга, тынымсыз аракеттенүүгө чакырган. Акылмандын мындай ойлору төмөнкү ыр саптарда чагылат: “Каржалбай жооп изденип, өнөрлүү жолун жолдосо. Билим алып кат таанып, билик болсо молдочо”.

Нурмолдо акын коомдук тартипти бекем сактоого, элдин биримдигин бекемдөөгө эл арасында адептүүлүктүн, ыймандуулуктун болушуна жетишүүгө көп көңүл бурган “Ыйман кетсе эл бузулат, келечекке доо кетет” – деген ой акындын чыгармаларынын негизги мативи.

Өз доорунун мыкты акын-ойчулу Нурмолдо элинин тынчтыкта жашашын каалаган. Даанышмандык менен Оруссия империясынын күчтүүлүгүн, анын армиясынын жакшы куралданганын айтып, ага каршы согушуунун пайдасыз экендигин өз убагында эскертет. Ташкент алдында орус армиясына кол салып, өзүнүн жоокерлерин кыргынга учуратып алган аскер башчы Канат ханды катуу айыптаган.

"Алибек алына жараша", "Төшөгүңө карап бутуң сун" деген макал-лакаптар бар кыргыз элинде. Замбирек, менен мыкты куралданган орус аскерлерине каршы күрөшүү бери эле наадандык экендиги белгилүү. Ошондуктан Нурмолдо аскер башчы Канат ханды ачык эле күнөөлөп, бейкүнөө элдин канын төккөндүгү үчүн ага наалат айткан.

Нурмолдонун саясий көз карашы да бөтөнчө болгон. Коомдук турмушту жөнгө салууда «Кеңешип кескен бармак оорубайт» деген принципти жактырган. Мамлекетти башкарууга мүмкүн болушунча акыл-эстүү күчтү тартууга чакырган. Эл тагдырын бир адамдын колуна салып берүүгө каршы болгон. Акындын чыгармаларында ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй ыр саптары бар: «Мамлекеттин жаңылыштыгы, бир инсандын күнөөсү эмес. Миң акылмандын акылсыздыгы».

Даанышман акын Нурмолдо элди илимдүү-билимдүү болууга, адамгерчиликке жана ыймандуулукка, достукка жана кызматташтыкка, ынтымакка, эл үчүн кызмат кылууга чакырган, Ата-Журтун коргоого чакырган. Эгерде эл башына оор күн түшсө, андан чыгуунун айла-амалын акыл менен издөө керектигин баса айткан.

Нурмолдонун дүйнө таанымы жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Албетте, акын дүйнө жөнүндө түшүнүгүн таза философиялык деп атоо негизсиз. Тескерисинче, анын көз карашы диний мазмунда болгон. Бирок дүйнөнү диний элестөө деле чындыкты таанып билүүнүн бир баскычы катары эсептесек, анда Нурмолдонун акылынын өзгөчө курчтугун байкасак болот. Акад. А.Какеев айтмакчы «…адамдын акылдыгынын курчтугун анын ал койгон суроолордон байкоого болот. Чындыгында суроону так коё билүүнүн өзү өзгөчө чеберчиликтин акылдын тунуктугунун далили»[23].

[23] А.Какеев "Нурмолдо жана дүйнө сымбаты", "Кыргыз туусу", 28.II.1997-ж.

Ойчул-акын Нурмолдонун абстрактуу ой-жүгүртүүсүнүн бийиктигин Адам-Жер-Аалам жөнүндө төкмө Токтогулга ырчы Эшмамбетке, берген суроолорунан байкаса болот. Мисалы:

«Үстү жакта эмне бар?

Ай ааламды өзүнө,

Асты жакта эмне бар?

Караткан ыйык эмине?

Кайсы ченде турасың?

Күн ааламды устунсуз,

Мындай мазмундагы суроолордун коюулушу акындын илимдүү-билимдүү экендигинен кабар берет. Ал бир гана ислам динин өздөштүрбөстөн, индустардын Ведасын, зароуштардын Авестасын, христиандардын Инжилин, жөөттөрдүн Тооротун жакшы билген. Кыскасы, Нурмолдо өз заманынын билимдүү инсаны болгон.

**Молдо Кылыч Шамыркан уулу**

**(1866-1917)**

Кыргыздын жазма акындарынын бири Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1866-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган. Өрөөндүн белгилүү инсаны Төрөгелди уулу Шамыркан баласы Кылыч бешке чыкканда, жарык дүйнө менен коштошкон. Көпкө узабай ал апасынын да ажырайт. Ошентип, 5 жашар Кылыч жетим калып, туугандарынын колунда калган.

Кылыч жаш кезинен өтө чыйрак, сөзгө чечен, ар бир сөзүн так, бекемдеп сүйлөгөн бала болуп чоңоёт. Баланын талантын байкаган туугандары аны окутуу аракетин жасашкан. Болочок акын адегенде жергиликтүү молдолордун, андан соң Чүйгө барып, Токмоктогу Закир Калпанын мектебинде окуйт. Убагында бул мектепти Тоголок Молдо, Ысак Шайбековдор окуп бүтүрүшкөнүн белгилөө керек.

Кылычтын өмүр жолунда жана чыгармачылыгында Закир Калпанын мектеби чоң роль ойногон. Мектептен ал диний билим алган. Мектепте окуп жүрүп, казак, татар тилдеринде чыккан адабияттарды, газет-журналдарды окууга жетишкен.

Молдо Кылыч сөз кезегинде, айтканда эки нерсеге көңүл бурган оң. Биринчиден, ал манап тукумунан экендигине карабастан бийликке эч бир кызыккан эмес. Экинчиден, көп акындарга окшоп элдик жыйындарда ырдаган эмес, айтышка да чыкпаган. Ал өз доорунун алдыңкы инсаны катары кыргыздардын коомдук турмушун тура баамдап, анын жаратылышынын сулуулугун даңазалаган. Ошондой эле диний, уруулук-феодалдык каада-салттарды жактаган.

Молдо Кылычтын орустарга болгон мамилеси өзгөчө болгон. Аларга болгон өзүнүн пикири үчүн ал бир топ жылдарга коомдук турмуштан сүрүлгөнү чындык. Акындын орустар жөнүндө көз карашын эки этапка бөлсө болот. Орус колонизациясынын алгачкы мезгилдеринде акындын келгиндерге карата ишенбөө, чочулоо, ал гана турсун жек көрүү сезими болгон. Кыргыздардын оор турмушунун күнөөкөрү бир гана орустар деп түшүнгөн. Мындай ойдо чындыктын үлүшү болгондугун моюнга алуу керек. Анткени, колониялык бийлик ээлеринин кыргыздарды түшүмдүү жерлерден ажыратып, тоо этектете таштуу аймактарга айдап жаткандыгын акын өз көзү менен көргөн. Ал эми кийинчерээк Кылычтын көз карашында орустарга карата бир аз мамилеси өзгөргөн. Буга анын «Чүй Баяны» деген поэмасы айкын далил. Акын Чүй өрөөнүндөгү өзгөрүүлөрдүү, чарбадагы жаңылыктарды орустардын келиши менен түз байланыштырат.

Молдо Кылычтын эң көлөмдүү чыгармасы «Зар Заман». Бул чыгарманын мазмунунда логикалык ирettүүлүк сакталбаганын айтуу керек. Акын бир көрүнүш жөнүндө айта баштап эле, аны аягына чыкпай, турмуштун башка жагдайына өтүп кетет. Ошентип, коомдук турмуштун бир эле маселеси чыгарманын жок эле дегенде үч-төрт жеринде кайталанат. Мисалы, «Зар Заманындагы» аялдар проблемасы чыгарманын төрт жеринде кайра-кайра коюлат. Чыгармада кандай гана маселе коюлбасын, алардын чечилиши ireттүүлүккө салынган эмес.

Молдо Кылычтын «Зар Заманынын» негизги идеясы ата-бабаларыбыз байыртадан колдонуп келген каада-салтты, наркты колдон чыгарбоо, аларды коомдук турмушубузда кыйшаюубуз колдонуу жана ыйык тутуу. Бирок акын жаштардын ата салтынан, адеп-ахлахтык нормаларынан четтеп жаткандыгын орустардын келгени менен байланышта карайт.

«Пейил кетип адамдан,
Жакшы менен жамандан.
Береке качты замандан.
Заманынын шумдугу.
Нуска, жорук жоюлду,
Сөздүн кетти чындыгы,
Ага-ини жашырды,
Байкап туруп сөз айткан,
Бир-биринен сырыны.
Жаш балдардан куулугу.
Заманынын шумдугу,
Ынтымагы келишпей,
Бир атанын уругу»

деген саптарда кыргыз коомунун акырындап ыдырап бузула баштагандыгы, адамдардын ортосундагы мамиледе ата-бабалар колдонуп келген адеп-ахлахтык нормалардын жетекчиликке алынбай жаткандыгы жөнүндө тынчсыздануу айтылат. Ал төмөнкү саптарда:

«Атасындай урматтап,
Уяты жок таалымы.
Ак сакалдуу карыны.
Атасыны баш бербейт,
Эмдигинин баарысы,
Бул заманда таарыды»

деп ата-бала ортосундагы карым-катнаш чагылган. Акын кыргыздардын үй-бүлөө мамилелери, айрыкча ата менен баланын ортосундагы байланышта ажырымдын пайда боло баштаганын өтө кейиштүү баяндайт.

Залкар акын жергиликтүү калктын турмушунун оордошун биринчи кезекте орустардын колониялык саясатынан көргөн. Ошону менен бирге Молдо Кылыч орус бийлигинин адилеттүү жактарын белгилеген. Аны биз акындын төмөндөгү ыр саптарынан байкайбыз.

«Орустун пейили кең экен,
Ынсап салган неме экен.
Капыр да болсо аяган,
Жардынын көөнүн караган.
Жакшы менен жаманга,
Баарына бирдей санаган.
Капырлыгы тийбесе,
Адамга жоктур залалы.

«Кайда мунун жаманы.
Капырлык кылып адамга,
Каршылык кылбай диниңе.
Колумдан келип турат деп,
Өкүмдүк кылбайт элиңе.
Эмне десе, кыргыздын,
Ишенип калат сөзүнө»[24].
Бул замана тарыды.»

Акындын орус бийлигине берген обьективдүү баасына макул болбой коюуга болбойт. Мындан ашкан баа да болушу мүмкүн эмес. Дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерди тартып алганы эле болбосо, бийликтин жергиликтүү элге мыйзам ченемдин алкагында мамиле жасаганын өз көзү менен көргөн залкардын чыгармасынан көрүнүүдө. «Таарыткан менен жериңди, арзан баа кылды эгинди» – дейт акын. М.Кылычтын бул саптарын да да эч кандай калет жок.

Албетте, акын орус бийлигинин жергиликтүү элге жасаган мамилесин абсолютташтырып жаткандыгы байкалат. Бул анын «Капырлык кылып адамга, Каршылык кылбайт диниңе» деген ыр саптарынан байкалып турат. Бул ыр саптар М.Кылычтын орустардын Орто Азиядагы дин саясатынан кабары жоктугун айгинелейт. Тарых күбөлөгөндөй, орус колонизаторлору Кыргызстанга келгенде жергиликтүү элди провославия динине тартууга аракет жасаган. Эл арасында христиан динин жайылтуу максатында эл көп жайгашкан жерлерге чиркөөлөрдү кура башташкан. Аталган динге өткөндөргө бийлик ар кандай жеңилдиктерди пландаштырган.

Бирок орус бийлигинин мындай саясаты ишке ашкан эмес. Жергиликтүү калк христиан динин кабыл алуудан баш тарткан.

[24] Мурас. Фрунзе “Кыргызстан”, 1990, 51-б.

Анткени, орто азиялыктардын баш-аягы он кылымдан бери ишенип, канына, дилине сиңген ислам дининен баш тартышы мүмкүн эмес эле.

Түзүлгөн түшүнгөн орус бийлиги өздөрүнүн кыргыздарды христиан динине өткөрүү идеясынан кайтып, ислам динин колдоого өтүшкөн. Алардын мындай саясатын түшүнүү кыйын эмес. Колонизаторлорго ислам же христиан болобу айырмасы жок эле. Аларга элдин баш ийип бериши биринчи планда болгон. Эки динди салыштырганда кайра аларга ислам дини пайдалуурак, элди баш ийдирип кармап турууга ал ыңгайлуу экендигин практикадан көрүшкөн. Ошол себептен алар ислам дининин кызматкерлерин колго алып, ар бир айыл-кыштактарда мечиттерди курушуп, молдолорго маяна берүүгө өтүшкөн. Орус бийлигинин мындай саясатын Молдо Кылыч туйбай калышы толук ыктымал.

Молдо Кылычтын «Зар Заманында» орус таасирине катардагы адамдарга караганда дин кызматкерлеринин тез берилип кеткендиги жөнүндө айтылат. Мисалы, чыгармада: «Молдонун түрүн карасаң, напсисин бузуп кууланды. Ичип алды молдолор, Капырдын салган арагын» – деген саптар бар. Акындын бул ою көп нерседен кабар берет. Демек, дин кызматкерлери орус бийликтери менен жакын алакада болгонун, аларды жакындаштырган жалпы кызыкчылыктар бар экендигин ырастайт.

Залкар акын Молдо Кылыч өз доорундагы кыргыз элинин саясий экономикасын жана социалдык оор себебин жергиликтүү бийликтегилерден көргөнү акыйкаттыкка туура келээрин айтуу зарыл. Бул маселе да айрым адабияттарда бир жактуу чагылып калган. Элдин начар турмушунун себебин бир гана орустарга оодарып коюшкан. XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз турмушунун нактай күбөсү болгон Молдо Кылыч мындай деп жазат:

«Орустан көрбө күнөөнү,
Кыргыздын курсун тилеги.
Салам деп жатып куруду,
Бир-бирине күнөөнү.
Өзүңдүн бий-болушуң,
Жаткан шайыңды.

Орустун гана жазыгы,
Малайга берет акыны.
Эл жегени күчөдү,
Жакшылардын кыйыны.
Боздотту го карыпты,
Болуштардын чыгымы».

Бул ыр саптардын мазмунун чечмелөөнүн деле зарылчылыгы жок. Эл аралап, карапайым калктын турмушун жакшы билген акын, жергиликтүү элдин жакырчылыгынын негизги себебин сырттан эмес биринчи кезекте кыргыздын башкаруу системасынан издеген.

Молдо Кылычтын дагы бир өзгөчөлүгүн белгилеп койгон оң. Ал манаптын тукумунан болгондугуна карабастан, байлыкка жана мансапка умтулган эмес. Өзүнүн көп бүлөөлү үй-бүлөөсүү менен катардагы адамдардай эле жөнөкөй жана жупуну жашаган. Акын карапайым элдин кызыкчылыгын дайыма коргогон жана элди боорукерликке, ынсаптуулукка, мээримдүүлүккө чакырган.

Молдо Кылычтын чыгармаларында жаштарга айтылган акыл-насаат сөздөр, ыймандуулукка чакырган ураандар арбын. Аларды ата-энени сыйлоого, тирүү кезинде урмат көрсөтүүгө чакырат. Мисал катары төмөндөгү ыр саптарын айтууга болот: «Ата-энең Меккедей, куштап жакшы бага көр, Колуңдагы кеседей». Акын ата-энени мусулмандардын ыйык жери Мекке менен тең карап, аларды Кудайындай көрүүгө, болгон урмат-сыйды көрсөтүү керектигин айтат.

Молдо Кылыч чыгырмалардын да автору. Алардын катарына «Буудайык», «Канатуу», «Бүркүттүн тою» аттуу чыгармаларын айтса болот. Аталган чыгармалар 1925-жылы өзүнчө китеп болуп басмадан чыккан. Айрыкча, «Бүркүттүн тою» М.Кылыч социалдык түзүлүштү өтө чеберчилик менен сүрөттөп, өзүн чыныгы сөз устаты катары көрсөтүүгө жетишкен. Казак элинин атактуу жазуучусу Мухтар Ауэзов акындын канаттуулар жөнүндөгү дастанын окуп, ага жогору баа бергени тарыхта белгилүү. Өтө канаттануу менен ал мындай деген экен: «Кылычтын чыгармаларындай куштардын сүрөттөлүшүн дүйнөлүк көркөм адабияттан кезиктирүү кыйын».

Ушундай залкар ойчул-акындын чыгармаларынын тагдыры XX кылымдын орто чектеринде оор сыноого дуушар болгону жалпыга маалым. Анын чыгармаларына «феодалчыл», «динчил» жана «улутчулдук» деген күнөө коюлуп, аны изилдөөгө жана үйрөнүүгө катуу тыюу салынган. Ал мектептин программаларынан алынып коюлган. Молдо Кылычтын чыгармаларына каршы жүргүзүлгөн чабуулдан коомчулукка белгилүү ойчул-акындар Жеңижок, Молдо Нияздын чыгармалары да куугунтукка алынып, өздөрү да динчил акын катары айыпталган. «Ак ийилет, бирок сынбайт» демекчи, тыюу салынгандан 40 жыл өткөндөн кийин СССРдеги кайра куруу доорунда

Молдо Кылыч жана Касым Тыныстановдун чыгармачылык мурастары толук акталгандыгы жалпыга малым.

## Жеңижок (Өтө Көкө уулу)

## (1860-1916)

Жеңижок Таластагы Сары-Көбөн деген жерде (азыркы Манас району, Пакровка кыштагы) Көкө деген кедейдин үй-бүлөөсүндө туулган. Ал ата-энесинен эрте ажырап, тестиер чагында турмуш шартына байланыштуу Аксынын Кербенине келип, андан кийин Кара-суу кыштагында жашап калган.

Кичинекейинен эле өтө зирек болуп чоңоёт. Баланын талантын сезген бакма эне Айыке аны окутуу үчүн бар аракетин жасаган. Атайын молдолор менен акылдашып, анын сабатсыздыгын жойгон. Кийинчерээк Кербенге жакын жерде жайгашкан Нанай медресесинен окуткан. Өтө арап графикасы боюнча окуганды жана жазганды жакшы өздөштүргөн. Демек, аны XIX кылымдагы жазма акындардын катарына кошсо болот.

Замандаштарынын айткандарына караганда Өтө жаш кезинен эле ырды, уламыштарды, жомокторду, элдик дастандарды зор ынтаа менен угуп, аларга абдан кызыккан. Айыл аралап келип калган акындарды, манасчыларды жана дастанчыларды ээрчип, алардын ырларын күнү-түнү уккандыгы жөнүндө маалыматтар эл ичинде арбын.

Жеңижоктун эмгектери Совет доорунда изилденбей калгандыгы жалпыга малым. Акындын чыгармачылык жолун, даанышмандыгын, инсандык касиетин изилдөөгө жаңы жол ачылгандыгына өзүбүз күбөбүз. Анын чыгармаларында дидактика, мораль проблемалары өзгөчө маанилүү орунду ээлейт. Акындын негизги обьектиси-адам жана анын проблемалары болгон. Жаш кезинде эле «Манас» эпосун, кичи эпостордон «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Курманбек» ж.б. чыгармаларды айта билген.

Жеңижок жазма акындардын катарына кирген. Ошондуктан анын коңшу казак, өзбек элдеринин тилинде жарык көргөн чыгармалар менен тааныштыгы болгон. Сабаты жок акындарга салыштырмалуу Жеңижоктун бир топ артыкчылыгы болгондугуна шек жок. Анткени, анын кыргыз чындыгынан өсүп чыккан идеялары коңшу идеялары менен байыган. Өз доорунун инсаны катары кыргыздардын коңшулаш жашаган өзбектер менен ынтымакта жана биримдикте жашоосунун жарчысы болгон.

Кербен, Нанай Наманган жана Үч-Коргон аймактарында кыргыздар менен коңшулаш өзбек кыштактарында өткөрүлгөн аш-тойлордо Жеңижок урматту конок болуп, өзүнүн чыгармаларын зор шыктануу менен аткарып да жүргөн. Учурунда ал өзбек-кыргыз элдеринин ортосундагы достуктун уругун сепкендердин бири болгон.

Жеңижок коомдук турмуштун оң жана терс жактарын ылгай билген акын. Турмуштагы оң көрүнүштөрдүн келечектүү экендигине көзү жеткен. Ал замандаштарын терс көрүнүштөр менен күрөшүүгө чакырган. Акындын ою боюнча, адам жаратылышынан айкөл, бирок аны коомдук турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөр жолдон чыгарат жана бузат. Ошону менен бирге акын адамдарды туура жолго салуунун мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө да сөз кылат.

Залкар акын Өтө Көкө уулунун көз карашы боюнча рухий байлык адам баласынын негизги дөөлөтү. Өзгөчө акын адамдагы айкөлдүктү, моралдык касиеттерди эмгекти сүйгөн, адилет, чынчыл болуунун натыйжасы катары караган. Ал өз чыгамаларында эмгекти, эмгектенүүнү жакшы турмуштун негизи катары эсептеп, жаштарды эмгекчил болууга, эмгекти сүйүүгө үндөгөн. Ал адам проблемасынын маселелерин кароодо анын кулк-мүнөзүнө, моралдык деңгээлине, жалпы адамдык сапатына көңүл бурган. Ар бир адамдын жекече жоопкерчилигин, адептүүлүгүн, коом алдындагы инсандык милдетин күндөлүк жашоонун шарты катары эсептеген.

Жеңижоктун чыгамаларында аялдар проблемасына көп орун берилген. Алардын коомдук турмуштагы ордун тактоо аракети жасалат. Байыркы патриархалдык-уруулук түзүлүштөн бери келе жаткан аялзатты кемсинтүүчү үрп-адаттардын опсуздугун сынга алган.

Аял затын эркектин чыныгы курбусу деп эсептеп, аларды эркектер менен бир деңгээлдеги инсан катары балаган. Муну өзүнүн аялы Көксулуунун мисалында көрсөтө алган. Өзүнүн ак сүйүүсү менен баш кошкон аялына урмат-сый көрсөткөн, аны терең урматоо менен көңүлдүү турмуш курушкан. Кайда жүрсө жанында ала жүрүп, алганы менен жүрүүнү бакыт деп эсептеген.

Бирок акындын аялдар жөнүндөгү түшүнүгүн абсолюттук мааниде кабыл алууга болбойт. Ар бир нерсенин оң жана терс жактары болгондой эле, акын өз ырларында бул маселеге конкреттүү мамиле жасоону талап кылган. Мисалы «Үй-бүлөө» деген ырында жакшы аялдар жөнүндө мындай деген:

«Алганың жакшы болгон соң,
Барды-жокту байкатпай.
Берекелүү тамагы,
Алмадай камыр аш кылат.
Кирсең уйуң ордодой,
Көңүлүңдү куш кылат.
Кымбат баа жородой,
Ачык болот кабагы
Адамдын куш кылат» [25]

Ал эми начар аялдар жөнүндө акындын төмөндөгүдөй ыр саптары бар:

«Алганың жаман болгон соң,
Кирсең үйүң кенедей.
Тапканыңдын баардыгы,
Быркырап сынат көзөдөй.
«Аш кыл» десең-нан кылат,
Анын орто жерин кам кылат.
Баласын төргө чычырат,
Үбөлүк менен ит урат».

XIX кылымдын залкар акыны Көкө уулу Өтө өз чыгармачылыгында ата-бала проблемасына да орчундуу көңүл бөлгөн. Жеңижок улуулардын жаштарга арнаган нускалуу сөздөрүн жогору баалаган. Ошону менен катар акын балдардын турмуш жолундагы ата-энелеринин үстөмчүл бийлигин жактырган эмес.

Анткени ал үстөмдүк, алардын журуш-турушуна кийлигишүү жаштардын эркин бууп, түшүнүктөрүн жакырдандат деп эсептеген. Ошондуктан акын үй-бүлөөдө ата-эненин бийлиги белгилүү чекте кармалышын ата-бала мамилесининде өз ара түшүнгөндүк болуусун каалаган. Албетте, ар бир ата-эне өз балдарын оң жолго багыттоо зарылдыгын белгилеген. Бул жөнүндө Жеңижок мындай деген:

«Жакшылап үйрөт билгениң,
Жаш кезинде балаңа,
Ата-энең кезинде,
Акыл айткан сага да,
Изине түшүп жакшынын,
Ишине элдин жара да»

Жеңижоктун чыгармаларында эл достугу, алардын ортосундагы ынтымакчылык, кызматташтык негизги орундардын бирин ээлейт. Акын өз элинин патриоту катары элин, жерин сүйгөн жана алардын зоболосун бийик көтөрүү аракетин талбай жасаган.

---

[25] Мурас. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1990, 256-б.

Жеңижоктун дүйнө таанымы өзгөчө экендигин белгилөө керек. Ал биздин доорго чейинки грек философторунун көз карашынан кем эместиги талашсыз. Баардык нерсе кыймылда, кыймылсыз эч нерсе жок деген ой акындын дүйнө түшүнүгүнүн негизин түзөт. Мисалы:

| | |
|---|---|
| «Байыстабай бир азга, | Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн. |
| Өткөнүн көрчү дүйнөнүн. | Кирген суудай шаркырап, |
| Артынан жоо куугансып, | Акканын көрчү дүйнөнүн». |

Бул ыр саптарындагы негизги идеялар байыркы грек философу Гереаклиттин «бардыгы агат, бардыгы өтөт» деген бүтүмүн ырастайт. Акын дүйнөнү агып турган дарыя менен, ал тургай шар суу менен көркөм салыштырат. Бул жерде суу түбөлүк кыймылдагы тиричиликтин башталышы катары сыпатталат.

Жеңижоктун чыгармаларында дүйнөнү түшүнүү диалектиканын классикалык формасында болбосо да ошого абдан чукул экендигин айтуу парз. Бул ойду төмөндөгү ыр саптары менен ырастаса болот: «Бири күйсө бирөөсү өчүп жаткан дүнүйө. Бири бөксөрсө кайрадан, толуп жаткан дүнүйө».

Диалектиканын негизги принциптеринин катарына өнүүгү мыйзамы кирээри жалпыга маалым. Дүйнөдө кыймылсыз эч нерсе жок. Ал эми кыймылдын булагы карама-каршылык экендиги да белгилүү. Жеңижок да өз чыгармаларында ушуга окшогон эле ойду билдирет.

Өнүгүүнүн окуусу боюнча бардык нерсе, биринчиден, кыймылда болсо, экинчиден, алар бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Диалектикалык байланыштан сырткары эч нерсе болбойт деп үйрөтөт. Жеңижок да дүйнөнүн бүтүндүгүнүн себептерин ачуу аракетин жасайт. Буга анын «Текши жерден өрт чыкпайт, бир ишке болот бир себеп» деген ыр саптары мисал.

Албетте, биз Жеңижокту материалисттик диалектиканы өздөштүргөн аалым деген ойдон алыспыз. Гнеосеологиялык планда анын дүйнө таанымы кыйла жагынан рационализмге жакын. Акындын чыгармачылыгы жалпысынан, акыл-эстин күчтүүлүгүнүн жыйындысы дешке толук негиз бар. Ал жер жүзүндөгү бардык кубулуштарга терең ой жүгүртүү менен мамиле жасагандыгы талашсыз. Ал адамдын акыл-эсинин кудуретине терең ишенген. Адамдардын бардык иштеринде акылмандык менен билимге биринчилик таандык деген ишеним

болгон. Анын «Көр болбостон жүрсүн деп, акыл берген дүнүйө» дегени буга күбө.

Адамдын жашоосунда эң негизги маселе жетиштүү турмуш. Адам өмүр бою жыргал турмуш курууга умтулуп келген. Жеңижок бардар турмуштун булагы эмгек, обьектиси табийгат экенин сезген. Ал өзүнүн бир катар эмгектеринде туулган жердин табийгаттын жана анын бетиндеги негизги байлык болуп эсептелген өсүмдүктөргө, айбандарга этият мамиле жасоого жана аёого чакырган. Өзүнүн «Жер сөрүсү Аксы экен» деген ырында 38 жер аймактары, фаунанын 78 түрү жана флоранын 32 түрү сүрөттөлгөн.

Жеңижоктун чыгармаларында табият жашоону ырастаган булак катары чечмеленет. Акын үчүн табият адамга кызмат кылуусу менен маанилүү. Ал жаратылыштын кубулуштарын билүү адам баласына эбегейсиз зор пайда алып келет деп түшүнгөн жана аларды табийгатка жакын болууга чакырган.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүндө феодалдык укладына мүнөздүү белгилер өкүм сүргөн. Бийликтин жогорку баскычтарында манаптар, бийлер жана байлар турган. Коомдун социалдык топторун бай манап, дыйкан, кедей, жалчы жана чайрикелер түзгөн. Коомдо уруулук сезим күчүндө болгон. Уруунун катардагы ар бир мүчөсүнүн үстүнөн иерархиалык уюм басынтып турган.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздар Оруссиянын курамына өтүшү менен алардын уруулук обочолонушу менен дефармацияланышы башталат. Ойдуңда жашаган дыйкандар гана эмес, тоо этектеринде жашаган элдер да товардык акча мамилелеринин орбитасына тартылуусу күчөйт. Ири соодагерлер тобу пайда болот. Жеңижок өзүнүн «Насыят», «Терме», «Дүнүйө» жана башка чыгармаларында кыргыздардагы акча товар мамилесинин зарылдыгын, анын табигыйлыгын ырдап чыккан акындардын бири. Бирок акын соодадагы ач көздүктү, ыпластыкты жийиркенүү сезим менен айыптайт. «Кубанткан акча сом менен, көр дүнүйө курусун»- дейт залкар ойчул.

Жеңижок өзүнүн чыгармаларында бийлик жана адам проблемаларына көбүрөөк көңүл бурган. Ойчул болуштардын мителигин, алар бийлик жүргүзгөн жерде элдин абалы оор, азаптуу экендигин ачык айтат. Ал өзүнүн «Замана» деген ырында ачык эле

мындай дейт: «Бей-бечара кыйналды, же калыстык жок бийинде. Же талканы жок үйүндө, эл унутту жыргалды».

Өткөн кылымда эле бийлик башчыларын шайлоо аркылуу шайланганы белгилүү. Жеңижок өзүнүн ырларында шайлоонун туура эмес жүрүп жаткандыгын, уруу башчыларынын атаандашууларын, бай-манаптардын бул иште ар кандай ыплас иштерде иштегенин ырдап чыккан. Ошону менен эле бирге шайлоо процессиндеги мыйзамсыздыкты колдогон күч падышалык Россия экендигин, анын жөнөкөй элге жасаган зордук-зомбулугу ашкерленген.

«Ак-карасын ылгабай, Ар күнү мылтык октолуп,

Ак падыша Николай. Асыл өмүр, гүлдөй жан.

Падыша сурап сот болуп, Айдоодо жүрдү жөн болуп».

XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып коомдук прогресстин, анын ичинде орус демократиялык маданиятынын таасири астында феодалдык-атеисттик идеологиянын катмары аркылуу прогрессивдүү коомдук ой өзүнүн өкүлдөрү Токтогул Сатылгановдун (1864-1933). Тоголок Молдо Абдрахмановдун (1860-1941), Барпы Алыкуловдун (1884-1949) атынан өзүнө жол ачат. Аларды коомдук прогресске оң мамиле жасоо, феодалдык укук тартибине жана жеке бийлөөчүлүккө каршы нааразычылык, эркин ой жүгүртүүнүн жана эркиндикти сүйүүнүн идеяларын жарыялоо бириктирген. Элдин турмушун бирдей терең билүүгө, феодалдык-патриархалдык чындыкты сын көз менен кабыл алуу, эмгекчилердин укутарын коргоо аларга доордун негизги бир темасына кайрылууну табигый зарылдык деп айтып турган.

Токтогул жана Тоголок Молдо өз мезгилдеринин ойчулдары. Алар өз поэзиясында так түзүлгөн философиялык тутумду көрсөтүшкөндүктөн гана ойчул болуп калышкан эмес. Андан мындай ыраттуу тутумду алууга болбойт. Алар идеядан турмуштун көрүнүштөрүнө эмес, а чыныгы чындыктан белгилүү “философиялык тутумга” салынбаган ойлорго карай жүрүшкөн. Алардын чыгармаларын жана философиялык элементтердин тыгыз байланышы айырмалайт, ошондой эле алардын чыгармаларында көптөгөн маселелер атайын абстрактуу, өз мүдөөсү үчүн пайдалануунун бийиктигинен каралган эмес.

Кыргыз элинин көптөгөн муундарынын практикасы менен байытылган ой жүгүртүүсү жана дүйнөнү кабыл алышы тоолуу элдин көп кылымдык тарыхынын аралыгында эмгекчи адамдардын

турмуштук бай тажрыйбасын өзүнө сиңирип, демократ акындардын философиялык идеяларынын башкы булактарынын бири болуп саналган. Алардын көз караштарында кыргыз элинин эң маанилүү белгилери – эркин ой жүгүртүүсү, жаратылышка материалисттик мамиле жасашы андан ары өнүгүүгө ээ болгон.

Токтогул жана Тоголок Молдо өздөрүнүн чыгармаларында адамдын рухий турмушу жөнүндө материалисттик идеяларды XIX кылымдагы кыргыз коомун билим деңгээли аларга мүмкүндүк берген өлчөмдө чагылдырууга аракеттенишкен. Акындардын дүйнөнү кабыл алуусунун стихиялык-материалисттик компоненттери дүйнөнүн көрүнүштөрүнүн маанисин акылдын күчү менен аңдоо мүмкүндүгүн түшүнүүдөн көрүнгөн. Алар таанып-билүү милдетин «жаратылыштын жашыруун сырларына акылдын киришинен» байкашкан. Жаратылыш-жердеги бакыт булагы. Бул булакты пайдалануу үчүн аны билүү керек. Акындар дүйнөнү таанып-билүүнүн жолун ушундай деп түшүнүшкөн.

XIX кылымдын аягы, XX кылымдагы кыргыз ойчулдарынын арасында Б.Алыкулов өзгөчө орунду ээлейт. Анын акындык чеберчилиги жана философиялык көз карашы жөнүндө бир топ илимий иштер жаралды. Анын чыгармаларында бирок дүйнөлүк жана чыгыш маданиятында ээлеген орду боюнча илимий изилдөөлөр азырынча аз. Бирок анын дүйнөлүк маданиятын өнүгүшүүнүн закон ченемдери жана типологиялык белгилери кеңири байкалат. Ошондуктан Б.Алыкуловду Чыгыш маданиятынын көрүнүктүү өкүлү деп эсептөөгө толук негиз бар. Бирок аны үйрөнүү боюнча азырынча колго илинээрлик эмгектин жок экендиги өкүнүчтүү.

Тарыхтын ар кандай баскычтарында жашаган ойчулдардын эмгектериндеги параллелдүү идеялардын болушу, албетте, ар кандай изилдөөлөрдү талап кылат. Мисалга Чыгыш ренессансынын башатында турган Ибн Сина менен Б.Алыкуловдун чыгармаларындагы адам проблемасынын берилишин алса болот. Алардын эмгектеринде адамдын табияты жана маңызы бирдей эле чечмеленет. Ибн Сина өзүнүн философиялык трактаттарында «Адам гана жеткиликтүү дүйнөнү өзүнүн акыл-эси, күчтүү колу менен түзө алат десе», Б. Алыкулов «Адам» деген ырында «Адам барын өндүрөт, адам барын гүлдөтөт, ар кыл гия, буудайды, Алла-таала жаратпай адам гана жаратат» – деп адамдын чыныгы ролун Ибн Синадан тереңирээк ачат.

Б.Алыкулов Чыгыштын ойчул философторундай эле адамдын чыгармачыл күчүнө, жалпы анын табиятына чоң баа берип, маданияттын негизинде адамдын акыл-эси, ой жүгүртүүсү жаткандыгын белгилейт.

Демек, акындын дүйнө таанып-билүүсүндө орто кылымдардагы ойчулдардын идеяларынын таасири бар экендиги, алар менен белгилүү деңгээлде үндөш экендиги байкалат. Бул жерде бир өзгөчөлүктү белгилөө зарыл. Орто кылымдагы Чыгыш ренессансынын башында турган ойчулдар сабаттуу болушкандыктан, байыркы маданияттын мурастарын илимий эмгектерде окуп үйрөнүшкөн. Ал эми Б.Алыкулов сабатсыз болгон. Ошондуктан ал Чыгыш маданиятынын белгилүү өкүлдөрүнүн чыгармаларын окуган эмес. Бирок да алардын акынга тийгизген таасирин танууга болбойт. Анткени, Чыгыштын залкар ойчулдарынын чыгармалары ар кандай жолдор менен элге таркаган, оздон оозго өткөн. Барпынын жашаган чөйрөсүн да эске алуу зарыл. Анын калыптануу жана жетилүү курагына отурукташып калган кыргыздардын арасында жүргөндүгү маанилүү таасир тийгизген. Көчмөндөргө салыштырмалуу отурукташып калган элдерде сабаттуулук бир топ жогору болгондугу, алардын арасында ар кандай китептер, рухий мазмунундагы басма сөз арбын таркагандыгы белгилүү ал эми жергиликтүү сабаттуу акындар аларды окутушкан жана өздөрүнүн ырчылык кесибине колдонушкан. Белгилүү сынчы К.Даутов белгилегендей, кат-сабаттуу акындар аларды бүт бойдон жаттап алышкан жана ырдашкан.[26]

Б.Алыкуловдун рухий көз карашынын бийик болушуна көмөкчү болгон бир факторду белгилөө зарыл. Адабий чыгармаларда, жалпы эле биздин көз элестөөбүздө бай-манаптар, диний кызматкерлер бир жактуу мүнөздөлүп, аларды малдын байлыктын артынан түшкөн, жеп-ичкенден башканы билбеген, рухий дүйнөсү жакыр катары сүрөттөлүп келген. Чындыгында алар коомдун эң алдыңкы бөлүгү экендиги талашсыз. Алардын дээрлик көпчүлүгү сабаттуу болушкан. Балдарын ар кайсы окуу жайларда окутушкан. Эзелтен алардын үйүндө ар жактан келген ойчулдар, акылмандар, илимпоздор жолугуп келишкен, талаш-тартыштар жүргөн. Аларга өзгөчө сый-сыпат менен мамиле кылынган, акыл-эс, талант жогору бааланган. Ушуга байланыштуу К.Даутовдун, Барпынын, Мадали ажынын үйүндө үч жыл кызмат

[26] Барпы Алыкулов. Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1992.

өтөгөн учурда Чыгыштын далай санжыра дастандарын уккан болуш керек деген божомолунда калат жок.

Дагы бир белгилеп кетчү нерсе -Барпынын жер кыдырып ырдашы жана акындар менен айтышы. Адабиятчылардын айтуусуна караганда, ал Кыргызстандын чегиндеги чоң-чоң жыйындарда гана ырдабастан, коңшулаш республиканын шаарларында да болгон жана акындар менен жолугушкан.

Алар аркылуу Чыгыш маданиятынын негизги идеялары менен тааныш болушу мүмкүн деген ой негиздүү.

Б.Алыкуловдун философиясынын жана поэзиялык дүйнө кабылдоосунун негизинде мистикалык көз караштар жаткандыгын белгилөө керек. Бул жагдайда да анын чыгармалары орто кылымдагы Чыгыш маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү (Абу Али Ибн Сина, Абу Рейхани Беруни ж.б.) менен өтө эле үндөш. Бирок алардын көрүнүштөрү заманына жараша ар түрдүү. Орто кылымдын ойчулдары өздөрүнүн диний дооматтарга болгон көз караштарын обьективдүү чагылдырууда алсыз болушкан. Алар динге болгон терс мамилелерин көмүскө түрдө билдиришкен. Мисалы, Ибн Сина исламдын дооматтарынын негизсиз экендигин, алар ар кандай эле ой-жүгүртүүнү тушап, анын өнүгүшүнө жолтоо боло тургандыгын терең түшүнгөн. Бирок, бул оюн чыгармаларында, илимий диспуттарда ачык айтыштан корккон. Анткени, орто кылымдардагы ислам коомдук түзүлүштүн баардык жактарына үстөмдүгүн орнотуп, ага кичине эле шек келтирген адамдар катуу жазага тартылып кеткендиги белгилүү. Динге болгон мамилеси боюнча Б.Алыкулов орто кылымдардагы ойчулдардан кескин айырмаланып турат. Ал динге жана анын жактоочуларына болгон көз карашын «Эмгекчилерге», «Сук молдо», «Сопу», «Мадали ажыга» ж.б.у.с. ырларында чагылтып, диндин маңызын таамай сүрөттөгөн.

Б.Алыкуловдун өз оюн айтуудагы чечкиндүүлүгүн бир топ обьективдүү себептер менен түшүндүрүүгө болот. Алардын катарында исламга болгон индиференттүүлүгү, жалпы эле өзүнө мүнөздүү келген ой жүгүртүүсү, айлана-чөйрөнү таануудагы рационалдуулуктун үстөмдүк кылуусу ж.б. факторлор кирген. Б.Алыкуловдун чыгармаларында мистикалык көз караштар басымдуулук кылып, дүйнөнүн, Алла-таала тарабынан жаратылган деген ой четке кагылат.

Жыйынтыктап айтканда, Б.Алыкуловдун чыгармалары көп кырдуу. Алар али толук изилденип бүтө элек. Анын Чыгыш

маданиятынын өнүгүшүнө кошкон салымын окуп-үйрөнүү келечектин иши. Анткени, ал Чыгыш маданиятынын көрүнүктүү өкүлү.

Жалпылап айтканда, XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башындагы акындардын чыгармаларында жаратылыш толук кыймылда болуп, поэзия анда жашайт. Алар жаратылышты кандай көрүшсө, дал ошондой кабылдашкан, эч качан коолдошкон эмес. Бирок, бул андан алынган жансыз чаптоо эмес, а коомдук турмуш менен тыгыз байланышкан, адамдын асыл сезимдери ширелген сүрөт. Акындар жаратылышты социалдык чындыктан ажыратышпайт, тескерисинче, алар аны өкүм сүргөн феодалдык-патриархалдык мамилелерге каршы коюшат.

Демократ акындар өздөрүнүн чыгармаларында эзилүүчүлөр менен жакырлардын кызыкчылыгын билидиришип, элдин кырсыктарын жана азаптарынын күнөөкөрлөрүнүн-жергиликтүү байлардын, манаптардын, мусулман дининин өкүлдөрдүн жана падышалык чиновниктердин беттерин ачышкан. Ойчулдар өздөрүнүн социалдык адилетсиздикке каршы багытталган идеяларын ачык айтышып, элдердин эркиндигине жана достугуна карай умтулууну ырдашкан. Демократ акындар элдик идеяларды – эркин ой жүгүртүүнү жайылтуу менен ошол эле мезгилде клерикализмге каршы көз караштарды иштеп чыгышкан.

Демократ акындардын чыныгы дүйнөнү түшүнүүсү ошол мезгилдеги кыргыз чындыгынын, курчап турган чөйрөнүн тикеден-тике таасир астында түзүлгөн. Алар көргөн жана башынан өткөргөн нерселердин баары элдин умтулууларын, тилектерин жана үмүттөрүн аңдоого, турмуштун жетилген маселелерин туура түшүнүүгө жардам берген. Акындар объективдүү дүйнө кандай болсо, аны так ошондой кабыл алышкан.

Демократ акындар элдин социалдык теңсиздигинин себебин артта калган патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн жана падышанын колонизатордук саясатынан көрүшкөн. Элдин оор турмушун байкоо жана өздөрү да ушундай үлүштү сезүү менен демократ акындар кемсинүүдөн кантип бошонуу жөнүндө көп ирээт ойлонушкан. Бирок, кыргыз коомунун өнүктүрүүнүн деңгээли менен шартталган социалдык-саясий чектелгендиктин натыйжасында алар эркиндикке жетишүүнүн жолдорун объективдүү көрсөтүп бере алышпаган. Ойчулдар өкүм сүргөн тартиптерге каршы жандуу наразычылык билдирүү менен чектелишкен. Эгерде падышачылык үчүн Түркстан

жергеси катуу эзүүнүн чордону болсо, алдыңкы орус маданиятынын өкүлдөрүнүн аракеттенүү образы такыр башкача болгон. Алар кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн элдеринин чордонунда кажыбас-кайраттуулук жана чын дили менен иштешип, алардын жазмышын жеңилдетүүгө аракеттенишип, элдердин арасында агартуу жемиштерин жана азыркы учурдагы билимдердин негиздерин жайылтууга умтулушкан.

Бүгүнкү күндөгү элибиздин руханий байлыктарынын Кайра жаралуусу коомдук-тарыхый өнүгүүнүн зарылдыгы катары келип чыгууда. Ар кандай доорго адамзат өз тиричилик тажрыйбасынан, басып өткөн жолунан, дүйнөгө болгон ой жүгүртүүлөрүнөн жыйынтык чыгарып, өзүнөн кийинки урпактарга баа жеткис баалуулуктарды калтырып келе жаткандыгы айдан ачык. Көптөгөн доорлордун жыйындысынан калыптанган маданий баалуулуктар мезгилдин өсүшү менен улам жаңыланып, кыйыр жолдордо бышып жетилип, тарыхтын татаал жолунда такталып, өнүгүүнүн өзөгүн таап, өрлөөсүнө өрнөк болуп келгени жалпыга маалым.

Бул процессте муундар ортосундагы байланышты баса белгилөө керек. Анткени, байыркы ата бабаларыбыздан бери тартып, бүгүнкү күнгө чейинки бардык муундар өздөрүнөн мурункулардан таалим алып, алар өз убагында дайыма уюшкандыкты, ынтымактуулукту, достукту жана башка элдер менен болгон тилектештикти, кең пейилдүүлүктү, ишмердүүлүктү көрсөтүшүп, ушул мезгилге чейин салынган тарыхый жолдун тайгак кечүүсүнөн өтүп, эстафетаны муундан муунга өткөрүп беришүүдө.

Ойчул-акындардын чыгармаларында коомдук-экономикалык, социалдык теңсиздиги жалпылаштырылган теориялык жыйынтыктардын жоктугу белгилүү. Элдин турмушунун оордугун байкап, анын себептеринин түпкү негизин түшүнүшкөнү менен андай оорчулук турмуштан эркиндикке чыгуунун объективдүү жолдорун айкын биле алышкан эмес. Ага карабастан алардын эмпирикалык байкоолору, сергек сезимталдыктары, көрөгөч акылмандыктары коомдук ойлоо жаатында бир топ жогорку деңгээлде болгон. Айрыкча, кыргыздардын мүңкүрөгөн кыйынчылык мезгилдери акындардын чыгармачылыгынын негизги тематикасы болуп калган.

Акындардын чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүк, алар өз доорунун турмуш чындыгын жазуу менен эле чектелип калышпастан, коомдогу социалдык терс көрүнүштөрдүн, экономикалык

теңсиздиктердин себеби караңгылыктан экендигин түшүндүрүүгө аракеттенишкен.

Ойчул-акындар баардык улуттардын ынтымактуулугун, биримдигин даңазалашып, кеңири эл арасында улуттар аралык биримдиктин маңызын айтып түшүндүрүүгө аракеттенишкен. Мындай умтулуулар эзүүчүлөрдүн элдердин биримдигин бөлүп-жарууга, кагылыштырууга багытталган тукуруу саясатына каршы коюлган. Улутуна карабай, эмгекчил элдин жалпы кызыкчылыгынын окшоштугун, бир максаттуулугун ойчулдар түшүнүшкөн.

Кыскасы, ойчул акындар билиминин деңгээлинин чектелгенине карабастан мезгилдин шартына ылайык өздөрүнүн зирек ой-жүгүртүүсү, ой-пикиринин тунуктугу жана тереңдиги менен патриархалдык-феодалдык турмуш шартында кыргыз коомунун рухий маданиятынын өнүгүүсүндө чоң роль ойношкон. Алар өз чыгармаларында эмгекчил элдин өзүн-өзү аңдоо, таанып-билүү сезимдерин ойготуп, коомдун социалдык-экономикалык турмушун сүрөттөшкөн.

## СССР доорунда кыргыз улуттук маданияттын калыптанышы жана өнүгүшү. Улуттук маданияттын материалдык негиздеринин түзүлүшү

1917-жылдагы Октябрь төңкөрүшүнөн баштап кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн жаңы этабы башталат. Ушул мезгилден кыргыз маданияты кезектеги Ренессансыга дуушар болгондугун белгилөө зарыл. Кыргыз элинин маданиятынын бир сапаттык баскычтан экинчи бир сапаттык баскычка көтөрүлүшүндө Кеңеш өкмөтүнүн ролу зор экендигин баса белгилөө керек. Анткени Октябрь төңкөрүшүнө чейинки кыргыздар Оруссиянын курамында болгону менен бирдиктүү жалпылыкты түзө алышкан эмес. Алардын түндүгү жана түштүгү жакта ар кандай административдик башкаруунун тутумунда болушуп, экономикалык, маданий өнүгүүнүн биримдигин түзүүгү мүмкүнчүлүк болбогон. Кыскасы, эл чачыранды жашап, экономикалык турмуштун биримдигин түзүү мүмкүндүгү жокко эсе болгон.

1917-жылга чейин Кыргызстандын чегинде бирдиктүү экономикалык турмуштун жоктугу, материалдык өндүрүштүн чабалдыгы маданияттын туруктуу жана сапаттуу өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген. Анын өнүгүү сферасы бүтүндөй Кыргызстандын чегинде жүрбөстөн, региондук деңгээлде кала берген. Ошондуктан

кыргыздардын маданияты XX кылымдын башына чейин патриархалдык-уруулук мамилелердин орбитасынан жогору көтөрүлө алган эмес.

Кыргыздардын маданиятынын 1917-жылдан кийин сапаттуу өнүгүүгө өтүшү, Кеңеш бийлиги милдеттүү экендигин унутпоо керек. Ар кайсы региондо жана өрөөндө жашаган бытыранды кыргыздарды баш коштуруп, эч кандай күрөшсүз эле аларга мамлекеттүүлүктү колуна берип, өнүгүүнүн ачык жолуна салган Кеңеш өкмөтү экендиги талашсыз. Кеңеш бийлиги кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн түптөп, анын экономикасын, маданиятын өнүктүрүүдө алардын негизи болгон материалдык өндүрүштү жөнгө салуу маселесине чоң көңүл бурулат .

Октябрь төңкөрүшүнүн объективдүү натыйжаларынын бири эмгекчил элдин укуксуздугун жоюунун негиздерин түзүүгө аракет жасоо болуп саналган. 1917-жылы 16-ноябрда Кеңеш өкмөтү кабыл алган «Россия элдеринин укуктарынын декларациясы» Россия элдеринин теңдигин жана эгемендүүлүгүн, ар кандай улуттук-диний артыкчылыктарды жана чектөөлөрдү алып таштоону жарыялаган. Мунун нугунда менчик ээзүүнүн шарттарынын бири катары коомдоштурулган. Ал эми кеңири массасынын демилгесин котормолоо, коомдук турмушка жандуу жана аң-сезимдүү катышуу укугу стратегиялык милдет болуп жарыяланган.

Жаңы руханий маданиятты түзүү үчүн чыныгы аракет жасоого киришип, анын башталышы өндүрүштүн негизги каражаттарын улутташтыруу болгон. Кеңеш мамлекети кулатылган ээзүүчү этаптардын каршылык көрсөтүүсүн жана зор экономикалык кыйынчылыктарды жеңүү менен түзүлө баштаган коомдук-экономикалык тартипти өндүрүштүн жаңы ыкмасынын түйүлдүгүн, жаңы маданияттын материалдык негизин көтөрүү менен чыгышкан.

Белгилүү болгондой, Кыргызстан падышалыктан мураска бар болгону бир нече таш көмүр кендерин, жарым кустардык булгаары, май, пиво заводдорун жана механикалык тегирмендерди алган. Мында «социалисттик» индустрия башталган учурда өнөр жайынын старттык «базасы» дал ушундай болгон. Ал эми индустрия жергебизде, негизинен, кайрадан дээрлик эч нерсе жок жерде башталып, ушуну менен Россиянын борбордук райондорунан айырмаланган. Себеби Россияда индустрияны түзүү үчүн база капиталисттик өнөр жай ишканаларын улутташтыруудан башталган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн ишмердигинин натыйжасында жумушчулардын улуттук кадрларын калыптандыруу процесси жүргүзүлгөн. 1928-1932-жылдары жумушчулардын саны 6, 8 эсеге көбөйгөн. Республиканын 27 ишканасында 1402 кыргыз иштеген, бул бардык жумушчулардын 17,6 пайызын түзгөн. Ал эми төмөнкү тармактарда иштеген кыргыздардын саны булгаары өндүрүүдө – 42,2 пайызды, пиводо – 40,9 пайызды, түстүү металлургияда – 38,5 пайызды, текстилде - 34,8 пайызды, тегирменде – 22,5 пайызды, эт-консервада – 16,6 пайызды, таш көмүрдө – 12,4 пайызды түзгөн.[27] Жумушчу кыргыздардын саны республика боюнча жумушчулардын жалпы санына салыштырганда тезирээк темп менен өскөн. Кыргыздардын ичинен биринчи жолу квалиффикациялуу станокчулар жана кен казуучу машинисттер чыккан.

Кыргызстанда индустриялаштыруунун социалдык-экономикалык натыйжасы төңкөрүшкө чейин болбогон текстил, кант, эт-консерва өнөр жайынын бир катар тармактарын түзүү болуп санагандыгын белгилеп кетүү керек. Механикалык жана оңдоо-механикалык заводдорун куруу жана ишке киргизүү менен металл иштетүүчү өндүрүш пайда болгон. Биринчи беш жылдыкта электр энергиясын иштеп чыгуу – 2,7 эсеге, таш көмүр өндүрүү – 3,1 эсеге, бышкан кышты өндүрүү – 9 эсеге, пила – 2,4 эсеге, булгаары – 2,5 эсеге, пахта-була – 2,1, жыгач материалдары – 7,0 эсеге көбөйгөн.

Индустриялаштыруу, өнөр жай ишканаларын түзүү жана өнүктүрүү процессинде жаңы шаарлар жана поселоктор пайда болуп, алардын гео-саясий ролу арткан. Ал эми коомдун социалдык жана демографиялык структурасындагы, маданияттагы, жашоо өрнөгү, адамдардын психологиясындагы өзгөрүүлөр урбанизациянын логикалык улантылышы болуп саналган.

Өнөр жай жана маданий борборлорун түзүү, шаарлардын пайда болушу жана аларда калктын санынын көбөйүшү өткөндөгү эскинин калдыктарын жеңип чыгууда чоң мааниге ээ болгон. Анткени, шаарлар алдыңкы маданияттын, улуттук кадрларды даярдоонун, илимий мекемелердин чордону болуп калган.

Индустриялаштыруу дыйкандарды чарба жүргүзүүнүн жамааттык формаларына көтөрүү үчүн материалдык өбөлгө түзүп, жумушчу табы менен дыйкандардын биримдигин чыңдап, турмуштун тийиштүү

---

[27] Аттокуров С. Кыргызстанда индустрияны өнүктүрүүнүн тарыхы 1917-1937. Фрунзе, 1965, 305-б.

өрнөгүн бекемдөө үчүн негиздерди курган. Эмгекчи көчмөн кыргыздарды отурукташтырууну жүзөөгө ашыруу үчүн чыныгы негиз да объективдүү даярдалган болчу. Бул проблеманы чечпей туруп, алардын коомдук-экономика турмушка, анын ичинде маданият чөйрөсүнө катышуусу жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес эле.

Калктын айрым бөлүгү Октябрь төңкөрүшүнө чейин эле падышалык жана жергиликтүү бийликтерден ага жер энчилөөнү жана турмуштун отурукташкан өрнөгүнө өтүү мүмкүндүгүн берүүнү талап кылгандыгын белгилеп кетүү абзел. Эмгекчи элдин мындай падышачылык бийликтерге да, жергиликтүү эзүүчүлөргө да жакпаган. Себеби отурукташуу экөөнө тең зыяндуу деп эсептелген. Анткени, бул бир жагынан жерди талап кылса, экинчиден, көчмөндөрдү эзүү мүмкүндүгүнөн ажыраткан. Падышалык өкмөт өзүнүн көчүрүү саясатына негизденип, кыргыздардын отурукташуусуна ар кандай жол менен каршылык көрсөткөн. Падышачылыктьн көчүрүү башкармасынын органдары төмөнкүдөй маселе коюшкан: «Көчмөндөрдү жайгаштырып гана койбостон, тескерисинче, дыйканчылык үчүн ыңгайлуу жерлерден таптакыр ажыратып салуу керек.[28]

Падышалык өкмөт сенатор граф Паленге Түркстандагы 1908-1909-жылдардагы көчүрүү ишин текшерүүнү тапшырган. Ал кыргыздарды отурукташтыруу өкмөт үчүн пайдасыз, себеби келгиндер үчүн айдоо аянттары ансыз да аз деп жазып, өкмөткө кыргыз калкын сугат жерлерден ажыратып салууну сунуш кьлган.

Л.И. Левитин туура белгилегендей, «Дал падышалык Россия колонизатордук саясатты жүргүзгөн, кыргыздар иш жүзүндө жакшы жерлерден куулуп чыгарылган... бардык асыл жерлерге Россиядан жана Украинадан көчүрүлгөн келгиндер жайгаштырылган, а начар жерлер кыргыздарга берилген.[29]

Кыскасын айтканда, кыргыз элинин эмгекчи массасынын эзүүдөн жана зордоп иштетүүдөн отурукташкан дыйканчылыкка өтүү жолу менен бошонууга умтулушу каршылыкка тушуккан. Кыргыз коомунун феодалдык тоболодору да кембагалдарга отурукташууга өтүүгө мүмкүндүк беришпеген. Өз кезегинде падышалык өкмөт жергиликтүү калк арасында отурукташуу кылымдардан бери келаткан элдик салтка

[28] Байбулатов Б. Кыргызстандын Улуу Октябрь социалисттик төңкөрүшүнө чейинки социалдык-экономий түзүлүшү. Фрунзе. 1958, 83-б.
[29] Левитин Л.И. Убакыт күтпөйт. Мыйзамдар иштөөгө тийиш.

карама-каршы келет деген үгүттү жүргүзгөн. Бул багытта Пишпек уезъдинин участкалык приставы ээлеген позиция мүнөздүү. Ал көчмөндөрдүн алдында чыгып сүйлөп, көчмөн турмуш тарыхын ар түрдүү жол менен мактаган жана дыйканчылыкты тозок деп жамандаган. Ошону менен бирге ал эгерде кыргыздар отурукташууга өтсө, анда вино ичишип, чочконун этин жешет деп коркуткан.

Падышачылык өзүнүн аракеттери менен отурукташууга өтүүгө эч кандай мүмкүндүк бербей, ал тургай жергиликтүү калктын тамдарын бузуп жок кылып, көчмөн турмушту түбөлүккө калтырууга умтулган. Падышалык өкмөттүн ушундай саясатынын жана бай-манаптардын каршылыгынын натыйжасында кыргыздын 80 пайызы 1917-жылдагы Октябрь төңкөрүшүнө чейин көчүп жүрүүнү уланткан.

Кыргыз элинин рухий маданиятын андан ары өнүктүрүү процессинде өзүнүн спецификалык бөтөнчөлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү болгон. Биринчи кезекте көчмөндөрдүн отурукташуу, андан кийин маданий-агартуу базасын түзүү зарыл эле. Мындай иш чараларды турмушка ашыруу кошумча каражаттарды жана күч аракеттерди талап кылган. Бул зор масштабдагы иш болгон. Кыргызстандын көчмөн жана жарым көчмөн калкынын негизги массасы ошол мезгилде республикадагы 24 районуна, 17 тоолуу районуна топтоштурулган эле.

Кыргызстандын шарттарында урбанизациянын айрым процесстеринде, атап айтканда, отурукташууда Кеңештер маанилүү роль ойногон. Жергиликтүү спецификалык өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу менен көчмөн жана жарым көчмөн райондордо Кеңештердин өзгөчө формасы – Жайлоо Кеңештери түзүлгөн, алар көчмөн эмгекчилердин кызыкчылыгын көздөгөн бийликти жүзөөгө ашырышкан, кыргыз элин саясий жана рухий жактан азат кылууда чоң, мааниге ээ болушкан.

Кыргызстанда дыйкан чарбаларынын отурукташууга өтүшү үчүн экономика жана саясий шарттар айыл чарбасын массалык түрдө жамаатташтыруунун башталышында түзүлгөн. Факт жүзүндө отурукташуу 1931-жылы башталып, 1937-жылга чейин улантылган. Ал этап боюнча жүргүзүлгөн: мисалы, бир гана 1932-жылдын ичинде отурукташуу райондорунда эки миңге чейин типтүү турак үйлөрдү, 100 мектебин, 98 бала бакча, 197 балдар аянтын, 11 балдар аянтча, 9 оорукана, 9 диспансер, 20 мончо куруу белгиленген. Бул максаттарга

жумшалган каражаттардын жалпы суммасы 1932-жылы 2 миллионго жакын сомду түзгөн.

1937-жылы негизинен көчмөндөрдү отурукташтыруунун аякташы кыргыз тарыхында эбегейсиз зор социалдык-маданий прогресс болуп саналган. Отурукташуууга өтүү, турак үйлөрдү куруу, жумушчу максаты, үйлөрдү жана айыл чарба инвентарын сатып алуу үчүн Кеңеш мамлекети тарабынан кыргыз көчмөндөрүнө башка жеңилдиктер жана техника, азык-түлүк, кийим-кече жана башка такай берилген материалдык жардамдарды эсептебегенде 2 миллионго жакын сом берилген. 1931-37-жылдардын ичинде республикада бардыгы болуп 78 миңге жакын көчмөн жана жарым көчмөн чарбалар же 400 миңге жакын адамдар отурукташтырылган. Бул мезгилдин ичинде 300 жаңы поселок түзүлүп, анда европалык типтеги 30 миңден ашуун турак үйлөр курулган. Отурукташуунун шарапаты менен калк жашаган ири пункттардын өсүшүн Нарын облусунун мисалынан көрсөтүүгө болот. 1913-жылы анын аймагында 6 отурукташкан айыл болсо, отурукташуудан жана жамаатташтыруудан кийин алардын саны 797 ге жеткен.

Көчмөндөрдүн отурукташкан турмушка өтүшү Кыргызстандын тоолуу райондорунун калкынын социалдык-тиричилик тартибин түп-тамырынан кайра курууга, кыргыздардын жашоо образында урбанизациялык процесстердин баштатышына түрткү берген. Ошондой эле колхозчулардын маданий-билим деңгээли, социалдык эмгек жандуулугу жана саясий аң-сезимдүүлүгү бир кыйла жогорулаган. Рухий келбеттин жалпы иш менен болгон байланышын бекемдөө жана ага катышуудан келип чыккан проблемаларды жакшы күч аракет менен чечүүгө умтулуу сыяктуу позитивдүү белгилери кеңири масштабда көрүнө баштаган.

Көчмөндөрдүн отурукташуусу, материалдык жана маданий деңгээлинин көтөрүлүшү айылдагы калктын бир бөлүгүн республиканын өнүгүп бараткан индустриясына багыттоого мүмкүндүк берген. Кыргыздын калыптанып бараткан жумушчу табынын негизги бөлүгүн кечээги миңдеген көчмөндөр түзүшкөн.

Боз үйлөрдү жылуу турак үйлөр менен алмаштыруу, отурукташкан турмуштун бир кыйла жакшыртылган гигиеналык шарттары, чарбалык ишкердиктин жаңы түрлөрүнүн пайда болушу, отурукташкан калктын таасири, сооданын кеңири өнүгүшү тиричилик маданиятындагы зор өзгөрүүлөргө шарт түздү. Мына ушунун баары

адамдардын аң-сезиминде жана психологиясында бир кыйла өзгөрүүлөргө алып келди. Мурдагы көчмөндөр колхоз талааларында ар түрдүү өсүмдүктөрдөн мол түшүм алышып, агрономия ишинин жетишкендиктерин пайдалануу менен багбанчылыкты жана жүзүм өстүрүүнү өнүктүрө баштушты. Жашоодогу жалпы жана жеке молчулук өздөрүнө, ар бир адам тарабынан кошулган сандык жана сапаттык эмгекке көз каранды экендигин уламдан-улам дурусураак сезүү мезгили келе баштады.

Кыскасы, эмгекчилердин социалдык турмушунда белгилүү өзгөрүштөр жүргөн. Боз үйлөр тигилген жерлердин ордунда райондордун башкаруучулук экономикалык жана маданий борборлору пайда болуп, жүздөгөн айылдар өсүп чыккан. Материалдык базистин негиздерин орнотуу жана өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп, отурукташкан турмуш образына өтүүгө байланыштуу социалдык-экономикалык турмуштун жаңы формаларына активдүү катышуу мүмкүндүгү ачылган. Адамдардын турмушунда малчылык жападан жалгыз иш болбой калган. Отурукташуу колхоздордун чегинде мал чарбасы боюнча көптөгөн чарбаларды бириктирүүгө, азык-түлүктү аз берүүсү малдарды асыл тукумдууларына алмаштырууга, табигый тоюткa эң бай жерлерди рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк түзүлгөн.

Кыргыз элинин тарыхында көчмөндөрдү отурукташтыруу өтө узак мезгилди ээлейт. Проблемага республиканын тарыхчыларынын көптөгөн эмгектери арналган. Алардын изилдөөлөрүнүн маанисине карап элдии отурукташууга өтүшүнүн айрым процесстерине алар тарабынан бир жактуу жана өтө ишенимсиз чагылдырылгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Эмгекчилерди отурукташууга бардык эмгекчи калк умтулган деп ырасталат. Мындай пикир күмөндөнүүнү туудуруп, бул маселе ажырымдуу мамиле жасоону талап кылат. Отурукташууга өтүүнү бардык калк каалабагандыгы, аны өзүнүн малы, жери жоктор эң кембагалдар гана каалагадыгы талашсыз. Калктын бир бөлүгүндө өзүнүн уруу башчысынын пайдасы үчүн бүткүл жай боюу жайлоодо жүрүүнүн эч кандай экономикалык кызыкчылыгы болгон эмес. Кыязы, көчмөн кембагалдарга негизги иши дыйканчылык болгон. Орус келгиндерини отурукташкан, жеңилдетилген турмушу таасир эткен.

Ошентсе да, өз турмушунун көп кылымдык салттык образын бузууну жана көнүмүш болбогон отурукташууга өтүүнү каалоо, биринчиден, массалык мүнөзгө ээ болбогондугун, экинчиден, практикалык турмушта ушундай умтулуу болсо, анда бул оор

экономикалык шарттардын натыйжасында гана болгондугун түшүндүрөт. Ошондуктан бул процесс терең изилдөөгө жана так мамиле жасоого муктаж. Чындыгында Октябрга чейинки мезгилде айрым кедейлер отурукташууга өтүүнү каалаган учурлар болгон.

Көчмөндөрдү отурукташтыруу Сталиндик репрессиянын кызуу учурунда жүргүзүлгөндүгүн эсепке алуу керек. Анын натыйжасында уруучулук бирикмелердин көрүнүктүү башчыларын репрессия кылуу жана коомдун бай катмарларын Кеңеш өкмөтүнүн душмандары катары кулакка тартуу, «элдин душманы» болуудан коркуу жана ушу сыяктуу кооптонуулар элдерди партиялык жана мамлекеттик органдардын жетекчилик көрсөтмөлөрүн мыңк этпей угууга мажбурлаган. Мына ушунун баары республиканын калкын отурукташууга өткөрүү бир кыйла деңгээлде башкаруучулук бюрократтык кысым менен кыргыздардын турмуш тиричилигинин бөтөнчөлүктөрүнөн улам аларды бир жерде туруктуу жашоого өткөрүү өтө оор жагдайда жүргүзүлгөн жана материалдык зыян алып келген деген жыйынтыкка түртөт. Натыйжада, биринчиден, көчмөндөрдүн отурукташууга өтүшү менен республика боюнча малдын саны кескин түрдө кыскарган. Анткени, отурукташуунун шарттарында малды мурдагы санда кармоого мүмкүндүк жок болгон. Экинчиден, эң башкысы - адамдар республиканын аймагынын өрөөндүү жерлерине кыйынчылык менен көнүшкөн. Белгилүү болгондой, өрөөндүн калк жайгашкан пункттарында жай мезгилинде температура кырк жана андан ашык градуска жетип, мындай климатка көнбөгөн адамдар, өзгөчө балдар, ооруй башташкаи. Ичеги-карын оорулары кеңири тарап кеткен. Калк арасында өлүмдүн саны көбөйгөн. Ошентип, бүтүндөй элдин турмушунун табигый-тарыхый тартиби бузулган.

Мындан тышкары төмөнкү маанилүү факторду унутуп коюуга жарабайт: жаңы дайыма эскинин каршылыгына кабылат, себеби эски өзүнүн позициясын ыктыярдуу түрдө же күрөшсүз эч качан бербейт. Мунун өзү диалектиканын майтарылбас мыйзамы: жаңы эскинин каршылыгын жеңүү аркылуу гана жеңишке жетишет. Өнүгүүнүн мыйзамы дал ушундай экендиги жалпыга маалым. Бирок, ушул эле мыйзам боюнча жаңылар албетте, эскидеги позитивдүү нерселерди өздөштүрөт, а бул четке кагылса, белгилүү карама-каршылыктардын болушу мүмкүн эмес.

Жалпысынан кыргыз эли 30-жылдардын аягында жашоонун негизги шарты ак ниет эмгек экендигин практика жүзүндө көрө башташты. Эмгектенүү процессинде адамдар өндүрүш каражаттарын

гана өркүндөтпөстөн, өзүнүн физикалык жана рухий жөндөмдүүлүгүн, акылын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Эркин эмгек адамдын курчап турган чөйрөнүн чындыгы жөнүндө билимин өстүрүүнүн өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүгү бар негизи болуу менен эмгекчилердин көз карашын калыптандыруунун фактору катары да чыга келди. Адамдын белгилүү шарттарда социалдык-экономикалык мамилелерге катышуусу анын рухий жактан өсүшүн стимулдаштырууга, андан бош убакытты рационалдуу жана эффективдүү пайдаланууга, окууга, маданияттуу дем алууга көбүрөөк көңүл бөлүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Эмгек жакшы жашоонун булагы болуп санала тургандыгы жалпыга белгилүү. Мында материалдык жактан камсыз болунган турмуш адамды рухий жактан өзүн-өзү байытпагандыгын, ал анын рухий жана маданий жактан өнүгүшү үчүн негиз гана түзүү тургандыгын белгилеп кетүү керек. Материалдык жактан камсыз болгон турмуш, эмгекчилердин маданий-тиричилик шарттарына, атап айтканда, тиричиликте маданий жактан өсүүгө, билим деңгээлин жогорулатууга, коомдук турмушка катышууга түрткү бере турган шарттардын зарыл минимумун түзүүгө бир кыйла таасир тийгизе алат.

Тилекке каршы, жамаатташтыруу өзүнүн бүткүл ачык-айкын позитивдик өңүттөрү менен калктын, өзгөчө айылдык калктын, бардык жетилген проблемаларын чече алган эмес. Айыл чарбасын коомдоштурулган өндүрүштүк жолго которуу ишинде лениндик концепцияны бузууга жол берилгенин айтуу зарыл. Эң оболу дыйкандардын бирикмелери жалпысынан ыктыярдуу негизде колхозго кадам таштаса, ал эми кийинки жылдарда колхоздорду уюштурууну ыкчамдатуу башталган, андан соң ал дыйкан чарбаларын «туташ жамаатташтырууга» өткөн. Мунун зыяндуу натыйжалары бүгүнкү күндө баарыга маалым. Ушундай ыкчамдатуунун негизинде дыйкандардын маанайын эске албай коюу, анын маанисин жана каалоолорун четке кагып жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Ошондой эле шашылууга жол койбоо жана анын зыяндуулугу жөнүндөгү лениндик принциптер да этибарга алынбаган.

Жогорку жактын катуу кысымы астында бардык жерлерде колхоздорду түзө башташкан. Масса арасындагы түшүндүрүү жана уюштуруу иштери орой кысымдар, коркутуулар менен алмаштырылган. Колхозго кирүүнү каалабагандардын баарын кулакка тартышкан. Өндүрүш каражаттарын коомдоштурууда одоно бурмалоого жол коюлган. Артелдерде адамдардын жалгыз уюн, майда

жандыгын жана тоокторун да катташып, максималдуу коомдоштурууга жетишишкен.

Колхоздук-кооперативдик менчик кооперативдик мүнөзгө ээ болгон эмес. Себеби аны колхозчулар айыл чарба артелинин Уставына ылайык башкарууга, ишкердиктин зарыл эркиндигине жетишишпеген. Кооперация өнүкмөк тургай, тетирисинче, анын салттык түрлөрү жок болуп кеткен. Бул айыл чарбасын кайра түзүүнүн ленидик планын тоготпогондуктун кесепетинен болгон. В.И. Ленин өлгөндөн кийин өлкө мамлекеттик социализмди куруу жолуна өткөн. Коомдо менчиктин бир гана формасы – мамлекеттик менчик баштаган. Эмгекчилер ага кожоюн болуп саналбаган, себеби алар менчиктен четтетилип коюлган.

Айыл чарбасын кайра куруунун планын бурмалоолорду кулактар, дин кызматкерлери жана кеңешке каршы башка элементтер билгичтик менен пайдаланышкан. Алар кедейлердин жана орточо жашагандардын караңгы бөлүктөрүн жамаатташтырууга каршы турууга түртүшкөн. Ал эми дин кызматкерлери динге ишенгендерди колхозго киргизгендиги үчүн көк теңир жазалайт деп коркутушкан.

Айыл чарбасын жамаатташтыруу менен күрөшүүдө диний жалган көз караштарды пайдалануунун жайылтылган формаларынын бири колхоздорду Курандын буйруктарына карама-каршы деп жарыялоо болгон. Молдолор колхозго кирүү каапырга айлануу менен барабар деп далбас урушкан. Же болбосо колхоз жөнүндө туура эмес маалыматтар таркатышкан, б.а. анда баары: аялдар, балдар жана башкалар жалпы болот деген жалган сөздөр жайылтылган.

Жергиликтүү партиялык-мамлекеттик активдин айрым өкүлдөрү динге ишенүү эркиндигин четке кагышып, чиркөөлөрдү жана мечиттерди жабууга умтулушкан. Атеисттик пропагандага убараланышпай, «диний баш айландырууну» биротоло жок кылууга аракеттенишип, абалды ансайын курчутуп жиберишкен. Мына ушунун баары динге ишенүүчүлөрдүн да, калктын көп бөлүгүнүн да нааразылыгын пайда кылган. Ошондой эле жергиликтүү башкаруу тарабынан партиянын айрым экономикалык жана саясий иш чараларын турмушка ашырууда катачылыктарга жол берилген, ачык-айкын кырдаал эске алынбаган. Ушундай мүнөздөгү оош- кыйыштар вакуфтук жерлерди конфискациялоодо жана казылардын, бийлердин сотторун жоюуда учураган.

Биротоло жок кылууга аракеттенишип, абалды ансайын курчутуп жиберишкен. Мына ушунун баары динге ишенүүчүлөрдүн да, калктын көп бөлүгүнүн да нараазылыгын пайда кылган. Ошондой эле жергиликтүү башкаруу тарабынан партиянын айрым экономикалык жана саясий иш чараларын турмушка ашырууда катачылыктарга жол берилген, ачык-айкын кырдаал эске алынбаган. Ушундай мүнөздөгү оош-кыйыштар вакуфтук жерлерди конфискациялоодо жана казылардын, бийлердин сотторун жойдурушкан.

Белгилүү болгондой, вакуфтук жерлер мусулман калкы бар өлкөлөрдө агрардык менчиктин кеңири тараган формаларынын бири болуп саналган. Мындай жерлер ыйык деп аталган жана алардан алынган киреше кайрымдуулук максаттарга гана жумшалган. Вакуфтук жерлерге кол салуу динге ишенүүчүлөр тарабынан диндин өзүнүн негиздерине кол салуу катары каралган.

Мына ушуга байланыштуу жергиликтүү калк чөлкөмдүн расмий органдарынын вакуфтук жерлерди конфискациялоо жөнүндө чечимин жактырбай тосуп алган. Жер-жерлерде динге ишенген дыйкандар «Кудайдын жазоосунан» коркушуп, аларга бөлүнүп берилген участкаларды алуудан баш тартышкан. Мында жогору жактан зомбулук менен «социализмдин» сунушу менен киргизилген учурда маселени чечүүнүн чыныгы буйрукчулдук усулу ачык көрүнгөн. Партиялык-кеңештик органдардын жетекчилери жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске албастан, Борбордук Россиянын айылдык турмушунун тажрыйбасын ойлонбой туруп эле кабыл алышкан. Себеби, андагы дыйкандар жумушчу табы менен бирдикте болуп, анын жетекчилиги астында таптык күрөштүн өтө сабак болоорлук жолун жана өнөр жай-индустриалдык мезгилин басып өтүшкөн. Ошондуктан, көптөгөн орус дыйкандары орто азиялык дыйкандардан айырмаланышып, жер жөнүндө декрет жарыялангандан кийин дароо эле коркпостон чиркөөлүк жана монастырдык жерлерди тартып ала башташкан. Кыргыз жергесин жамаатташтыруу ишинде жалпы кыйынчылыктар менен бирге өзүнүн спецификалык кыйынчылыктары болгон, атап айтканда: «социализмге» өтүүдө өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап өтүп, патриархалдык-феодалдык мамилелерден түз эле жаңы коомго өтүү аракети жасалган. Дал ошондуктан В.И. Ленин жергиликтүү партиялык уюмдардан улуттук дыйкандарга өзгөчө сергек мамиле жасоону, алар менен ийкемдүү муназада болууну, материалдык абалды тезирээк жакшыртууну,

аларды байлардын, колунда барлардын таасиринен акырындык менен сууруп алууну катуу талап кылган.

Айыл чарбасын социалдык-экономикалык жактан кайра куруудагы жана дыйкандардын аң-сезимдүүлүгүн жогорулатуудагы башка бир тоскоолдук уруучулук мамилелер болуп саналган. 30-жылдарда кыргыз калкынын аң-сезиминде уруучулук белги боюнча бөлүнүү таптык белгисине караганда күчтүүрөөк болгон. Өздөрүнүн таасирин пайдалануу менен байлар, кулактар өз туугандарын уруучулук колхоздорду курууга үгүттөшкөн. Алгачкы ирет республиканын көптөгөн жерлеринде колхоздор дал ушул белги боюнча түзүлүп, анда бай-манаптын жактоочулары жетекчилик постторду ээлешкен. Кыргызстандын партиялык-кеңештик органдары болуп жаткан кайра куруулардын терең социалдык маанисин кеңири түшүндүрүү менен колхоздук кыймылдагы лениндик багытты бурмалоолорго каршы колдорунан келишинче чечкиндүү күрөш жүргүзүшкөн. Натыйжада партиялык-мамлекеттик структуранын душмандарынын кеңешке каршы иштеринин бетин ачууда, эмгекчи элди «социалисттик аң-сезимдүүлүктүн» духунда тарбиялоодо ийгиликтерге жетишилген. Колхоздор сан жагынан өсүп, сапаттык жактан чыңдалып, катуу борбордоштурулган экономикалык жөнгө салуунун натыйжасында айыл чарба өндүрүшүн техникалык жактан жабдуу жакшыртылган.

Ошентип, дыйкандардын жамааттык чарбага өтүшү алардын турмушунун бүткүл жагдайына төңкөрүштүк таасир тийгизгендиги шексиз экендигин белгилеп кетүү зарыл. Айылда жаңы өндүрүштүк мамилелердин өзүнчө орношу, жерди пайдалануунун жакшыртылган ыкмаларын, чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларын киргизүү бир эле мезгилде адамдардын аң-сезимин өзгөртүүнүн чыныгы мектеби болуп калган. Бул процессте өндүрүштүн жаңы каражаттарын бардык жерде жайылтуу негизги ролду ойногон. Эгерде мурдагы убактарда эмгектин жөнөкөй куралдары дыйкандарды-жаратылыштын күчтөрүнө тикедентике көз карандысызга койсо, ал эми айыл чарба пайдалануу дыйкандарга бузуп-кыйратуучу кырсыктар менен да ийгиликтүү күрөшүүгө, өз мезгили үчүн жогорку түшүм алууга жетишүүгө мүмкүндүк берген. Кыскасы, айыл чарба техникасы белгилүү өлчөмдө дыйканга өзүнүн коомдогу ордун, адаттарын, жашоо тартибин жана аң-сезимин жогорулатууну кайра карап чыгууга жардам көрсөткөн.

Ошону менен бирге Кыргызстанда рухий маданияттын материалдык негизинин орношунда жалпысынан мамлекеттин

тоталитардык модели, социалдык-саясий жактан өнүктүрүүнүн жетишкендиктери, татаалдыктары жана карама-каршылыктары укмуштай сонун айкалышкан. Эң оболу өндүрүш каражаттарын болгон жеке менчиктин зыяны жөнүндө волюнтаристтик концепция адамдын адамды эзүүсүнүн формасы катары мезгил сыноосунан өтө албагандыгы табигый көрүнүш. Анткени, жеке адамды да, коомду да өнүктүрүүдө жөнөкөй жана объективдүү мыйзам ченемдер четке кагылган. Мамлекеттин каражаттарына иш жүзүндө ээ болушу жана андан жөнөкөй жарандардын алысташы улутташтыруунун терс натыйжасы болгон. Ал эми эбегейсиз зор өлкөнүн эмгекчил элдери, алардын эмгектик потенциалы коомдук менчиктин чектеринде кысылган. Ошол эле учурда орто азиялык элдердин салттык жашоо тартибинин негизги моменттери, атап айтканда, менчиктин жекече формасына негизделген ишкердик тажрыйбаны андан ары өнүктүрүү жана байытуу, элдик кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү көп жагынан бузулган.

Рухий маданияттын материалдык негиздерин түзүү ишине адамдардын турмуштук иштеринин бардык чөйрөсүн ашкере идеалдаштыруу өзүнүн зыянын тийгизген, атап айтканда, бул социалдык турмуштун парадоксалдык процесстеринин жана көрүнүштөрүнүн колдо болгонуна терс таасир көрсөткөн. Мисалы, 1937-жыл сталиндик репрессиянын кызуу учуру катары белгилүү. Бул жылы алгачкы төңкөрүштөн кийинки жылдарда каарман эмгек менен өтүүдө өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап өтүп, патриархалдык-феодалдык мамилелерден түз эле жаңы коомго өтүү аракети жасалган. Дал ошондуктан В.И. Ленин жергиликтүү партиялык уюмдардан улуттук дыйкандарга өзгөчө сергек мамиле жасоону, алар менен ийкемдүү муназада болууну, материалдык абалды тезирээк жакшыртууну, аларды байлардын, колунда барлардын таасиринен акырындык менен сууруп алууну катуу талап кылган.

Айыл чарбасынын социалдык-экономикалык жактан кайра куруудагы жапа дыйкандардын аң-сезимдүүлгүн жогорулатуудагы башка бир тоскоолдук уруучулук мамилелер болуп саналган. 30-жылдарда кыргыз калкынын аң-сезиминде уруучулук белги боюнча бөлүнүү таптык белгисине караганда күчтүүроок болгон. Өздөрүнүн таасирин пайдалануу менен байлар, кулактар өз туугандарын уруучулук колхоздорду курууга үгүттөшкөн. Ачгачкы ирет республиканын көптөгөн жерлеринде колхоздор дал ушул белги боюнча түзүлүп, анда бай-манаптын жактоочулары жетекчилик

постторду ээлешкен. Кыргызстандын партиялык-кеңештик органдары болуп жаткан кайра куруулардын терең социалдык маанисин кеңири түшүндүрүү менен колхоздук кыймылдагы лениндик багытты бурмалоолорго каршы колдорунан келишинче чечкиндүү күрөш жүргүзүшкөн. Натыйжада партиялык-мамлекеттик структуранын душмандарынын кеңешке каршы иштеринин бетин ачууда, эмгекчи элди «социалисттик аң-сезимдүүлүктүн» духунда тарбиялоодо ийгиликтерге жетишилген. Колхоздор сан жагынан өсүп, сапаттык жактан чыңдалып, катуу борбордоштурулган экономикалык жөнгө салуунун натыйжасында айыл чарба өндүрүшүн техникалык жактан жабдуу жакшыртылган.

Ошентип, дыйкандардын жамааттык чарбага өтүшү алардын турмушунун бүткүл жагдайына төңкөрүштүк таасир тийгизгендиги шексиз экендигин белгилеп кетүү зарыл. Айылда жаңы өндүрүштүк мамилелердин өзүнчө орношу, жерди пайдалануунун жакшыртылган ыкмаларын, чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларын киргизүү бир эле мезгилде адамдардын аң-сезимин өзгөртүүнүн чыныгы мектеби болуп калган. Бул процессте өндүрүштүн жаңы каражаттарын бардык жерде жайылтуу негизги ролду ойногон, эгерде мурдагы убактарда эмгектин жөнөкөй куралдары дыйкандарды-жаратылыштын күчтөрүнө тикедентике көз карандылыкка койсо, ал эми айыл чарба. машинадарын пайдалануу дыйкандарга бузуп-кыйратуучу кырсыктар менен да ийгиликтүү күрөшүүгө, өз мезгили үчүн жогорку түшүм алууга жетишүүгө мүмкүндүк берген. Кыскасы, айыл чарба техникасы белгилүү өлчөмдө дыйканга өзүнүн коомдогу ордун, адаттарын, жашоо тартибин жана аң-сезимин жогорулатууну кайра карап чыгууга жардам көрсөткөн.

Ошону менен бирге Кыргызстанда рухий маданияттын материалдык негизинин орношунда жалпысынан мамлкеттин тоталитардык модели, социалдык-саясий жактан өнүктүрүүнүн жетишкендиктери, татаалдыктары жана карама-каршылыктары укмуштай сонун айкалышкан. Эл ололу өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчиктин зыяны жөнүндө волюптаристтик концепция адамдын адамды эзүүсүнүн формасы катары мезгил сыноосунан өтө албагандыгы табигый көрүнүш. Анткени, жеке адамды да, коомду да өнүктүрүүдө жөнөкөй жана объективдүү мыйзам ченемдер четке кагылган. Мамлекеттин өндүрүш каражаттарына иш жүзүндө ээ болушу жана андан жөнөкөй жарандардын алысташы улутташтыруунун терс натыйжасы болгон. Ал эми эбегейсиз зор

өлкөнүн эмгекчил элдери, алардын эмгектик потенциалы коомдук менчиктин чектеринде кысылган. Ошол эле учурда орто азиялык элдердин салттык жашоо тартиби негизги элеметтери, атап айтканда, менчиктин жекече формасына негизделген ишкердик тажрыйбаны андан ары өнүктүрүү жана байытуу, элдик кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү көп жагынан бузулган.

Рухий маданияттын материалдык негиздерин түзүү ишине адамдардын турмуштук иштеринин бардык чөйрөсүн ашкере идеалдаштыруу өзүнүн зыянын тийгизген, атап айтканда, бул социалдык турмуштун парадоксалдык процёсстеринин жана көрүнүштөрүнүн колдо болгонуна терс таасир көрсөткөн. Мисалы, 1937-жыл сталиндик репрессиянын кызуу учуру катары белгилүү. Бул жылы алгачкы төңкөрүштөн кийинки жылдарда каарман эмгек менен түзүлгөндөр жок кылынган. Ошону менен бирге 1937- жыл бул негизинен көчмөндөрдү отурукташтыруунун аякташынын, орто азиялык элдердин материалдык жана маданий деңгээлинин белгилөө түрдө көтөрүлгөндүгү биротоло такталган, жумушчу табынын улуттук отряды чыңалып, өнөр жайынын бир катар тармактары түзүлгөн жыл болгон. Буга Россиянян жумушчу табынын кошкон салымы абдан зор. Ал эми дыйкандардын чарба жүргүзүүнүн жамаатык формасына өтүшү кандайдыр бир даражада чарба жүргүзүүнүн экономий базасынын белгилүү материалдык өбөлгөсүн түзүүгө түрткү берген.

Дал спецификалык, улуттун өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу, орто азиялык элдердин, анын ичинде кыргыз элинин рухий маданиятынын материалдык негиздерин эффективдүүрөөк түзүүгө чакырылгандыгын белгилеп кетүү зарыл.

**Сабатсыздыкты жоюу рухий жаңылануунун көрсөткүчү катары**

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Кеңеш өкмөтү өлкөдө маданий төңкөрүш жүргүзүүгө мажбур болгон. Анын негизги милдеттерине улуттук маселени туура чечүү, элдин сабатсыздыгын жоюу, ошондой эле улуттук интеллегенцияны түзүү, искусствонун жаңы түрлөрүн өнүктүрүү, аялдардын укугун коргоо жана аларды коомдук эмгекке тартуу кирген. Тарых тастыктагандай, падышачылык Орусия чет жакалардагы эмгекчи эл массасын катуу эзип, орус эмес элдердин улуттук маданиятынын ар кандай көрүнүштөрүн атайын басмырлап тургандыгы талашсыз. Ошондуктан ортоазиялыктардын жана казактардын экономикалык, маданий өнүгүү деңгээли салыштырмалуу бир топ төмөн болгондугунда шек жок.

Ошого карабай Октябрь төңкөрүшүнүн алдындагы Орто Азия жана Казакстандын элдеринин тарыхы, маданияты акыйкаттык менен терең жана ар тараптан изилдениши абзел.

Анткени, аталган элдердин басып өткөн тарыхы объективдүү чындык терең ачылган эмес. Мисалга, элдин сабаттуулугу жөнүндө акыбалды ачалы. СССР мезгилинде бул темада жазылган эмгектерде Түркстан элдеринин сабаттуулугу карама-каршы, кээде калысыздык менен мүнөздөлөт.

Илимий эмгектерде, бир жагынан, Түркстанда миңдеген балдар окуп, мектептердин, медреселердин саны көп болгондугун ырасташса, экинчи жагынан, калктын бардыгы туташ сабатсыз деп билдиришкен. Мисалы, Д.Ганиевдин маалыматтары боюнча, XX кылымдын башында Түркстанда 25232 дин кызматкери, 1503 чиркөө жана 11236 мечит, 5771 мугалими бар 5755 мектеп, 5000 окуучусу бар 400 медресе иштеген. Ошол эле учурда Түркстандын калкынын сабаттуулугу жалпысынан 2 пайызды, анын ичинде тажиктердин арасында – 0,5, кыргыздарда – 0,6, түркмөндөрдө – 0,7, өзбектерде – 1,6, казактарда – 2,1 пайызды түзгөн.[30]

Бул жерде бир ой экинчисине дал келбей жаткандыгы байкалууда. Ошондуктан келтирилген маалыматтар шектүүдөй көрүнөт. Чындыгында мындай болушу толук ыктымал окумуштуулар жогорудагы маалыматтарды расмий булактардан алышкандыгы талашсыз. Белгилүү болгондой, 1898-жылы падышалык Орусия эл каттоо жүргүзгөн. Бул документте сабаттуулардын катарына орусча жаза жана окуй билген адамдарды гана кошушканы белгилүү.

Мындай маалыматтар объективдүү чындыкты чагылыштырбагандыгы кажетсиз. Эл каттоо жүргүзгөндөр арабча окуй жана жаза билгендерди сабаттуулардын катарына кошпогондугу түшүнүктүү. Ал эми биздин окумуштуулар Түркстандын чыныгы абалын чагылдырбаган материалдарды региондун мурдатан артта калгандыгы жана анын Кеңеш бийлигинин учурунда гана гүлдөгөндүгү жөнүндө өздөрүнүн концепциясын бекемдөөгө ыңгайлуу болгондуктан улам, аларды эч кандай сын көз карашсыз пайдаланышкан. Ал турсун Орто Азия жана Казакстан элдеринин билим дэңгээлин мүнөздөгөн бул маалыматтар үзгүлтүксүз

[30] Ганиев Д. Динге жана мурдатан артта калган элдердин диний ырым-жырымдарына каршы күрөшүү маселесин коюга карата. ТашМУнун философия кафедрасынын окуу жазмалары, 46-том, 3-чыгар.,Ташкент. 1996.

пайдаланылып, бир китептен экинчисине көчүп келгенин белгилөө зарыл.

Жаңы тарыхый шартта өткөндүн көп баалуулуктарын кайра карап чыгуу зарылчылыгы күн тартибинде турат. Бул багытта Өзбекстандын окумуштуулары бир топ иштерди жасагандыгын айтуу керек. Мисалы, «Литература и искусство Узбекстана» журналында «Жалаа ойлоп чыгаруу жана чындык» деген темада жарыяланган П.Г.Ким дин макаласы илимий коомчулуктун зор кызыгуусун туудурууда. Бул документте нукура маалыматтардын негизинде Түркстан элдеринин сабаттуулугу Октябрь төңкөрүшүнүн алдында 2,0 пайызды эмес, 19,5 пайызды түзгөн деп ырасталат. Кыргыздар деле сабаттуулуктун деңгээли боюнча мындан төмөн болбогондугу ырас. Бул маселени иликтөө алдында турган маселе экендигинде шек жок. Ар бир челкөмдөгү тарыхый чындыкты тактоо менен калктын сабаттуулугунун критерийлерин кайра карап чыгуу зарылдыгы келип чыгууда.

Бул жерде дагы бир жагдайды эске алуу зарыл. Кыргызстандын чегинде мектептердин, ошонун ичинде диний, орус жана орус-жергиликтүү мектептеринин болгон нугуна карабастан кыргыз эли падышачылыктын убагында өзүнүн артта калуучулугун жеңе албагандыгын моюнга алуу керек. Мектеп, илим жана искусство үстөмдүк кылуучу таптардын гана элчиси болуп, катардагы элдердин билим жана маданий деңгээли төмөн бойдон кала берген.

Түркстандын шарттарында маданий төңкөрүштүн эң биринчи милдеттеринин бири сабатсыздыкты жоюу болуп саналган. В.И. Лениндин айтуусу боюнча «... баарыдан мурда окууганды, жазганды үйрөнүү жана окуганды түшүнүү» зарыл болгон. Ал сабатсыздыкты жойбой туруп, жаңы коомду курууга болбойт деп белгилеген.

Маданий төңкөрүштүн мезгилинде сабатсыздыкты жоюу проблемаларын чечүүнүн анык маанисин жана зарылдыгын баса айтуу керек. 1919-жылы «РСФСР калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндө» деген декреттин пайда болушу бекеринен эмес. Жалпы сабаттуулук үчүн жүрүштү баштаган бул документте төмөнкүчө айтылган: «Республиканын бүткүл калкына өлкөнүн саясий турмушуна аң-сезимдүү катышуу мүмкүндүгүн берүү максатында Эл Комиссарлар Кеңеши токтом кылды: республиканын окуй жана жаза билбеген бүткүл калкты өз эне тилинде же каалоосу боюнча орус

тилинде сабаттуулукка окууга тийиш»[31] В.И. Ленин кооперативдик планды иштеп чыгып, айыл чарбасын кооперативдештирүүнүн маселелерин дыйкандардын сабатсыздыгын жоюу менен тикеден-тике байланыштырган, «толук кооперативдештирүү бир бүтүн маданий төңкөрүшсүз мүмкүн эместигине» жана «туташ сабатсыздыксыз, түшүнүүнүн жетиштүү даражасыз, калкты китепти пайдаланууга жеткиликтүү үйрөтүүсүз биз өзүбүздүн максатыбызга жете албайбыз»[32] деп көрсөткөн.

Кыргызстанда сабатсыздыкты жоюу боюнча жетиштүүрөөк иш Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик бөлүнүшүнөн жана кыргыз автономиялуу областы, андан соң, автономиялуу республикасы түзүлгөндөн кийин, б.а. улуттук маданиятты андан ары өнүктүрүү үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөндөн кийин башталган.

Орто Азияда улуттук-мамлекеттик бөлүүнү жүргүзүү республиканын эмгекчилеринин социалдык турмушундагы олуттуу окуя болуп саналган. Бул маселе өтө кыйындык менен чечилген-. Негизгиси – бардык улуттар жана улуттук топтор этап боюнча федералдык бирликтин, б.а. бирдиктүү көп улуттуу мамлекеттин курамына киришкен. Улам барган сайын баш кошууну жана биримдикти түшүндүргөн «Россия элдеринин укуктарынын Декларациясынын» негизинде, социалисттик принциптерде өзүнүн мамлекеттүүлүгү түзүлгөн.

Кыргыздар көп кылымдык тарыхында кезектеги өзүнүн улуттук мамлекеттүүлүгүнө ээ болушкан. Кеңештик мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү кыргыз элинин кызыкчылыктарына жана үмүт-тилектерине толук ылайык келген эмгекчилердин кеңири массасын аң-сезимдүү саясий ишке, жаңы коомду куруунун аракеттерине жигердүү катышууга тартууну камсыз кылган, факт жүзүндөгү теңсиздигин, уруучулук түнттүктү жана патриархалдык калдыктарды жоюуга чыныгы кырдаал түзүлгөн.

Белгилүү болгондой, төңкөрүштүн алдында Россиянын көптөгөн эзилген элдери сыяктуу эле кыргыз элинин да өзүнүн улуттук жазуусу болгон эмес. Тарыхий татаал шарттардын натыйжасында ал жоголуп кеткен, бирок изсиз калбаган. Чөлкөмдүн башка элдери сыяктуу эле төңкөрүшкө чейинки кыргыз коомунда араб жазуусу пайдаланылган. Калктын кеңири массасына жеткиликтүү жазуу болбой туруп

[31] Борбордук Комитетинин чечимдери. – М. – Л.1947, 2-чыг., 118-б.
[32] Ленин В.И., Чыг. толук жыйын., 45-том, 316-б.

сабатсыздыкты жоюу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан кыргыз элинин маданий турмушунда реформаланган араб алиппесинин негизинде жазуу тамгаларын түзүү чоң мааниге ээ болгон. 1924-жылдын 7-ноябрында араб тамгасы менен алгачкы кыргыз тилинде «Эркин Тоо» гезитинин биринчи саны жарыкка чыккан. Көп өтпөй араб алиппеси латындаштырылган алиппе менен алмаштырылган. Ал эми 40-жылдардын башында кыргыз жазуу тамгалары кириллицага негизделип, жаңы алиппеге өткөрүлгөн.

Жазманын бир нече жолу реформаланышы, бир жазмадан экинчисине өтүү Орто Азия элдеринин рухий турмушунда белгилүү кыйынчылыктарды түзгөндүгүн белгилеп кетүү керек. Мунун өз чөлкөмдө элге билим берүүнү өнүктүрүүнү кандайдыр бир деңгээлде кечеңдетүүгө ачып келген. Ал эми колдо болгон илимий адабиятта бул процесске бир жактуу баа берилген, атап айтканда, жаңы алиппени киргизүү прогрессивдүү көрүнүш болуп, элдердин өз ара мамилелерин чыңдоого, коомдук турмушту интернационалдаштырууга түрткү берген делет. Принципте буга макул болбой коюу кыйын экендигин белгилеп кетүү зарыл. Атап айтканда, А.Бегматов өзүнүн «Сталин жана ислам» деген макаласында араб жазмасын ачып таштоонун негизги максаты исламдан кутулуу, мусулман диний уюмдарынын беделип түшүрүү, анын китептерин жана жазмасын жок кылуу болуп саналган деп жазат.

Орто Азия жана Казакстан аймактарында жашаган жана ислам менен тарыхий жактан байланышкан бардык элдер араб тилин кодонушкандыгы белгилүү. Мусулмандар үчүн ыйык Куран, Мухаммад пайгамбардын көптөгөн хадистери, башка диний китептер ушул тилде жазылган. Араб жазуусун алып таштоо калктын калың катмарында Куранга жана башка диний китептерге гана эмес, өткөндүн бай көркөм адабиятына, Чыгыштын ойчулдарынын философиялык эмгектерине, табият жана гуманитардык илимдердин алгачкы булактарына жолду богоп салуу дегендикке жатат.

Чынында эле Орто Азия республикаларынын азыркы учурдагы математиктери, медиктери, табият илиминин окумуштуулары, философтору Хорезминин, Авиценнанын, Берунинин, Улукбектин, Фарабинин эмгектеринин түп нускасын окуй алышпай калышы талашсыз. Себеби, ал ар араб тилинде жазылган.

Ушуга окшогон пикирлерди талашпастан, араб алиппесин орус алиппеси менен алмаштыруу дин менен репрессивдик усул аркылуу

күрөшүүнүн ыңгайлуу каражаты болуп саналгандыгын кошумчалоо зарыл. Латындаштыруудан кийин көбүнчө эл массасынын сабатсыздыгын жоюуну тездетүүнүн туусу астында өнүктүрүлгөн орус жазмасына ээ болуу тенденциясы күчөтүлгөн. Ал эми араб алиппеси бүткүл диний нерселердин символу болуп калган. Репрессия жылдарында араб алиппесинде жазылган китептерди үйдө сактоо коркунучтуу болгон, көркөм жана илимий китептер жок кылынган.

Ошентсе да, Кыргызстанда жазманын түзүлүшү менен сабатсыздыкты жоюу боюнча күчөтүлгөн күрөш жүргүзүлгөн. Лениндик «РСФСР калкынын арасында сабатсыздыкты жоюу жөнүндө» декреттин негизинде бардык жерде «Сабатсыздык жоюлсун»! деген коомдор түзүлгөн. Орто Азия элдеринин улуттук-мамлекеттик бөлүнүүсүнүн алдында Каракол уездинде ликбездин – 36, Нарын уездинде – 23, Кыргызстандын түштүгүндө – 38 мектеби иштеген. 1924-жылы Кыргызстанда бардыгы болуп ликбездин мектептеринде 3100 адам окуган.[33]

Сабатсыздыкты жоюунун жолунда зор кыйынчылыктар турган. Зарыл материалдык жана рухий база, даярдалган кадрлар жана башка көптөгөн нерселер жок болгон. Сабатсыздыкты жоюу республикада басмачылык кыймылдын узак убакыт бою өкүм сүргөндүгү менен татаалданган. Ал экономика үчүн кыйратуучу мүнөзгө ээ болуп, маданиятты жана элге билим берүүнү кечеңдеткен. Жаңы турмуштун душмандары мугалимдерди өлтүрүшүп, кеңештик мектептерди өрттөгөн, сабатсыздыкты жоюу процессин бүлгүнгө учуратышкан.

Маданий төңкөрүштү турмушка ашырууда улуттук интеллегенциянын санынын аздыгы, ошондой эле жоктугу көп кыйынчылыктарга кылган. Элдик интеллегенциянын ролу рухий прогрессте абдан орчундуу болгон. Ошондуктан Орто Азия республикаларында, өзгөчө Кыргызстанда, маданий төңкөрүштүн алгачкы этабында В.И. Ленин белгилегендей, бир эле мезгилде эки милдетти аткарууга элдин сабаттуулугу жөнүндө жалпы саясий маселени чечүүгө жана элдик интеллегенцияны түзүүгө туура келген.[34]

Кыргызстандын шарттарында кадрлар, бөтөнчө педагогикалык кадрлар проблемасы узак убакыт бою өтө татаал жана маанилүү

---

[33] Данияров С. Кыргызстанда маданий төңкөрүштүн лениндик программасын турмушка ашыруу. – Фрунзе. 1972. 74-б.

[34] Луначарский А.В. В.лениндин маданий осуяттарынын бири. “В.И. Ленин жөнүндө эскерүүлөр”. – М. 1960. 4-том. 180-181-б.

маселелердин бири бойдон калган. Республикадагы педагогикалык кадрлар сапаты боюнча гана эмес, саны боюнча да элге билим берүүнүн темпинин өсүшүн камсыз кыла албаган. Ошондон улам республиканын алдында зор маанилүү милдет: – эң кыска убакыттын ичинде жаңы социалдык-саясий шарттарда өзүнүн татыктуу ордун ээлеген, элге билим берүүнүн улуттук өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар жана спецификатык тутумунун иштешин стимулдаштырууга жөндөмдүү келген өздүк педагогикалык кадрларды түзүү турган.

Зор угуттук иштин натыйжасында айрым ак ниет маанайдагы адистер, ислам дининин өкүлдөрү тийиштүү кайра даярдоодон кийин кеңештик органдарга жана агартуу мекемелерине кызматка тартылган. Алар үчүн бардык жерде кыска мөнөттүү курстар ачылган. 1921-жылы бир гана Жети-Суу областында 700 кишилик 6 даярдоочу мусулман курсу иштеген. Ал эми Оштогу 3 айлык курстарда 100 адам окутулган, Ташкент жана Верный шаарларындагы мугалимдер курстарында жүздөгөн кыргыз мугалимдер окушкан. 1930-1931-окуу жылында гана республиканын чегинен тышкаркы жерлердеги жогорку жана орто окуу жайларында 929 адам, анын ичинде 516 кыргыз окуга.[35] Көптөгөн диний мектептердин мурдагы мугалимдери Кеңеш бийлиги тарапка өтүшүп, кеңештик элге билим берүүдө акы алып иштей башташкан.

Маданий майдандын бардык күчтөрү сабатсыздыкты жоюуга багытталган. Натыйжада республикада бул тармакта олуттуу иш кулач жайган. Он миңдеген эркектер жана аялдар, жаштар жана карыялар парталарга олтурушкан. Мектептер республиканын эң алыскы жерлеринде да ачылган. Чоң, кишилерди окутуунун жүрүшүндө басма сөздө материалдар жарыяланган. Мисалы, айыл жеринен келген билдирүүлөрдүн биринде мындайча айтылган: «Азыр биздин совхоздо 268 адам окуп жатат. Сабатсыздыкты жоюу боюнча бир нече пункттар жана жалпы билим берүүнү жогорулатуунун топтору иштейт. Бизде бардык карыялар жана жаштар окууга чын көңүлү жана кызыгуу менен келишет[36].

Маданий төңкөрүштүн жолундагы ийгиликтер эмгекчи массанын ага өтө жандуу катышкандыгы жана алардын билимге, маданиятка абдан берилип умтулгандыгы менен жетишилгендигин өзгөчө баса белгилеп кетүү керек. Эмгекчилердин билимге карай кумарданып умтулгандыгын белгилөө менен В.И. Ленин мындай деп айткан:

[35] Кыргызстан тарыхы. Фрунзе. 1963. 392-б.
[36] “Советская Киргизия”, 1936-ж. 14-июнь.

«Миллиондогон адамдар өз ысмын кооз жазууну жана эсептөөнү үйрөнүүгө умтулушат, аларды Жер жалпак эмес, а тоголок, дүйнөнү теңир ата менен биргеликте желмогуздар жана сыйкырчылар эмес, жаратылыш мыйзамдары башкарат деп үйрөтө турган маданиятка жетүүгө умтулушат»[37].

Сабатсыздыкты жоюу иши уламдан-улам кеңири кулач жайып, ага «Кошчу» бирлигинин мүчөлөрү, профсоюздар, интеллегенция жөнөтүлгөн. Республикада «Сабатсыздык жоголсун», «Сабатсыздыкты жоюунун бурчу» деген интернационалдык коомдор түзүлгөн. Коомдук уюмдардын чогулуштарында сабатсыздыкты жоюу боюнча милдеттемелер кабыл алынып, бул максатта материалдык фонд уюштурулган. Жылдан-жылга сабатсыздыкты жоюу боюнча таяныч мектептердин жана адамдардын саны көбөйүп олтурган. Мисалы, 1928-1929-жылдарда Кыргызстан боюнча таяныч мектептеринде 780, топтордо 15 миң адамдын сабатсыздыгын жоюу пландаштырылган. Алардын ичинен кыргыздар – 70, орустар – 10, өзбектер – 10, украиндер – 5, башкалар 5 пайызды түзгөн.[38]

Чоң кишилерди сабаттуулукка үйрөтүү өтө маанилүү бир проблеманы чечкен: мында адамдар саясий сабаттуулукка да үйрөтүлгөн. Мурда рухий жактан мүңкүрөгөн кеңири эл массалары кыска мөөнөттүн ичинде сабаттуулукка үйрөнүшүп, жаңы турмушту куруунун саясий, чарбалык жана маданий маселелерин чечүүгө өздөрү катышуу мүмкүндүгүн алышкан.

Сабатсыздыкты жоюу бүткүл саясий-агартуу ишин кеңири уюштуруунун базасы болуп саналган. Андан адамдар объективдүү чындык жөнүндө көз караштуу, диалектикалык-материалисттик зарыл билимдерди алышкан. Ошондон улам дин кызматкерлери, эзүүчү таптардын калдыктары сабаттуулукка тоскоолдук гана кылышпастан, кээде жаңы турмуштун алып жүрүүчүлөрүн күч колдонуу менен жазалоого чейин барышкан. Бирок буга карабастан элде билимге, маалымат алууга умтулуу уламдан-улам күчөй берген.

Жалпыга милдеттүү окуунун жогорку темптери республикада маданий төңкөрүштүн ийгилигин камсыз кылып, сабатсыздыкты жана чала сабаттуулукту жоюудан орто жана жогорку билим алууга өтүү үчүн чыныгы базаны даярдаган. Мындай өзүнө мүнөздүү

---

[37] Цеткин К. “Ленин жөнүндө эскерүүлөр”. – М. 1969. 5-б., 15-б.
[38] Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинен партия архиви. 652, оп. 1, д. 144. 44-46-б.

бөтөнчөлүктөрү бар эстафета улуу муундан өзүнүн билимдерин жогорулатууга умтулган жаштарга берилип олтурган.

Сабатсыздыкты жана чала сабаттуулукту жоюунун жүрүшүндө адамдарда илимий, диалектикалык-материалисттик көз караштын түйүлдүктөрү калыптана баштаган. Эмгекчилер массасын тарбиялоодо ликбез өтө позитивдүү роль аткарган. Сабатсыздыкты жоюунун негизинде республикада маданий жактан кайра жаралуунун процесси башталган. Сабатсыздыкты жоюу массалык коомдук-саясий өнөктүккө айланып, эмгекчилердин рухий турмушун ылдам көтөрүүнүн өбөлгөсү жана зарыл негизи болуп саналган.

Билим берүүнүн маанилүү өбөлгөсү сабатсыздыкты жоюу болгон, ансыз илимий билимдерди, коомдун, табияттын жана адамдын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдерин өздүштүрүүгө мүмкүн эмес болчу. Билим берүү рухий маданияттын башка компоненттерин өздөштүрүү үчүн алгачкы жана негизги пайдубалы болгон.

Өлкөдө массалык сабатсыздыкты жоюудан кийин жалпыга милдеттүү башталгыч, андан соң толук эмес орто билим берүүнү киргизүүгө багыт алынган. Милдеттүү түрдө башталгыч билим берүүнү турмушка ашыруу мектеп иштерин өнүктүрүүнү жана өркүндүтүүнү пландаштыруунун айкын ирограммасына таянган. Бул программа ВКП (б) Борбордук Комитетинин «Жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү жөнүндө» (1930-жыл 21-февраль), «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө» (1931-жыл 5-сентябрь), «Башталгыч жана орто мектептердин окуу программалары жана режими жөнүндө» (1932-жыл 5-август), «Башталгыч жана орто мектеп үчүн окуу китептери жөнүндө» (1933-жыл 25-август) деген токтомдорунда иштелип чыгылган.

Кыргыз өкмөтү Кеңеш бийлигинин жогоруда аталган токтомдоруна таянып, элге билим берүүнү күндөлүк жетекчиликке алган. Улуттук маданияттын ыкчам өнүктүрүлүшү ар бир элдин тарыхий жана маданий өнүгүшүнүн айкын жолдоруна ылайык боло тургандыгы талашсыз. Ал белгилүү өлчөмдөгү каражатка муктаж экендиги белгилүү. Ошондуктан билим берүүгө мамлекеттик каражаттарды бөлүү жыл сайын көбөйтүлүп турган. Мисалы, 1917-18-жылдарда бюджеттен элге билим берүүгө каражаттардын 28,3 пайызы

бөлүнүп, 1929-1930-жылдарда ал 66 эсеге өскөн. Ал эми 1934-жылы 22 миллиондон ашык сомду түзгөн[39].

Партиялык жана мамлекеттик структуралардын бардык жерде жүргүзгөн иштери, эл массасынын өзүнүн турмуштук керектөөлөрү айрым натыйжаларды берген: атап айтканда, кеңештик билим берүүнү диний билим берүү менен айкалыштырууда, албетте, акыркысынын таасири жоголгон. Натыйжада – 20-жылдардын аягында кеңештик мектептердин жана окуучулардын саны көбөйгөн. Мисалы, 1919-жылы Кыргызстанда бардыгы 270 мектеп жана 10 миңден ашуун окуучу болсо, 1927-1928-жылдарда республикада 515 мектеп иштеп, анда 41,6 миң окуучу партага отурган. 1936-1937-окуу жылында 1516 башталгыч, 203 толук эмес орто жана 35 орто мектеп иштеп, аларга 225 миц окуучу тартылган.[40] Ал эми Улуу Ата Мекендик согуштун алдында Кыргызстанда 1645 жалпы билим берүүчү мектеп иштеп, анын ичинде 841 башталгыч, 643 жети жылдык, 159 орто жана 2 башка мектеп болгон, аларда 828700 бала билим алган.

Жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүүнүн киргизилиши менен Кыргызмамбас өзүнүн басмалык ишин бир кыйла кеңейтүүнү белгилеген. Бул муктаждыктарды толук канааттандыруу үчүн бир топ окуу китептерин кыйла көп нускада басып чыгарууга туура келген.

Элдердин маданий жактан теңсиздигин жоюунун программасын турмушка ырааттуу ашыруунун негизинде республикада кыска мөөнөттүн ичинде калктын сабаттуулугу бир кыйла көтөрүлгөн. 1939-жылдагы Бүткүл союздук каттоо көрсөткөндөй, Кыргызстанда жалпы сабаттуулук 70 пайызга, ал эми 9 жаштан 49га чейинки курактагы калктын арасында 82 пайызга чейин, анын ичинде эркектердин арасында 88,4 пайызга жана аялдардын арасында 74,4 пайызга чейин көтөрүлгөн[41]. Республикада сабаттуулуктун жалпы деңгээли СССР боюнча сабаттуулуктун орточо деңгээлине жакындашкан.

Бул тарыхый прогресстин сапаттык маанилүү жагы жалпы орто, бүтпөгөн жогорку жана жогорку билимге ээ болгон адамдардын санынын өсүшү болуп саналган. Бирок билим берүүнү билимдердин жана көнүгүүлөрдүн белгилүү суммасын жөн гана өздөштүрүүнүн

---

[39] Кыргыз ССрнин тарыхы. – Фрунзе. “Кыргызстан”. 1986. 3-т., 523-б.
[40] Данияров С.С. Кыргызстанда маданий төңкөрүштүн лениндик программасын турмушка ашыруу. – Фрунзе. 1972. 52-б.
[41] Данияров С.С. Компартиянын жалпы сабатуулук үчүн күрөшү. – Фрунзе. 1980, 122-б.

процессине такоо жарабай тургандыгын белгилеп кетүү керек: Бул белгилүү социалдык-практикалык, рухий жана көз караштык милдеттерге ээ, ар тараптан өнүккөн адамды калыптандыруунун, анын эмгектик жана коомдук-саясий жигердүүлүгүн жогорулатуунун шарттарынын кубаттуу каражаты катары чыккан социалдык феномен болуп саналат.

Ошентип, элге билим берүүнү өнүктүрүүдө-жетишилген белгилүү ийгиликтер коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө маданий кайра куруулары андан ары кулач жайдыруунун маанилүү өбөлгөсү болгон. Кыргыз эли Союздун башка элдери сыяктуу эле Кеңеш бийлигинин жылдарында улуттар аралык жаңылашуунун тили болуп калган орус тилин үйрөнүүгө кызыгууну көрсөткөн.

Кыргыз мектептеринде эне тили менен бир катарда орус тилин үйрөнүү чоң мааниге ээ болгон. Ал ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн арасында социалдык-саясий, экономий (экономикалык) жана маданий курулуштун тажрыйбасы боюнча маданий жактан өз ара баюуга, кеңири массаны башка элдердин маданий жетишкендиктерине тартууга түрткү берген.

Элдин маданий деңгээлин жогорулатууда улуттук интеллигенциянын пайда болушу кол жеткис байлык болгон. Бул маселенин нугунда мугалимдерди, врачтарды, ал тургай өз эли менен калууну каалаган дин ишмерлерин, анын өкүлдөрүн эл тарабына тартуу ишке ашырылган. Бул жолдо келип чыккан социалдык-саясий мүнөздөгү айрым карама-каршылыктар республикадагы сабатсыздыкты жоюу процессинин татаалдыгын гана күбөлөндүрөт.

Жалпыга милдеттүү окуунун темптери бул тармакта сан жагынан ийгиликти камсыз кылып, кечээ эле көчмөндүктө жашаган адамдардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана көз карашын калыптандырууга обьективдүү түрткү берди. Ушул көз караштан алганда, социалдык ийгиликтин шексиздигин белгилеп кетүү абзел. Ошентсе да, кыргыздардын рухий маданиятын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн колдо болгон спецификалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө эске салуу зарыл.

### Кеңеш өкмөтүнүн динге болгон мамилеси

Октябрь төңкөрүшүнүн алдындагы кыргыздардын дүйнө таанымы, диний ишенимдери бир топ татаал жана аркыл болгон. 1917-жылдын алдында алардын дээрлик көпчүлүгү көчмөн турмушту

башынан кечиргендиктен көчмөндөрдүн дүйнөнү кабылдоосу рационалдуу мүнөздө болгондугу талашсыз.

Кыргыздардын курчап турган чөйрө жөнүндө билгендеринин арасында басымдуу орун астрономиялык, географиялык жана зоологиялык мүнөздөгү маалыматтарга таандык. Мындай маалыматтардын өнүгүшү көчмүндөрдүн жашоо өзгөчөлүгүнөн тикеден-тике келип чыккан. Аларга жыл мезгилдеринин алмашуусун, мал чарбасын жүргүзүү үчүн ыңгайлуу жана ыңгайсыз шарттарды дайыма эсепке алууга жана аларды алдын ала билүүгө туура келген.

Кыргыздар окшоштук боюнча жалпыланган билимдерге ээ болушкан. Мындай билим аба ырайынын өзгөрүшүн жана жылдын мезгилдеринин келишин аныктоо үчүн жетиштүү болгон. Аба-ырайынын өзгөрүшүн алдын ала айта алган адамдардын белгилүү категориясы болуп, алар бир катар белгилер (күндүн чыгуу жана батуу өзгөчөлүктөрү, планеталардын абалы, айбанаттардын жүрүш-турушу жана өсүмдүктөрдүн катмары) боюнча климаттын өзгөрүшүн күн мурунтан айта билишкен.

Бул жерде дагы бир нерсени тактап койгон жакшы. Албетте, кыргыздардын жогорудагы дүйнө таанымы байкалган фактылардын тик түшүнүктөрүн бере алышкан эмес. Кыргыздын көзү ачык адамдары окшоштук боюнча гана тыянактарды чыгарышкан, б.а. мезгил-мезгили менен бири-бирин алмаштырган кубулуштардын өз ара байланышын белгилешкен.

Кыргыздардын жандуу жаратылышты билгендери алардын көз карашынын маанилүү элементин түзгөн. Көчмөндөрдүн ботаника тармагындагы маалыматтары өзгөчө мааниге ээ. Аларга бадалдардын, чөптөрдүн жүздөгөн түрлөрүнүн пайдалуу касиеттери белгилүү болгон. Ал турсун жапайы айбанаттардын өнөкөттөрүн да алар жакшы билишкен.

Белгилүү жазуучу жана саякатчы К. Станюкович кыргыздардын тубаса жөндөмү жөнүндө төмөнкүчө жазат: «Урусбай Кечкентаев – кербен башы, өмүр бою адамдарга Тянь-Шань сокмо жолдорун көрсөтүп жүргөн. Ал борбордук Тянь-Шандын бардык жолдорун, аралыктарды, ашууларды, айылдарды беш колундай билген. Дарыянын бардык кечүүлөрүн, жылдын, күндүн кайсы маалында ал кечүүлөрдөн өтүү мүмкүндүгүн айта алган.

Ал аттар үчүн каерде, кандай чөптүн белендигин, кандай отун, кандай жандуу, кандай адамдар бар экенин билген. Оозду ачырчу бир жөндөмү: бардык өсүмдүк, жаныбарларды Урусбай латынча гана атап, студенттердин эсин эки кылды»[42].

Кыргыздардын анатомиялык таанып-билүүлөрү да бай болгонун белгилөө зарыл. Атап айтканда, сыныктарды жана чыгып кеткен мүчөлөрдү дарылоо белгилүү өнүгүүгө ээ болгон.

Эмгек тажрыйбасы жана андан алынган билимдер эмгекчилерди акырындык менен жаратылыштын кубулуштары жөнүндө стихиялык-материалисттик түшүнүктөргө жана инсаният маданият турмушунун айрым социалдык-адептик проблемаларын түшүнүүгө алып келген. Колдо болгон заттардын касиеттерин жана себептик байланыштарын таанып-билүүгө багытталган эл массасынын заттык сезимдик материализм диалектикалык өтүүлөрдүн, карама-каршылыктардын, секирик жасоолордун учурларын чаржайыт кармайт жана түшүнөт, бирок дүйнөнүн өнүгүшүнө кандайдыр бир терең жана максаттуу анализ бере албайт.

Октябрь төңкөрүшүнө чейинки кыргыздардын диний көз караштары көп жактуу болгон. Негизги дин ислам болуп эсептелгени менен анын катарында тотемизм, табиятка жана айбанатка сыйынуу, ата-бабалардын арбагына табынуу, бакшылык жана башкалар бир катарда жашаган.

Ата-бабалардын рухтарына ишенүү диний идеялардын көрүнүшүнүн формасы катары чыккандыгы шексиз. Бирок кыргыздардын арбактарга табынышында патриархалдык үй-бүлөлүк үрп-адат, кичүүлөрдүн улууларга каяшасыз баш ийүү идеялары менен байланышкан адептик жагы маанилүү орунду ээлеген. Мында диний кырдаалдарды бир канча жүз жылдардын аралыгында сактапып келген патриархалдык-уруучулук турмуштун моралдык негиздеринен ажыратуу абдан эле татаал болгон.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында ислам дини кыргыздар арасында тамыр жайып эле калган мезгил болгон. Демек, 1917-жылкы Октябрь төңкөрүшү болгон мезгилде кыргыздардын аң-сезиминде ислам жана исламга чейинки көз караштар параллелдүү жашаган. Кеңеш өкмөтүнүн биринчи эле декреттери өлкөнүн бардык

[42] К. Станюкович.В заоблачных высях. – Душанбе, изд. “Ирфан”. 1980, 116-б.

улуттарынын диний ишенимдерин иш жүзүндө коргой тургандыгын айтып чыккан.

Эл комиссарлар Кеңешинин «Россиянын жана Чыгыштын мусулман эмгекчилерине» кайрылуусунда (1917-жыл 20-ноябрь) төмөнкүчө айтылган: «Бүгүнтөн тартып сиздердин диний ишенимиңиздер жана салт-санааңыздар, сиздердин улуттук жана маданий мекемелериңиздер эркин жана кол тийгис деп жарыяланат. Буга сиздердин укугуңуздар бар. Сиздердин укугуңуздар Россиянын бардык элдеринин укуктары сыяктуу эле төңкөрүштүн бүткүл кубаттуулугу жана анын органдары жумушчулар, жоокерлер жана дыйкандар депутаттарынын Кеңештери тарабынан корголот»[43].

К.Маркс, Ф.Энгельс динге ишенүүгө тыюу салбоону дайыма талап кылышып, белгилүү бир динди тутуу же түтпөө сыяктуу маселелерде адамдардын ишенимине жасаган ар кандай зомбулукту айыпташкан. Мисалы, К.Маркс мындайча жазган: «Ар бир адам дененин муктаждыгы сыяктуу эле полиция мурдун тыкпай турган диний муктаждык мүмкүндүгүнө ээ болууга тийиш»[44].

Динге ишенүүгө тыюу салбоонун наркотик түшүнүгү В.И. Лениндин төңкөрүштөн мурдагы эмгектеринде чагылдырылгандыгын эске салган эп. Ал эмгектерде динге ишенүүгө тыюу салбоо маселелери каралып, жумушчу партиясынын динге жана чиркөөгө мамилеси аныкталып, бул маселелерге болгон көз караштары курч сынга алынган.

«Ар кандай адам, – деп жазган В.И. Ленин, – каалаган динди тутууда эркин же эч кандай динди таанубай коюуда да эркин. Диний ишенимдерине байланыштуу жарандардын арасында укуктар боюнча эч кандай айырмачылыкка жол берилбейт. Жарандардын бул же тигил динди тутушу жөнүндө ар кандай эске салуулар расмий документтерде сөзсүз жок кылынууга тийиш. Чиркөө жана диний коомдорго мамлекеттик суммалардан эч нерсе берилбөөгө тийиш. Чиркөөнү мамлекеттен толук бөлүү – бул социалисттик пролетариаттын азыркы мамлекетке жана азыркы чиркөөгө койгон талабы»[45].

---

[43] Кеңеш Конституциясынын тарыхы.Кеңеш өкмөтүнүн декреттеринде жана токтомдорунда (1917-1936). – М., 1936, 31-32-б.
[44] Маркс К., Энгельс Ф. Чыг., 19-том. 30-б.
[45] Ленин В.И. Чыг. толук жыйн. 12-том. 143-144-б.

Динге ишенүүгө тыюу салбоонун лениндик принциптери «Динге ишенүүгө тыюу салбоо, чиркөө жана диний коомдор жөнүндө» (1918-жыл 20-январь) аттуу декреттин негизин түзгөн. Анда төмөнкүчө айтылган: «1. Чиркөө мамлекеттен бөлүнөт. 2. Республиканын чектеринде динге ишенүү эркиндигин кысымга алган же чектеген кандайдыр бир артыкчылыкты же өзгөчө укукту белгилеген кандайдыр бир мыйзамдарды жана токтомдорду чыгарууга тыюу салынат. 3. Ар бир жаран ар кандай динди тутушу же эч кандай динди тутпай коюуга мүмкүн. Кандайдыр бир динди тутуу же эч кандай динди тутпоо менен байланышкан ар кандай укуктан ажыратуу алынып ташталат»[46]. Ошондуктан жарандык абалдын актыларын жазуу декрети жарандык бийлик органдарына берилип, бардык окуу жайларында диний сабактарды окутуу жоюлуп, диний уюмдарга динге ишенгендерден зордук менен салык алууга тыюу салынып, аларга кандайдыр бир зордоо жана жазалоо чараларын колдонуу каралган.

Лениндик декрет жогорку гуманизм принцибин бекемдеп, адамдык абийирди көтөрүп, адамдардын абийирине жасалган ар кандай зомбулукка тыюу салган. Ошол мезгилдеги "төңкөрүштүк гуманизмдин өлчөмдөрү боюнча декреттин мааниси диний уюмдар падышалык Россияда пайда (анган өзгөчө артыкчылыктарда ажыратылгандыгында) болгон. Мектепти чиркөөдөн бөлүүнүн натыйжасында акыркысы өтүп келе жаткан муундарга таасир көрсөтүү мүмкүндүгүн жоготкон.

Бардык чиркөөлөр жана диний уюмдар укуктар боюнча теңдештирилип, динге ишенгендердин жекече коомдоруна айландырылгап, алар динге ишенүүчүлөрдүн өздөрүнүн каражаттарына кармалган.

Ошентсе да, динге ишенүүчүлөрдүн диний сезимдерин урматтоо зарылдыгы туралуу лениндик талаптардын болгондугу жөнүндө айта кетүү керек. Бул РКП (б) Борбордук Комитетинин Чыгыш элдеринин партиялык комитеттерине (1920-жылы 21-февралда) жөнөтүлгөн катында чагылдырылган. Анда мусулман элдеринин арасында иштөөдө алардын турмушунда чоң ролду аткарган негизги эки нерсеге: диний жана улуттук кырдаалга таянуу керек деп белгиленген. Аларда диний ырым-жырымдар орустарга жана башка европалык жумушчуларга жана дыйкандарга салыштырганда күчтүүрөөк экендиги эске алынган. Анткени, алар өнүгүүнүн жарандык үй-

---

[46] Кеңеш өкмөтүнүн декреттери. – М. 1957. 1-том. 373-б.

бүлөлүк тиричилиги диний түшүнүктөр менен тыгыз байланышкан стадияда жашашат, чыгыш элдеринин дини алардын турмушунда экономий жактан дурусураак өнүккөн элдерге салыштырганда бир топ чоң мааниге ээ. Бул диний ырым-жырымдар менен күрөшүүдө өтө этият болууну эскертет. Ошондуктан, динди тикеден-тике четке какпастан, жердин жана адамдын тарыхы боюнча билимди жайылтуу жана негизинен мусулман дин сословиесин уюштуруунун таптык мүнөзүн көрсөтүү аркылуу күрөшүү керек[47].

Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында калк арасында табият таануу боюнча билимдер кеңири жайылтылып, динге жана ага ишенүүчүлөргө мамиле жасоонун ленининдик принциптери бузулбагандыгын белгилеп кетүү керек. Бирок, 20-жылдардын аягынан тартып бюрократтык диктат идеологияны, анын ичинде илимий атеизмди өз кучагына алган. Ал эми саясат боюнча тажрыйбасы жок калктын айрым бөлүгү динге мамиле жасоодо башкаруучулук-бюрократтык зомбулукту колдой баштаган. Ошентсе да, аны катуу айыптоонун кереги деле жок. Анткени, мезгил татаал жана өзгөрүлмө болгон. Коомду түп-тамырынан кайра куруу, адамдардын жаңы коомду түзүүгө түздөн-түз катышуусу оптимизмди, өз күчүнө ишенүүнү, көз карандысыздык жана адамдык абийирди сезүүнү пайда кылган. Ошол жылдарда адамдарда негизинен эмгектик жигерденүүдөн көрүнгөн социалдык-саясий жандуулук пайда болгон.

Жаңы коомдун негиздерин бекемдөө үчүн күрөштүн ар кандай формалары идеологиялык участокко которулган. Жалпы шыктануу менен камтылган эмгекчилердин белгилүү бөлүгү динге чабуул коюуну кубаттап, бул иш табияттан тышкары нерселерге ишенүүдөн дароо жана биротоло кутулууга багытталган.

Дин менен күрөшүүдө башкаруучулук-кысымчылык чараларды колдонууга багыт алу уламдан улам күчөгөн. 1929-жылы июнда кужүрмөн кудайсыздардын Бирлигинин II съезди болуп өткөн, ал динге каршы күрөштү таптык күрөштүн эң маанилүү участкаларынын жана шаар менен айылда социалисттик чабуул коюунун эң маанилүү жактарынын бири деп атаган. Динге каршы кыймылдын урааны төмөнкүдөй болгон: «Дин менен күрөшүү – социализм үчүн күрөшүү».

Мына ушундай кырдаалда дин кызматкерлеринин «кеңешке каршы иштер» үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө тезис келип чыккан. Коммунисттик идеялар менен диндин «жакындыгы»

[47] КПСС резолюцияларда, N12. 1926. 46-49-б.

жөнүндө диний түшүнүктөр саясий «ыкташуучулук», «көшөгө» катары бааланып, анын жардамы аркасында «чиркөөчүлөр» «социализмге» каршы өздөрүнүн бүлдүргүч иштерин жүргүзүүгө аракеттенишкен.

Андан кийин бардык келип чыккан кыйынчылыктар дин кызматкерлеринин иштери менен байланыштырылган. Диний уюмдар «төңкөрүшкө каршы элементтер менен биригип жатат имиш, ал эми алардын жетекчилери «социалисттик курулуштун кыйынчылыктарын реакциячыл жана аң-сезими төмөн адамдарды тартуу менен Кеңеш бийлигинин иш чараларына каршы чабуул коюу үчүн пайдаланышууда» деп ырастай баштакан[48].

Идеологиядагы мындай кырдаал социалдык жана экономий чөйрөдө гана эмес, рухий чөйрөдө да олуттуу бузулууларга алып келген. Дин уюмдары таптык душмандардын катарына коюлган. Кырдаалдын курчушуна «социализмге» жакындаган сайын таптык күрөштүн күчөшүнүн сталиндик теориясына ылайык келген дин уюмдарын Кеңеш бийлигинин душманы деп жарыялоо түрткү болгон. Диний уюмдардын ишмерлери Кеңештин «кулакка тартуу» ишине жандуу катышышып, даярдоо органдарына дан тапшырууга жана айыл чарбасын жамаатташтырууга, «социалисттик» кайра курууга каршы үгүттөп жатышат деген ойлор улам тез жаңырып турган. Дин менен күрөшүү керек деген чакырыктар күч алды. Дин уюмдары, анын ичинде кечээ эле социализм үчүн күрөшүү ишине жардам көрсөткөн прогрессивдүү канаты чет элдик чалгындоонун тыңчысы деп жарыяланып, айосуз репрессия кеңири кулач жайган.

Жамаатташтыруу жылдарында дин кызматкерлерин да «кулакка тартышкан». Бардык жерлерде чиркөөлөрдү, мечиттерди жана намаз окуулуучу жайларды жаба башташкан. Алардын көпчүлүгү, ал тургай архитектуранын таанымал эстеликтери уратылып, бир бөлүгү гана чарбалык муктаждыктар үчүн пайдаланылган. Өзгөчө Орто Азия чөлкөмүндө араб тамгасында жазылган китептерди окууга тыюу салынган. Ал эми 30-жылдардын аягында жана 40-жылдардын башында мындай китептерди окугандыгы үчүн гана эмес, бекиткендиги үчүн да куугунтукташкан. Ички иштер эл комиссариатынын «тыңчылары» үйүндө ушундай китептери бар жарандарды чагымдап турушкан. Мындай учурларда «кылмыш»

[48] “Наука и религия”, 1990. №7. 56-б.

иштеринде башка күнөөлөр көрсөтүлгөн: улутчулук, Кеңеш өкмөтүнө каршы бүлдүргүч иштер ж.у.с.

Репрессиялардан чочуган калк китептерден өзү эле кутула баштаган: аларды өрттөшүп, сууга агызышып, жерге көмүшүп, жакшы заман келет деген үмүттө кол жетпеген жерлерге бекитишкен. Ал эми бийлик органдарына түшкөн китептер жок кылынган.

Тилекке каршы, жакынкы убакытка чейин эле дин кызматкерлери жалган «атактуулар, алдамчылар» деп аталып келишкен, ал эми басма сөздө алар жөнүндө жалаң гана фельетондор жана сын макалалар жарыяланган. Дин кызматкерлерине жана динге өтө катуу ишенген адамдарга соттук да, соттук эмес да зомбулук менен чабуул коюлган. Мунун өзү адамдар тарабынан нааразылык толкунун пайда кылган. Көп учурда мындай кыжырдануулар «массалык чыгуулардын мүнөзүнө» ээ болгон, ага «орточо бай кишилер, кедейлер, аялдар, аскерден бошотулган жоокерлер, ал тургай жергиликтүү бийликтердин өкүлдөрү катышкан[49]. Бийликтин жогорку органдарына даттануулар көбөйгөн. Алардын санынын өсүшү төмөнкүчө: 1927-жылы 2043 болсо, 1938-жылы 9646га жеткен.

ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1930-жылдын 14-мартындагы «Колхоздук кыймылдагы партиялык багыттын бурмаланышы менен күрөшүү жөнүндө» токтому дал ошол коомчулуктун кысымы астында келип чыккандыгын белгилеп кетүү керек. Бул документте партиянын жетекчилиги «буйрукчулдук тартипте чиркөөлөрдү жабуу практикасы чечкиндүү түрдө токтотулсун» деп талап кылган[50]. Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин комиссиясы бийликтин жергиликтүү органдарынын дарегине башкаруучулуктагы аша чабууларды айыптоо жана мыйзамдуулукту калыбына келтирүүнү талап кылуу менен атайын жашырын буйрук жөнөткөн.

Бирок динге чабуул коюуну буйрукчулдук жол менен токтотуу кыйын болгон. Коомдо дин кызматкерлери тууралуу күмөн саноо жана кастык мамиле атайын жайылтылган. Динге ишенүүчүлөрдүн кыйынчылыктарын коргоого багытталган бардык чаралар партиялык жана мамлекеттик аппараттагы күчтөргө тушуккан, ал күчтөр дин маселесин чечүүдө башкаруучулук диктатка карай багыт алышкан.

[49] Одинцов М., “Азапта жүрүү”. “Наука и религия”. 1990. №7. 56-б.
[50] КПСС резолюцияларда. 4-том, 296-б.

Ошону менен бирге аталган мезгилде партиялык диктатка каршы турган эч кандай күч болбогон деп божомолдоо туура эмес болор эле. Мисалы, Союздук Аткаруу Комитетинин дин маселелери боюнча комиссиясы динге мамиле жасоолордогу оош-кыйыштарды оңдоо боюнча зарыл иштерди жүргүзүшкөн. Комиссиянын жыйналыштарында жер-жерлерден намаз окулуучу жайларды жабуу жөнүндө келип түшкөн материалдар каралган. 1935-жылы ага келип түшкөн 373 материалдын ичинен 50 материал боюнча имараттарды динге ишенүүчүлөрдүн карамагында калтыруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Ал эми 34 материал боюнча комиссия жергиликтүү кызматкерлерди жоопкерчиликке тарткан.

1936-жылы СССРдин жаңы Конституциясын даярдоо мезгилинде дин маселелери боюнча комиссия айрым күжүрмөн сунуштарга-рекомендацияларга каршы чыккан. Анткени, ошол жылдарда үй-бүлөдө диний тарбиялоого тыюу салуу сыяктуу чечкиндүү сунуштар келип түшкөн. Ал турсун динге сыйынуучулардын кызматкерлерине жарандык укуктарды толук бербөөнү, бардык сектанттык бирикмелердин иштерин мыйзамсыз деп жарыялоону талап кылышкан.

Комиссия коомдогу белгилүү күчтөрдүн ушуга окшогон аракеттерине каршы тургандыгы шексиз. 1936-жылы жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин комиссия 124-беренеге таянуу менен Борбордук Аткаруу Комитетине жана союздук республикаларга атайын кат менен кайрылган, анда дин чөйрөсүндөгү иштин начардыгы иштеп жаткан табынуучу жайлардын өтө кескин кыскарып кеткендиги жөнүндө айтылган. Ошондой эле анда өлкөдөгү сыйынуучу жайлардын, чиркөөлөрдүн азайып кеткендигинин ачык-айкын фактылары келтирилген. Алардын төңкөрүшкө чейинкисинен Украинада – 9 пайызы, Азербайджанда – 4,3 пайызы, Арменияда – 6.4 Өзбекстанда – 31, Белоруссияда – 10,9., РСФСРда 35,6, СССР боюнча бардыгы – 28,5 пайызы калган [51]. Ал эми мусулман мечиттери жалпысынан 1917-жылдагы 24582ден 1928-жылы 2293гө чейин кыскарган. Комиссия мыйзамсыз түрдө тартылып алынган имараттардын динге ишенүүчүлөргө кайтарылып берилишин талап кылган.

Бирок партиялык жана кеңештик активдин арасында дин жөнүндө мыйзам чыгаруу, атап айтканда Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу Комитети менен РСФСРдин Эл Комиссарлар Кеңешинин «Диний

[51] Одинцов М., “Азапта жүрүү”. “Наука и религия”. 1990. №5. 10-б.

бирикмелер жөнүндө» токтомдорун толук жок кылуу зарылдыгы жөнүндө пикир чыккан. Бул токтом «чиркөөчүлөр менен сектанттардын өтө жигердүү бөлүгү кеңири бутак жайган, Кеңеш бийлигине каршы чыккан, СССР боюнча 600 миң адамды кучагына камтыган мыйзамдуу уюмга айландыруу үчүн уюштуруучулук негиз түздү» деп ырасталган жана ушул негизде «чиркөөчүлөрдүн органдарын биротоло жок кылуу» талап кылынган.

Комиссиянын ушундай «жоюучу» практикага каршы күрөшкөндүгү, диний коомдорго киргендердин баарын «Кеңеш бийлигинин чыныгы душмандары» деп атоого жол койбоого көрсөтмө бергендиги табигый көрүнүш. Ал өзүнүн союздук республикалардын партиялык, кеңештик органдарына кайрылуусунда дин маселелеринде мамлекеттик саясаттын башкы багыты мыйзамды чыңдоо, өркүндөтүү жана аны динге ишенүүчүлөрдүн да, кызмат адамдарынын да катуу сакташы тийиш деп бекемдеген. Бирок, комиссия өзүнүн ынтаалуулугу үчүн көп узабай жоюлуп салынган. Мааниси жагынан бул динге жана динге ишенүүчүлөргө мамиле жасоодо ленининдик позицияга каршы маселеге узак убакыт бою карама-каршы турушкан мамлекеттик жана партиялык ишмерлердин жеңилишинин белгиси болгон.

Жер-жерлерде ар бир динге ишенүүчү – бул «социализмдин» жашырын, потенциалдуу душманы деген бурмаланган түшүнүк тамыр жайып кеткен эле. Ошондой эле дыйкандарды мечитке баргандыгы үчүн колхозго кабыл албаган учурлар да кездешкен. Мына ушунун баары калктын диний ырым-жырымдардын туткунунда жүргөн бөлүгүнүн аң- сезимине терс таасирин тийгизген.

20-жылдардын башында жана 30-жылдардын аягында «эпкиндүү кудайсыздар бригадасы» деген наам үчүн кыймыл кеңири жайылтырган, алардын саны тынымсыз өскөн: 1929-жылы – 1, 1930-жылы – 700, 1932-жылы – 4,5 миңден ашык болгон[52].

Ошол жылдардагы көлөмдүү макалалардын эгедерлери эркиндүү кудайсыздардын бригадаларынын саны жагынан өсүшүн жумушчулардын арасында атеизмди өнүктүрүүнүн көрсөткүчү катары курулай эле билдире беришкен. Атап айтканда М.Шелихов өзүнүн «Кудайсыз ашкана» деген макаласында ашканага «Кудайсыз» деген наам берилгенден кийин жамааттын бардык мүчөлөрү өндүрүштө мыкты иштей баштагандыктары жөнүндө баяндайт.

[52] “Безбожник”. 1933-ж. 7-январь.

Рухий маданиятты, анын ичинде диний маданиятты өнүктүрүүдөгү спецификалык мезгилдин мүнөздүү жаңырыгы эмгекчи элдин арасында динге каршы иш «Безбожник», 1933-жыл, 7-январь жүргүзүүнүн массалык формаларынын бири кудайсыз колхоздун наамы үчүн күрөшүү кыймылы болуп саналган.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында динге мамиле жасоо мааниси жагынан өзгөргөн. Партия менен өкмөттүн бүткүл күч-аракеттери Мекенди, мурдагы социалдык жеңип ачкандарды коргоого багыттаган. Кеңештик адамдар, динге ишенүүчүлөр жана ишенбөөчүлөр кебелбес туруктуулукту көрсөтүшүп, согуш мезгилинин сыноолорунан ишенимдүү өтүшүп, өз иштеринин күчүн жана туурачыгын өз турмушун жакшыртуунун үмүттөрүн айкындашкан.

Согуштан кийинки мезгилдеги кеңеш адамдарынын күч-аракеттери баарынан мурда бузулган эл чарбасын калыбына келтирүүгө жана согуштун социалдык оор натыйжаларын жоюуга багытталган. Коомду өнүктүрүүнүн айкын мезгили үчүн турмуштун бардык тармактарында социалдык жетишикендиктерди чыңдоонун жана өнүктүрүүнүн белгилүү процесси болуп өткөн: жарандардын эмгектик жана коомдук-саясий жандуулугу чыңдатып, элдердин ортосундагы бир туугандык өз ара байланыш дагы да бекемделген. Согуштан кийин түзүлгөн шарттарда диний уюмдардын күндөлүк нормалдуу ишти жүргүзүүгө мүмкүндүк ачкандыгы кызыктуу жана парадоксалдуу: диний маселелер динге ишенүүчүлөрдүн пайдасына чечилген.

Бирок, белгилүү болгондой, сейрек жылдарда динге мамиле жасоо кескин өзгөрүп, кайрадан башкаруучулук кысым жасоо киргизилген. Декретти бузуу фактылары көбөйүп, динге ишенүүчүлөрдүн көпчүлүгүнүн каалоосу этибарга алынбай, чиркөөлөр, мечиттер, сыйынуучу жайлар жабылып, чиркөөлөр жана диний бирикмелер каттоодон алынып ташталган. Мына ушунун баары кудайга ишенгендерди дүүлүктүрүп, фанатизм күчөгөн. Динге ишенүүчүлөр жашыруун түрдө, ал эми кээ бир жерлерде ачык түрдө диний ырым-жырымдарды өткөрүүнү жана намаз окууларды улантышкан, ал эми партиялык жана кеңештик органдар аларга буйрукчулдук – тыюу салуу чараларын колдонушкан.

Ошентип, практика жүзүндөгү турмуш жок дегенде динге мамиле жасоонун лениндик принциптерин жүзөөгө ырааттуулук менен

ашырууну, дин менен идеялык жактан ынандыруунун каражаттары аркылуу гана талаш-тартыш жүргүзүүнү, аны жаңы тарыхий тажрыйба менен байытууну, динди үйрөнүүнүн жана жаштарды тарбиялоонун бүткүл чөйрөсүнө жаңыча ой жүгүртүүнү талап кылган. Анткени, мамлекетти жана чиркөөнү бөлүү жөнүндөгү лениндик декрет башынан эле жарандардын динге ишенүүсүнүн чыныгы эркиндигин коргоп келген жана коргоодо.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткен күндөн баштап, диндин коомдогу ролу кескин өзгөрдү. Суверендүү республикабыздын конституциясы боюнча дин мамлекеттен бөлүнүп, дин мекемелерине эркин болуу мүмкүнчүлүгү ыйгарылды. Өлкөбүздүн жарандары динге ишенүү же ишенбөө укугуна ээ болушту. Дин боюнча мыйзамда ачык эле мындай деп айтылган: мыйзамдарды бузууга, динге ишенүүчүлөрдүн диний керектөөсүн канааттандырууга тоскоолдук кылууга эч кимдин укугу жок. Мечиттерди, чиркөөлөрдү, сыйынуучу жайларды ачуу же жабуу, тийиштүү диний адабиятты чыгаруу жөнүндө чечимдер динге ишенүүчүлөрдүн жана алар түзгөн бирикмелердин укугу болууга тийиш. Мамлекетибиздин динге болгон мындай жаңы мамилеси коомчулук тарабынан туура деп табылганын айтуу зарыл.

Совет доорундагы динге байланышкан ар кандай чектөөлөрдүн, куугунтуктоолордон алынып салынышы дин кызматкерлерине жана алардын жолун жактоочууларга сөз жана басма сөз эркиндиктеринин берилиши элибиздин рухий турмушундагы өрчүндүү бурулуш болду.

Эгер Союз мезгилинде Кыргызстанда болгону 18 гана мечит болгон болсо, азыр алардын саны 300 дөн ашып отурат. Бүгүнкү күнү республикабыздын калк жыш орношкон айыл-кыштактардынын дээрлик бардыгында мечиттер курулган жана алар элдердин диний муктаждыктарын тейлөөнүн үстүндө иштеп жатышат. Жылдан- жылга медреселердин саны да көбөйүп диний институттар, факультеттер ачылууда. Дин боюнча мыйзамда ачык эле мындай деп айтылган: Мыйзамдарды бузууга, динге ишенүүчүлөрдүн диний керектөөсүн канааттандырууга тоскоолдук кылууга эч кимдин укугу жок. Мечиттерди, чиркөөлөрдү, сыйынуучу жайларды ачуу же жабуу, тийиштүү диний адабиятты чыгаруу жөнүндө чечимдер динге ишенүүчүлөрдүн жана алар түзгөн бирикмелердин укугу болууга тийиш.

Рухий турмушубуздагы чечкиндүү реформа тарыхыбызга жана маданиятыбызга, алардын өткөнүнө жаңыча мамиле жасоого, биздин бүгүнкүбүздү туура түшүнүү үчүн өткөндөрдү туура баалоого чакырганы чындык. Дин кызматкерлери менен динге ишенүүчүлөрдүн азыркы реалдуу чындыкка өлкөдө болуп жаткан демократиялык кайра курууларга туура түшүнүү менен мамиле жасашы жана колдоосу коомубуздагы жакшы көрүнүш экендигин белгилөө керек.

Көз карандысыз Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн бекемдөө жалпы элибиздин милдети экендиги түшүнүктүү. Объективдүү чындык адамдардын динге болгон мамилесине карабай аларды коом алдында турган татаал проблемаларды чечүү ишине жандуу катышууга чакырганы күндөлүк зарылчылыкка негизделген. Бүгүнкү күнү эгемендүүлүктүн шартында динге ишенүүчүлөрдүн жаңы катмары пайда болууда. Алардын арасында билимдүү адамдардын саны да көбөйүп жатканы талашсыз. Ошондой эле динге ынанымдуу ишенген жаш адамдардын туруктуу катмарынын саны да өсүүдө. Алар республика менен тыгыз байланышта болушуп, ар түрдүү иш чараларга катышып жатышат. Ал турсун дин кызматкерлери уналгыдан жана сыналгыдан, мезгилдүү басма сөз беттеринен чыгууга мүмкүнчүлүк алышты. Аларга диний адабияттарды, гезиттерди чыгаруу укугу да ыйгарылды.

Азыр Кыргызстан жарандарынын алдында орчундуу милдеттер турат. Аларды чечүүнүн жападан жалгыз жолу – жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого жетишүү, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан экономикалык-саясий реформаларды ар тараптуу колдоого алуу, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жалпы маалымдуулукту, демократташтырууну бекемдөөгө аракет жасоо, адамдарда эмгекчилдикти, сергек турмуш орнотуп калыптоого болгон күчтү жумшоо жана башкалар кирет.

## Улуттук жана диний каада-салттардын өз ара алакасы

Акыркы жылдарда улуттук менен динийликтин өз ара мамилелеринде белгилүү өзгөрүштөр байкалууда. Улуттук аң-сезимдин өсүшү мыйзам ченемдүү процесс. Ошондуктан анын жандуулугун жөнгө салып, позитивдик максаттарга багыттоо зарыл. Коомдук турмушту демократташыруунун шарттарында дин кызматкерлери рухий маданиятты өнүктүрүүдө биринчиликти (алгачкылыкты ) ачык түрдө динге ,чиркөөгө, мечитке ыйгарышат. Дин ишмерлери катышкан көрсөтүүлөрдө чыгып сүйлөөлөрдө жана

макалаларда дин улуттук маданияттын башаты гана эмес. Элдин рухий адеп-ахлак баалуулуктарынын жападан-жалгыз сактоочусу катары жарыяланат. Чындыгында адамдардын улуттук аң-сезимин калыптандыруу бөтөнчө улуттук белгилеринин негизинде гана эмес, бул же тиги диний идиологиянын, анын адеп нормативдик көрсөтмөлөрүнүн таасири астында өтөт. Ошондуктан адамдардын кадыресе сезиминде ар түрдүү көз караштардын, түшүнүктөрдүн, сезимдердин ,өнөкөттөрдүн, айкалушуусу орун элеп, аларга белгилүү даражада муундан муунга берилүүчү диний көз караштар жана этникалык конфессионалдык ырым-жырымдар кошо оролуп калган. Анын натыйжасында адам диний түшүнүккө негизденип өз улуттунун балуулуктарын өздөштүрөт. Бул объективдүү процесс адамдардын турмушунда ар түрдүүчө чечмеленет, анын үстүнө ар ким өзүнүн кызыкчылыгына негизденет. Мисалы, дин кызматкерлери өзүнүн табынуу практикасында улуттук мүнөз менен ырасташат. Ошондон улам адамдарды улуттук да, диний принциптер жана белгилер боюнча да айрымалашкан учурлар кездешет. Азыр улуттукту жана динийликти окшоштуруу туруктуу жана даана көрүнүп жатат. Көпчүлүгү диний майрамдар жана ырым-жырымдар улуттук деп эсептешет жана аларды сактап калууну жакташат. Көп учурларда динге ишенгендер диний майрамдарды улуттук деп эсептешкендиктен улам гана белгилешет. Диний ырым-жырымдарга катышууну алар элдик жана улуттук салттарды колдоо жана улантуу катары түшүндүрүшөт. Демек калктын бир бөлүгүнүн сезиминдеги жүрүм-турумундагы жана тиричилигиндеги динийлик диний компилекистин элементтеринин улуттук факторлор менен чаташтырылышынан гана көрүнүп жатат эгемендүү мамлекетти куруу шарттарында улуттук маданий салттарды кайра жаратуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Жүздөгөн жылдардын аралыгында ата-бабаларыбыз аларды топтошуп, сарамжал сакташып, кийинки муундарга беришкен. Көптөгөн салттар, ырым-жырымдар, адептик эрежелер улуттук маданияттын баалуу элементтерин гана сактабастан, өздөрүндө жалпы инсанияттык прогрессивдүү баалуулуктарды да алып жүрүшү мыйзамга ылайыктуу.

Белгилүү болгондой, «алдаба», «уурдаба» деген айрым жалпы инсанияттык осуяттар, ошондой эле тамеки чегүүгө, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө, жаман жосундарды жасоого тыюу салуулар исламга чейин да, христианчылыкка чейин болуп келген. Жалпысынан диний, атап айтканда, исламдык адептик жаратылышы төмөнкүчө: ислам өзүнүн өзгөчө «диний» адеп-ахлагын түзгөн эмес, ал коомдо иштелип чыгылган адептик нормаларды жөн гана өздөштүргөн. ислам

аларды Алла тарабынан топтолгон берилген катары түшүндүрүлөт. Ошентип, ислам муундар тарабынан топтолгон адеп-ахлактык тажрыйбаны, адамдардын ортосундагы малилелерди жөнгө салып, жүрүм-турумдум кылымдардан бери түзүлгөн эрежелерин жана нормаларын диний жактан тастыктоо үчүн гана «касиеттүү» кылып жиберген. Анын натыйжасында мусулмандардын адеп-ахлактык арсеналында «жакшылык» жана «жамандык», «сүйүү жана жек көрүү», «адилетсиздик жана адилеттүүлүк» сыяктуу жалпы инсанияттык түшүнүктөр пайда болгон. Ал эми «уурдаба, жалган айтпа, өлтүрбө, жакындарыңа жардам кыл» деген жана башка осуяттар исламдык адептин «мүлкү», анын үгүтчүлөрүнүн эрки болуу менен өзүнүн келип чыгышын өзгөртүп, жалпы инсаниаттык нормалардын ичинен диний нормалар болуп калган. Бул абал христиандык адептик эрежелерге да тийиштүү. Башкаруунун буйрукчулдук бюрократтык тутумунун мезгилинде көптөгөн элдик салттардын белгилүү түрдө начарлап бузулгандыгын баса белгилеп кетүү керек. Алар жалпы мүнөзгө ээ болуп, көп учурда рухий жана эмоциялык дүрмөттөн ажыраган ар түрдүү «иш чараларга» айланган. Ошону менен бирге байыркы элдик майрамдарды кеңири марамдоого волюнтаристтик ыкма менен тыюу салынган.

Белгилүү болгондой, кечээ жакында эле, өзгөчө сталиндик мезгилден кийин бизде диний ырым-жырымдардын ордуна жаңы кеңештик ырым-жырымдарды мажбурлап кийирүү өнөкөттүгү кеңири жүргүзүлөн. Анын натыйжалары, турмуш көрсөткөндөй жубатарлык эмес. Мында эң башкы нерсе эске алыбаган ырым-жырым бул көңүлдүү иш чаранын үзүндүсү эмес, ал кылымдар бою байлануушунун социалдык маданий тажрыйбасын берүүнүн тарыхый жактан түзүлгөн ыкмасы, адамдын психикасын бир кыйла жооптуу өзгөртүүчү жагдайларга жөндөп салуунун жана багыттонун усулу, кишини жамааттык, коомдук, максаттык жана турмуштук берген баалулуктарга, жүрүм-турумдун нормаларына, типтерине тартуунун каражаты ырым-жырымдардын тутуму органикалык бүтүндүк катары миңдеген жылдар бою түзүлгөн, андан калса адамдардын ички керектөөсүнөн келип чыккан. Аны турмуштан күч, буйрукчулдук жол менен чыгарып салуу же «советтик салттар» менен алмаштыруу чыныгы ырым-жырымдын жаралышына алып келбейт. Мисал үчүн, байыркы Нооруз майрамын алып көрөлү анын миң жылдык тарыхы бар. Байыркы грек санжырачысы Страбон Нооруз жөнүндө төмөнгүчө жазган: «Эң байыркы убакыттардан бүгүнкү күнгө чейин эки дарыянын ортосунда жашаган тургундар ушул күнү оттун бутканасына

чогулушат. Бул өтө ардакталган майрам. Соодагерлер өздөрүнүн дүкөндөрүн жабышып кол өнөрчүлөр өздөрүнүн ишин токтотушкан учурда бары көңүл ачышып, бири-бирин суусундук жана тамак менен сыйлашат»[53].

Сенек жылдарда бул майрам Орто Азиядагы республикалардын рухий турмушунан зомбулук менен чыгарылып ташталган. Ар тургай аны элдин зээнинен сууруп салууга умтулушкан. Ноорузга диний майрам катары тыюу салынган. Бирок ал кайрадан жанданганын турмуштан көрүп жатабыз. Жазуучу Н.Сафаров майрамдын өзүнүн мааниси динийликтен асыл деп тура белгилеген. “Адамдардын жаркыраган жүздөрүнө, жылмаюларына, кыздардын колдорунда жана чачтарында жайнаган гүлдөргө карап эле койсоң, диндин азап-тозоктуу идеясы кубанган жүрөктөргө канчалык жат экендигин түшүнөсүң”[54] – дейт ал өз чыгармасында.

Нооруз – диний эмес, ал чыныгы элдик майрам, Чыгыш элдеринин рухий маданиятынын курамдык бөлүгү. Ал кандайдыр бир ыйыктарды касиеттөө менен байланышпайт. Бул байыртадан бери жаратуунун, эмгектин, табиятты ойготуунун жана айыл чарба жумуштарынын башталышынын майрамы. Бул өткөндүн эстелиги. Байыркы салт боюнча ар бир киши Ноорузду тосуу менен үч шартты аткарууга тийиш болгон: биринчиден, көчөлөрдү тартипке келтирүүгө жана тазалоого катышуу, кеминде үч даана көчөт отургузуу, экинчиден; өзүнүн рухун жакшы ниеттке буру, ким менен жаңжалдашсан ошону жарашуу, үчүнчүдөн, кабырстанга барып, маркумдарды эскерүү.

Ошону мнен бирге Нооруз майрамынын айрым-жырымдык символдору жана элементтери калкта ислам менен байланыштырылгандыгы табигый көрүнүш болуп саналат. Демек, мында төмөнкүлөрдү: биринчиден, басып алынган аймактарды мусулманчылыктын көп кылымдар бою жыйылтылгандыгын, экинчиден, исламдын көптөгөн элдик үрп-адаттары, салттарды, каадаларды жана ырым-жырымдарды эрежеге салууга жана догматташтырууга жөндөмдүүлүгүн жана умтулгандыгын эске алуу зарыл. Бул өңүттө узак убакыттын ичинде үрп-адаттык, ырым-жырымдык комплекстин көптөгөн элементтери ислам дини тарабынан эрежеге салынгандыгы таң каларлык эмес.

---

53 “Правда Востока”. 1991-ж. 21-март.

54 Сафаров Н. “Нооруз”. Ташкент. 1984-ж. 73-74-б.

Улуттар аралык мамилелер начарлап турган биздин күндүрдө Нооруз адамдарды инсанды жакшы көрүүгө жана боорукердикке, туулган жерди жана табиятты сүйүүгө чакырып, чыныгы интернационалдык майрам болуп баратат.

Аны майрамдоо жалпы инсаниятык баалулуктарды андан ары бекемдөөгө, өз ара ишенүү рухун чыңдоого түрткү берип, биздин турмушубузду байытат жана көп улуттуу жамааттарда тилдердин жана салттардын ар түрдүүлүгүнө карабастан улуттар аралык мамилелерди бышыктайт.

Бизде Нооруз сыяктуу байыркы салттар көп. Алардын катарына ашар да кирет. Ал Орто Азиянын аймагында өз ара жардам көрсөтүүнүн формасы катары эбактан бери жайылтылган. Бул же тигил себептерден улам кандайдыр бир шашылыш жумушту өзү бүтүрүүгө мүмкүндүгү болбогондо коңшуларга, айылдаштарга же туугандарга жамааттык жардам көрсөтүү салты ашар деп аталат. Бул үчүн эч кандай акы төлөнгөн эмес, бирок убакыт өткөн сайын ал алгачкы туугандык, коңшулук жардам берүү формасынан бирөөнүн эмгегинен пайдаланууга өткөн. Феодалдар өздөрүнүн жерине дыйкандарды акысыз иштетүү үчүн пайдаланышкан. Анын үстүнө өз ыктыярдуу мүнөзүн жоготуп, милдеттүү түргө айланган. Эмгекчи дыйкандар ашарларга катышуудан баш тарта алышпаган, анткени, феодалдардын куугундуктоосунан коркушкан бир жылдын ичинде мындай иш чаралар бир нече күн бою жүргүзүлгөн. Изилдөөчү Н.А. Кисляков “мурда айыл чарба ашарларына бир жылдай эмгекчи элдин он беш күнгө чейинки убакыты кеткен”[55] деп эсептеген. Ашарга катышпагандарды ал тургай жазага алышкан. Бүгүнкү күндө байыркы «ашар» салты жаңы мазмунда кайрадан жаралды. Ага ар түрдүү улуттардын адамдары кыргыздар, өзбектер тажиктер, казактар, орустар, татарлар жана башкалар жандуу катышып жатышат. Мурда адамдар «ашар» салты боюнча бири-бирине жардам беришсе азыр бул салттын аракеттенүү чөйрөсү бир кыйла кеңейди. Адамдар азыр ыктыярдуу түрдө коомдук багыттагы имараттарды курууга катышып жаткандыктары жөнүндө мисалдар өлкөбүздө арбын.

Социалдык-маданий багыттагы обьектилерди курууга аксакалдар, эмгектин жана согуштун ардагерлери. Аялдар катышып жатышат алар

[55] Кисляков Н.А. Каратегиндин тарыхы боюнча очерктер. – Душанбе. 1954-ж. 144-б.

курган клубдар жана чайканалар райондо дем алуу, сукбатташуу жайларына массалык – саясий иштердин чордонуна айланып жатат.

Нооруз, ашар сыяктуу салттар оң мүмкүндүктөргө ээ экенин белгилеп кетүү керек. Анткени алар конфессионалдык жана улуттук белгисине карабастан адамдардын жүрүм-турумунун улуттар аралык жөнгө салуучусу жана рухий жактан жакындашуусунун өзүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар каражат болуп саналат. Бул салттар динге ишенүүчүлөрдүн конфессионалдык түнттүгүн жеңүүгө, жамаатчылык сезимин калыптандырууга маданиятты өнүктүрүү процесстерине, турмуштук жандуу позицияны калыптандырууга оң таасир тийгизүү менен өзүндө социалдык тажрыйбаны толуктайт.

Элдердин улуттук турмушунда сапаттык жактан өзгөрүүлүр болуп жатат. Мезгилдин талаптарына жооп бере албаган баардык эски нерселер сууруп чыгарылып жаңы мазмун менен толукталган, турмушка жөндөмдүүлөрү андан ары өнүгөт. Байыркы прогрессивдүү салттар улуттук чектелүүлөрдү жоюга, улуттук жана диний интернационалдык сезимди калыптандырууга түрткү берет.

Азыркы учурдагы шарттарда көптөгөн нерселер адамдардын турмушунда элдик салттарды жана ырым-жырымдарды өнүктүрүү үчүн жасалып жатат. Албетте, элдердин өз ара түшүнүүсүнүн жолунда тоскоолдук кылган консервативдик жана зыяндуу салттар да бар. Алар дээрлик ар бир элден кездешет. Мындайлардын катарына азыркы күндөгү турмуш-тиричиликке таасир тийгизүүгө жөндөмүү салттардын институттарынын эски саркындыларынын формаларын кошууга болот. Чөлкөмдүк масштабында мындай саркынды формаларга биринчилерден, бизге патриархалдык-феодалдык бытырандылыктан калган уурулук байланыштар. Экичиден, патриархалдык-феодалдык общинага тийиштүү болгон бедел жана моюн сунуу мамилелеринин эски калдыктары (уурунун башчысынын таасири, жаштардын уккулуксуздугу, аялдарды эзүү), үчүнчүдөн, «динди бек камоочулардын» башка элдерден обочолонгон саркындылары кирет. Мурда кыргыз элинин төбөлдөрү – байлар жана манаптар ууручулук мамилелердин сакталышына ар тараптан түрткү беришкен. Кеңеш бийлигинин жылдарында, өзгөчө өлкөнү индустриялаштыруунун, айыл чарбасын жамааташтыруунун жана маданий төңкөрүштүн натыйжасында ууручулук мамилелер жана байланыштар бир бошоңдогон. Бирок дагы да болсо адамдардын сезиминде жана тиричилигинде патриархалдык-феодалдык саркындылардын белгилери ушул күнгө чейин сакталып келе жатат.

Ууручулук мамилелер сейрек жылдарда өзгөчө даана көрүнгөн. Партиялык жана кеңештик органдарга жетекчи кызматтарга көтөрүүгө көп учурда сунуш кылынган кишинин саясий сапаттары, адеп ахлактык келбети, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрү эске алынбастан анын бул же тигил ууру же уруктан экендигин, ошондой эле уручулук байланыштар аныктоочу критерий болгон. Кыргыздарда уруучулук белгилери боюнча бөлүү да боюнча жоюла элек. Совет доорунда калган нерсени чындык деп кабыл алышкан, ал эми кыргыздардын коомдук сезиминин жалпы стандартына туура келбегендерин баарын алып таштоону көздөшкөн. Уруучулук белгиси боюнча адамдарды бөлүү Орто Азиянын баардык эле элдеринде болбогондугун белгилеп кетүү абзел. Мисалы, коңшулаш өзбек элинде мындай бөлүү жок. Жашаган жери боюнча гана болгон: ферганалык, ташкенттик, ж.б. бул, кыязы, кыргыз эли өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө капиталисттик өнүгүүдөн өтпөгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Анткени ал капитализмди аттап, патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн түз эле социализмдин буйрукчулдук башкаруучулук моделине өтүп кеткен. Ал эми Өзбекстандын аймагында 1917-жылдагы төңкөрүштүн алдында капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин өтө айкын формалары болгон.

Эгемендүүлүктүн шарттарында өткөндүн маданий мурастарын кеңири үйрөнүү мүмкүндүгү келип чыккан учурда кыргыздардын өткөндөгү уруучулук бирикмелеринин структурасы жана анын азыркы учурдагы абалы жөнүндө жазууга мүмкүндүк ачылды. Акыркы жылдарда республикалык, областтык басма сөздүн беттеринде бул же тигил уруунун тарыхы, анын жайгашкан жери жөнүндө макалалар такай жарыяланып жатат. Республиканын мезгилдүү басма сөзү өзүнүн беттеринен элдин маданий баалуулугун билишкен санжыралардын материалдарына орун берүүдө. Уникалдуу зээни бар санжырачылар кыргыздардын урууларга бөлүнүшүнүн бүткүл тарыхын жатка айтып беришкен. Чындык, мындайлар азыр да калк арасында аз эмес. Өзүңдүн кайсы урууга таандык экендигиңди айтып берсең эле алар сенин урууңдун бүткүл тарыхын, ата- бабаларыңды жетинчи, ал тургай онунчу муунга чейин атап беришет. Көп учурда аксакалдар сенден « кайсы уруудан, кайсы уруктан болосуң?» деп сурашат. Өз уруусун жана жети атасын билбегендик шермендечилик деп эсептелинет, мындайларды тексиз же жетесиз деп аташат.

Идеологиялык зомбулуктун жылдарында бул жөнүндө айтууга тыюу салынса да, алар элдин сезиминде, тиричилигинде терең тамыр

жайган эле. Элдик салттар, каадалар жана ырым-жырымдар тыюу салууларга карабастан, мансап жана иштин оң болушу үчүн чоң тобокелчиликке салуу менен аткарылган. Анткени көптөгөн кишилер, өзгөчө партиялык-кеңештик жетекчилер элдик салттарды өткөрүүгө катышкандыгы же сактагандыгы үчүн партиянын катарынан чыгарылып, кызматтарынан бошотулган. Мына ушундан улам айрым коммунисттердин жана жетекчилердин арасында эки адеп келип чыккан: кызматта бир, үйдө башка мүнөз күткөн. Сөз иш менен топ келбеген.

Кыргыздардын турмуш-тиричилигинде жана сезиминде исламга чейинки үрп- адаттар жана ырым- жырымдар дале болсо жашап жатат. Белгилүү болгондой Кеңеш бийлигинин мезгилинде алардын жашоо образын аныктаган патриархалдык негиздерди кыйратуу болуп өткөн. Бирок улуттук биригүү процесстеринин өзгөрүшүнүн үстүрт мүнөзүнүн натыйжасында (бул жердешчиликтен же кыргыздарды түштүктүктөр жана түндүктөр деп бөлүүдөн көрүнөт) жалпылашунун социализмге чейинки формалары, уруучулук байланыштар, салттык турмуш-тиричилик, тартип жана үрп- адаттар калыбыны келтирилген. Буга тойлорду (уулдуу болгондо же баланы отургузгандагы үй-бүлөлүк салтанаттар ж.б.), аш берүүлөрдү (ата-энесине, көбүнчө жылдыгынан тышкары атасына аш берүү), дагы ушул сыяктууларды өткөрүү мисал болот. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүгө эч ким каршы эмес. Бирок мындай ырым-жырымдар үй-бүлөгө өтө кымбатка түшөт. «Жаназа», «үчүлүк», «жетилик», «кырк», «жылдык», мындан тышкары «чоң айттык», «кичи айттык», «орто айттык» өңдүү ырым-жырымдар ушул күнгө чейин жашап келе жатат, б.а. булар – бүгүнкү күндө Кыргызстанда болуп жаткан диний ырым-жырымдардын толук эмес тизмеси.

Адатта, ким аш берүүгө көп чыгым жумшаса, аны макташат, а ким берешендик көрсөтө албаса, аны шылдыңдашат. Маркумга куран окутулгандыгы, жаназа түшүрүлгөндүгү жана аш берүүдө диний ырым-жырымдардын жасалгандыгы үчүн үй-бүлөдөн көп чыгым талап кылынат. Натыйжада үй-бүлө чоң материалдык зыян тартат.

Азыр адамдардын басымдуу көпчүлүгү маркумдун үй- бүлөсүнө чоң материалдык зыян тийгизген ырым-жырымдарды айыпташууда. Бирок ага карабастан, эски калдыктар аткарылып келе жатат. Маркумду узатуу ырым-жырымдарын сактоонун башкы себептеринин бири жакындарынын жана тааныштарынын айыптоосунан, кыянат сөздөрүнөн коркуу, адамдар өздөрү түзгөн коомдук начар пикир болуп

саналат. Дин кызматкерлеринин пикири боюнча исламдын аларга тиешеси жок. Курандын окуусуна ылайык, – деп билдиришет алар, маркумдун рухуна үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн аят окушу жетиштүү болот. (59-сүрөө, 10-аят). Ислам көрсөтүлгөн ырым-жырымдарга кеткен ыксыз чыгымдарга тыюу салат, анткени мындай чыгымдар маркумдун мураскорлорунун жашоо каражаттарын тартып алат. Жетимдердин жашоо каражаттарын тартып алуу мусулман дининин окуусу боюнча өтө катуу күнөө болуп эсептелет. Бул тууралуу ыйык Куранда мындайча айтылат: «Чындыгында жетимдердин мүлкүн адилетсиз түрдө жеп салгандар өздөрүнүн курсагында чок жешет, анан алар жылына күйүшөт» (4-суроо, 10-аят).

Бүгүнкү күндө кыргыздын үй-бүлөлүк тиричилиги көптөгөн улуттук үрп-адаттар жана ырым-жырымдар менен чырмалган. Атап айтканда жентек той, тушоо кесүү сыяктуу үй-бүлөлүк турмуштук салтанаттар кеңири тарган. Аларды өткөрүү үчүн ата-энелер зыярат өткөрүшүп, балдар жана чоң кишилер үчүн тамашалуу оюндарды уюштурушат. Ошондой эле кыргыздарда отко киргизүү салты да бар. Үйлөнүү тоюнан кийин жигиттин агалары жана тууган-туушкандары анын келинчегин өздөрүнөн качпас үчүн, алардын үйүнө эркин келип-кетиши үчүн отко киргизишип, келинге тартуу беришет.

Кыргыздардын үй-бүлөлүк турмуштук мамилелери Орто Азиянын башка элдери сыяктуу эле өзгөчө туруктуулугу менен айырмаланат. Бул уруучулук- уруктук байланыштардын саркындылары, тарбиялоонун тутуму менен байланышкан. Мисалы, кыргыз элинин үй-бүлөлүк-турмуштук чөйрөсүнүн мүнөздүү белгилери ушул кезге чейин ата-энелерди, улуу курактагы туугандарды урматтоо, карыяларды бөтөнчө ызаттоо болуп саналат.

Элдик каада-салт жана үрп- адаттарды бүгүнкү күндүн талабына жараша жөнгө салуу боюнча белгилүү окумуштуу, Кыргыз Республикасынын эл депутаты, профессор, Б.Мурзубраимовдун көтөрүп чыккан маселеси өтө баалуу. Анын Эл өкүлдөр жыйынынын Социалдык иштер боюнча комитетинде (1998-ж. 9-июль) «Айыл калкынын турмуш деңгээли, каада-салттары жөнүндө» деген темада жасаган доклады жана анын негизинде жалпы кыргыз элине кабыл алынган кайрылуусу кыргыз коомчулугу тарабынан колдоого алынып жаткандыгын белгилөө керек.

Элдик каада-салттар боюнча жазылган макалаларда жана эмгектерде экономикалык оор мезгилде жана рыноктук шартта элдин

экономикалык турмуш деңгээлин көтөрүүнүн бирден бир жолун элдик каада-салттарды, ырым-жырымдарды жөнгө салуу. Бул, албетте, туура. Маңдай тер менен тапкан байлыгыңды илгеркидей өлүм- житимге, той-ашка жумшай берүүнү рыноктук мамиле көтөрбөйт. Азыр таразадай так эсеп-чотту талап кылган мезгил келди. Колунда жок туруп, куру намыска «жайыл дасторкон» бөлүү акылга сыйбаган нерсе. Өнүгүүнүн цивилизациялуу жолуна багыт алып бараткан кезде замандын, учурдун ыгын, духун эске албай, ата- бабадан калган расми деп, өткөндүн каада-салтын кармана берсек, алдыңкы цивилизациялуу элдин катарына кошулмак турсун, кайра артка кетишибиз ыктымал. Жыйынтыктап айтканда, улуттук мурастын өрнөктүүсүн өзүнө сиңирип, ыксыз ысырапчыл жагынан кол үзүү азыркы шартка ылайык келет.

Бүгүнкү күнү кыргыз журтчулугу ата-бабаларыбыздын колдонуп келген жоболоруна, турмуштук принциптерине, ошонун ичинде каада-салттарына кайрылууга аргасыз болуп жаткандыгы да чындык. Бирок, байыркы кыргыздар тутунган жүрүм-турум эрежелерин, каада-салттарын тегиз эле бүгүнкү турмушка алып өтүү, албетте, туура болбос. Азыркы эгемендүүлүктүн шартында өткөндүн каада-салтынан кымындай кымтык таппай, аларды көкөлөтүп мактоо реалдуулукка жатпасы да белгилүү. Бүгүн кыргыз коомчулугу «акты ак, караны кара» дей турган калыстык бүтүмгө муктаж. Ата-бабалардан мурас катары калтырылган нравалык нормаларды аналитикалык терең иликтөө, бүгүнкү тарыхый чындыкка туура келгенин колдоого алып, ал эми рыноктук турмуштун талабыны туура келбегендерин жээрүү мезгилдин талабы. Тагыраак айтканда, элдик деп аталган бардык каада-салттарды ар тараптан изилдеп, оңун оңго, солун солго өткөрүп, учурдун талабына жооп бергендерин колдоого алып, эгемендүүлүктүн рыноктук шартына дал келбей, элдердин турмуш тиричилигине өз кедерин тийгизип жаткандарды күндөлүк турмуштан оолактануу, бара- бара алардан кескин арылуу милдети бүгүнкү күндүн зарыл маселеси маселеси экендигин эч ким танбайт.

Байыркы ата-бабаларыбыз адамдар ортосунда мамилелерди жөнгө салууда колдонуп келген айрым адеп-ахлактык эрежелерге, принциптерге азыр өтө муктаж болуп жатканыбыз талашсыз. Мисалга, үй-бүлөлүк карым- катнашты, анын ичинде баланын ата- энеге болгон мамилесин айтса болот. Бүгүнкү күнү ата-бала проблемасы курчуп турган мезгил. Ата-энесин карыганда карабай коюу, тирүү кезинде кордоо, уруп-согуу, таштап кетүү фактылары сейрек болсо да

учуроодо. Мындай жоруктар кыргыз тарыхында болгон эместиги бышык.

Кыскасын айтканда, кыргыз дүйнө таанымынды ата- эне бала үчүн ыйык, кол жетсе бийиктик болгон. Ошондуктан, алардын сөзүн эки кылбаган, карыган мезгилде «канаттууга кактырбай» көз өткөнчө эч нерседен өксүтпөй бапестеп багышкан. Дүйнөдөн кайтканда алдарынын жетишинче жол жобосун жасашып, арбагын сыйлашкан.

Ата- энеге жасаган мындан арткан сый- урмат болбосо керек. Адамзаттын тиреги ата- эне экендиги талашсыз. Ар бир инсан жарык дүйнөдө бар экендиги менен аларга милдеттүү. Алар балдар алдында урмат- сыйга татыктуу. Мусулманчылыктын адеп- ахлак эрежелеринде деле бул маселе ар тараптан тастыкталган. Мисалы, ата- энелердин балдар алдында 40, ал эми балдардын ата- энелер алдында сөзсүз аткара турган 40 карызы бар. Буларды аткаруу эки жакка тең милдеттүү жүктөлгөн.

Эми кеп ушул эки жактуу милдеттердин практикада иш жүзүнө ашышында. Азыркы заманда ата- энелердин дээрлик көпчүлүгү бала алдындагы өз милдеттерин аткарып жатат десек, жаңылыштык болбойт. Үй- бүлөсүн карабай ичип кеткен же таштаган аталар көп эле болсо бардык аталардын 10- 15 % түзөт. Калгандары жан талашып, өзү тоюнбаса да, жакшы кийинбесе деле болгон мүмкүнчүлүгүн балдарына жумшап, аларды чоңойтуп жана окутуп жатканына өзүбүз күбөбүз.

Муундар аралык байланыштар жөнүндө айтуу менен кийинки муундун улуу муунга болгон мамилесин көп өкүнүчтүү кылып көрсөтүүгө болбойт. Көпчүлүк уул-кыздардын ата-энесине болгон сезими, сүйүүсү бийик экендиги сөзсүз. «Беш кол тең эмес» демекчи арабыздан айрым кудай безерилер карыган ата- энесин зар какшатып, карабай кеткен учурлар аз да болсо кездешүүдө. Ал эми алардын көзү өткөн мезгилде күйүп бышкан болуп, колунда болобу, болбойбу ага карабай куру намыска болгон жол жобону жасоого аракет жасайт. Айрым колунда барлар ата-энесинин тирүү кезинде сокур тыйын жылдырбай, өлгөндөн кийин бапырандап, колунда болгонун чачуусу, ал эми колу жукалар карызга белчесинен батып жаткандыгы талашсыз.

Бир жагынан, эл жакыр турмуштун чеңгелинде турса, экинчи жагынан элдин тапканы аш- тойго, өлүм- житимге жумшалышы акылга сыйбаган көрүнүш. Келечек сарамжалдуулуктун заманы. Кимде- ким

үнөмдүү болсо, тапканын акыл- эс менен жумшап, себелен оокат кылууну үйрөнсө, анын турмушу жетиштүү болушу турган кеп.

Албетте, кеңпейилдикке, мейман- достукка жана сыйкорлукка не жетсин. Бирок кендирди кескен кыйынчылык заманда жар тытып иштөө, үнөмдүү жана сарамжалдуу болуу, рыноктук шартта эсеп чотту так жүргүзүү- турмуштун амири. Ал эми үнөм жана сарамжалдуулук мамлекеттик саясатка айланышы абзел. Антпесек оокаттуу турмушка жетүү кыйын.

## 3.6. XX кылымдагы негизги маданият таануу (культурологиялык ) мектептер

1. Коомдук-тарыхый мектеп (О.Шпенглер, А.Тойнби);
2. Натуралистик мектеп (З.Фрейд, К.Юнг, Б.Малиновский жана этологдор);
3. Социологиялык мектеп (Т.Элиот, П. Сорокин, М.Вебер);
4. Символикалык мектеп (Э.Кассирер, К. Леви-Стросс).

XX кылымда 4 (төрт) негизги культурологиялык мектептер жана агымдар мурунку билимдердин базасында түзүлгөн. Көптөгөн көрүнүктүү жаңы билимдин өкүлдөрү жалпы маданияттын теориясын жана өздүк маданият таануу илимин түзүүдө талапкер болушкан. Ошентип, көптөгөн илимий мектептер жана теориялар пайда болгон. Америкалык окумуштуу Лесли Уайт өзүнүн белгилүү "Маданият жөнүндө" (1949), "Маданияттын эволюциясы” (1959), Маданият түшүнүгү” (1973) деген иштеринде маданият таануу илими башка коомдук илимдерге караганда адамзаттын жогорку сапаттуу баскычын баскан деп, ошондой эле анын келечеги чоң деген.

Аталган мектептердин негизги булагы болуп немец классиктердин идеялары эсептелет.

Коомдук-тарыхый мектеп (О.Шпенглер, А.Тойнби).

Коомдук-тарыхый мектептин өкүлдөрү: О.Шпенглер, А,Тойнби. Алар негизи маданиятты адамзаттын тарыхы менен кошо карашкан. Освальд Шпенглер (1880-1936) - немец маданиятынын, философиясынын өкүлү. Өзүнүн «Der Untergang des Abendlandes. Umris einer Morpnologie der Weil geschichte» 1918-ж. «Себептүүлүк жана тагдыр. Европанын күүгүмү» деп аталган негизги чыгармасы

менен белгилүү болгон. Аны Шпенглер дүйнөлүк тарыхты түзгөн маданияттарды болжолдуу түрдө миң жылдык өмүр менен аныкталып чектелген организмдер катары караган. Ал батыш маданиятын жок болуп кеткен грек маданиятына салыштыруу аркылуу анын келечегин аныктоого аракеттенген. Анын пикири боюнча батыш маданияты сөзсүз түрдө жок болуп турган цивилизациянын тилкесине кирди. Анын бул китеби эки дүйнөлүк согуштун аралыгында өтө зор ийгиликке жетишкен. Мунун себеби, анда ошол учурдагы жашоо философиясын жактоочулар (Эрнст Юнгер, Людвиг Клагес ж. б.), ошондой эле билимдүү адамдардын кеңири чөйрөсү (кара; Курмандыкты күтүү) карманган рухка каршы туруунун тарыхый фактылары негизге алынган имиш. Ошол кезде эле курч сынга алынган бул китеп бүгүнкү күндө андагы чалагайымдыктын (Ш, философия үчүн гана жашаган философияны ар убак жек көрүп келгендигин моюнга алган) жана фактылардын өтө үстөмдүгүнүн айынан («акыйкатка караганда факты маанилүүрөөк») жагымсыз талкуулардын жемине айланууда. Жалпысынан Шпенглер идея менен реалдуулуктун, рух менен турмуш чындыгынын ортосундагы шайкешсиздикке байланышкан өтө оор проблеманы ашкере эле жөнөкөйлөтүп жиберген тайкы позитивизмге жол берген. Кийинчерээк ал бир катар башка эмгектерди да жараткан.

О.Шпенглер ар бир маданиятка 1000-1200 жыл жашоо берген. Анын ою боюнча Цивилизация - бул маданияттын акыркы этабы, анткени бул доордо маданияттын төмөнкү касиеттери сакталып калат: адепсиздик, массалык маданият, техницизм, спорт. Анын пикирине ылайык ушул касиеттер өтүмдүү болуп, адамзаттын асыл касиеттери: маселен, адамгерчилик (гумандуулук), адеп-ахлактык четке кагылат. Ошон үчүн О.Шпенглер цивилизацияны маданияттын акыркы этабы деген.

Арнольд Тойнби (1889-1975) - англия тарыхчысы жана социолог. Анын тарыхтын философиялык коомдук прогресс түшүнүгүн “циклдик теория” менен алмаштырат. Бүткүл дүйнөлүк тарых анын ою боюнча “цивилизациянын” жыйындысы катары каралат. Шпенглерден айырмаланып, Тойнби батыш цивилизациясын клерикализм жолу менен сактоо мүмкүнчүлүгүн далилдеген. Дүйнөлүк тарых бирдей фазалардан өткөн цивилизациянын жыйындысы катарында каралат: туулуш, өсүш, кыйраш, ириш, өлүм. Ал адамзаттын тарыхын жана маданияттын бир цивилизациянын бөлөк башка цивилизация менен алмашуу процесси катары караган. Ал башында дүйнөлүк маданиятты

30 цивилизацияга бөлсө, кийинки изилдөөлөрүнүн натыйжасында 13 цивилизацияга кыскарткан. А.Тойнби 12 томдуу “Исследования истории” (‘Тарыхты изилдөө”) деген эмгегинде дүйнөлүк маданиятты адамзатын “өмүр дарагы” деген бүтүмгө келген. Ошону менен ар бир улуттук маданият - бул ар кандай диндер менен азыктанган адамзаттын “өмүр дарагынын” деп карап коомду экиге бөлөт: пассивдүү көпчүлүк жана активдүү азчылык. Анын ою боюнча “активдүү азчылык” инсандар, лидерлер гана тарыхты жана маданиятты алдыга жылдырып өнүктүрөт, ал эми “пассивдүү көпчүлүк” болсо (элдер, масса) экинчи ролду ойнойт жана активдүү азчылыктардын артынан жүрөт.

## Натуралистик мектеп (З. Фрейд, К. Юнг)

Натуралистик мектептин өкүлдөрү: З.Фрейд, К. Юнг. Бул мектепке биологдор, врачтар, психологдор, психиатрлар кирген. Булар маданиятты адамдын психологиясы менен байланыштырат да, жарандын айбанчылык жагын 1-чи планга коюшат. Ушул (натуралистик) мектептин айланасында эки илимий багыт пайда болгон: Этология илими, Фрейдизм.

Этология-жаныбарлардын (айбанатгардын) жүрүш-турушу жана психологиясы жөнүндөгү окуу. Этологиянын башында австралиялык илимпоз Конрад Лоренц турган. Ал 1973-жылы ушул илим үчүн Нобель сыйлыгын алган. Этологдор адамзаттын маданиятын, үрп-адатын жаратыштагы жаныбарлардын жүрүш- турушу менен салыштырган жана окшоштугун тапкан. Мисалы: коллективдүү жашоо, жашоо үчүн күрөшүү, жардам берүү, коргоо ж.б. Натуралистик мектепте Б. Малиновский түзгөн " маданияттын функциялык теориясы" да кошулат.

Зигмунд Фрейд (1856-1939) — австриялык невропатолог, психиатр жана психолог, психоанализ жана фрейдизм илимий багыттарынын негиздөөчүсү. Фрейддин маданият таануу илимине маанилүү салымы болуп андан тышкары, сокур сезимди изилдеген. Изилдөөлөргө таянып өзүнүн психологиялык окуусун, көптөгөн эмгектерин белгилүү адамдарга арнаган, мисалы, Софокл, Эсхил, Леонардо да Винчи, Микеланджело, Шекспир, Гете, ал эми ага Достоевскийге өзгөчө көңүл буруу абзел экендигин баса көрсөткөн. З.Фрейд психиканын структуралык элементин 3 сферага бөлгөн:

1. эстүү, аң-сезимдүү (сознательное) “я” - маданиятуу, интелектуалдуу адам.

2. аң -сезимсиз (бессознательное) “Оно” - инстинкт, биологиялык муктаждык (керектөө). Аң-сезимсиз феномени адамдын түшүндө, наркотикалык жана алкоголдук абалда көрсөтүлөт. -

3. аң-сезимден тышкары (сверх сознательное)“Сверх Я”. Буга уят, намыс, сыймык кирет.

Фрейддин пикиринде адамзаттын өнүгүүсүндөгү эң негизги түрткүч - бул адамдын тукуму өсүп турушу керек. Ошону менен бирге ал “либидо”, “сублимация” деген түшүнүктөрдү киргизген: “либидо - жыныстык инстинкт, сексуалдык энергия; “сублимация”- (лат.көтөрүңкү көңүл). 3. Фрейддин түшүнүгүндө маданиятта “либидо”- “сублимацияга” өтүп кетет, адамдын либидосу маданиятта башка нерсеге берилет, мисалы, спортко, илимге, политикага, искусствого ж.б. Фрейдизм цивилизациясы башка көрүнүштөрдүн көп колдонулат жана түшүндүрмө берет: спорт, анда либидо рекорддорго трансформацияланат; саясатта жыныстык энергия революциялык иш-аракеттерге өтөт.

З.Фрейддин түшүнүгү боюнча маданияттуулук- биринчи “жаныбар” инстинктерден баш тартуу жана басуу.

З.Фрейддин эң маанилүү жана принципиалдуу жоболоруна токтолсок. Эң маданияттуу, туруктуу адамдардын табигый, "жаныбар" башталышы, алардын кумардануусу жана инстинкти алар өздөрүнүн же коомдун өзгөчө күчү менен басылат. Атап айтканда, алар көбүнчө психикалык оорулардын, сексуалдык бузулуулардын жана элементардык инфарктардын курмандыктары болуп калат. Фрейд белгилүү «Маданиятка наараздык" (1930) ишинде ар түрдүү чектөөлөрдөн, шарттуулуктан жана тыюу салуулардан сак болууга үгүттөйт. Ал тургай ар кандай формадагы жүрүм-турум аракечтик, баңгилик, "эрк берүү" көңүл көтөрүүлөр ж. б. Фрейдисттердин ою боюнча адамдардын, баарынан мурда жаштардын реакциясы, ашкере психологиялык заманбап цивилизациянын басымы деп түшүндүргөн. Айрыкча Фрейддин ою боюнча дин жана маданият менен эркекгер жана аялдардын өз ара мамилелери менен кол байлангандыгы көп агрессия жана маниакалдык ооруларга алып келген. Ошондуктан Фрейдди дүйнөлүк маданият тагдыры менен байланышкан азыркы сексуалдык революциянын шыктандыруучусу деп эсептешет.

З.Фрейддин окуучусу — швейцариялык психолог жана маданияттын теоретиги Карл Густав Юнг (1875-1961), Фрейддин "пансексуализмин” “Метаморфозалар жана символдор (1912) ишине

"либидо" психикалык энергия деген. Анын ою боюнча адамдын психикасында индивидуалдуу аңсыздыктан башкада коллективдүү аңсыздык бар: архетип (байыркы образ). Архетип (гр. arche - башат жана tupos - образ) - баштапкы образ, биринчи форма, үлгү. Юнгдун «аналитикалык психологиясындагы» Архетиптер - бардык психологиялык процесстердин жана коопсуздануулардын мүмкүнчүлүгүнүн түйүлдүгүндө жатуучу коллективдүү сезимсиздиктин структуралык элементтери. Архетип бүтүндөй адамзаттык символиканын негизинде болуп, мифтерде, ишенимдерде, түш көрүүлөрдө, искусстводо жана адабиятта көрүнөт.

Социологиялык мектеп (Т. Элиот, П. Сорокин, А. Вебер).

Социологиялык мектептин өкүлдөрү Т. Элиот, П. Сорокин, А. Вебер маданиятты коом менен байланыштырат. Алар маданияттын булагын жана түшүндүрмөсүн коомдук жаратылыштан жана адамзаттын уюмунан издешет.

Томас Стернз Элиот (1888-1965) — англис-америкалык акын жана модернист багытындагы критик, " Маданиятты аныктоодогу белгилер " (1948 ) китептин автору. Ал коомду эки бөлүккө бөлгөн: Чыгармачыл азчылык (Творческое меньшинство) - элита, билимсиз масса (Непросвещённая масса) - элдер. Ал маданиятты алдыга жүргүзүүчү жана өнүктүрүүчү -элита деп караган (жазуучулар, окумуштуулар), калган эл маданияттын өнүгүүсүндө экинчи ролду ойнойт. Билим, илим аркылуу элитанын катарына жөнөкөй эл кошулушу мүмкүн деген бүтүмгө келген.

Питирим Александрович Сорокин (1889-1968гг.) - орус-америкалык социолог жана маданияттын тарыхчы, 1922-жылы чоң топ окумуштуулар жана жазуучулар менен бирге Советтик Россиядан чыгарылган. Ал 1923-жылдан баштап АКШда жашайт, Гарвард университетинде социология факультетин жетектейт. Ал адамзаттын өнүгүүсүн өзгөчө социалдык-маданий системалардын алмашуусу катары караган. Анын көз карашы боюнча бир система кризиске келгенде революция аркылуу же реформа аркылуу бөлүк кубулуштар, түшүнүктөр келип чыгат, ошону менен бирге П.Сорокин дүйнөлүк маданиятты 3 типке бөлгөн жана ошол типтер дайыма алмашып турат деп эсептеген.

1) Сезимдүү тиби (Чувственный тип). Бул маданиятта көбүнчө дүйнөнү, сезимдерди канааттандыруу максат коюлат. Мисалы, бул типке Европанын маданиятынын 5 кылымы кирет.

2) Идеоционалдуу тиби (Идеоциональный тип) - бул Кудай

идеясы үчүн түзүлгөн маданият.

3) Идеалистүү тиби (Идеалистический тип) б.а жогорку типтин синтези. Бул типке Европанын Ренессанс доорунун маданияты кирет. Бул мезгилде Леонардо да Винчи, Микеланджело, Рафаэль Санти ж.б. жашаган.

Альфред Вебер (1868-1958гг.) - немис экономист жана социологу, «Социология, тарых жана маданияттын принциптери " (1951ж.) деген эмгектин автору. Ал маданиятты экономика менен тыгыз байланышта карап, экономика өнүксө маданият дагы өнүгөт деп эсептеген. Ал дүйнөлүк маданиятты 3 типке бөлгөн:

а) Социалдуу (институттардын жаралышы жана калыптанышы).

б) Маданияттуу (искусство, маданияттын өнүгүүсү).

в) Цивилизациялык (техниканын өнүгүүсү).

Символикалык мектеп (Э.Кассирер, КЛеви-Стросс).

Символикалык мектептин өкүлдөрү Э. Кассирер, К. Леви-Стросс. Окумуштуулардын пикири боюнча, символикалык мектеп - эң жаш маданият таануу илиминин заманбап багыты, анын пайда болушу маданиятта белги (знак) күчөп жатканын билдирет. Анын өкүлдөрү да маданиятты символ деп аташат. Символ болуп төмөнкү маданияттын асылдыктарын карашкан: тил, жазуу системасы, искусствонун чыгармалары, илимдин жетишкендиктери ж.б. Символ маданияттын баалуулуктарын, түшүнүктөрүн укумдан-тукумга, ата-энеден балага берүү жолу менен символ аркылуу ар бир элдин маданияты сакталып калат. Адамзаттын өнүгүсүндөгү эң биринчи символ тил болсо; экинчиси пиктография (сүрөт белгилери) болуп эсептелет. Азыркы мезгилде символдун көрүнүштөрү: пиктография ГАИде; Кытай иероглифи, шумер жазуу системасы, Орхон-энисей (руникалык), египет жазуу эстеликтери.

Символдор 19-20 -кылымдарда адамзатгын өнүгүүсүндө чоң мааниге ээ болгон. Бул мезгилде: телефон, телевидение, радио, аудио-видеотехника пайда болот. Ушулар аркылуу адамзаттын маданияты баалуу информацияга айланып жана бат тараганга мүмкүн болгон. Эрнст Кассирер - XX кылымдын биринчи жарымында көрүнүктүү окумуштуулар арасында өзгөчө орунду ээлейт. Энциклопедикалык

билимге ээ маданияттын оригиналдуу концепциясын түзгөн. Ал мындай дейт: «Эгерде азыркы күнгө чейин адамды «разумное существо» (аң-сезимдүү жан) десек, азыр биз адамды символикалык адам», деп аташыбыз керек. Себеби, адамзат азыр символдук доордун дүйнөсүндө жашайт, ал реалдуу дүйнөдөн алыстап баратат, анткени ал дүйнөнү телевизор, китеп, сүрөт, кино, компьютер символдору аркылуу кабыл алат. Клод Леви-Строс - структуралык антропологияны түзгөн, алгачкы доордагы туугандык системаларын, мифология, фольклорду изилдеген. Анын эмгектери бүткүл дүйнөлүк атакка жеткен. " Маданий кубулуштарды көбүнчө тил түшүндүрөт (адамды жаныбарлардан айырмалоочу жактан) жана бир эле убакта бул көрүнүш адамдардын социалдык жашоо формаларын белгилей жана аныктайт”. (Структуралык антропология. М., 2001. 3736.).

## 3.7. Акындар поэзиясындагы этнопедагогика жана маданият

### Педагогикалык ойлор

Кыргыз элинин маданияты дүйнөлүк маданиятын составына кирүү менен өз алдынчалыгы, рухий баалуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Социалдык тарыхый шарттарда элибиздин маданиятынын, этнопедагогикасынын өнүгүшүнө акындар чоң салым кошушкан. Акындар элдик оозеки чыгармаларды эсинде сакташып, байытып, ар түрдүү жыйындарда айтышып кийинки муундарга өткөрүп беришкен. «Акын импровизиаторлордун ырчылык искусствосун элдик эпостон кийинки этап,бир аз жогору тепкичте турган көркөм кубулуш деп кароо ылайык фольклордун нускалуу салттарына каныккан бул өнөр (акындык поэзия) идеялуулук менен чеберчиликтин оозеки адабият буга чейин жетпеген чокуларынына чыга алды». [56]

Элдин тарыхын, маданиятын сактап, кийинки жаш муундарга бере алган адамдар болгон. Алар элдин урмат сыйына татыктуу болушуп «эл ырчылары» деген наам алышкан. Акындар өзүлөрүнүн дүйнө таанымынын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша адабий маданий этнопедогогикалык мурас. Мына ушул мурастарды терең изилдеп, жаш муундарга үйрөтүү маанилүү милдеттердин бири болуп калды. Адамдардын чыгармаларында таалим тарбиялык идеялар, маданият маселелери кеңири орун алган. Кыргыз элинин ак тандай акындарынын мына ушул багыттагы маселелери педагог – окумуштууларыбыз А.Э Измайловдун, М.Р. Рахимованын, Т.В. Панкованын, Н. Имаеванын, Ж. Койчумановдун, А. Калдыбаеванын

[56] Кыргыз поэзиясынын антологиясы.1-китеп.Фрунзе.Кыргызстан.1980.13-б.

эмгектеринде каралган. Окумуштуулар акындар этнопедагогиканын идеясын көркөм сөз өнөрү менен өнүктүргөн деп белгилешкен. Ал эми «Элдик педагогика деп элдин жашоо тиричилигинде укладында (тартибинде) сакталган, оозеки элдик чыгармачылыкты, салт-санааларды, үрп-адаттарды, балдар оюндарында ж.б.ларда чагылдырылган педагогикалык маалыматтардын (билимдердин) жана тарбия берүү тажрыйбаларынын жыйындысын түшнүүгө болот».[57]

Биз акындар өнүктүрүп келген элдик педагогикадан элдин кылымдан-кылымга, муундан-муунга өтүп келген тарбиялоодогу маданиятын биле алабыз.

Элдик каада-салттар, оозеки чыгармачылык коом өнүккөн сайын өнүгүп, руханий маданияттын өзөгүн түзүп, анын уланып кете беришине өбөлгө түзгөн. Кыргыз элинин оозеки чыгармалары өз кезегинде гана тарбиялык, билим берүүчүлүк милдетти гана аткарбастан маданиятты сактоонун, аны улантуунун каражаты болуп келген. Макал-лакаптар, жомоктор, эпикалык чыгармалар адамдардагы асыл сапаттарды калыптандырууга байланышан көз караштарды, элдик маданият жөнүндөгү маселелерди камтыйт.

Кыргыз элинин маданиятынын өнүктүрүүдө эпикалык чыгармалар мааниге ээ болот. Эпикалык чыгармалар (өзгөчө эпостор) элибиздин рухий маданиятынын эстелиги болуу менен, элдин турмушун кылымдарды кучагына алган тарыхын үйрөтөт.

Белгилей кетүү керек, кыргыз элинде эпикалык чыгармалар коомдукан-сезимди, маданиятты эпикалык чыгармалардын ичинен «Манас» эпосу дүйнөлүк маданиятта негизги орунду ээлейт. Элибиздин көрүнүктүү окумуштуусу Б.М. Юнусалиев «Манас» эпосунун тарыхый-маданий мааниси ал көп кылымдар бою кыргыз элинин эстетикалык табитин жана улуттук мүнөзүн калыптандырууга зор таасир эткенинде…. Эпос өзүнүн бардык угуучуларын жүрүм турумдун этикалык нормаларына үйрөтөт»[58]- деп белгиленген.

«Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүнүн жана маданиятынын энциклопедиясы боло алат.

---

[57] Рахимова М.Р.,Панкова Т.В.,Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери.Б.1997.15-б.

[58] Юнусалиев Б.М.Кыргызский героический эпос “Манас” В кн.т. “Манас” героический эпос кыргызского народа.Ф.1968,212-223-б.

Эпосто кыргыз элинин маданияты, элдик педагогикасы ж.б. маселелер кеңири орунду ээлейт.

Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосторунан дагы элдик педагогиканын негиздерин маданияттын маселелерин таба алабыз.

Кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдө этнопедагогикасын байытууда акындардын ролу чоң. Төмөндө акындар поэзиясынын айрым өкүлдөрүн тарбия берүүчүлүк маданияттык жагдайларына кыскача токтоло кетмекчибиз.

XIXкылымдын экинчи жарымынан баштап кыргыз акындар чыгармачылыгында “Замана” деп аталган багыт пайда болду. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү Молдо Кылыч Шамыркан уулу ( 1840-1917), Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882), Калыгул Бай уулу (1785-1855), Молдо Ныяз (1823-1896) болушкан. Эл арасында Молдо Кылычтын «Зар заманы», Арстанбектин «Тар заманы», Калыгулдун “Акыр заманы» кеңири тараган. Акындардын чыгармаларында адамдын милдети, туура жашоо жөнүндөгү элдик түшүнүктөр чагылдырылган. Алар мурунку адамдарга мүнөздүү болгон адептүүлүктү, маданиятты ырга салышып, жаштарды салт– санааларды билген адам кылып тарбиялоону белгилешкен. Бул кыргыз элинин жакшы салттарынын, маданиятынын сакталышына таасирин тийгизет деген ойлорун айтышкан.

XIX кылымдагы көрүнүктүү жазгыч акын Молдо Нияз (1823-1896) кыргыз элинин маданиятында көрүнүктүү орунду ээлейт. Ал көп тил билген, граждандык билим алган, маданияттуу жазгыч акын.

Молдо Нияздын ошол кездеги кыргыз элинде кадыр баркы жогору болгон. Акындын «Санат дигараст», «Санат дигар», «Сантхасират» аттуу насааттары философиялык багытта болуп, насыят түрүндөгү жошоо чындыгын жаштарга эстетикалык, эмгектик, адептик жана үй-бүлөлүк тарбия жөнүндө ойлору берилген.

Молдо Нияз үй-бүлө тарбиясына, андагы эненин ролуна, акыл, эмгек жана дене тарбиясына, акыйкаттыкка сүйүү жана эл достугуна өзгөчө көңүл болгон. Акын эмгек тарбиясы адамдын жүзүн ачып көрсөтүп, күч кубат берип. Жашоого шарттандыра тургандыгын белгилеген.

Молдо Кылыч – молдо, халфалардан билим алган, жазгыч акын. Анын казалдары жазма түрүндө болгон. Молдо Кылыч табияттын сырларын баамдап «Керме тоо», «Жинди суу», «Чүй баяны» аттуу

поэмаларын жараткан. Акындын мурасы жанрдык ар түрдүүлүгү, көркөмдүк кудурети, ыр куруунун өзгөчөлүгү менен өз доорундагы акындардан айрымаланып турган.

Молдо Кылыч өз доорунда китеп маданияты, адабият менен таанышып, кыргыз элинин биринчи жазма адабиятын негиздөөгө киришип, жаңы идеялык талапты киргизген. Ал өз билимин элинин маданиятын өнүктүрүүгө жумшаган.

Акындын «Зар заман» поэмасында жаш муундар үчүн насаат айтылган Молдо Кылычтын чыгармалары диндик этикалык негизинде дилдин тазарышы, адеп-ахлактын, соопкерчилик, кайрымдуулук ондонгон гуманистик түшүнүктөрдү, акыл – насааттарды камтыган.

Төкмө акын Жеңижок Көкө уулу (1860-1918) эл ичинде кадыр барктуу болгон. Анын ырларында педогогикалык идеялар орун алган. Акындын чыгармаларында үй –бүлө тарбиясы, мекенге болгон сүйүү, ынтымактын, жошоонун маданияты жөнүндөгү маселер чагылдырылат.

Жеңижок өз элинин үрп-адатын, тилин, маданиятын сүйгөн, сыйлаган адамды чыныгы атуул катары эсептеген. Жеңижок ырчылык менен гана чектелбей, элдик оозеки чыгармачылыкты байыта алган. Ал «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» өңдүү эпосторду айткан. Ал гуманистик багыттагы санаат –насыяттарды жараткан.

Жеңижоктун акындык чеберчилиги айтыш өнөрүнөн өзгөчө байкалат. Айтыш өнөр – акындар поэзиясында салттуу өнөр катары бааланат. Женижок бул өнөрдү эч кимге алдына чыгырбаган талантты сөз тапкычтыгы менен айрымаланган. Жеңижоктун айтыш ырлары акындар поэзиясындагы айтыш өнөрүн эң мыкты үлгүлөрүнөн болуп саналат. Кыргыз элинин төкмө акындарынын чыгармаларында жаш муундарды тарбиялоонун идеялары көрүнүктүү оорун ээлеген. Акындар ар түрдүү окуяларга аш–тойлорго, эл арасында чыгармаларын аткарып беришкен. Алардын ырларынын көркөмдүүлүгү, мазмундуулугу, тарбиялык кудурети күчтүү болгон. Себеби, акындар эл турмушун, элдин ой тилегин үмүтүн сезишкен. Ошол эле учурда акындар элдин көркөм өнөр мурастарын баалай билишкен, комузда кол ойноткон адамдардан болгон. Мына ушул жагдайлардагы кыргыз элинин маданиятынын өзөгүн түзүүгө таасир тийгизген. Төмөндө кыргыз элинин акындарынын айрымдарына кайрыла кетели.

Токтогул Сатылганов (1864-1933) –кыргыз элинин төкмө акыны. Акындын философиялык маанайдагы ырлары элдин ан – сезимин ойготуп күрөшкө үндөп, агартуучулук күчкө ээ. Токтогулдун ырларында педагогикалык ойлордун тизмеги негизги оорунду ээлейт. Акын балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо керектигин белгилеп, гуманизмге, чынчылдыка, эмгекчилдикке б.а. адамдагы асыл сапаттарды калыптандырууга чакырган. Токтогулдун күүлөрү, ырлары кыргыз элинин маданиятында чоң мааниге ээ.

Тоголок Молдо (1960-1940)- жазгыч акын. Акындын ырларынан, тамсилдеринин педагогикалык көз караштарды байкоого болот. Тоголок Молдонун кыргыз элинин педагогикасын, элдик маданиятты өнүктүргөн өкүл катары кароого болот. Себеби, акындын санаттары, насыяттары, термелери, үлгү ырлары достукка, жолдошчулукка адамдарды балдарын жакшы сапаттарга тарбиялоого чакырган. Тамсилдеринде терс көрүнүштөрдү сындап, балдарды жаман сапаттардан арылтууга үндөгөн.

Тоголок Молдо кыргыз элинин фольклордук чыгармаларын кеңири жайылткан. Бул өз кезегинде кыргыз маданияты үчүн мааниге ээ.

Калык Акиев (1883-1953) - Токтогулдан үлгү алган акын. Акындын чыгармаларында жаңы муундагы педагогикалык ойлор кеңири орун алган.

Калык Акиев чебер комузчу, дастанчы болуп саналат. Ал «Курманбек», «Жаныш - Байыш» ж.б. жараткан. Өзүнүн дастанчылыгы менен кыргыз маданиятына салым кошкон.

Демек, кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүндө акындар чоң роль ойногон деп ишенимдүүлүк менен айта алабыз.

Биринчиден, алар элдик педагогиканын өнүгүшүндө, таалим–тарбия берүүчү идеяларды жаратышкан. Өз кезегинде тарбия алган жаш муундар маданияттагы прогрессивдүү каада салттын сакталышына таасирин тийгизет.

Экинчиден, акындар элдик чыгармаларды, дастандарды жаратып , аны жаратуучулар, көрүнүктүү комузчулардан болушкан. Бул жагдай элдик маданияттын өнүгүшүнө салым кошкон.

Үчүнчүдөн, кыргыздын заманчыл жана төкмө акындары белгилегендей элдик тарбиянын негизин өздөштүргөн адам гана маданияттуу инсан боло алат.

**Кыргыз мамлекетинин Совет доорундагы маданияты.**

Театр Улуу Октябрь революциясы жеңгенден кийин 1918-жылы Кыргызстанда театрдын кружоктору пайда болгон. Толук 1926-жылы түзүлдү.

Элдик инструменттер оркестри 1936-жылы Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген элдик артисти П.А. Шубандин жетекчилигинин астында түзүлгөн.

Кинематография 1939 –жылы түзүлгөн. СовНарКомдон (СНК)

1956-жылы биринчи жолу «Менин күнөөм» (1958–ж И.Козубаевтин жетекчилиги астында) документалдуу көркөм фильм болгон.

Көрүнүктүү режиссерлор М. Убукеев, Т. Океев, Б. Шамшиев, Г. Базаров. Кыргыздын биринчи режиссерлору болуп эсептелинет. Эстрадалык коллектив 1960-жылы түзүлгөн. Жетекчиси Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген артисти Ч. Кожомжаров. Цирк 1962- жылы «Жаш Кыргызстан" атындагы биринчи цирк пайда болду. Аны жетектеген Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген артисти Е. Жаныбеков. Эстрада чыгармачыл коллективде төмөнкүлөр иштеген.

Элдик инструменттер оркестри

Бий ансамбли

Фольклордук топ

Эстрадалык ансамбль

Бий ансамбли 1968-жылы түзүлгөн. Анын курамында 50 киши болгон. Көркөм жетекчиси- Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген артисткасы Э. Мадемилова Фольклордук топ 1976-жылы түзүлгөн, курамында 14 киши болгон. Жетекчиси- Кыргыз ССРинин эмгек сиңерген артисти Э. Турсуналиев. Композиторлор А. Малдыбаев, драматург К. Жантошев, Р. Шукурбеков, С. Кумушалиевалар чоң салымын кошушкан.

Манасчылар Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Молдобасан Мусулманкулов, Балка Кумаров, Келдибек Барбозов, Чоюке Оморов, Тоголок Молдо.

Опера балет боюнча эмгек сиңерген артисттерибизге Б.Бейшеналиева, С. Кийизбаева, М. Рыскуловдор кирет.

## 3.8. Элдик искусство

Кыргыздын элдик искусствосун, көркөм өнөрүн, колдонмо искусствосун, элдик чыгармачылыкты изилдөөчүлөрдүн ортосунда бул же тигил маселе боюнча ойлорунда дал келүүчүлүк жана карама – каршы айтылган пикирлер да жолугат. Биз ишибиздин бул бөлүмүндө, мүмкүн болушунча, талаш туудурбаган пикирлерди берүүгө аракеттендик. Бул болсо студенттерге нормативдүү маалыматтарды жеткирүүгө жасалган мамиле менен түшүндүрүлөт[59].

Көчмөн тиричилик, патриархалдык мамилелер өндүргүч күчтүн акырындык менен өсүшүнө шарт түзгөн. Бул кубулуш эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн эмгегин кеңири пайдаландык.

Натыйжасы болуу менен анын мыйзам ченемдүүлүгүнө баш ийген. Кыргыздарда илгертеден өсүп келаткан колдонмо- көркөм искусствонун материалдык негизи мал чарба, дыйканчылык азыктарын жана күмүштү, темирди кайра иштетүү боюнча кесиптенген үй көл өнөрчүлүгү болгон. Үй көл өнөрчүлүгүн өзүнүн башталыш этабында болгонуна карабастан айылдык общинанын эмгекке жарамдуу мүчөлөрүн өндүрүшкө дээрлик тарткан. Ал өзгөчө ала кийиз жасоодон көрүнүп турат. Дал ошол кол өнөрүнүн буюмдарын жасалгалоодон, коолдоодон өнөрдүн бул түрү келип чыккан. Ал коомдун керектөөсүн канаатандыруу иретинде пайда болгон. Башка сөз менен айтканда көчмөн феодалдардын, байлардын эстетикалык суроосуна жооп эле. Эгерде үй кесипчилик өндүрүшү айылдык общинанын бардык мүчөлөрүнүн суроосун канаатандырса, кооздук- колдонмо өнөрү коомдун оокаттуу бөлүгүнүн суроосун канааттандырган. Биринчи кесипчилик натуралдык чарбанын ажырагыс бөлүгү болсо, экинчи кесип заказга иштеген. Үй өнөрү (промыслы) менен кесиптенгендер үчүн катардагы усталык зарыл болсо, кооздоо өнөрү үчүн жогорку устаттык талап кылынган. Алардын жалпы аты зергер эле. Эл арасында күмүш кармаган уста,

Добавлено примечание ([Н1]): Кеңири

[59] Ушул бапты жазууда профессор С.Аттокуровдун “Кыргыз этнографиясы” 1997.деген эмгеги кеңири пайдаландык.

алтын кармаган уста деп да бөлүшкөн. Бирок көпчүлүк учурда алар бири-биринен ажырашкан эмес. Усталардын бул бөлүгү материяны кооздуктоо законуна баш ийишип жасалгалоонун ар бирин калыпка салуу жолу менен иштеп келишкен. Ал калыптан чыкпоо анын бардык эрежелерин сактоо устадан үзүк тажрыйбаны талап кылган. Ошондуктан кооздоо, жасалгалоо кесиби укумдан- тукумга, атадан балага өткөн. Сабатсыздык үстөмдөгөн жазуу-чийүү жок шартта өскөн коздо - колдонмо искусстводо кыргыздардын жогорку көркөм чеберчилик жөндөмдүүлүгүнүн жана талантын дагы бир жолу айгинелейт. Орнаменттер күнүмдүк турмуш-жашоо уклады менен тыгыз байланышкан. Алар устаттар үчүн жөн эле үйдүн ички жасалгасы, ат жабдыктары, ал эми аны түшүнгөндөр ,баалагандар үчүн сейрек кездеше турган көркөм чыгарма. Анткени устаттар элдин терең катмарынан чыккан, анын өзгөчө жөндөмү бар адамдардын чыгармалары эле. Көркөм кооздук- колдонмо искусствосу кайталангыс жаратылыштын шартында, көчмөн турмушта пайда болгон, ошол себептүү кыргыздардын улуттук мүнөзүн- дүйнөнү поэтикалык түрдө кабыл алуу, бай, көркөм кыялдануу, боектордун ар кандай түстөрүн сүйүү элдердин чыгармачылыгынын жакшы жактардын, республиканын түндүгүнүн, түштүгүнүн жана түндүк- батышынын мыкты үлгүлөрүнүн өзүнө сиңиргени менен айырмаланат. Кыргыз таануунун бул жагын изилдегендердин бири М.В. Рындик бекеринен "жасалга фольклор" – деп атаган эмес. Андан сырткары кыргыздардын кооздоо- колдонмо искусствосу этностун башка заттык, рухий маданияттары жана искусствонун башка түрлөрү менен тыгыз байланышта. Ал көп түрдүүлүгүнө, массалыгына карабастан өзүнүн көркөмдүүлүгүн, элдик мүнөзүн жоготкон эмес. Көркөм кооздоо-колдонмо искусствосу этнос түзүүчү белгилердин бири катары кыргыздарды байыртадан коштоп келе жатат. Бирок анын бардык эле түрлөрү ага бирдей кызмат өтөгөн жок. Анын эң байыркы жана туруктуу элементтери азбай-тосбой, улам жаңыланып отуруп бизге жетти. Көркөм кооздоо-колдонмо искусствосу XVIII кылымдын акырында XIX ичинде өтө жогорку тепкичке көтөрүлдү. Ал жогорулоо чыгармачылыктын жер-жердеги көргөзмөлөрү ырасталды. Горизонталдык станокто (дүкөндө) килем токуу кыргыздарга илгертеден белгилүү. Бирок XIX кылымдын акырынан тартып кол өнөрчүлүк бир аз солкулдайт. XX кылымдын экинчи жарымынан тартып килем токуу кайра жандана баштады. (Өзгөн, Кара-Балта ишканалары). Кыргыз килеми өзүнүн жаратылыш жагынан Чыгыш Түркстанда, Анжиянда, Кара Калпакта согулган килемдер менен окшоштугу байкалат. Бул окшоштук бир кездеги аймактын

жалпылыктын болгондугу жана материалдык рухий байлыктын чогуу өндүрүлүүсү, өзөктөш уюткусу менен түшүндүрүлөт. Кыргыз килеми түктүү жана түксүз болуп экиге бөлүнгөн. Түктүү килемди памир-алайлык (ичкилик) Кашкардык кыргыздар токушкан. Ал эми түксүз килем адегине, баасыздарга белгилүү эле. Түктүү килемден сырткары ошол жүндөн текче, тергич, эшик кап, куржун, көрпөчө, баштык ж.б. майда буюмдарды жасашкан. Кыргыз килемдери Орто Азияда кеңири белгилүү горизонталдык станокто (дүкөн) токулат. Ал килемдин эңине кеңирээк эки жыгач чабактан жана эки таяктан турат. Үч таякча жиптердин ачылып жабылышын жана негиздерин алмашып турушун камсыз кылат. Аркак менен түктүн жиптерин жыгач тарак менен уруп киргизет. Түк жипти бычак менен кезип, учун кайчы менен тегиздейт. Түк жиптин бийиктиги 6–8 мм келет. Аны токуу (байлоо) кол менен жүргүзүлөт. Кыргыз килемдеринин жыштыгы орто эсеп менен 1м 80-90 мин түйүнгө барабар. Кичине килемчелер бир же эки токуучунун чоң токуучулардын коллективинин күчү менен согулат (Антипина К.И.).

Жүндөн жасалган көркөм буюмдардын кеңири тараган түрү – шырдак. Шырдакты жасоодо кыргыз ууздары укмуштуудай тапкычтыкты, чеберчиликти, эстетикалык ийиктикти көрсөтүшкөн. Шырдактын негизи күзгү жүндөн жасалат. Ал бир өңдө, көлөмү ар кандай болот. Негизги (фонго) ар түрдүү боёлгон кийиздерди оймочулар оюп, ар түрдүү орнаменттерди бир-бирине айкалыштырп тигип анан тигиз негизге бириктире тигет. Болочоктогу шырдактын негизи менен сырты бириктирүү, шыруу аркылуу жүргүзүлөт. Шыруу толук жана толук эмес болуп бөлүнөт. Толук шырылган шырдак бышык келет жана урунууга болот. Шырдак жасалуучук кийиз адегенде эки өңдөн турат (ак, кара). Кара кийиз негизинен (фон) милдетин аткарат. Ал шырдактын ичи делинет. Ак кийиз ойулгандан кесилгенден кийин ар кандай боёк менен боёлот. Боёлгон кийизди оймочу оюп, кесип, түстөрдүн айкалышы аркылуу шырдактын сырты жаралат. Шырдактын ичи менен сыртын бириктирүү шыруу процесси аркылуу ишке ашырылат. Шырдак элибиздин улуттук буюму, аны жасоо өтө татаал жана көп эмгекти, зээндүүлүктү жана ойлоп чыгаруулукту талап кылат. Шырдак жасоодо кызыл, көк, жашыл, кызгылт сары, ак түстөр колдонулат. Жүндөн жасалган экинчи эмерек буюмга ала кийиз кирет. Ала кийиз жасоо шырдак жасоодон айрымаланат. Шырдак оюу, кесүү, тигүү, шыруу аркылуу жасалса, ала кийиз уютуу жолу менен жасалат. Анык үчүн адегенде чийге кара жүндү бир сыйра текши жаткырат, анын үстүнө боёлгон жүндөн

орнамент түшүрүлөт анан жылуу суу сээп, чийге орошот, таңышат. Андан ары кадимки кийиз жасагандай эле эки аял чийге байланган жипти тартып (ойротордун) тувалардын, якуттардын, казактардын жасалгалары менен үндөшү турат. Териге жана жыгачка металл пластинкаларды чаптоо, кадоо аркылуу укмуштуудай кооздука жетишүүда болгон. Бул өзгөчө ат жабдыктарын, кемер курларды жасалгалоодон байкалат. Темир пластинкага алтынды, күмүштү чогоруу, жалатуу кеңири колдонулат. Андан кийинки орундуу кесип, оюп орнамент түшүрүү ээлеген. Аялдардын күмүштөн жасалган билериктерине, сөйкөлөрүнө, шакектерине, чач уштуктардын пластикаларына кара так түрүндөгү орнаменттерди түшүрүү кыргыз усталарынын адаттагы кесиби болгон. Андан сырткары темир, жез, күмүш пластинкаларга эмаль, асыл таштарды, шуруларды чөгөрүү колдонулган. Археологиялык булактарга караганда бул кыргыздардын жана анын коңушуларында байыртадан белгилүү өнөр болгон.

Металлды кооздоо, жыгачты сүрүү, оюу, кыруу эркек усталардын кесиби болсо. Сайма сайуу, оймо- чийме аялдардын кесиби эле. Кыргыздардын кооздоо колдонмо искусствосунун ичинен ат жабдыктарынын жасалгалоо классикалык деңгээлге жеткен. Ал ээр токум, жез ээр токум, күмүш ээр токум, алтын ээр токум болуп бөлүнгөн. Кадимки ээр токумду калктын калын массасы пайдаланган. Ал жыгачтан ийленген, оюлган, кайыштан, сызмадан, кийизден жана темир тоголордон, ооздуктардан ж.б. турган. Ал эми заказ менен атайын жасалгаланган ат жабдыктары байларга, манаптарга, бектерге, хандарга тиешелүү эле. Өзгөчө бойго жеткен кыздардын, байбичелердин ат жабдыктары өтө кооздолгон. Ат жабдыктарынын темир бөлүгү жезден, күмүштөн, кээде алтындан жалатылып, чоктуруп жасалса, тери бөлүгү мыкты булгаарыдан турган. Мындай ат жабдыктар өтө жогору бааланган. Бул өнөр көчмөндөрдүн литаларынын суроолорун канаатандырганына карабастан, кооздоо колдонмо искусствосунун көрүнүктүү бөлүгү, улуттук сыймык катары кароо ыктымал. Кыргыздар ташка чегилген жазууларды, таш скульптурасынын жаратуучуларынын бири. Ал эми андан нары бир нече миңдеген жылдар ары пайда болгон таш живописи республиканын бардык булуң- бурчтарында кезигет. Чоң жана кичине “Саймалуу таштарга” бай мекенибизди байыркы живописттердин ата журту катары абзел. Бирок ал байыркы живопись кийин көздөн кайым болгону белгилүү. Анын кайра жанданышы мыйзам ченемдүү нерсе.

XVIII кылымдан тартып кыргыздарда живопись өнөрү пайда боло баштайт. Ал күмбөздөрдө тартылган сүрөттөрдө байкалат. Күмбөз живопистеринде өлгөн адамдын кесибине байланыштуу сценалар чагылган.

Совет доорунда сүрөт искусствосу пайда болду. Анын калыптанышында орус сүрөтчүлөрү В.В. Образцов, С.А. Чуйков чоң ролду ойношкон. Анын эң мыктылары Москванын, Петербургдун, Бишкектин сүрөт музейлеринде сакталууда. Кыргыз сүрөт искусствосунун мыкты өкүлдөрү Гапар Айтиев (“Чүй өрөөнүндөгү күз”, ”Майдандан кат”, ”Күүгүм”, ”Чак түш” ж.б.) С.А.Чуйков (“Талаадагы самолет,” ”Бактылуу энелик”, ”Мүнүшкөр”, “Советтик Кыргызстандын кызы” ж.б.), Т.Сыдыков. Кичине мастерскойдон ар тармактуу өнөр жай иш канасын өсүп жаткан “Кыял” чыгармачылык жана өндүрүш коому кыргыздын элдик жасалга– колдонмо искусствосунун өмүрүн узартууда.

Кыргыздын элдик музыкасын изилдөөчүлөр В.С. Виногродов, А.В. Затаевич, Б. Алагушев, С. Субаналиев, К. Дуйшалиев, С. Асанбеков жана башкалар, алардын изилдөөлөрүндөгү пикирлер биздин төмөндө айтылган оюбузга өзөк болуп берди.

Окумуштуулар жана саякатчылар кыргыздын ырга жана музыкага болгон шыктылуулугун белгилешкен. Элибиздин музыкасы анын маданияты турмуш-тиричилигин, тарыхын, дүйнөгө болгон көз карашы эстетикалык мүдөөлөрүн чагылдырган. Ал кыргыз этносу менен жашташ. Ошол себептүү ата-бабадан калган баа жеткис мурас. Бирок анын миңден бири гана бизге чейин жеткен. Кыргыз эл музыкасы элдик жана профессионалдык (өзбектердей), музыканын теориясы, музыка боюнча окумуштуулар (таджиктердей) болгон эмес. Ал жанрдык жагынан, угуучуларга жеткиликтүү, бир өңчөй келет, стилистика жагынан көп катмарлуу эмес. (К.Дуйшалиев)

XX кылымдын биринчи чейрегине чейин чыгарма негизинен жекече аткарылып, көп үн менен ырдоо жана күүнү ансабмль менен аткаруу сейрек кездешкен салтка айланды. Ыр үч кылдуу комуз, эки кылдуу кыяктын коштоосу аркылуу бир үн менен аткарылган. Изилдөөчүлөр музыкалык фольклор оозеки түрдө гана жашаган, ал эми музыканы жаттап алуу жолу менен бири-биринен үйрөнүшкөн деген жыйынтыкка келишкен. Ошондуктан кайсы музыкант болбосун, тигил же бул музыканы аткаруучу гана эмес, ошол күүнүн жаңы вариантын жаратуучусу да болуп калган.

Бул музыканы аң-сезимдин өзгөчө түрүнүн калыптанышына – импровизацияга жол ачкан.

Ошондуктан кыргыз элдик музыканттарына төкмөчүлүк өнөрү өнүккөн. Бул жагынан ал ыр өнөрү менен тектеш. Кыргыз эл музыкасынын метрикасы көп түрдүү жана өзгөрүүгө жакын болгонуна кабастан, ырлар менен күүлөрдүн көпчүлүгү жөнөкөй. Кыргыз эл музыкасынын бири-биринен ажырагыс бирдиктүүлүгүнө шек келтирбеген, анчалык өзгөчөлүккө ээ болбогон эки диалектикалык – стилдик бөлүгү бардыгын белгилөө абзел. Аны адат боюнча түндүк жана түштүк деп атоого болот. Түндүктө добуш интонациалары кеңири колдонуу аспаптык жогорку профессионализм жана көркөм ой жүгүртүү деңгээли мүнөздүү болсо, түштүк музыкада бир беткейлик, жөнөкөйлүк, ырларда речитативдик басымдуулук кылат (К.Дуйшалиев).

Музыка аспаптары кыргыз эл музыкасынын жанрларына: эпосту эмгек үрп- адат, календардык: диндик, үйлөнүү, кошок лирикалык ырларды, күүлөрдү киргизишет:

Жогорудагы бөлүнүштүн өзү оозеки ыр фольклору менен музыка фольклорунун үндөштүгүн көрсөтүп турат. Ал экөө эгиз бала сыяктуу окшош. Алардын эне- атасы- эл.

Эл ырлары кыргыздын музыкалык чыгармаларынын башаты болуу менен бирге анын көпчүлүгүн түзөт. XIX кылымда өлкөбүзгө келген саякатчылар, окумуштуулар кыргыздын ыр чыгарууга жана ырдоого өтө жөндөмдүүлүктөрүн баса көрсөтүшкөн. Эпостор өзүнчө бир обон менен аткарылат. Анын классикалык мисалы “Манас.”

Манасчылар кара сөз обон ж.б., актердук каражаттар аркылуу эпосту угуучуларга тартуулашкан “Манас” музыкалык аспапсыз айтылат. Обону түрдүү речитативдүү (обондотуп сүйлөө, күүлөп сүйлөө) интонациядан курулат. Мунун өзү речитативдүүлүк кыргыздардын музыкасынын өзгөчөлүгү дегендикке жатат. Окуянын баяндалышына жана каармандарды сүрөттөөсүнө жараша обондор өзгөрүлүп отурат. Ошондуктан манасчылар: биринчи жана мыкты артисттер болушкан. “Манас” тойдо ашта көпчүлүктүн алдында айтылган. Атактуу манасчылар: Жайсан, Келдибек, Чоюке, Тыныбек, Сагымбай, Саякбай жалпы элдик сыйлоого, кадыр-баркка ээ болушкан.

Элдик ырлардын ичинен өндүрүштүк мааниси барлары да кезигет. Алардын басымдуу көпчүлүгү экиликтин ролун аткарышкан. Мисалы “Бекбекей” түнкүсүн короо кайтарган келин- кыздар ырдашкан.

Бир жагынан бул элдик ыр, экинчи тарабынан коллектив аткарган көп үндүү хор. Аны аткаргандар өзүлөрүн уйкудан алаксытышкан жана түн жамынган ууруну, богуп жаткан бөрүнү коркутушкан:

“Укуругум долоно,

Ууру,бөрү жолобо.

Камчымдын саны долоно.

Каапыр ууру жолобо”

Сөзүнүкү лирикалык обон менен ырдалган “Бекбекей” кылымдар бою малды уурудан, бөрүдөн аман сактоого жардам берген. Ошондой эле мал багучуулукка эмгектин бөлүнүшүнө күбө. Күндүзү эр бүлөлөр кой, эчки кайтарышкан, түнкүсүн эс алышкан, кыз – келиндер түнкүсүн кезектешип күзөткө чыгышкан. Балдар күн чыккандан бешимге чейин козу-улак кайтарышса, аялдардын бирлери отун алып, от жагышса, башкалары өрмөк согуп, терме терип, ачы жыйып кыш камын көрүшкөн.

«Шырылдаң» деген элдик ырды тез темпте жылкычылар аткарышкан. Бул кесипчилик ыры көбүн эсе кеч күздө үйдөн-үйгө кыдырып ырдашкан. Анын маанисин жылкычылардын күн-түн дебей мал артында болгону, ошол себептүү карынга май, капка эгин жыйбай калгандары жөнүндө баяндашкан. Үй ээлери ырчыларга ун, талкан ж.б. азыктарды алып чыгып беришкен. Апталып эл кыдырып кышка жетерлик азык- түлүк жыйнап алышкан. Эмгек процессин чагылдырган «Оп майда» ырын кырманда малдын туягы менен бастырып жаткан учурда ат, өгүз айдаган тестиер балдар ырдаган ыр. Анын мааниси кырман кызылга толушу, түшүм мол болушун тилөө.

Салт ырларынын кеңири тараганы «Кошок» болуп саналат. Анын аткаруучулары аялдар. Адам өлгөндө аялдар керегени, жүктү карап олтурушуп раматылыктын жакшы жактарын эске салышкан, ага кудай бейиштин орун беришин сурашкан, кошок кошуу кыргыз элинин төкмө акындык искусствосунун ачык далили. XIX-XX кылымда ар бир айылда кошокчу аялдар болушкан. Алардын башкалардан айрымасы акындык таланты гана эмес, мыкты обончу болушкан. Кошокчулар

өлүктү көмүп келгенден кийин, башка аялдар кошуп бүткөндөн кийин жалгыз калып кошкон.

Аны өлүккө чогулган эл уккан. Кошоктун экинчи түрү жоктоо. Жоктоону белгилүү акындар (эркектер) аткарышкан. Адатта жоктоо баатырлар, манаптар, бийлер, чоң кызматта иштегендерге арналган. Жоктоонун чоң устаты О. Бөлөбалаев болгон. Анын эл куудулу Куйручукту:

«Тамашаң таңды атырган

Күлкү күндү батырган,

Куулжутуп сүйлөп отурган

Куйручук баатыр акылман”

Же улуу манасчы Сагынбай Орозбаковду

«Орозбактын Сагынбай,

Ырдап өттү жаңылбай,

Анык акын эр элең,

Эми калды табылбай.

деп жоктогон. Жоктоо кээде узакка созулган. Акын айыл аксакалы басып келип ыраазычылыгынын билдиргенде же куран окула баштаганда токтогон. Кыргыз этносунун табигат берген шыгы жада калса өлүк коюну да салтанатка айландырган жайылган калк кошокчуга, акынга алкыш айтышып үй-үйлөрүнө кайтышкан. Анан ал баланчанын кошогу, түкүнчөнүн жоктоосу делинип, ооздон- оозго өтүп элдик көркөм чыгарманын бирине айланып кеткен.

Өзүнүн мааниси жагынан «кошок» жанрына «Коштошуу» жакын турат, бирок аны кошок деп эсептөө туура эмес. ”Коштошуу” үйлөнүү тою (кыздын атасынын үйүндө) бүтүп кыз күйөөнүн айылына аттанарда, аны энеси же жеңеси кыз менен коштошкон. Бул адат кыргыздардын үйлөнүү салтынын мыйзам ченемдүү чагылышы эле. Ал адат боюнча эркек тарабынан никелешүү жети ата өткөндөн кийин гана мүмкүн болгон. Аны бузгандар өлүмгө чейин жазаланган. Ошол себептүү колуктуну башка уруудан, алыс жерден алышкан. Ажырашуу бир жылдан бир нече жылга чейин созулган. Ошол себептүү коштошуу кайгылуу мүнөздөө болуп, ыйлоо менен аяктаган. Коштошууда энеси,

жеңеси кызга акыл насаат айтып, башка элде, чоочун жерде өзүн кандай алып жүрүшү тууралуу айтылган:

«Алганын сүйсө элирбе,

Атаңа наалат дедирбе.

Энчиңди бөлүп элирбе,

Энеңе наалат дедирбе».

“Коштошуунун” мөөнөтү болбогон. Ал адатта куда башынын же күйөө жолдоштун жерибиз алыс, жергеде калыңыз, айылыбыз алыс, аярдап калыңыз дегенде токтогон. Ырым- жырымга динге байланыштуу элдик ырлардын катарына мусулман ай календарынын 9 айы- рамазанда аткарылуучу ыр “Жарамазан” кошулат.

“Жарамазанды” акындар, жамакчылар же анын эң жакшы варианттарын жаттап алган жигиттер айтышкан. Патриархардык коомдо, натуралдык чарбада “Жарамазан” көркөм ооз чеберлеринин жашоого каражат табуунун бир түрү болгон. Салт боюнча “Жарамазан” окаттуу адамдардын үйлөрүнө түнкүсүн келип, аттан түшпөй туруп, анын ата тегин, өзүн, балдарын мактап ырдашкан. Тилеген тилеги ордунан чыгып оору- сыркоодон кырсыктан алыс болушуп, мал жанынын аман болушун каалаганын билдирген. Жарамазанчы менен эки үч киши кошо жүргөн. Үйдүн ээси сыртка чыгып жарамазанчыга ыракматын айтып, акчалай же натуралай сыйлык берген. Отуз күндүн аралыгында жарамазанчылар мал, эгин жыйып алышкан. Совет доорунда “Жарамазан” чеки кубулуш катары каралган. Тыюу салынбаганына карабастан аны өтө сейрек колдонуп калышкан. Азыр “Жарамазан” жандanууда. Лирикалык, турмуш-тиричилик (бешик, оюн-зоок, селкинчек, сүйүү жаратылыш ) ырлары дээрлик бир мааниде (сүйгөн секетбай) обонго салышып ырдашкан.

Советтик түзүлүш мезгилде акындар театрдын Сахнасынан чыгып ырдаса, обончулар- композиторлор (А. Огонбаев, М. Баетов, Б. Эгинчиев, А. Атабаев, К. Тагаев, К. Эралиева, Ж. Мамажанов, Р. Абдыкадыров, А. Керимбаев ж.б.) обон чыгарышты жана аткарышты. Таланттуу элдик ырчы аткаруучулар (М. Омурканова, А. Жумабаев, Э. Мукамбетов, К.Досманбетова, Р Абдыкадыров, Г. Мамашева ж.б.), улуттук ыр маданиятынын өнүгүшүнө гүлдөшүнө өз салымдарын кошушту. Биринчи кураактагылар ырды өзүлөрү жазып, обонду чыгарышкан, өзүлөрү ырдашкан. Ал эми соңку кураактар обончулар, композиторлор обондуу профессионалдык акындардын ырларына гана

жаза башташкан. Аспаптар фольклору, элдик оозеки фольклору жана акындар чыгармачылыгы бири- бири менен өтмө катар байланышкан уч илтик. Аларды ажыратып кароого мүмкүн эмес. Ушул себептүү саны жагынан аз деп да, көп деп да айтууга болбойт. Алардын жалпы саны ондоп саналат. Кыргыздын музыкалык аспаптары казак, өзбек, алтай, тува элдеринин аспаптары менен окшош келет. Бул да кайра-кайра кайталанган, бирок таза чындыктын өзү. Кыргыз элдик музыкасын жана музыкалалык аспаптарын изилдөө А.В. Затаевич, В.С. Виноградов, В.М. Беляев ж.б. чон роль ойношту. Кийинки мегилде жергиликтүү авторлор Б. Алагушев, С. Субаналиев, С. Асабеков ж.б. үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Музыка изилдөөчүлөр кыргыздын элдик аспаптарын, алардын аткарган функциясына жараша эстетикалык колдонмо жана сыйкырчылык, диндик деп үчкө бөлүшөт (С.Субаналиев). Диндик сыйкырчылык, ишеним аспаптарга дилдирек, аса-муса шалдырак, коңгуроо ж.б кирет. Дилдирек аса-мусаны бакшылар кеңири колдонушкан. Ал эми ар кандай көлөмдөгү коңгуроолор койдун, жылкынын тоонун мойнуна байлап коюшкан. Элдик ишенич боюнча коңгуроо малды жырткычтардан көз тийүүдөн сактаган, туманда, жаанда аларды тез табууга жардамдашкан, көчкө шаан-шөкөт берген. Коңгуроону, жылаажынды темирден, колодон, жезден жана күмүштөн усталар жасашкан. Күмүштөн жасалган жылаажындан жоокерден найзасынын учуна, аялдардын чач учтугуна, алгыр куштардын мойнуна же томогочуна байлап коюшкан. Жылаажын өтө назик үн чыгаруу менен угуучуну өзүнө таткан.

Кыргыз элдик музыкалык аспаптарынын эң кеңири тараган түрү комуздар. Алар үч бөлүктөн: жыгач ооз комуздан темир, ооз комуздан жана чертме үч кылдуу жыгач комуздан турушат. Жыгач ооз комуз аткаруучулар (аялдар кыздар) тарабынан шилбиден бөрү карагат, ( сары жыгач ) аса-мусадан, ал эми тили, түймөсү бекем жиптен жасалат (260-300мм). Темир комуз (ооз комуз) Еллипс, туура эмес айлана түрүндөгү чарадан (45-65мм 20-30 мм) катар жайгашкан кыйшык бурч түрүндөгү жаактан (45-70мм) чарага кадалган тилден (пластинкадан) турат. Тилдин узундугу жаак менен чаранын узундугуна барабар.

Темир жана жыгач комуздарды аялдар кагышкан. Бул аспаптар илгери бүбүлөрдүн шайманы болушу ыктымал. Темир комузда-негизинен тематикалык мүнөздөгү күүлөр ойнолот. (“Кул пенде”), “Тагылдыр тоо”, “Керме тоо”). Темир комуздун усталарына А. Байбатыров, Б. Осмоналиева, Т. Тыныбеков ж.б. катышат. Совет

доорунда Кыргыз филармониясында темир комузчулардын ансамбли уюшулган.

Белгилүү эл музыкасын изилдөөчү В.С. Виноградов жазгандай "Программалуулук кыргыз эл музыкасынын негизин түзөт". Бул анын дүйнөнүн таануу табиятынан келип чыгышы абзел . Ал өзгөчө чертме жыгач комузга тиешелүү. Аспаптык фольклор менен вокалдык музыканын тыгыз байланышта экендигин танууга болбойт. Бул музыкалык аспаптар менен коштолуучу обондордун бардыгы жана таза аспаптын чыгармалары вокалдык обондордун бардыгы менен ырасталат.

Кыргыз жергесинин төрт бурчуна кеңири таралган улуттук музыкалык аспап- үч кылдуу, чертме жыгач комуз. Түрк элдеринде кеңири тараган чертме, какма (кобус, комыс, кобуз ж.б.) комуз байыркы музыкалык аспаптардын бири. Комузду экме жана жапайы жыгачтардан (өрүк, алмурут, карагай, арча) алмурут өңдүү формада чабылып, мойну ичкерип кетет, узундугу 75см. Комуз негизинен 7 бөлүктөн турат (баш, үч кулак, моюн, үч кыл, чара, капкак тээк, куткун). Кылы эки тиштүү кыргыз койдун ичегисинен жасалат. Комуз XX кылымдын 30-50 жылдарында өркүндөтүлдү. Азыр эл аспаптар оркестринде комуздун төрт түрү (Комуз –прима, комуз –секунда, комуз –алт, комуз-бас) бар. Аспап нагыз комуз, өркүндөтүлгөн электр комузу болуп саналат. Комузчулар ансамблин М.Күрөңкеев (1922), Кара Молдо (1933), Атай Өгөмбаев (1938), кийин Ч.Исабаев түзүшкөн . Ансамблдин репертуарына Атайдын "Маш ботой ", Ак тамак ","Көк тамак", Токтогулдун "Чайкама", "Чоң кербез", Ниязалынын "Кара өзгөй" ж. б. кирген. Ансамбль көп сандаган чет өлкөлөрдө, өлкөбүздүн шаарларында жана кыштактарында болуп чоң ийгиликтерге жана таанууга ээ болгон. Комузду комуз кылган-күү. Күү аткарылыш орду боюнча моюн күү (комуздун кылдарынын жогорку бөлүгүн басуу аркылуу аткарылат), бел күү (комуздун кылынын ортоңку бөлүгүн басуу аркылуу), аяк күү (комуздун кылынын төмөнкү бөлүгүн басуу аркылуу) чертиле турган болуп бөлүнөт. Андан сырткары мазмундук мунөздүүлүгү, аткаруучулук белгилери боюнча эпикалык күү, арноо күү, обон күү, бий күү болуп саналат. Комузду тил киргизген усталарга Музооке, Күрөңкеев, Токтогул, Кара Молдо, Ибрай, С.Токтакунова ж. б. ысымдарын атоого болот. Башаты ысымы белгисиз чеберлерден чыккан бирок ар бирине тигил же бул комузчунун үлүшү кошулган классикалык күүлөргө "Мин кыял", "Тогуз кайрык", "Ибарат",

“Насыйкат”, “Кара Өзгөй”, ”Маш ботой”, “Чайкама”, “Шынгырама”, “Сынган бугу”, “Көкөй кести”, “Камбаркан” ж.б. кирет.

60-70 жылдары булардын көпчүлүгү А.Жумакматов тарабынан кайра иштелди, оркестрлештирилген жана дүйнөнүн угуучуларына сунушталды. Алар улуттук музыканын алтын фондусунан түбөлүк орун алат.

Кыргыз музыкалык аспаптарынын байыркыларынын бири кыл кыяк. Бул улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык тартма аспап 9 бөлүктөн турат (чара капкак, кутку, тепкек, кылдары, моюн кулактары, жаа жыгачы, кылы). Кыл кыяктын тулку көк арчадан, өрүктө, ж. б. чабылат. Узундугу 65-70 см, моюну кыска, добуш чыгарган чарасы экиге бөлүнгөн алмурут сыяктуу анын бирөөсү тонун териси менен капталат.

Чарага бекитилген эки тилим кайышка кыл тартылат (60- 70 тал). Аспапты аттын куйрук кылы тартылган жаа менен жанып ойнойт. Ойнор алдында кылга чыйыр сүйкөйт. Аспаптын мындай түрү бир аз өзгөчүлү менен казактарда, алтайлыктарда, кара калпактарда, ж.б. кездешет. Кыл кыяктын конур добушу адамдын үнүнө окшош. Кыл кыяк адамдардын турмуш тиричилигин, согуштук жүрүштөрдү баяндаган программалуу күүлөрдү өтө уккулуктуу берет.

Кыл кыяк совет доорунда төрт жолу өркүндөтүлгөн, (кыл кыяк прима, кыл кыяк альт, кыл кыяк бас, кыл кыяк-контрабас). Алар К. Орозов атындагы Кыргыз мамлекеттик эл- аспаптар оркестринде тартылып жүрөт. Атагы чыккан кыл кыякчылар Шаке уулу Датка, М. Күрөңкеев, Ж. Боогачы, Бекмуратов ж.б. киришет. ”Ак төктү”, “Байге”, “Ботой” сыяктууларды бөлүп көрсөтүү абзел. Сигнал жана кабар берүүчү байыркы музыкалык аспапка доол (добулбас) кирет. ”Манас” эпосунда пилдин терисинен алтын жалатылган жез доол жөнүндө айтылат. Аспаптын тулкусу металлдан табак же туулга түрүндө жасалат. Сырткы орнаменттер менен кооздолот. Анын төбөсүндө тешик бар. Ал тешиктин ортосуна кайыш шакекче бекитилген. Мембран тоонун, Буканын терисинен жасалат. Ал алкак менен жез тулкуга бекитилет. Мембрандын диаметри 550 мм, узундугу 400 мм. Доолдун асты жаргак менен бекем тартылып сыртынан темир алкак менен бекитилген. Алкактын узундугу 50мм, аспаптын сыртындагы булгаары сызма доолдун төбөсүндөгү шакекчеге жана тегеректин бир жерине бекитилген, анын узундугу ар кандай, аны аттын ээрине илип коёт. Добулбастын башын чокморолгон табылга таякча менен уруп үн чыгарат.

Мына ошентип доол (добулбас) жез тулкудан чарадан тери мембрандан тери кулдан – боодон таяктан турган. Дообулбас эски убакта тойлордо, аштарда, согуш жүрүштөрүндө, ат чабышта кеңири пайдаланылган. Көпчүлүк учурда доол менен катар бир сурнай, эки керней, эки же үч чоор бирге болгон. Бул оркестр согуш учурунда ойногон.

Сигнал берүүчү кабардоочу аспаптарга керней, сурнай кирет. Керней мүйүздөн, металлдан жасалган. Темирден жасалган мундуштукту же ансыз түз түтүк. Бул аспап бийлердин, манаптардын, даткалардын жана Кокон хандыгынын ордосунда сигнал берүү үчүн, урушта чогулуу, чабуулга өтүү же чегинүү мезгилде колдонулган. Тынчтык мезгилинде той- тамашага чакыруу үчүн пайдаланылган. Дагы бир элдик аспапка сурнайды атоого болот. Кыргыздын сурнайы 400-500 мм келген кыналдуу ооз жагы кеңейип кеткен темир түтүк. Аспаптын алкагы 80-90 мм.

Сурнайдын металлдын турган эки конструкциясы тең жезден жасалган жана калай менен ширетилген. Түтүктүн кеңейип кеткен оозу оюлар менен кооздолгон. Сурнай жыгач бөлүгү кызыл өрүктөн, тыттан, металл бөлүгү жезден жасалат. Сурнай урма-үйлөмө аспаптар менен бирге сигнал берүү, чакыруу, жыйноо милдетин аткарган (барымтада, жүрүштө, тойдо, ашта, ат чабышта, сайышта). XIX кылымда бай кыргыздардын сурнайчысы болгон (Г.С. Загряжский), XX кылымдын турмуш тиричилик салтанаттарга гана пайдаланып калган. Мыкты сурнайчылардын (Турап, Тайкожо, Шадыкан) ысымдары эл эсинде сакталган. Доолду (Доолбас), кернейди, сурнайды согуштук-музыкалык акспаптар деп атоого болот.

Үйлөмө музыкалык аспаптардын ичине чоор кирет.Чоор узунунан кеткен (650-680 мм) төрт көзөнөктүү ачык флейт. Ал шилбеден, кызыл жыгачтан жасалат. Чоордун эки учун мүйүз металл менен алкактап коёт. Аны алып жүргөндө сынбас үчүн ичине сумбо салып коёт. Түз бутагы жок шилбини, кызыл жыгачты (3-4 жылдык) кесип алып кабыгынан тазалайт, анан таякчанын тепе – тең ортосунан экиге жара бөлөт, өзөгүнөн арылтат, өзөгүн кеңейтет. Анан аны жел жүргөн көлөкө жерде кургатат. Жакшы кургаткандан кийин экөөнү бириктирип сыртын кызыл өңгөч же тазаланган ичеги менен каптайт. Андан соң кызарган жүмүрү темир менен күйгүзүп. Көзөнөк (бирдей аралыкта 4-5) жасайт. Мыкты чоорчулар (Белек, М. Күрөңкеев, А.Каримов) аспапка тил киргизишкен. Чоордун түрлөрү өтө эле көп.

Совет доорунда кыргыз эл музыкасы идеялык, көркөмдүк жактан өстү, өнүктү, ал эми музыкалык аспаптар реконструкцияланды. Эл аспаптар ансамбли дүйнөгө таанылды. Кыргыз ырлары, күүлөрү үн алгы, сын алгы аркылуу берилип эл массасына кеңири тарады. Элибиздин руханий бийлигине айланды.

**Кыргыздын материалдык маданияты**

Кыргыз маданиятын изилдөөгө С.М. Абрамзон, Д.О. Айтманбетов, К.И. Антишша, А.Ч. Какеев, К. Мамбеталиева, Ж.К. Урманбетова, С. Аттокуров ж.б. окумуштуулар зор салым кошушкан. Биз төмөндө ошолордун пикирин кеңири пайдаландык.

Материалдык маданият узак мезгилде калыптанат. Ошону менен бирге ал өзгөрүлмөлүү кубулушка да жатат жана анын этнос түзүүчү касиети да бар.

Материалдык маданият негизинен турак жай жана үйдөн, кийим ден, тамак-аштан турат.

Мавереннахрдын ортосундагы согуштар гүлдөгөн өрөөндөрдү элсиз талааларга айлантты. Калмактардын чабуулу жана аларга каршы күрөш отурукташкандарды жарым көчмөнгө, көчмөндөрдү селсаяктарга айландырды. Кыргыздар жердеген Ала-Тоонун өзөндөрү доболорго, кыштактын урандыларына жык толду. Кийинчерээк жер-суу, бийлик талашкан кыргыз феодалдары, уруунун жетекчилери бири-бири менен согушуп, калыбына келтирүү этабын өткөрүүгө жолтоо болушту. Ушул шартта уруктук, кайсы бир жерде урулук чоң конуштар келип чыкты. XVIII кылымдын экинчи жарымынан XIX кылымдан биринчи жарымына чейин конуштун бул түрү үстөмдүк кылды. Айылдын кичине общиналык түрү (10-15 чарба) өзүнчө жашай албай калды. Эми ири айылдар гана өзүн-өзү коргоочу аскердик бирдик катары уюшулушту. Бул сыяктуу конуштарды европалык окумуштуулар сүрөттөп кетишкен. Алардын ичинен Г.С. Загряжский, В.В. Радлов XIX кылымдан 50-60 -ж. кыргыз айылдары уруктук чоң айылдан, 200дөн ашык чарбадан турганын тастыкташкан. Уруктук чоң айылдар тигил же бул суунун конуш деп аталган (жайкы, жазгы). Эл арасында "ал баланчанын конушу же түкүнчөнүн конушу"- деп аталган. Ата-конуш негизинен уруктук бирикме болгон. Ал ар бир белгилүү аймакты ээлеп, бир ураан чакырып, бир туу көтөргөн.

XIX кылымдын акыркы чейрегинен тартып кичине айылдар (казактардыкы сыяктуу) пайда болгон. Анда негизинен бир атанын

балдары жайланышкан, Бул XIX кылымдын акыркы чейрегине жана XX кылымдын биринчи чейрегине -туура келет. Бул акындын сөзү менен:

"Сындыган менен белиңди

Тарыткан менен жериңди,

Токтотуп койду көрдүңбү?

Чабышып жаткан элиңди".

Орус империясынын составына кошулуу уруулук согуштарды кан буугандай токтотту. Барымтачылык, басмырлоочулук мыйзамдан сырткары болуп калды. Тынчтык келди. Чоң айылдын кичине айыл менен алмашуусуна шарт түзүлдү. Мына ошондон тартып конуш өзгөрүүгө учурады, уруктук (кээ кезде) уруулук чоң айыл кичине айыл менен алмашылды. Эми айыл-жакын, кандаш туугандардын жана коңушулардын жыйындысы болуп калды. Алардын тутумунун саны коңушу казактардыкындай эле 10-20 үйдөн турду. Эми алардын баланчанын айылы же түкүнчөнүн айылы деп айыл аксакалынын ысмынан аталып калды. Орус администрациясы 1867-жылдан тартып кыргыз жергесин облустарга, уезддерге, болуштуктарга бөлдү, ал боюнча ар бир айылга атайын номер берилди. Бир болуштукка 10-15 ке чейин айыл кирди. Болуштук 2-3 старчындан турган. Айылдын башында старчын-айыл аксакалы турду. Мунун өзү капиталисттик Россия менен патриархалдык феодалдык кыргыздардын кошмосу болду. Бул абал XX кылымдын 20 -жылдарына чейин созулду.

Конуштун өзгөрүлүшү 30-40-жылдарга туура келди. Бул процесс көчмөндөрдү отурукташтыруу жана коллективдештирүү саясаты менен тыгыз байланышкан. Көчмөндөрдү отурукташтыруу Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн социалдык саясатынын эң негиздүүлөрүнүн бири болгон. Анын дүйнөлүк өлчөмдө зор мааниси бар экендигин моюнга алуу менен жүргүзүүнүн методу татыктуу экенин баса көрсөтүү абзел.

XIX кылымда Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда кыштоолордо мал үчүн короо, анын ээлери үчүн жер кепелер, бай адамдарда эки бөлмөлүү жер тамдар пайда болду. Ошол эле кезде Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө кыштактар өсүп чыкты. Алардын жалпы көрүнүшү өзбек, тажик тамдарына окшош эле.

Чүй жана Ысык-көл, Талас өрөөндөрүндө туруктуу там үйлөрдүн, кыштактардын пайда болушу европадан көчүп келгендердин таасири алдында өттү. Мисалы, Чүй өрөөнүнүн Аламүдүн суусунун сол жээгинде биринчи кыргыз кыштагы "Таш-Добо" пайда болду. Ал (замандаштардын жазганына караганда) түп-түз бир көчөдөн турган. Көчөнүн эки жагына теректер тигилген. Үйлөрдүн үстү чатырланган камыш менен жабылган. Ар-бир үйдө кичине терезе. Үйдүн бул тиби орус, украин көчмөндөрүндө болгон. Мына ошентип, конуш жана үй жагынан Кыргызстан эки традициянын анын таасири астында өткөн. Бул XX кылымдын биринчи жарымыңа эки тарыхый-маданияттын калыптанышына түрткөн. Бирок аягына чыккан эмес, 50-70-жылдардагы колхоздорду иргелештирүүнүн натыйжасында ал айырмачылык негизинен жокко чыкты. Айырмалар үйдүн ички жасалгаларында сакталууда.

Бирок 1929-1940-ж., ичинде мурунку көчмөндөр жана жарым көчмөндөр мажбурлоо жана мамлекеттик жардам менен боз үйдөн эки-үч бөлмөлүү тамга кириши, айылдан кыштакка өтүшү чоң мааниге ээ.

Айылдан (боз үйлөрдөн турган), түз көчөлөрдөн турган тамдарга (2-3 бөлмөлүү) өзүнчө эле көңтөрүш болгон. Кыштак 50-60 үйдөн турган, кийин 250 гө чейин жеткен. Мына ошентип, 1930-1939-ж 40 миңден ашкан мурунку көчмөндөр там үйгө ээ болушту. Отурукташтыруу анын авторлорунун каалосуна карабастан уруктун, уруулуктун таасири астында жүргөн. Кыштакташуу мезгилинде кандаш бир туугандар чогуу болууга аракеттенишкен. Бул мыйзам ченемдүү кубулуш эле. Ошентип, мурунку кичине айылдар азыр көчөгө айланган. Ал эми чоңураак этностор уруунун ысымынан кыштактын, колхоздун атын коюшкан (Саруу, Мундуз, Сарт калмак,- Чала казак, Багыш, Бостон, Найман, Кыпчак ж.б.)

Кийин 60-70-жылдары колхоздор иргелешкенде, административдик борборлор пайда болгон мезгилде кыштактар өзүнүн уруктук маанисин дээрлик жоготушту десе болот. Ар бир чарба өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша жаңы борборго көчүшүп, там салып туруп калышты. Чоң кыштактар да калктын каалоосу боюнча эмес административдик, командалык жол менен жүргүзүлдү. Көчүрүү саясаты башкарманын чечими, колхозчулардын чогулушунун токтому менен башталган калктын каалосу экенин далилдеген эмес жана далилдебейт. Конуш: шаар, шаар тибиндеги поселок жана кыштак болуп бөлүнөт. Мындай бөлүнүш боз үйдөн турган айылдар жоюлуп, алардын ордуна кыштактар келип чыккандан кийин болду. 1926-жылы

республикада 6 шаар, 2 шаар тибиндеги поселок, 416 айылдык совет, 14 миңден ашык айыл-кыштак; 1965-жылы, 15 шаар, 31 шаар тибиндеги поселок, 350 айылдык совет; 1985 -ж. 21 шаар, 28 шаар тибиндеги поселок, 388 айылдык совет болгон.

Жогорудагы аты аталган айылдык Советтерде көчмөндөрдү отурукташтыруу, колхоздоштуруу жана совхоздоштуруунун натыйжасында 1940-жылы 4 миң болгон. Колхоздорду иргелештирүү жана колхоздорду совхоздорго айландыруу "келечеги жок" -деген кыштактарды колхоздун жана совхоздун административдик борборуна көчүрүү аркылуу жүргүзүлгөн. Бул калктын мойнуна түшкөн оор жүк эле. Колхоз жаңы көчмөндөргө кредит бергенине карабастан, адамдар ата-бабасынын конушунан ажыраган. Натыйжада илгертеден келе жаткан чарбачылыктын, жашоонун ыңгайы бузулган, мурунку кичине кыштактардын оорду таштандылардын коруна, жарым чөлгө айланган. 1962-1985 -жылдар аралыгында шаар калкы элдин 5% тинен 40% тине чейин өскөн, айыл калкы 95%тен 60% ке чейин кыскарган.

Азыркы кыргыз үйлөрүнүн көпчүлүгү бышырылган кыштан, азчылыгы чийки кыштан курулуп, үч-төрт бөлмөдөн турат. Тамдын үстү шифер менен жабылган, терезеленген, үйдүн асты-үстү тактайланган, керегелери шыбалган жана акталган. Үйгө кире бериш бөлүгүнө веранда (дализ) салуу кеңири кулач жоюуда.

Түштүк райондордо үйдүн аралашкан түрү курулду. Бирок ферганалык стиль үстөмдүк кылбай калды. Бирме бир өзгөчөлүк сүйрү, күндүзгү жайкы тамак ичүүчү, эс алуучу жайы саналат. Жалпысынан алганда, азыркы кыштактар жана үйлөр шаар тартибинде салынган. Суу түтүктөрү, электр жарыгы, газ жылыткычтары, телефону бар. Этностук белги жоюлууда.

Турак үйдүн ички жасалгалары да өзгөрүүгө дуушарланды. Ал көчмөн, жарым көчмөндөрдүн боз үйдөн жаңы туруктуу турак жайга өтүшү жана аны өздөштүрүүлөрүнө жараша жүрдү. Бирок адаттагы боз үйдүн төрт бөлүккө бөлүнүшү (улага-эшик; эр тэпчи, тор) там, үйлөрдө сакталды. 30-40-жылдарда там, үй, кепичкана, төр бөлмө, ашкана (аялдар бөлмөсү), конок үйү болуп бөлүндү. Жогорку үйдүн төр бөлүгүндө жууркан-төшөк жыйылып, жерге шырдак, көлдөлөң, талкак салынып туюк жагына килем, туш кийиз тартылып, терезе бөлүгү пардолор менен тартылып, төртүнчү бөлүгүнө кийим шкаф, китеп текчеси, үстөл коюлган. Тамдын боорунда радио, электр точкалары бар. Бул конок бөлмөсү. Үйдүн ээсинин турмушуна жараша транзистр,

телефон, телевизор коюлган, ошондой эле бул бөлмө бир же эки милдетти аткарат (конок бөлмө же үй ээси жатып эс ала турган бөлмө). Экинчи бөлмөдө балдар, үчүнчүдө жубайлар турушат, төртүнчү бөлмө – аш кана. Бул төрт бөлмөлүү үйдүн бөлүнүшү. Үч бөлмөлүү үйдө конок бөлмө менен жубайлар бөлмөсү бирге, ал эми балдар жана ашкана бөлмөлөрү өзүнчө болот.

70-жылдын ичине кыргыздардын үйлөрүнүн ички-интерьери дүкөндөн сатып алынган, буюмдар (керебет, шкаф, стол, стул, илгич), идиш аяктар (чыны, стакан, рюмка, тарелка, темир, жыгач кашыктар, бычак, вилка, сүзгү, кир жуучу, кир соруучу, маңыз, сүт тартуучу машиналар, эт, кесме кесүүчү) аспаптар пайда болду. Турмуш шаарлашты, индустриалдашты. Бул прогрессивдүү өсүш барган сайын көбөйүүдө. Ага карабастан турак-жай жана анын ички жасалгаланышы өзүнүн улуттуу кейипин азыр да жогото элек. Кийинки мезгилде улуттук боз үйгө, анын жасалгаларына да өзгөчө көңүл бөлүнүүдө.

Кийим- материалдык маданияттын бир бөлүгү. Анын негизги милдети адамдын денесин климаттын жана башка зыяндуу заттардын тескери таасиринен сактоодо турат. Негизинен этностордун географиялык чөйрөгө ылайыкташы бөлүү менен бирге кийимдин өзгөрүшү өндүрүштүн, сооданын өсүшү менен тыгыз байланышкан.

Кыргыздын улуттук кийимдери жөнүндөгү маалыматтарды кыргыз этнографтарынын эчтектеринен жана «Кыргыз Совет энциклопедиясынан» (1976-1980) да пайдаландык.

Кыргыздар жашаган континенталдык климат чарбачылыктын өзгөчө түрү көчмөн жана жарым көчмөн турмуш аларды Борбордук Азияда жашаган башка этностор менен окшоштукка алып келген. Узак убакыт негизинен бир формада болгону менен этнос түзүүчүлөр бара-бара элдик кийимин ойлоп табышкан. Элдик кийим тигил же бул этностун маданий өзгөчөлүгүнүн жана көркөм табиятынын жыйындысы. Анын калыптанышы алмустактан башталып, этнос калыптанган мезгилде аяктайт. Жалпылык дээрлик регионго, зонага, ал эми өзгөчөлүк айрым этноско тиешелүү болот.

Ошентип, кийим табигый пайда болбогон туунду, жасап алган нерсе, ал эми аны кооздоо, уздардын, усталардын иши. Көчмөндөр унаа минип жүрүшкөн. Жашоонун жана орун которуунун бул түрү ага ылайык кийимдин түрүн ойлоп табууну талаптаган. Борбордук Азиянын көчмөндөрү аны табышкан, ал сырт жана ич кийимге бөлүнөт. Мисалы, сырткы кийим менен, узун, алды ачык (бучусуз,

топчусуз), тондон, чепкенден, кеҥ, көнчү узун өтүктөн, чокойдон жана ага бүктөп киргизилген шымдан турат.

Ич кийим жеҥи кыска, узун көйнөктөн жана ычкырлуу узун дамбалдан, аземделген коодуктардан турат. Бара-бара өндүрүштүн өсүшү менен кийим таптык мүнөзгө куравтык өзгөчөлүккө ээ болот. Бул жалпы көчмөндөргө тиешелүү, көчмөндүк жалпылык, континенталдык климатта жашоонун көчмөн түрүн бап келген кийимдин түрү акыркы түрктөрдүн гунндардын кийими. Миҥдеген жылдар бою айрым этностор ага өз салымдарын кошушкан, буга мисал катары кыргыздын кийимин алып караса болот.

Кыргыздардын байыркы кездеги кийимдери жөнүндө кабарлар аз. Бирок кытай жазмаларына, саякатчылардын өтө жарды маалыматтарына караганда алар конус түрүндөгү калпак, төрт талаалуу тебетей кийип жүрүшкөн.

Кыргыздардын орто кылымдардагы кийим-кечек бир аз өзгөрүү менен бизге келип жеткен. Кээ бир авторлор кыргыз кийиминин жалпы көчмөндүк түрүн байкабоого аракеттенсе, башка бирөөлөрү анын көп түрдүүлүгүнөн, уруулук аймактык моорду издөө менен алектеништи (К.Антипина, С.М. Абрамзон). Чынында кыргыз уздары жана усталары жалпы үлгү менен иштешкен, бирок алардын ар биринин өзгөчөлүгү болгон. Аны уруулук же аймактык касиетке такоо туура эмес, анткени элдик, улуттук кийим дал ошол уруулук, аймактык өзгөчөлүктү жеҥгенден кийин келип чыгат. Элдик кийимдин тигил же бул түрү адатка айланып, аны кийип жүрүү тигил же бул этноско жатарын аныктай турган документ болуп калат. Ал-элдин, улуттук өкүлдөрүнүн канына сиҥип, элдик, улуттук сыймыкка, ыйыкка айланат. Аны кордоого болбогон. Ошол себептүү кыргыздардын байбичелери сырт кийимдерди таза кармашкан. Сезон өткөндө жууп, же тазалап бүктөп жагданга, сандыкка салышкан. Жүргүнчүлөр сырт кийимди жайнамаз катары пайдаланып, баш кетсе да, баш кийимди эч кимге беришкен эмес.

Материалдардын жоктугу кыргыздын элдик кийимдери XI-XVII кылымда калыпка түшкөн деп айтууга негиз бербейт. Традицияга айланган кийимдердик үлгүлөрү XVII-XIX кылымга жатат, алар бизге Ч.Ч. Валихановдун, П.М. Кошаровдун жана В.В. Бартольдун ж.б. окумуштуулардын жана саякатчылардын эмгектери аркылуу жетти. Аларды бир аз өзгөрүү менен кечээ жакынга чейин (азыр музейлерде жана сүрөттөрдө) кезиктирүүгө мүмкүн эле. Кыргыздардын

традициялык кийимдери жыныс боюнча эркектин кийими, аялдын кийими (кыздардын жана балдардын) болуп бөлүнгөн. Кийим коомдун социалдык түзүлүшүн демонстрациялайт. Ошол себептүү кийимдин ээси кайсы тапка, катмарга жатканына карата да бири-биринен кескин түрдө айырмаланган. Айырма кийимдин кайсы материалдан тигилгенинде, эмне менен коолдолгондугунда, эски-жаңысында жаткан. Традициялык кийимдин эң байыркысында баш кийим жатат. Ал кытайдын "Тан-Щу" (618-907) династиялык жыл наамасында мындайча мүнөздөлгөн. "Кыргыздын жетекчилери кышында кийизден жасалган тебетей, жайында алтын жип менен саймалаган, төбөсү конус түрүндөгү, төмөн жагын кайрып койгон ак калпак кийишет, кажандары ар кандай көрпөдөн жасалган тебетей, жөнөкөй ак калпак кийишет".

Баш кийим кылымдар бою өзгөрүүгө учураган. XVII-XIX кылымда бийлер, манаптар суусар тебетей, кара баркыт менен кыры капталган ак калпак кийишкен. Калктын көпчүлүгү төрт талаалуу төбөсү ар кандай кездемелер (ак, көк, сары, жышыл менен тышталган, шырылгын козу көрпө тебетейлерди (көк, кара, кызыл) кийишкен, колунан келбегендер кой терисинен тигилген ар кандай малакайларды кийишкен.

Мына ошентип, биздин эл илгертеден ак калпакчан кыргыз деп аталган. Советтик доордо баш кийим интернациалдашып ак калпак колдонуудан чыга баштаган. 80-90-жылдары ал кайрадан жанданды, Лейлектен Ак-Сууга чейин кары, жаш дебей ак калпак кийүүдө (бирок анын чаар боз, жана сайма болуп кетиши башка сөз). Тебетей ар кимдин мүмкүнчүлүгүнө жарата карылардын арасында кездешет.

Традициялык сырткы кийимге тон жана ичик кирет. Тон ашатылган, ийленген, боёлгон койдун терисинен жасалат. Алды ачык кайырма, козу көрпө жакалуу, жүнү ичине караган байыркы көчмөндөрдүн кийими. Өңү боёлгон (сары), боёлбогон (ак) болуп бөлүнөт. Колунда барлар тондун этегин, өңүрүн баркыт менен каптап коюшкан же ансыз эле кийишкен. Бул уруулук, аймактык өзгөчөлүккө жатпайт. Тескерисинче социалдык көрүнүш болгон. Тондун экинчи түрү, үй жаныбарларынын терисинин жүнүн сыртына каратып тигилген түрү болгон. Тонду көпчүлүк учурда ичтеп коюшкан жана аны жаш өспүрүм балдар кийген. Ал кулуң тоң, элик тоң деп аталган. Бирок ал калк арасында кеңири тараган эмес. "Кулун өлсө тон, музоо өлсө талпак, улак өлсө тулуп" -деген улама сөз бар.

Ичик- бул сырт кийимди эркектер, өзгөчө аялдар кийишкен. Ичиктин тондон негизги айырмасы анын ички тери бөлүгү козунун көрпөсүнөн, түлкүнүн, карышкырдын, илбирстин, сүлөөсүндүн терисинен жүнүн ичине каратып тигилген, сыртын баркыт, тукаба, трайке ж. б. кездемелер менен тышталган. Кайырма жакасы менен териден жазалган. Аялдардын ичигинин этеги, ээк өңүрү кундуздун терисинин ички тилиндиси менен жээктелген. Ичикти көбүнчө оокаттуулар кийишкен. Алардын аты элге ал жөнүндө ачык айтып турат (суусар ичик, көрпө ичик, түлкү ичик, сүлөөсүн ичик, илбир ичик, карышкыр ичик, Ала-Тоолук кыргыздардын манаптары, бийлери Эне-Сайлык ажолордон айырмаланып кыш, тыйын чычкан ичиктерди кийишпеген.

Жылуу сезондо кийүүчү традициялык сырт кийимге чапан кирген. Аны эркектер жана аялдар бирдей эле кийишкен. Чапан бул түрк көчмөндөрүнүн көбүнө таандык сырт кийим. Кыргыздарга илгертеден белгилүү. Анын сырты башаты баркыт (аялдар), трайке, чий баркыт, парча, нооту (эркектер) менен тышталып ичи чыт, сатин менен ичтелип ичине кебез, жүн салынып тик шырылат. Тышталган кездемеден тик жака чыгарышат. Муну шырыма чапан дешет. Анын башка бир түрү, чапандын ичи-сыртына каттап коет. Этегинин, жеңинин, оңурунун чекесин бир тилке шырыйт. Бул каптама чапан деп аталат. Бул кийим тондон, ичиктен кийин, текстиль кездемелер көбөйгөн кезде кеңири тараган. Аялдардын чапаны күмүш топчулар менен коздолот, жакасы, жеңи, этеги саймаланган.

Эркектердин кеңири тараган сырт кийими чепкен болгон. Бул тулку боюнча чапандан айырмасы аз. Чепкен байыртадан келе жаткан, төөнүн жүнүнөн согулган таар, нооту, биязы, армяк менен сыртталган, ичине жүн кебез салынбай кабып тигилген сырт кийим. Сырты эмнеден болсо ошого жараша төө чепкен, нооту чепкен, биязы чепкен, таар чепкен, армяк чепкен деп аталган.

Тон, чаттан, чепкен Совет доорунда пальто менен алмашылган. Аларды кийип жүрүү айылдагы улгайган адамдарга тиешелүү болуп калган.

Жардамчы ролду ойногонуна карабастан этек кийимдердин ичинен топуга токтолуу абзел. Топу кийүүчүнүн социалдык абалын айгинелеген тегерек, төрт талаалуу эркек баш кийим, XVI-XVIII кылымда ал өз эмгегибизде этнограф-журналист А.Акматалиевдин эмгектерин да пайдаландык ак, кара, көк ж.б., бир түстүү кездемеден

төшөлгөн, кууш бычылган, бүйрө тигилген жана ичи ак кездеме менен ичтелген жана шырылган кийим. Бара-бара анын ар кандай түрлөрү келип чыккан. Бирок топу жалпы түрк баш кийими катары белгилүү. Топу байыркыдан ушу күнгө чейин өзгөөрүүгө дуушар болгон. Бирок калпактын, тебетейдин алдына кийүү кыргыздарга тиешелүү. Азыр топу үй-бүлөдө гана пайдаланууда. Сырткы кийимге шым кирет. Аны эмнеден жасалса ошого жараша таар шым, тери шым, чий баркыт шым, кездеме шым деп бөлүнгөн. Тери шым үч түрдөн турган: жаргак шым, тери шым (жүнү ичине каратып тигилген), кандагай шым (текенин терисин ийине жеткизип илгеп сары түскө боёп, саймалап жасаган). Кандагай шым уруу башчылардын, баатырлардын, бийлердин, бектердин манаптардын кийими эле. Катардагы эркектер жайында таар, куур, ал эми кышында жүнү ичине каратып тигилген тери шым кийишкен.

Эркектердин сырткы кийимине кур кирет. Анын кеңири белгилүү түрү кемер кур. Ал бодонун ийленген терисинен жасалып сырты күмүш, алтын пластинкалар менен кооздолуп жасалат. Бул оокаттуу адамдарга тиешелүү эле. Жалпы эркектер чепкендин сыртынан жибек жоолукчалар же болбосо ичке кайым кур, жип менен курчатышкан.

Оокаттуу адамдардын бут кийими VI-IX кылымдан тартып кызыл сафяндан тигилген башы учтуу, такасы бийик, кончу кенен үзүк өтүктөрдү кийишкен. Эмгекчилер жүндөн -уютулган чокой, кайыштан тигилген өтүк, чарык кийишкен. Малчылар арасында чарык кеңири жайылган, ал жеңил жана бекем болгон.

Түрк элдеринин айрымдарында гана кезиккен, кыргыздарда кесиптик кийимдин бири болгон кийим-кементай байыркы жана орто кылымдарда эркектердин жалпы сырт кийими болгон. Ал койдун жазгы жана күзгү жүнүнөн орточо калыңдыкта басылган, учасы менен өнөрөрүнүн бириккен жерлери, ошондой эле тигиштеринин арасы милтеленген, жээктери кийизге өңдүү кездеме менен кыюуланган, суукта жана жаанда кийүүгө багышталган. Бай чарбаларда аны жылкычы, койчу кийген. Орто чарбаларда кой жылкы кайтарган үй-бүлөнүн мүчөсү кийген, кементай ак, кара болгон. Бийлер, акындар өзүн башкалардан ажыратышы үчүн топтордо (съезддерде) ак кементай, ак боз ат минип жүрүшкөн. Совет доорунда колдонуудан чыккан.

Аялдардын баш кийиминин элдик түрү элечек жана анын ичинен кийген элечек кап эле. Анын келип тарашы XIX кылымга таандык. Ал

оролушу жана жасалгалашы жагынан: кең элечек (чоң), кийме элечек (кичине ар күнү кие турган), сайма элечек, кара элечек болуп бөлүнгөн. Элечектин биринчи үч түрү чыккан, балалуу болгон аялдар кийишкен. Эл кездемеден оролуттуу жасалган. Анын көлөмү аялдын социалдык абалына жараша эле. Кара элечекти илгери жесирлер бир жылга чейин кийишкен. Бул баш кийим башка түрк жааматына караганда кыргыздарга көбүрөөк тиешелүү, кийин тараганына карабастан аны ак калпак менен катар коюуга болот.

Аялдардын традициялуу белден ылдый тартылуучу кийими - белдемчи болуп саналат. Ал кыргыз элинин элдик кийимине кирет. Аны баркыт, нооту, лампук, трайке ж. б. кездемелерден алды ачык, этеги жазы, жогорку бөлүгү кууш, кашат коюулуп эки учалуу тигилет. Белдемчи кебез, жүн, жука кийиз, козу-улактын оңдолгон териси менен ичтелет, башка бөлүктөрүнө караганда тыгыз шырылып, калың келип курдун милдетин аткарат, жээги саймаланып кундуз, ондатр менен кездемелет, чачыланып кооздолот. Белдемчини кышта, эрте жазда, кеч күздө тартынышат.

Көчмөн турмуштун шартынан келип чыккан бул кийимди жасалгалоодо бөлүгүнө кирет. Сайма үчүн алтындалган, күмүштөлгөн жиптердин ар түстөрүн кийе турган аялдын жанына, өңүнө, денесине жараша жасашкан, кооздошкон.

XIX кылымдын саякатчылар көргөн XX кылымга өзгөрүүсүз жеткен аялдардын кийимине кош этек узун көйнөк кирет. Анын сыртынан жеңи жок чыптама кийишкен. Анын көкүрөгү ар кандай топчу, бермет ж.б. менен аземдешкен.

Аялдардын кооздук кийимине атайы жасалган чач уштук (чачпак) кошулат. Ал жаңы келиндер, орто жаштагы аялдар эки катар кылып аркасына өрүлгөн чачтын учуна тагылуучу азем буюм. Чапчак чыйратылган жибек жип, бири-бирине шакекчелер менен биритирилген тегерек үч бурчтук төрт бурчтук ж.б. түрүндөгү күмүш теңге, тыйын (солкобай) жана жибек чачылардан турат, чачык пластинкаларга, күмүш теңгелердин учуна бекитилет, чачпакка андан сырткары асыл таштар чогорулган, оймо түшүрүлгөн, жылаажын тагылган. Бул XX кылымдын 30- жылдарына чейин өтө кеңири таралган. Бара-бара өз маанисин жоготкон. Кыз бойго жеткенде анын ата-энеси тарабынан даярдалган же улуу кызынын калган никелик баш кийим шөкүлө деп аталган. Аны кыз үйлөнүү тоюна кийген. Келин болгондон кийин кайрыган. Шөкүлө конус формасында тигилип,

жаагынын узундугу 18-20 см, желкеси 33-45 см, бийиктиги же төбөсү 22-30 см болгон. Анын ичи мата, кийиз болуп, сырты манаттан, баркыттан, кулакчасы кундуз, суусар терисинен жасалган. Шөкүлөнүн төбөсүнө укук сайылып, төбө алкагы алтын, күмүш, шуру, бермет ж.б. менен кооздолгон. Мындай шөкүлөнү бай адамдар гана жасата алышкан, катардагы жарандар аны бермет, күмүш пластинкалары менен аземдешкен. Шөкүлө казак, башкыр ж. б. түрк элдеринде да таркаган. 30-80 жылдара колдонулбай калган, 90-жылдары кайра жаралууда.

Кыздардын кийген баш кийими такыя эле. Ал эркектердин топусу сымал жеңил тегерек баш кийим болгон. XIX кылымдын аягына чейин кыздар төбөсү бийик жана жогору жагы бууш топу кийген. Бул жазгы, жайкы баш кийим болгон. Такыя түстүү кездемелерден төрт талаа болуп куралып, бүтүн жээк менен бекитилип, төрт талаалары саймаланган, төбөсүнө үкү сайылган. Такыяны аземделиши ата-эненин коомдогу ээлеген ордуна, байлыгына жараша эле, манаптардын, байлардын, бектердин кыздарынын такыясы күмүш, бермет, акак, шуру менен кооздолгон. Такыя шөкүлөдөн кыргыздардын социалдык катмарлары даана көрүнүп турган. Кыздарды баш кийимине - такыясына карата анын кайсы такта жатарын жаңылбай билүүгө болгон. Кээ бир шөкүлө, такыя 100 койдон, миң койго чейин бааланган.

XX кылымдын экинчи чейрегинен тартып кийим интернационалдаша баштады. Ал кыздарга жоолук салуудан, мектеп окуучуларына форма берүүдөн, пионердик галстук тагынуудан б.а. төмөндөгөн башталды. Беш көкүл кыздар эки көкүлгө айланды. Такыя, үкү тагылган тегерек тебетей жоолук менен алмашылды. Бул коомчулук тарабынан каршылыкка учураганына карабастан мектеп активдери, комсомол уюму тарабынан ишке жүзөлөндү. 1924-1952-ж. партиялык, советтик уюмдардын жетекчилери улуу жолбашчыны туурашып, шивоттон тигилген кител, шымга, кавказдык шапкага өтүштү.

Советтик Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөндөр бир нече жылдар аскердик формасын кийип жүрүшө турган болуп калды. Мына ошентип, кийимдин жаңы түрлөрү пайда болду. Бирок кийимдердин өзгөрүшүнүн эң негизги соода-сатыктын өсүшүнүн натыйжасында кооперативдик, мамлекеттик соода мекемелерине фабрикалык-шаардык арзан кийимдердин түшө башташы болчу. Традициялык кийимдердин жасатып кийүү колхозчуларга, жумушчуларга кымбат туруп калды. Анын үстүнө элдик кийимдерди кийүү коммунисттик

идеяга анчалык бап келген эмес, ал тургай "улутчулдук" катары бааланган.

Материалдык жана саясий абал кыргыздарды арзан фабрикалык, заводдук кийимдерге өтүүсүнө көмөк болгон. Натыйжада кыргыздардын элдик кийимдерди айылда кары-картаңдардын арасында жана кыргыз драм, опера театрларынын сахнасында гана кездешип калган. Шаарда жашаган, жумушчулар, интеллигенттер 20-жылдардан тартып европалык костюмдарга өтүшкөн, ичи тон, пальто, чапан, камсел костюм менен, тебетей, калпак, шляпа кепка менен алмашылды. Айылда бул процесс адегенде мугалимдерди, врачтарды, айыл чарба кесипчилерин, анан колхозчуларды жана совхоздун жумушчуларын кучагына алды. 60-70-жылдарда шаардык (европалык) кийим негизинен жеңип чыкты. Кыргызча кийимди көрүүгө чалдардын, кемпирлердин үстүсүнөн гана болот эле. Азыр маңкуртчулук чегинүүдө материалдык маданиятта кийим революциячыл ролду ойноду, бирок аны зордоо жолу менен киргизүү коммунисттик партиянын баласы советтик системанын азыгы. Мына, ошентип, кыргызды этнос катары жок кылуу процесси материалдык турмуштун бул түрүндө да башталган. Ал жаркыраган келечекке Совет элине алып баруу тийиш эле. Элдик кийимдердин узак жашоосуна бычмачылар көмөк берет.

Элдик кийимдер совет доорунда майрамдарда гана демонстрацияланган. Кайра куруунун, эгемендүүлүктүн келиши кыргыздарга алардын кайра келиши, келгенде да азыркы илим менен техниканын, социалдык гигиенанын негизинде келиши кубанарлык кубулуш. Унутпай турган жагдай кийимдин интернационалышы, моданын кеңири тарашы прогрессивдүү керек болсо революциячыл кубулуш. Ал бара-бара жеңет. Бирок ал командалык жол менен эмес, акырындык менен ар бир адамга жетүүсү абзел.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1.Абрамзон С.М. Очерки культуры Кыргызского народа. – Ф., 1946.
2.Айтманбетов Д. Культура киргизского народа во второй половине XIX- начало XX века. – Ф., 1967.
3.Акунов А.А., Артыкбаев М.Т. Политическая история. Бишкек-2001.
4.Акунов А.А., Артыкбаев М.Т. Политический Кыргызстан. Бишкек-2001.
5.Аттокуров С. Кыргызстанда индустрияны өнүктүрүүнүн тарыхы 1917-1937. Фрунзе, 1965
6.Бекбоев И.Б.”Маданият таануу” Бишкек-2007.
7.Байбулатов Б. Кыргызстандын Улуу Октябрь социалисттик төңкөрүшүнө чейинки социалдык-экономий түзүлүшү. Фрунзе. 1958.
8.Бельгер Г.К., Гете и Абай. Эссе. – Алма-Ата. Жалын 1989, 77-б.
9.Барпы Алыкулов. Тандалган чыгармалар. – Фрунзе, 1992.
10.Баткин Л.М. Итальянское Возрождение в поисках индивидуальности. – М. 1989.
11.Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. – М., 1979.
12.Бежин Л.Е. Под знаком «ветра и потока», Образ жизни художника в Китае III-VI вв. – М., 1982.
13.Бердяев Н.А. Философия свободы. Смысл творчества. – М., 1989.
14.Бердяев Н.А. Смысл истории. – М., 1990.
15.Бердяев Н.А. О назначении человека. – М., 1993.
16.Библер В.С. От наукоучения-к логике культуры. –М., 1991.
17.Бомарше. Драматическая трилогия. – М., 1084.
18.Боннар А. Греческая цивилизация. От Антигоны до Сократа. – М., 1992.
19.Брагина Л. М. Итальянский гуманизм. Этические учения XIV-XV веков. –М., 1977.

20.Васильев Л.С. Некоторые особенности системы мышления, поведения и психологии в традиционном Китае // Китай: традиции и современносгь. – М., 1976.
21.Васильев Л.С. История Востока. В 2-х тг. – М., 1994.
22.Васильев Л.С., Фурман Д.Е. Христианство и конфуцианство (опыт сравнительного социологического анализа) // История и культура Китая. – М. 1974.
23.Верная Ж.П. Происхождение древнегреческой мысли. – М., 1988.
24.Вольтер. Философские сочинения. – М., 1989.
25.Ле Гофф Ж. Цивилизация средневекового Запада. – М., 1992.
26.Гомер. Илиада; Одиссея. – М., 1967.
27.Греческая эпиграмма. – М., 1960.
28.Гуревич Л.Я. Категории средневековой культуры.– М.. 1984.
29.Гуревич Л.Я. Средневековый мир: культура безмолвствующего большинства. – М., 1990.
30.Гуревич П.С. Культурология. –Москва, 2006.
31.Гуревич П.С. Человек и культура. Основы культуроведения. – М., 2001.
32.Дени Дидро. Эстетика и литературная критика. – М., 1980.
33.Дмитриева Н.А., Виноградова Н.А. Искусство Древнего Мира. – М., 1986.
34.Древнекитайская философия: Собр. текстов. В 2-х тт. – М., 1972.
35.Жумагулов М.Ж., Садыкова Г.Э. «Маданият таануу» . – Бишкек 2017.
36.Европейское Просвещение и французская революция XVIII века. – М., 1988.
37.Жаров С.Н. Три лика китайской культуры: конфуцианство, буддизм, даосизм. – (Препринт Г-563).ВоронежД995.
38.Завадская Е. В. Эстетические проблемы живописи старого Китая. – М., 1975. История эстетической мысли. В 6-и тт. Т. I. – М., 1982.

39.Иорданский В. Б. Хаос и гармония. – М., 1982.
40.Какеев А. “Нурмолдо жана дүйнө сымбаты”, “Кыргыз туусу”, 28.II.1997ж
41.Кармин А.С. Основы культурологии. Мифология культуры. – СПб., 1997.
42.Кессиди Ф.Х. От мифа к Логосу (становление греческой философии). – М„ 1972
43.Культурология. XX век. Словарь. – М., 1997.
44.Культурология. XX век. Антология. – М., 1995.
45.Культура Древнего Рима. В 2-х гг. Т. 1. – М., 1985.
46.Культура эпохи Просвещения. –М., 1993.
47.Куманецкий К. История культуры Древней Греции и Рима. – М., 1990.
48.Кыргызстан тарыхы 3 томдук.
49.Левитин Л.И. Убакыт күтпөйт. Мыйзамдар иштөөгө тийиш.
50.Ленин В.И., Чыг. толук жыйын., 45-том
51.Лазарев В.Н. Начало раннего Возрождения в итальянском искусстве. – М., 1970.
52.Леви-Брюль Л. Сверхъестественное в первобытном мышлении.
– М., 1994.
53.Леви-Стросс К. Структурная антропология. – М., 1983.
54.Легенды и мифы Древней Греции. – М., 1992.
55.Литература Древнего Востока: Тексты. – М., 1984.
56.Лосев А.Ф. История античной эстетики. – М., 1963-1988.
57. Молдо Нияз. Санат дигарасттар. – Б.,1993, 34-б.
58.Махлин В.Л. Я и другой. К истории диалогического принципа в философии XX в. –М., 1997.
59.Мещерякова Н.А. Наука в ценностном измерении // Свободная мысль. – 1992. №12.
60.Моль А. Социодинамика культуры. – М., 1973.
61.Момджян Х.Н. Французское Просвещение XVIII века. –М., 1983.

62.Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. – М., 1994.
63.Одинцов М., “Азапта жүрүү”. “Наука и религия”. 1990. №7. 56-б.
64.Осмонов О. Кыргызстан тарыхы маалымат наама. – Б., 1992.
65.Осмонов О. История Кыргызстана. Бишкек-2010.
66.Пивоев В.М. Культурология. Введение в историю и философию культуры. –Петрозаводск. 4.1, 1997; Ч. II, 1998.
67.Петров М.К. Социально-культурные основания развитии современной науки. – М., 1992.
68.Полевой В.М. Искусство Греции. – М., 1970.
69.Проблемы философии культуры. Под ред. Келле Р. Ж. – М., 1984.
70.Самосознание европейской культуры XX века. – М., 1991.
71.Сноу И. Две культуры. – М., 1973.
72.Соколов Э.В. Культурологитя. М., 1994.
73.Тойнби А. Дж. Постижение истории. – М.,1991.
74.Урманбетова Ж.К. Культура кыргызов в проекции философии, истории–Б., 1997.
75.Философия культуры. Отв. ред. Мжвениерадзе В. В. – М., 1987.
76.Фрезер Д. Д. Золотая ветвь. 2-е изд. – М., 1983.
77.Фрейд 3. Психоанализ. Религия. Культура. – М., 1992.
78.Шамши Базарбаев “Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы” Ош 2001.
79.Эйкен Г. История и система средневекового миросозерцания. – С.-Пб: 1907.
80.Эстетика Ренессанса. В 2-х тт. –М., 1981.
81.Эсхил. Прометей Прикованный // Античная драма. – М., 1970.
82.Эргешов А.Э., Гапаров С.С. “Маданият жөнүндө маалымат” Бишкек 1999.
83.Юнг К.Г. Архетип и символ. – М.: Ренессанс, 1991.

Формат 60x84 $^{1}/_{16}$. Объем 69 п.л. уч.-изд.л.
Печать офсетная.
Тираж 200 экз.
Отпечатано в типографии Ч.П. «Аязбеков Алмазбек»
г. Бишкек, пр. Чуй, 215.
тел.: (+996554) 74-74-67.